ЖЫРГАЛ СУЛАЙМАНОВ

# ДИЛКӨӨНҮМДӨ ЖАНГАН ОТ

«Улуу Тоолор»
Бишкек-2018

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
С 99

Китепти басып чыгарууга каржылык колдоо көргөзгөндөр:
Нариев Т.А., Кубатов А.К., Маматова Б.А.,
Сулайманов К.Т., Абылаев Б.А., Сулайманова Г.Т.,
Бакиров Т.Э., Мамытов А.Б.

**Сулайманов Жыргал.**
С 99 **Дилкөөнүмдө жанган от**: Б.: «Улуу тоолор», 2018, 348 б.

ISBN 978-9967-477-12-4

Автордун чыгармаларында, ак менен караны, адилеттүүлүк менен адилетсиздиктин карама-каршылыктары курчуган бүгүнкү күндө коомубузда болуп жаткан окуялар камтылып, ак иштер менен адилеттүүлүк акыр түбү табият мыйзамдары аркылуу жеңишке жетишсе, ал эми кара иштер менен адилетсиздик табият мыйзамы боюнча жазаланары, автордук бүтүм, жыйынтык аркылуу ишенимдүү баяндалган.

Китептин окурман журтуна рухий азык, көркөм ырахат тартуулаарына терең ишеничтебиз.

С 4702300100-17
УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-477-12-4
© Сулайманов Ж., 2017

## МАЗМУНУ

Кириш сөз ........................................ 5

### Повесттер

Жаным жаннат ........................................ 7
Кызыл жүз аарчы ........................................ 93
Жездемдин махабаты ........................................ 157
Москвадагы он үч күн ........................................ 169
Үч мергенчинин окуялары ........................................ 179
Аппак сүйүү ........................................ 193
Жарым бакыт ........................................ 213
Менин атам ........................................ 214
Тагдырбы же турмушпу? ........................................ 225
Кыздын сыры ........................................ 242
Эпилог ........................................ 258

### Аңгемелер

Аборт. Таранчы балдар ........................................ 261
Жашоо – бөйрөк ........................................ 269
Арак ........................................ 275
Гүл ........................................ 283
Көпөлөк балдар, көгүчкөн карылар ........................................ 289
Кезүү ........................................ 293
Тамеки ........................................ 297
Асан-бек асан-чек ........................................ 305
Whatsapp – сүйүү. Монолог ........................................ 309
Турган тайнем ........................................ 315

Тага-жээн ....................................................... 319
Тынчтык, эркиндик, сүйүү! ....................................................... 323
Космонавт менен Жер эне ....................................................... 329
Күзгү кусалык ....................................................... 333
Сырдашым Ак-Буура ....................................................... 339
Ак-төш ....................................................... 345

*Кыргыз элинин залкар жазуучусу*
*Чыңгыз Айтматовдун 90 жылдык юбилейине арналат*

## КИРИШ СӨЗ

Урматтуу окурман! "Дилкөөнүмдө жанган от" аттуу туңгуч китебимдин (чыгармалар жыйнагы) бетачарын окуп жатканыңызга ийилип таазим кыламын. Жүрөктөн чыккан сөз жүрөккө жетет дегендей, китеп ичиндеги чыгармалар болгон окуялардын негизинде, жөнөкөй калемдин сыясы менен, жатык сөз жана түшүнүктүү тил менен чын дилден чыгып жазылды.

Чыгарма каармандары менен бирге сүйүнүп, чогуу кайгырып, түрдүү тагдырларды турмуш таразасына салып, көкөлөтүп баш айланткан ийгиликтерин ийнеге саптап, жан кейиткен кыйчалыш кырдаалдарына маани берип, жүйөөлүү көз караштарды окуп, көз жаздымда калтырбаган асыл башыңыздын акыл кырманы менен ой бөлүшүп, кайдыгер калбайсыз деп ишендирип кетким келет.


Сизге арналган чыгармаларды окуп, жан дүйнөңүздү адабият маңызы менен азыктандырыңыз. Бар болуңуз!

*Терең урматтоо менен*
*Жыргал Сулайманов*

*FACEBOOK – социалдык түйүнүндөгү Жыргал Сулайманов аттуу баракчама кирип, сыясы кургай элек соңку чыгармаларымды эстүү телефонуңуздан окуп турсаңыз болот.*

# ПОВЕСТТЕР

## ЖАНЫМ ЖАННАТ



Дубай, 2005-жыл, 25-март, саат 05:15. Таң эрте.

“City MAX” беш жылдыздуу мейманканасынын сегизинчи кабатындагы жетимиш экинчи бөлмөдө таттуу уйкуда уктап жаткан Бишкектик жеке ишкер Оморов Султан Оморовичтин уюлдук телефону шыңгырап, аны таңкы таттуу уйкудан ойготуп, узакка чейин токтободу. Ал эч кимден коңгуроо күткөн эмес. Бизнес өнөктөштөрү менен бүгүнкү 25-март кечки саат 20:00гө, ушул эле мейманкананын ресторанында жолугушуу сүйлөшүлүп, төрт орундуу үстөл брондолгон. Уюлдук телефондордун акыркы үлгүлөрү менен таанышуу жана Бишкек шаарындагы дүкөндөр аркылуу сатуу боюнча келишимге кол коюу жолугушуусу белгиленген.

Оморов Султан Оморович орто муундагы ишкер. Бишкек шаарында үч бөлмөлүү бардык шарты менен батири, “Мерседес” үлгүсүндөгү автоунаасы жана шаардын борборундагы «Beta Stores» соода үйүндө эки дүкөнү бар. Аны-муну ойлонгончо “эмнеге таң эрте коңгуроо болду?» деп ичинен миң толгонуп ойлонуп жатты.

Аялы менен кечээ саат 17:30дар чамасында телефон аркылуу бала-чакасынын амандыгын, дүкөндөрүндө соода-сатык жакшы жүрүп жатканын сүйлөшкөн. Ошол себептен коңгуроого жооп бербестен уйкусун улантты.

Телефон үнү токтобостон чырылдап, бал уйкусун бузгандыгы кыжырын келтирди. Ачуусу келген абалда телефонун алып чочуп кетти, себеби телефондун мониторунда «Жаным Жаннат»- деген аялынын номуру көрүндү. Ачуусун жутуп ичинен: «Эй тооба, мынча таң эрте тынчымды албайт эле, тынччылык бекен? деп, трубканы алып кыжалаттана сүйлөндү:

– Алло, Жаннат! Тынччылыкпы, эмне болду!?

– Султан, белгисиз адамдар дүкөндү талкалап, бүт товарды уурдап кетишиптир, – деди да келинчеги озоңдоп ыйлап жиберди.

– Эмне? Кандайча?

– Аныгын так билбейм. Бишкек шаарында баш-аламандык башталып, дүкөн-базарларды, кафе-ресторандардарды ууру-

каракчылар талап-тоноп жатышыптыр. Көчөдө калган унаалар уурдалып жатыптыр, – деди ыйын токтото албай өңгүрөп ыйлап...

– Оо, Кудай! Эмне дейт?!

– Биздин дүкөндөр жайгашкан «Beta Storesти” толугу менен талап-тоноп бүтүшүптүр! Жада калса унаабызды дагы уурдап кетишиптир.

– Кандайча?

– Кечээ дүкөндөрдөгү сооданын акчасын сатуучу кыздардан алып, унааны ошол жерге калтырып, курбу достордун унаасы менен кафеге барганбыз.

– Уфф?!

– Андан ары алар мени үйгө жеткизип коюшту. Бүгүн эрте менен дүкөндөрдү ачканы барсам, товарлар тонолуп кетиптир. Унаа токтотуучу жайга барсам, мерседести турган жеринен айдап кетишиптир! – деди да кайрадан ыйлап кирди.

– Мм...Султандын деми кысылып кетти.

"Эми эмне кылабыз? Кредитти кантип төлөйбүз? Банк үйдү тартып алып коебу?" деген ый аралашкан үн эч токтобой Султандын кулагын тунжуратты.

Султан Оморович уккан кулагына ишенбеди, аялынын маанайы жоктугунан кошуп-ташып сүйлөп жатат деп божомолдоп да жиберди. Ал маалыматты бир канча булактардан алып, аларды териштирип талдап жыйынтык чыгарып көнүп калган. Ошондуктан Жаннаттын сөзүнө анчалык олуттуу көңүл бурбастан, болгону супсак гана үнүн басаңдатып:

– Жаннат, мен сага кайра чалам, өзүңдү басып, ойлонулбаган эч кандай кадам кылбай тур, – деп телефонун өчүрдү.

– Сыналгыны тамызып, дүйнөгө белгилүү үч-төрт каналдан Кыргызстандагы 2005-жылдын 24-мартындагы окуяларды угуп көрдү. Заматта башы айланып, кан басымы көтөрүлүп, эки кулагы тунжурап, желкеси талып тартышып бараткандa кан басымды түшүрүүчү дарыдан тилинин алдына салып, артынан сууну ууртап баратып, эси ооп, балконго жетпестен кулап жыгылды.

Султан Оморовичтин эси оогончолук бар эле. Жогоруда айтылган үй-жай, дүкөндөгү товарлар, менчик унаа ата-энесинен мураска калган эмес же белекке келген эмес, нак бешене тер менен аялы экөө жондору жоор болуп иштеп табышкан мүлк эле.

Ал алдын чарбада совхоздо иштеди. Кийин совхоз ыдырап тарап жоюлганда жумуш да жок, айлык да жок келинчегин жетелеп Бишкек шаарына келди. «Ош" базарында туруп алып майда-чүйдө сатып оокатын жүргүздү. Базардан айылдаштарын, совхоздо чогуу иштеген кесиптештерин көргөндө уялып качып кетип, алар басып кеткенде кайра соодасын улантып жүрдү.

Жашаган жери коммуналдык батир. Ошол жерде жашап жүрүп кошуна, дос ашырды. Алгач Алике жана Батма менен таанышты. Кийинчерээк жаңы көчүп келген Жанар жана Сурма менен достошушту. Көп узабай Талас жана Кундуздар менен ымаласы келишип, бир батирлеш болуп жашап калышты. Кошуна достору менен бирге битке минген кедейликти, ашказан ачышкан ачкачылыкты, тизелетип чөгөлөткөн кыйынчылыкты, түбү түшкөн жокчулукту, желкени тырыштырган каатчылыкты баштан чогуу өткөзүштү.

Соода-сатыктан сырткары ыргытылган бош желим идиштерди чогултуп жууп-тазалап, үй шартында колго жасалган «Кола» суусундугун майда дүкөндөргө тапшырып жүрүштү. Алике менен Жанар аялдары менен бирге этил спиртинен арак жасап сатышат. Күн-түн дебей коридордо эшик тыкылдатып арак сураган мастар. Талас болсо базарда араба түртүп жүк ташыйт. Таластын аялы Кундуз базардагы ашканада идиш жуугуч болуп иштеп жүрдү.

Батир ээси Сайкал керилип чай ичип, аренда акысын сурайт. Акча жок болуп калган күнү шермендеңи шайы ыштандан чыгарып, коридорго чыгып атыңы атап бакырып каргап-шилейт. Аны кошуналар бүт угат, кээ күнү аларда деле ушундай көрүнүш кайталанат. Батир акысын өз убагында бере албай, уруш-талашка түшмөй жаңжал бат-бат болбосо да, маал-маалы менен кайталанып турат. Султан Оморовичтин үй-бүлөсү үч жылда он жети батир которуп жашашты. Батирден батирге көчүп жүрүп сепке

келген шифоньер, сервант талкаланып бүттү. Идиш-аяк сынып төрт пияла, үч кесе, бир чайнек жана кирдеген жууркан-төшөнчү гана калып, материалдык байлык дегени ушул болчу. Бишкекке көчүп келгенине экинчи жылга караган жылы тун уулу Касен төрөлдү. Жокчулуктун азабыбы же базардын ысык- суугубу, айтор, Жаннаттын эмчегинен сүт чыкпай калды. Азап чеккен эки жаш айлап эт жебей, карандай кара нан менен күнүмдүк чай тамагына айланды. Базарда тамак жегенден кызганышып, акчаны үнөмдөп, ысык пирожки менен кайнак кофе ичишет. Ошол кездеги эң жетишкен тамагы ушул эле. Кээде Касенге сүт сатып алганга акчалары болбой калат, курсагы ачкан Касен чыңырып ыйласа, зээндери кейийт. Карызга алынган кургак сүттү кайнак сууга аралаштырып ичиришет. Уйдун майлуу сүтүнө көнө түшкөн жаш ымыркай упчуну сорбой, түкүрүнүп ыйлайт, ага кошулуп Султан менен Жаннат да кээде жашып кетет.

Бара-бара иштери жүрүшүп, өздөрү жашаган коммуналдык жатаканадан Сайкал эженин бир бөлмөсүн сатып алышты. Ошол күнү космоско учкандай сүйүнүшүп, коңшу досторун конокко чакырып, камырдан палоо бышырып сыйлашты. Акча үнөмдөө үчүн келинчеги палоонун бетине эт ордуна жумуртка басты. Коңшу достору менен кубанычын бөлүшүп алгачкы жетишкендигин ушинтип белгилешкен.

* * *

Дубай, 2005-жыл, 25-март, саат 06:30. Таң. Мейманкана балконунда эси оок чалкасынан жаткан Султан Оморовичти чыгыштан чыккан таңкы Күндүн нурлары эсине келтирди. Бир саамга дендиреп, нес болуп: “Не болду? Кайда жүрөм? Өлүкмүнбү же тирикминби?” деп санааркады. Ордунан турайын десе тура албайт. Жаткан абалында сойлоп жылып графинге жетти. Ыстакан толо суу куюп түбүнө чейин тартып жиберди. Экинчисин денесин, кан тамырын сергиткенге бети-башына чачып, чочутма кылып өзүн-өзү учуктады. Аракет кылып чыканагына таянып, өйдөлөнүп турган соң ойго батты: “Султандын дүкөнү тонолгонго ичи ачышып мейманканада кан басымы көтөрүлүп өлүп калыптыр

болбоюн, бала-чакамды азапка салып өлгөнгө көмгөн кылбайын, Астагфираллах", деп өйдөлөнүп, өзүн түздөп күзгүгө барып кубарыңкы жүзүн үңүлө  тиктеди. Күйүт адамды карытып, алсыратып, нуруңду өчүрүп күйгүзүп жиберет экен дегенге дагы бир жолу ынанды.

Кечээ эле кычыраган костюм кийип, "Ейрбас" учагынын бизнес классында кенен диванга чалкалап учуп келген эле. Дубай аэропортунан бизнес өнөктөшү Абдулланын жардамчысы лимузинге отургузуп шаарга жеткизген. Унаа сырты кайнаган +45 Cº көргөзүп жатты. Лимузин ичи +22 Cº салкын температурада. Классикалык музыка угуп, ананас суусундугуна муздун майдасын кошуп ичип, шаарга кантип жеткенин байкабай калды. Ак сөөктөрдүн жолун жолдоп "City MAX" беш жылдыздуу мейманканага жайгашкан болчу. Султан ойлонуп жатты: "Кечээги орто миллионер бүгүн итке минген кембагал-кедей болдум" деп тамашага салганга аракет кылып, күзгүдөгү бозоргон өңүнө арсыз ырсайды. Тооба, мындайда жасалма күлкү да кембагалга жарашпайт экен, кечээги миллионердин ички дүйнөсү өрттөнүп күйүп, ичинен түтөп капаланды.

Бетин эки колу менен сыдырып, кайра балконго чыкты. Күн чыгышка карап, асман тиреген жүз кабаттуу үйлөр арасынан кумдак саргыч дөңсө тоолордун башынан кызарган Күн нурларына назар сала ойго батып кетти: "Нефтинин мекени, барчылыктын белгиси, ыймандуулукту бийик туткан эли бар, бардык жерде тазалык орун алган, ишкердик өсүп өнүккөн, чөлдүн бейиш шаары Дубайга Күн тийди. Мейманкана балконундо турган мага дагы таңдын Күн нурлары көзүмдү уялтып тийип турат. Демек Күн баарына бирдей тиет турбайбы," деп үмүт шооласына жетеленди.

Ушул кезде Жараткандан шыбыр кеп келгенсип: "Өмүр ушуну менен токтобойт. Башты бийик көтөр пендем! Дем алганың – өзү өмүр. Көзүң менен көрө алганың өзү жашоо! Тилиң чыгып сүйлөй турганың – өзү бакыт. Эки бутуң шилтенип баса алганың – бул көз карандысыздыгың. Эки колуң кыбырап кыймылдап турганы – амандыгың", – деген аян келгендей тооба келтирди.

Тамагы кургап, денеси муздай түшкөнгө кофе, омлет жана минерал суусун буйрутма кылды. Сыналгыны жандырып жаңылыктарга кулак салды. CNN телеканаланын журналисти: “24-март Кыргыз Республикасында элдик ыңкылап болду. Эски бийлик толугу менен бийликтен кетти. Туруктуу бийлик болбогондуктан, Бишкек шаарында мародерчулук, уурдап-тоноочулук күч алып, чоң базарлар, соода түйүндөрү таланып-тонолууда. Бишкек шаарында баш-аламандык”, деп сүйлөп жатты.

Ушундай үрөйдү учурган ыңкылап бир гана бийлик төбөлдөрүнө терс таасирин тийгизсе бир жөн, Султан Оморович жана Бишкек шаарындагы катардагы бардык ишкерлерге зыянын тийгизди. Банктардан насыя алып, жылдап иштеп тапкан байлыктары бир күндө таланып-тонолуп жок болду. Султан Оморович бизнесин өнүктүрүүгө батирин барымтага коюп банктан бир жарым миллион сом насыя алган. Өзүнүн менчик товарын кошкондо үч миллион сомдук товары уурдалып тонолушуна, качкан президентти күнөөлөдү: "Эгер ал качпаса, менин мүлкүмө эч ким тийишпейт эле. Эгер ал качпаса, мен моминтип минген унаамдан айрылбайт элем. Эми бул жагы кандай болот?” деп башы маң болуп, дүйнөнүн эң кооз шаарларынын бири Дубайда арман кылып бир далайга отурду. “Эмнеге биз Дубайлыктардай өсүп-өнүгө албайбыз?” деп арына келип турганда уюлдук телефону шыңгырап калды:

– Султан, салам алейкум, – деп салам берди Абдулла Хасим.

– Ва алейкум ассалам, Абдулла!

– Султан, мен акыркы жаңылыктарды көрдүм. Биздин кечки 20:00дө болуучу жолугушуубузду түшкү түштөнүүгө жылдырайлы. Саат 12:00гө ресторанга буюртма берип койдум, калган кепти ошол жерден сүйлөшөбүз.

Султан “макул” деп уюлдук телефонун коюп, кечки жолугушуу түшкө жылган себеби, Абдулланын үнүнүн өзгөрүлгөнүн айтпаса да ага түшүнүктүү эле. Кантсе да үзүлбөгөн үмүткө жетеленип сааттын жебесин карады. Саат 10:15тер чамасы, жолугушууга дагы бир жарым сааттан ашык убакыт бар.

Ваннага кирип мээни сергиткен көп жылуу эмес сууга башын тосуп жуунду да, ак халатын кийип телефонун алып Жаннатка чалды.

– Алло Султан, угуп жатам.

– Жаннат, бизде элдик ыңкылап болуптур. Ажобуз баш калааны таштап качыптыр. Ал кеткенден кийин баш-аламандык болуп, сен айткандын баары чын болуп чыкты, ал такталды. Азыр ушул маалда дагы талап-тоноочулук уланып жатыптыр. Биздин дүкөн эле эмес, бардык чоң дүкөндөр таланып бүтүп, эми орто жана чакан дүкөндөр талап-тоноого дуушар болууда экен. Сен өзүңдүн, балдардын коопсуздугун кара. Калганын мен барганда көрө жатарбыз. Менин бүгүн маанилүү бизнес жолугушуум бар. Анын жыйынтыгы биз үчүн абдан маанилүү. Жолугушуу жыйынтыкталганда Кыргызстанга учакка билет алам, Жаннат, жакшы тургула.

– Макул, аман бол!

Дубай, 2005-жыл, 25-март, “Хаят” мейманканасынын ресторany, саат күндүзгү 11:50лөр чамасы. Абдулла Хасим жардамчысы менен турат. Сааттын жебеси 11:55 мүнөттү көрсөткөндө лифттин эшиги ачылып, Султан Оморович ресторанга кирди. Кадамы мурункудай ишенимдүү эмес. Канчалык жылмаюуга аракет жасап, жакшы маанай жаратайын десе да мекениндеги терс окуялар, дүкөнүнүн, автоунаасынын уурдалышы, банктын алдындагы карызын төлөөгө мүмкүнчүлүгү жоктугу ичин сыздатып сарсанаага салып, ийгилик коштогон мырза эмес башына мүшкүл түшүп жардамга муктаж бечара көрүндү. Аны куу мүнөз Абдулла Хасим дароо аңдап-билип, салам салды:

– Салам Султан, кел отур. Официант! – деп ресторан кызматкерин чакырды. Абдулла Хасимдин жардамчысы, анын жанына олтурду. Официант тамак аш-тизмесин Абдулла менен Султанга сылык-сыпайы мамилеси менен көрсөтүп тамактарды тааныштырды. Бир канча деңиз жана балык тамактарын сунуш этти. Көңүлү тамак эмес, эч нерсеге чаппаган Султан официант сунуш кылган салаттарга макулдугун берип, биринчи тамакка шорпо, экинчисине семга балык буюртма кылды. Абдулла Хасим шаш-

пастан өзү жакшы көргөн брокколи капустасынан салат, биринчисине мержимек шорпосун, экинчисине акула бифстроганын суранды. Жардамчысы шефинин буюртмасына опокшош тамак жаздырды.

Дубай ишкери Абдулла Хасим менен Султан Оморовичтин алдын ала келишими төмөндөгүдөй болчу. Абдулла телефондордун акыркы үлгүлөрүн сунуш кылып көргөзөт. Макулдашылган сумманын элүү пайызы нак акчалай түрдө берилет. Товардын биринчи партиясы Бишкекке жеткенде акча банк аркылуу которулат. Калган эки миллион сом үч ай ичинде банк аркылуу которуу жолу менен чегерилет. Бул келишим ийгиликтүү ишке ашса, анда 25/75 деген келишимге өтүшөт. Ал боюнча кийинки Бишкекке келген төрт миллион сомдук товардын бир миллион сомун которот. Калган үч миллион сомдук товардын акчасы төрт ай ичинде банк аркылуу чегерилет.

Бул келишим Султан үчүн өтө пайдалуу болчу. Ошондой эле, товарын туруктуу соода түйүнү аркылуу сатуу үчүн Абдуллага дагы бул келишим пайдалуу эле. Алдын ала электрондук келишим ушундай болгон. Бүгүнкү жолугушууда жогорку электрондук келишимге кагаз түрүндө кол коюшса, келишим күчүнө кирмек.

Салат жегенче аба-ырайы жана башка темаларды талкуулап жатышты. Султан 112-кабатта жайгашкан ресторанга суктана карайт. Дубалдары бышык кыш шыбактын ордуна полдон шыпка чейин айнек, бурчтары темир түркүк. Айнектен шаарды караса жүз кабаттуу үйлөр биздеги беш кабаттуу үйлөрдөй сезилет.

Шаар жолдорунун тегиздиги, түнкү жарыктандыруу, унаа айдоочуларынын сылыктыгы, тартиби, баш-аламандыктын жоктугу, шаардын тынчтыгы жана байлыгы башты айландырат. Мекениндеги окуяны эстеп, бийликтеги чиновниктердин, ууру-кескиндердин ач көздүгүнө, ыймансыздыгына, ынсапсыздыгына зээни кейиди. "Кыргыз эли качан ушундай жашоого жетет экен," деп оюна келген аттын башындай арман менен күмүш вилкага сайылган семга балыкты кылкан-пылканы менен кошо тамагын айрып жутуп ийди. Тамагынын ооруксунганын да сез-

ген жок, Султандын бул учурда жаны эмес, жан дүйнөсү жабыркап турган эле.

Айнек аркылуу Дубай шаарына суктанып, ичинде арман ойлорго жетеленгенин Абдулла Хасим байкап:

– Султан биздин келишим бузулду. Сенин дүкөндөрүң жайгашкан “Beta Stores” соода үйү таланып-тонолуптур. Экөөбүз келишкендей товар берсем уурдалып жок болот. Мен капиталымды сенин мамлекетиңдеги ууруларга салып бере албаймын. Кечир мени, бизнес ушундай этияттыкты талап кылат. Мен мындай тобокелчиликке бара албаймын, – деди.

Султан Оморович далысы, көз кыры, ич туюму менен ушундай чечимди сезип эле турган. Башын шылкыйтпай өйдө көтөрүп:

– Макул Абдулла, бул келишим бузулду. Мен кийинки жолугушууну ойлонуп жатам, качан жолугуп сүйлөшсөк болот?

– Султан, баары жөнөкөй эмес. Силердин мамлекетиңерде, азыр туруктуу бийлик жок, анархия. Бизнес тынчтыкты сүйөт. Тынчтык орносун, мамлекетиңерге мыйзамдуу бийлик келсин, анан байланышалы. Мамилени үзбөйбүз, кыжаалат болбо. Менин оюмча, сен мага капа болбойсуң. Сен өзүңдүн бийлик башчыларыңа капа болсоң жарашат. Себеби, алар сенин бизнесиңе кепил болуусу шарт болчу. “Кайыр, Султан”, – деди да, эсепке келген 224 доллардын ордуна 250 долларды эсеп дептерге кыстарып чыгып кетти.

* * *

2005-жыл, 24-март. Бишкек шаары. Кулиев көчөсүндөгү эч кандай шарты жок бир кабаттуу коммуналдык жатакана. Султандын мурунку кошуналары Алике менен Батма, Талас менен Кундуздар ушул жатаканадан бир бөлмөлүү батирден сатып алышкан. Тиричиликтери мурункудай эле спирттен жасалма арак жасап сатмай. Султанга окшоп унаа жана башка мүлккө жетишкен жок. Мурункудай эле жетишпеген кыйынчылык турмуш, ортодо жаңжал, уруш-талаш.

Ушул эле жатаканадан Жанар менен Сурма дагы бир бөлмөлүү батир сатып алышкан. Алар Россияга, Москвага барып, оокатын жүргүзүүдө. Сурма шаар борборундагы “Монте-Карло” ресторанында идиш жуугуч болуп иштейт. Жанар болсо ошол эле ресторанда күзөтчүлүк кызмат аткарат.

Ушул үч үй-бүлө эски кошуна досу Султан менен Жаннаттын ийгилигине сүйүнбөй күйүнүп жүрүштү. Султан менен Жаннат анысын эч аңдабайт. Дем алыш күндөрү тамак-аш, суусундуктарды алып эски кошуна досторунан кабар алганы гана келишет. Досторунун сырты сүйүнгөнү менен ичинен ич күйдүлүк кылышат. Аларды узатып коюп, артынан сөгүнүп сөз кылып жүрүштү. Бир сөз менен айтканда: “Эмнеге булар ушинтип жетишип байып кетишти? Биз болсо ушул күнгө чейин коммуналдык эч шарты жок батирде күн өткөзөбүз. Султан, Кытай, Дубай, Турциялап каттап сайрандап жүрөт”, деп ич күптүүлөрү күч эле. Эгерде, Султан менен Жаннат үйлөмө шар болгон болсо «тарс» эттирип желин чыгарып жарып салууга даяр инсандар экендигинде талаш жок.

Алар өздөрүнүн жалкоолугун, ийгиликке жетпегенин өздөрүнөн көрбөдү: “Султан менен Жаннат кайсы күнү ызылдашып урушуп ажырашат экен? Кайсы күнү күркүрөгөн бизнеси банкрот болот экен?” деген балит ойлорго жетеленишип, эбак эле желкелерине килейген шайтанды мингизип алышкан.

Бишкек шаары. Кулиев көчөсүндөгү жатакана. Кеч кире элек маал саат, 18:30дар чамасы. Күн батыш тарапта жайгашкан Ала-Тоодон муздак шамал согуп турат. Күн ачык болгону менен аба-ырайы суук. Жатакана короосунда Алике менен Талас аракты табуретка үстүнө чокчойтуп кондуруп коюшкан. Жанында “килки” консервасы, тарелкага тууралган пияз мурунга урулган ачуу жыт. Арак ичилип ортолоп калган кез. Жатакананын короосунун эшиги шарт ачылып, сумке ташыган кошуналары көрүнүп калды.

Өмүрүндө сатуучунун сумкесин көтөрбөгөн кошуналары, сумка толо тамак-аш, кийим-кечени сүдүрөп батирине алып кирип кетишти. Жарым саат өтпөстөн кайра бош сумкасын көтөрүп короого чыгып калышты.

– Ээй, Нурлан, Сапар! Эмне акча таап алдыңарбы? Же көрдө жаткан атаң тирилип, бекитип жаткан алтындарын бердиби? – деп Талас менен Алике экөө каткырык салып, маскаралап жатып калышты.

– Ээй, дөөпарас алкаштар! Силер арак ичип бүткүчө «Народный», "Beta Stores», "Ош", "Дордой", "Мадина" базарлары толугу менен таланып бүтөт, – деп жооп берди алар.

– Эмне дейт, эмне болду? – деп Талас соолуга түштү.

– Элдик ыңкылап болду. Ажобуз качып кетти. Байлардын байлыгын талап-тоноо башталды, бизге шанс келди. Силер арагыңарды ичип олтура бергиле, – дешти да бошогон сумкаларын көтөрүп чыгып кетишти.

Аракка тойгон Алике менен Таластын моюнуна минген семиз шайтандар кулактарына шыбырап кирди: "Ии, эмне отурасыңар! Кошунаңардан эмнеңер кем? Же силер эле тоноп жатыпсыңарбы? Шаар боюнча ушундай болуп жатат. Кана арактан дагы жүздөн соккула дагы туруп жөнөгүлө" деп экөөнү далбастатты.

Соо кез болсо шайтанга каршылык көрсөтүүгө аракет жасашмак. Бирок ичтерине кирген соң бири Ахилес баатыр, экинчиси Гектор грек баатырларындай тоону омкоргонго дапдаяр болуп калышкан эле.

– Кайда барабыз, "Народныйга" барайлыбы? – деди Алике.

– "Народныйда" негизинен тамак-аш бар. Курсакка кирген тамакты ажаткана көрөт досум. Макул болсоң Султандын дүкөндөрүн тонойбуз. Товары көп, сатуу оңой, акча көп болот, – деп сунуш киргизди Талас.

– Таке сен баатыр эмес гений турбайсыңбы. Ар жерге темселеп отурабызбы. Султандын дүкөнүнүн дарегин даана билебиз. Кел дагы жүздөн бирден урайлы – деп Алике пиялаларга арактан куюп, тартып жиберишти. Оозу-мурдуларынан куюлуп аккан арактарды аарчып "Beta Storeske" жөнөштү.

Алар соода борборуна жеткенде диван эмерегин сүдүрөп кетип жаткан аялды көрүштү да: "Ушу кемпирче алыбыз болбосо", дешип андан бетер шерденишти.

Кызыгы жана зээнди кейиткени “Кой токто” деген инсан жок. Туш-туштан эле “Ал”, “Уурда”, “Сындыр” “Сат”, “Жырт”, “Бүлүндүр”, “Талап-тоно!” деген терс, басып алмай ураандар угулат.

Ал эле эмес биринчи кабат менен экинчи кабатты жарык кылып турган шам чыракты да бирөөсү темир менен атып уруп сындырды. Жарыкты өчүрүп тим калбастан “Кооздук мага буюрбадыбы, башкага да буюрбасын”, деп ач кыйкырыкты да салды.

Алике менен Талас соода борборуна кирип таң калышты. Кечээги күпайкачен арабакечтер булгаары курткаларды кийип алышыптыр. Жыртык шымдарын чечип, кымбат жинсы шымдарын тартайган буттарына чапташтырып алышкан. Бутундагы эскилиги жеткен дермантин бут кийимин ветринага жайгаштырып, жаңы бут кийимдерди кийип, кимдидир мыскылдашып каткырып олтурушат. Кыскасы, бир караганда соода үйү эмес, жиндиканага киргендей акыбал орноп калыптыр. Тозокто ушундай болсо керек?! Бирөөлөрдүн буюмдарын сүйүнүү жана кыжырданууу менен талап-тоноочулук болуп жатты.

Эгемендүү мамлекет болдук. Эркиндикке жетиштик деп көкүрөк кагып дүйнөгө жар салдык. Бирок мамлекет ичинде бай-кедей ажырымы алыстап кетиптир. Ортодогу жийиркеничтүү жек көрүү сезиминин күч алышына коом күзгүсү аталган саясий элита күнөөлүү десе болчудай. Ошол кезде мамлекеттен социалдык колдоо жеткиликтүү болбой калды. «Тың эместерге» жөлөк пул жок болуп, болсо дагы турмушуна жеткиликтүү эмес. Туруктуу иш жок, айдаганы араба, ичкени жасалма арак. Тамагы карандай чай менен нан болуп калган учур. Карды ач, кийими жарды «тың эместер» эмне кылсын, жол көрсөткөн кол башчылар «тың эместер» менен иши жок болуп жатса. Эркиндикте, бирок вакуумда жашаган ар кандай жаныбарлар деле өлүп калып жатпайбы.

«Тың чыкмалар» арзыбаган салык төлөп, аткезчилик кылып, шылуунчулук-эпчилдик менен дүкөндөргө, кампаларга, ресторандарга жетишти.

”Тың эместерге» дүкөн, склад эмес жашаганга үй турсун арзыбаган алачык да жок. Ушул агрессивдүү класстын катарын түзгөн Алике менен Талас “вакцинасыз” эле ууруларга аралашып

кетишти. Султандын дүкөнүнүн темир кулпун бир тээп бузуп киришти. Товарларды сумкаларга салып алып чыга башташты. Экөө убадалашкандай Талас товарды башка ууруларда н коруп олтуруп турат. Алике таксист менен сүйлөшүп товарларды таксиге жүктөйт. Алике ылдый түшүп таксист менен убадалашып товарды жүктөп:

– Күтүп тур, акыңа миң сом берем, – деп үчүнчү кабатка көтөрүлүп, калган товарларды көтөрүп таксини көздөй жөнөп кеткен эле. Көп убакыт өтпөй кайра сөгүнүп келип калды:

– Энеңди урайын, ууру! Эшек, айбан! Мени күтпөстөн баягы мен алып түшкөн бир сумка телефонду уурдап качыптыр. Башкасы дагы ушинтип ит кылат. Эмне кылайлы, Талас? – деп, Таласка суроолуу карады.

– Акмак экен. Биздин товарды ушинтип алып качканга кантип дити барды? Ууру! – деди өзү да ууру экенине тан албай Талас жер тепкилеп. Алике, ушунча болду сыртта турган унаалардын бирин уурдайбыз. Башка арга жок, көк мээ таксисттер бизди оюнчук көрүп жатышат. Ылдый түшкүн дагы унаа таап мага чал, – деди Талас. Алике колундагы эки таңгак товарды көтөргөн бойдон төмөн түшүп кетти. Үч-төрт мүнөт өтпөй, Таластын телефону шыңгырап калды:

– Алло, Алике, эмне унаа таптыңбы? – деп сурады.

– Таке, досум, унаалар көп экен. Эмне десең ошо дегин, Султандын унаасы ушул жерде турат. Ушуга жүктөйбүз, – деди, Алике кыжырдана таркылдаган үнү менен.

– Жарайт! – Талас макулдугун берди. Алике Султандын мерседесинин шоопур жактагы айнегин таш менен сындырып эшигин ачты да, товарды унаага жүктөшүп жөнөштү. Рул алдындагы зымды туташтырып от алдырып жүргүзүп, жашаган жерине жетип келишти.

“Ууру алыстан келбейт” болуп Султандын бизнесин, унаасын кечээ эле бир нанды бөлүп жеген карачечекей кошуна достору жайлап, жер менен жексен кылып жымырышты.

Бишкек шаары, 2005-жыл, 26-март. Кеч. Донецк, Карл-Маркс көчөлөрүнүн кесилишиндеги беш кабаттуу турак үйдүн төртүн-

чү кабатындагы батирдин жарыгы жанып күйүп турат. Бул үч бөлмөлүү батир Султан менен Жаннаттыкы. Мейман бөлмөдөгү үстөл үстү даамдарга толгон. Өрүк, кулпунай кыямдары жана түркүн салаттар үстөл үстүнө көрк берип турат. Султан балдарына жаңы кийимдерди алып келген. Алар кийимдерди кийишип күзгүгө карап, өздөрүнө өздөрү суктанып жатышты.

Үстөлгө бет маңдай олтурган Султан менен Жаннат көпкө унчукпай  дудук болуп олтурушту. Эртең, бүрсүгүнү боло турган окуяларды ар түрдүү талдап көрүштү. Эч жол жок, түбү көрүнбөгөн туңгуюк. Булардын бизнеси эмес, мамлекеттин бүтүндүгүнө күмөн туудурган кырдаал түзүлгөн эле.

Арадан эки-үч ай өтүп банк кызматкерлери Султан Оморовичти банкка чакырышты. Насыя өз убагында төлөнбөгөндүгү үчүн аргасыздан сотко кайрылгандыгын процедуралык жумуш деп түшүндүрүштү.

Арадан алты ай өттү. Күз. Акча түшүү булактары болгон бизнес талап-тонолду. Уютку акчаларын күнүмдүк тамак-ашка, коммуналдык чыгымдарга төлөп жатышты. Уютку түгөнүп, досторунан карыз акча алган жашоого өтүшүп, карызга кирип кетишти. Күндө кечинде капалануу, араздашуу, ый. Акыры аргалары кетип батирин сатып, шаар четинен бир бөлмөлүү батир сатып алышты. Калдык акча менен банк насыясынан кутулушту. Бирок досторунан алган карыздары, тамак-ашка алынган дүкөн карыздары моюндарында илинип турду. Заматта бай, барман жашоосу түгөнүп, карызга баткан бир бөлмөдө төртөө жашаган жашоого өтүшүп, ушунусуна да шүгүр кылышып олтуруп калышты. Султан телефонун чукуп олтуруп эски кошуна досу Аликеге чалды:

– Алике кандайсыңар? Аяш, бала-чака аманбы? Тополоңдо канттиңер? Силерге залакасы тийбедиби?

– Бизде шүгүрчүлүк. Баары тынч, өзүң кандай? Кабарың чыкпай калды? Келип кабар алып турчу элең, – деп жооп берди Алике эч нерсе билбемиш болуп.

– Ээ, досум, биз көргөн күндөрдү душмандын баласына дагы ыраа көрбөйм. Мындай күн эч кимдин башына түшпөсүн. Дүкөндөрүбүз, унаабыз жоголду, батиримди банк тартып алды. Карыз

баткагына тизеден эмес моюнга чейин батып кеттим. Досчулугубузду эске алып бизден кабар алып кеп-кеңеш берип кеткиле, – деп түтөгөндөй ызаланып кетти Султан.

– Макул, досум, күт. Эртең кечке жуук өтөбүз, – деп Алике макулдугун берди. Андан соң Таласка чалып:

– Султан чайга кеп-кеңешке чакырып жатат. Былжырап ойду-тоону сүйлөп койбойлу, уурулугубуз билинип калбасын. Сөздөн этияттанайлы, – деп бири-бирине акыл болушту.

* * *

Төрт ай мурун. Алике менен Таласка аялдары акыл болуп уурдалган унааны Тажикстандын Исфара шаарына айдап барышты. Ал жерден аны эки унаага бартер кылып алмаштырышты. Алике ак түстүү «Тойота Марк-2», Талас боз түстөгү «ДЭУ Нексия» үлгүсүндөгү унаага ээ болду. Уурдалган товарды кыймылдатпай бир ай басып жатышты. Бир айдан соң Алматы шаарындагы кыргызстандык ишкерлерге арзаныраак дүң баада сатып жиберишти.

Жатаканадагы батирлерин сатышты. Түшкөн пайданы кошуп Алике 7-кичи райондон бардык шарты бар эки бөлмөлүү батир сатып алды. Талас болсо 12-кичи райондон үч бөлмөлүү батирге ээ болду.

Эртеси. Алике менен Талас, Султандын үй-бүлөсүнөн кабар алганы жөнөштү. Алике ак түстүү «Тойота Марк-2» унаасын айдап алган. Алдыңкы орунда Батма чалкалап отурат. Илебин кыпкызыл кылып боеп, бетине упадан калыңдата шыбап салган. Жаннатка көрүнөйүн дедиби, кыздар кийген кыска юбка менен клетка торчо гольфаны жамбашына жабыштырып кийген. Бутунда шиш така. Зерикпей чачын жасаттырып, катырып койгон. Аликенин арак саткан аялы Батма жапан макисиндей койкоет. Жапан корозунун кейпин кийген Алике “Монтана” спорт кийимин кийип, кара көз айнекти мурдуна мингизип алган. Сол колун терезеден чыгарып, ылдыйкы илебин үстүңкү илебине мандаш токутуп, ээгин чалкалатып унааны айдап баратты.

Талас боз түстүү «ДЭУ Нексия» унаасын тызылдатып айдап бара жатат. Шаар ичиндеги жол чырактарга токтоп, эч ким салам

бербесе деле катарлаш токтогон машине ээлерине башын ийкегилейт. Оң колун төшүнө алып тааныган адам болуп салам берип коет. Талас муну Султандын жанында жүргөндө байкаган, себеби, ал шаарга кичине башы көрүнүп, тааныш-тунушу көп эле. Эми ошол кыймылдарды көчүрмө кылып туурап жатты. “Мен дагы кадыр-баркка жетиштим. Тааныш ашырдым” деп шеңиреңдеп аялы Кундузга мактанып баратты.

“Аламедин” базарынын жанындагы үйдүн короосунан Султан менен Жаннат конокторун күтүп алышты. Эки унаа минип келген досторунун жетишкендигине сүйүнгөн Султан беш жүз сомдон көрүндүк берип:

– Алике, Талас, унааңар буйруп, насип кылсын. Алдынан шамал өтүп, төрт дөңгөлөгү токтобостон айлана берсин, – деп тилек айтып чын жүрөгүнөн жаш баладай кубанды. Үйгө киришип тамак ичип, ичтеги армандар айтылып, көкшүндөрү сууп, өткөн-кеткенди сөз кылышты. Арактан өчүп калгыча ичишип, жатар конок болуп, сегизи бир бөлмөгө тизилип катар жатып алышты да, эртеси шашпай турушту. Саарлыкка Жаннат бышырган маставадан калемпир кошуп тамактанышып, көк чайдан баса ичишти. Кетер маал жакындап, коноктор "кетебизге" түшкөндө Султан агынан жарылды:

– Достор, менин азыркы акыбалымды билесиңер. Чоң бизнесте жүрүп, дароо эле базарга соодага чыкканга кур намыстык кылып жатамын. Аяшыңар сатуучу кыздарды иштетип көнүп калганга ал деле ушундай абалда. Мурда ким элек, ким болдук? Азыр болсо айдаганыбыз беш эчки, ышкырыгыбыз таш жарат болуп турабыз. Силер кыжаалат болбогула, акчалай жардам сурабайм. Кеп-кеңеш бергиле, эмне дейсиңер?

– Султан, турмуш жашоо деген ушундай экен. Кечээ күнү биз эптеп күн өткөнүнө сүйүнүп жашап жүрдүк. Насип экен батирге, унаага жетиштик. Сен өзүң айткандай Бишкек шаарындагы орто миллионерлердин катарында жүрдүң. Азыр болсо “карыз-коола болуп калдым” деп ачыгын айтып жатасың, – деп, сөзүн улады Талас, – Базарга соодага чыга албайбыз десеңер, менде жакшы сунуш бар. Жанар менен Сурма Россиянын Москва шаарында

ресторанда туруктуу айлык алып иштеп жатышат. Былтыр күздө бизди «келгиле» деп чакырган. «Пол жуугуч, күзөтчү жумушун таап беребиз» деп айтышкан, айлыгы жакшы экен. «Ресторан ээси жалган сүйлөбөгөн адилеттүү жетекчи» деп айтканын укканмын. Макул көрсөңөр Жанардын сунушун ойлонуп көргүлө, – деди Талас.

– Туура, бекер олтурганыңар болбойт. Балдарыңар чоңоюп калды. Макул дегиле, калганын убакыт көргөзөт, – деди Алике

– Достор, кеңешиңерге, колдооңорго ыракмат. Касен менен Сумая лицейди таштап кете алышпайт. Жаннат балдардын мектебинен, сабактарынан каралашып турсун. Мен күзөтчү болуп иштеп келейин, – деди Султан.

– Жок, Султан, Москвага мен барам. Сен көкүрөгүңдү тосуп бизди багып карадың. Дубайда эсиң ооп жыгылдың, дагы шүгүр, катарыбызда аман жүрөсүң. Сурма сунуш кылган пол жуучу жумуш адал эмгек. Мен андан тартынбаймын. Бул күндөр да өтөр, кетер. Султан, сен балдарга көз болуп турасың, – деди Жаннат.

Алике, Талас, Батма, Кундуздар Жаннаттын сунушун кош колдоп жиберишти. Өзүн аяганды жаман көргөн Султан Оморович каңырыгы түтөп, тагдырга баш ийди. Аялына тиричилик арабасын калдыратып жүргүзүүгө тизгинди берди. Кыргыздагы эркектик намысын бүкүл жутуп отуруп калды. Макул болбогонго аргасы да жок эле. Анан эмне кылмак, эмне демек? Мекенинде жарытылуу айлык маянасы жакшы жумуш болбосо. Балдары чоңоюп, чыгашалары көбөйдү. Мурда аялдары Россияга иштеп кетип, эркектери үйдө бала карап отургандарды жемелечү. Аларды жек көрүп, эркек эместерге кошор эле. “Юбка кийбеген аялдар” деп ат коюп алганы да бар эле. Эми бат эле ошол өзү сындаган кошунга кийинки тизме менен кошулду. Ошол форматка киргенине ызаланды, нары карап ыйлап, бери карап жылмайды. Кантсе дагы достору кеп-кеңеш бергенине сүйүндү, аларга ишенди. Ичинде өчүп бараткан чок тутанды. Чөлгө жамгыр жааганда кол чатыр тоскондой болбоюн деп башка түшкөн кырдаалга моюн сунду.

* * *

2006-жыл, февраль айы. Москва шаары, «Монте Карло» ресторaны. Жаннат пол жуугуч болуп иштегенине үч айдын жүзү болуп калган. Демейдегидей эле эрте менен ресторандын ашканасын жууп бүттү. Эсепкананы жууп жаткан мезгил. Ресторан ээси Пал Палыч баш эсепчиге жулунуп кирип келди. Эч кимди көзгө илбей сүйлөп кирди:

– Ну, так же нельзя Мария Ивановна. Сколько можно? Ну вот, вы скажите мне, как так можно?

– Пал Палыч извините нас. Он сын мэра города. Он конечно ублюдок. Но он наш постоянный клиент. В текущей ситуации мы не можем себе позволить закрыть двери нашего заведения для него и сказать ему «пошел вон!». Почему, во первых мы оттолкнем элиту московских мажоров, которые являются нашими постоянными клиентами. Которые оставляют немалые деньги в нашем заведении. Во вторых, в такое кризисное время не можем разбрасываться подобными клиентами, – деп сүйлөп жатты Мария Ивановна.

– Перестань нести чушь. Эти ваши барыги, у меня вот здесь, – деп колун моюнуна такап көрсөтүп: "Я считаю мы не можем их принимать в нашем заведении. Они ведут себя напелевательски ко всему чему что дозволено и не дозволено, – деген Пал Палыч үстөл үстүн муштап жиберди.

Кечээ түнү Москва шаарынын мэринин уулу италиялык студенттердин кечесин бузган эле. Ресторан ээси мэрдин уулунун бейбаштыгын сындап эшикти жаап, киргизбөөнү сунуш кылып жатты. Башкы эсепчи мэрдин уулунун тарабын колдоду. Ал достору менен ресторанга көп келгендигин эске алып, ага эшик ачык болуусун талап кылып жатты, ортодогу болгон талаш ушул.

Жаннат капыстан баш эсепчи менен ресторандын ээсинин талаш сөзүн угуп калды. Ал өзүнүн дүкөнүндө сатуучу кыздар менен ушундай талаш кырдаалдардын далайын чечип көнүп

калганы эсине келип кетти. Швабраны дубалга жөлөп, жоолугун көтөрүп:

– Пал Палыч, Мария Ивановна, извините, – деди да аларга кайрылып: Я случайно услышала ваш разговор. У меня есть совсем иное предложение для решения данного вопроса, – дегенде: “Жанна закройте рот. Вы что себе позволяете? Займитесь своими непосредственными обязательствами. Выйдите из моего кабинета”, деди баш эсепчи. Пал Палыч Жаннатты ушул кезге чейин көргөн эмес эле. Жаннаттын келбеттүү дене мүчөсүн башынан ылдый тиктеди. Татынакай жүзүнө, кара деңиздей көзүнө, мурдун жапкан көкүлүнө чөгүп кетейин деди. Мукактанып жүйөлүү сунушун угууга муктаж болгондой болуп баш эсепчиге кайрылды:

– Мария Ивановна, чуть позже переговорим и обсудим. А вы, пожалуйста, следуйте за мной, есть «разговорчик», – деп Жаннатты өз каанасына чакырды. Экөө ресторан кожоюнунун каанасына чогуу кириишти. Пал Палыч Жаннатка кайрылды:

– Присаживайтесь. Извольте спросить, как вас величать?

– Жаннат по паспорту, но ваши прозвали меня Жанна.

– Хорошо Жанна, откуда вы и прежде чем занимались?

– Я из Кыргызстана. Была владельцем двух бутиков по реализации мобильных телефонов в городе Бишкек. Во время государственого переворота в марте 2005 году обанкротилась. Вернее стала жертвой мародерства.

Пал Палыч ордунан туруп “Marlboro” тамекисин эки тишинин ортосуна тиштеп жандырып:

– Вы курите, берите, – деп тамекиден Жаннатка сунуш кылды.

– Нет, спасибо не курю.

Пал Палыч тамеки түтүнүн булоо кылып чыгарып, кере-кере тартып жатты. Терезеге жакындап Москва дарыясында кетип жаткан паром, баржалардын агымына көз салып, Жаннатка кайрылды:

– Вы считаете, что мои доводы не уместны? – деди мойлоосун сылагылай бурап, тамеки күкүмүн астейдил күкүм түшүргүчкө түшүргөнчө суроо узатып:

– У вас свое видение по данному вопросу? Излагайте, очень внимательно слушаю вас, – деди какшыктап. Мурутун сербейтип мыскылдай тиктеп, тамекисин урнага ыргытты. Кайыш креслосуна чалкалап эки колун төбөсүнө алып, оң бутуна сол бутун учкаштырып жогорудагыдай суроо салды. Жаннат анысын байкап, көңүл бурбады. Башын көтөрүп Пал Палычка жүзүн бурду. Олуттуу түр менен сөзүн тизмектеп, пикирин аргументүү фактылар жана цифралар менен толуктап сүйлөп кирди: “Видите ли, Пал Палыч, я для своих постоянных оптовых клиентов из городов Ош и Джалал-Абад делала определенные скидки. Если сумма закупа товара составляла 2 и более тысячи долларов то для них применялись скидки до 10-15%. В последующие месяцы закупы товара они осуществляли через мои торговые точки. На этом мы не останавливались. Крупным и постоянным клиентам делали дисконтные карты. Подобной практикой можно воспользоваться в вашей ситуации.

По сложившемуся спору я склоняюсь к мнению Марии Ивановны. Сын мэра города и его друзья они постоянные клиенты нашего ресторана.  Студенты из Италии редко приходят, но они предпочитают наш ресторан. Получается они тоже наши клиенты, – деп айтып жатты.

Мария Ивановнанын сөзүн колдоп, мэр уулунун колу ачыктыгын, эсепке тактыгын мактады. Пал Палыч ызаланып кеттиби же чычалап кеттиби же ушул “хоккеистка” эмнени дөөрүп жатат дедиби, жүйөөлүү кеп курган Жаннатка болгон мыскыл-какшык позициясынан чегинип:

– Интересно, продолжайте. Можно более поподробнее и детально в части ваших предложений, – деп баягы чалкалап, мыскылдаган абалы калып ордунан турду. Оң колунун чыканагын үстөлгө жөлөп, алаканын ээгине таяп кызыгуу жаралып, мышыктыкындай эки көк көзү тостоюп, калың көз айнектен даана көрүнүп алайып тиктеп ичинен: "Эмне дейт бул шумдук “хоккеистка?” деп ойлоно калды.

– Сначала нужно организовать встречу в формате корпоративного круглого стола для постоянных клиентов. В торжествен-

ной обстановке поднять имидж сына мэра и золотой молодежи. После, загоняем их в рамки дисциплины взаимоуважения с другими посетителями нашего ресторана таких как италиянские студенты и другие. В качестве пряника мы предложим им солидные скидки вплоть до 30% от предъявленного счета в том случае, если с их стороны не будут никаких вылазок и нарушений в сторону других наших клиентов. Если они нарушают договор, то для них не действуют дисконтные карты. Наоборот они оплачивают штрафные пени. Поверьте мне, они умеют считать деньги. И тем более, если мэру доложат о частом штрафовании его сына, он то уж точно примет карательные меры.

Пал Палыч ордунан тура калып Жаннаттын колунан өөп ийгенин өзү да аңдабай калып:

– Извините, это так. Не обращайте внимания, минуты восторга что только не делает с нами, – деп кайра өзүн токтотуп: «Бул “хоккеистка” эмес эле, бизнес вумен турбайбы. Халат-маласын чечип, чачын оңдоп, кол-тырмагын иретке келтирип, бут кийим, костюм-юбка кийгизип койсо ресторандын жүзү болгудай» деп ойлонуп сөзүн улады:

– Заманчиво! Однако, давайте попробуем. Вы то бросайте шайбу-клюшку, извините, швабру. С завтрашнего утра Жанна, вы корпоративный менеджер по нашим ВИП клиентам. Также, помощник генерального директора, – дегенде Жаннат оозуна келме келбей катып калды.

Кыйынчылык көргөн күндөрү, банкрот болуп уйкусу качкан түндөрү, акча издеп батирин сатыкка коюп ичтери күйгөн күндөрү эске түштү. Балдарын стресске салганын, Султан Дубайда микроинсульт болгонун эстеди. Эски кошуна достору Алике менен Таластар табалаганы да көңүлүнө кылт этти. Эми жаңы кызмат, жаңы тепкичке көтөрүлгөнүнө сүйүнбөстөн кайрадан негедир көзүнө жаш алып бошошуп, шолоктоп ыйлап жиберди. Пал Палыч мындайды күтпөгөн:

– Да перестаньте лить слезы, этого еще мне не хватало, что за фокусы. Приведите себя в порядок. Завтра с утра жду вас с письменным предложением и пошаговыми действиями, – деп ыйламсыраган Жаннатты коридорго чыгарып узатып койду.

Жаннат швабрасын, тряпкасын ыргытпады, чогуу жашаган Жанар менен Сурманын батирине көтөрүп келип чай ичүүчү кухнянын бурчундагы плитанын жанына таяп, чайына лимондун бир кесимин жана кумшекерден кошуп аралаштырып ичип олтуруп калды.

Берки бурчта отурган Сурма менен Жанар Жаннаттын кызарган көздөрүн көрүп ыйлаганын байкашты. Швабра, тряпканы тиктеп “байкушту Пал Палыч жумуштан айдаган турбайбы” деп божомолдошту. Эр-катын көзү менен ымдашып, соороторго сөз таба албай, бири-бирине "сен сүйлө" дегендей ымдашуу менен бир мүнөттөй созулуп кетти. Жанар эркектик кылдыбы, Жаннатка жакындап:

– Москва ушундай. Биз деле мындай кырдаалга көп туш болдук. Кудай кааласа баардыгы жакшы болот, Жаннат! – деди далысын таптап.

Чай ичип, эртеңки ишти ойлонуп жаткан Жаннат Жанардын сөзүн угуп:

– Силер каяктан билесиңер? Мария Ивановна чалдыбы же Пал Палыч чалдыбы? – деп таң калып суроо узатты. Бурчта отурган Сурма эми сөзгө аралашып:

– Жаннат, аны бизге Мария Ивановна да, Пал Палыч да эч ким айткан жок. Аны биз өзүбүз эле түшүндүк, кабатыр алба, – деп сооротуп калды. Жаннат кычкыл лимон кесиндисин оозуна тиштеп, жутуп жиберип, көзүн жумгулап:

– Эмнени түшүндүңөр? Кантип түшүндүңөр? – деп сурап калды, лимондун сыртын оозунан колу менен алып жатып.

– Эми, эки көзүң кызарып ыйлаганың билинип турат, досум. Анан жада калса швабраңы чүпүрөгү менен көтөрүп келипсиң. Аны босогого таштабай, кухнянын төрүнө коюп алыпсың. Иштен кетирген турбайбы, кыжалат болбо, үйдө эс алып тур, бир-эки жумада тез эле жумуш таап беребиз, – деп Сурма Жаннатты чындап колдогонго аракет кылды.

Жаннат Москва шаарында үч ай иштеп бир дагы жолу ыйлаган эмес эле. Баягы банкрот, карыз болгондогу, квартирасы сатылгандагы катып калган жүрөгү эми коё бердиби, денеси, жү-

рөгү бошошуп, Сурманын көкүрөгүнө башын жөлөп өпкө-боору көпкөнчө, көзүнүн жашы түгөнгүчө ыйлады. Ага кошулуп Сурма дагы ыйлап кирди. Жанар ыйлаган эки аялды токтото албай шаштысы кетти.

Жаннат ыйлаганы жүрөгүндө, дилинде кимдир бирөөлөргө кайрылып жатты: "Менин материалдык байлыгымды уурдашыңар мүмкүн, ал эми акыл-эсимди, илим-билимимди, иш тажрыйбамды уурдай албайсыңар, ошол менин соолбос булагым. Ал булактын суусу убактынча токтоп калышы мүмкүн, бирок бир күнү ал булактан аккан суу мени гана бакпастан, коомго пайдасы тиет. Менин иш билгимди, жумушумду тебелеп-тепсеп жокко чыгарып, атымды убактылуу өчүрүп салышыңар мүмкүн, бирок аброюмду тебелей албайсыңар, анткени, ал мөмөлүү дарак. Быйылкы мөмөсүн уурдап жегендей эле жеп алышыңар мүмкүн, бирок кийинки жылы, андан кийинки жылдары да мөмө бере берет. Мөмөлүү даракты түбүнөн, тамырынан чаап, кыйып салышыңар мүмкүн. Ал эми анын данеги түшкөн жерден өнүп чыгып кайра мөмөлүү даракка айланат. Менин затымды тыптыйпыл өчүрүп, атымды жаманатты кылышыңар мүмкүн, бирок баркымды өчүрө албайсыңар, себеби мен куш болсом, учпасын деп канатымды кыркып салгандай эле, жердеги сойлогондор мен учуп жүрүп булут үстүндө жер айланып учканымды өмүрүндө да кыялдана алышпайт," деп жыйырма миллион калкы бар мега полисте абройлуу ресторандын кожоюну акылын, иш тажрыйбасын баалаганга балбалактап, эркеп, философиялык ой туюмдарына жетеленип ыйлап жатты.

Ый бүткөндө жаңы жумушка турганын билдирди. Алар ушуга да ушунча ыйлайбы деп таң калышты. Ал эми швабра менен чүпүрөктү төргө коюп алганы, Кокон хандыгындагы Шерали хан такка отурганда чабан кездеги чокоюн Нүзүп бий дубалга илдиргендей эстей жүрөйүн деп коюп койду.

* * *

2006-жыл. Июнь айы. Жети-Өгүз курорту. Батма менен Кундуз курорт процедураларын алып бүтүп ушак кепке кирип кетишти:

– “Хоккеист” Жаннат досуң кантип жатты экен, орустардын полун жууп, таштандысын жыйнап? – деди Батма

– Кагазга оробой түз сүйлө, “хоккеист” ким ал?

– Ким эле, биздин сулуу Жаннат эмес, “хоккеист” Жаннат. Сөйрүк эри Султан тим эле тер басып жалынып-жалбарып, илбериңки болуп Жаннаттан айланып кетчү. Шүмшүк Жаннат, мындан ары “хоккеист” болот. Жалдырап орустардын полун, чаңдарын аарчып шүмшүйүп жүрсө керек. “Бета Стореске” кирсең, асманга мурду тийгиче какайып, адам таанybай, термелип басып жүрчү. Өлүгүңдү кана көрөйүн, жаныңды чыгарып сүйлөсө күйбөгөн жерим күл болуп, – деп Батма Жаннатты таба кылып, ичиндеги ич күптүсүн, күйүтүн, көрө албастыгын, айтор, бардык терс энергиясын чачып, калчылдап ванна толгон ысык суудан моюнун чыгарып сүйлөп кирди.

– Батма, анткениң менен ошол “хоккеист” Жаннаттын уурдалган телефондорун сатып, бардык шарты бар батирге, унаага жетишип, өмүрү курорт көрбөгөн денебиз, момунтип эс алып жатпайбызбы, – деди Кундуз.

– Аны биз атайылап уурдаганыбыз жок да, ыңкылап болду. Ошол убактагы бийлик талап-тоноого өздөрү мүмкүнчүлүк бербедиби. Заманың бөрү бол десе бөрү болдук, түлкү бол десе түлкү болдук. Биз каптап уурдасак, алардың тонналаган алтындарды уурдады деп айтып жатышпайбы, – деди Батма.

– Балык башынан сасыйт дегени турасың го сен ээ, – деп Кундуз ваннадагы суудан Батмага чалпылдатып чачып, колдоп калды анын жүйөөсүн.

– Ооба да, “колго түшкөн коёнду, кое берүүгө болобу” деп коет бизде. Кундуз, биз эле эмес ошол күндөрү бардыгы ушундай кылышпадыбы, биздики капля в море, – деп өздөрүн актап жатышты.

* * *

“Аламедин” кичи базары району. Үч кабаттуу үйдүн короосу. Султан скамейкада отурган. Жаннат Султанга телефон чалып эч эле ала албай акыры Султан трубканы алганда:

– Өөх, Султан барсыңбы, – деди.

– Бармын, бар эмей жок болуп эми кайсы көргө батайын, силердин маңдайыңарга тирек болуп турайын, – деп чымчыгылап Жаннатка тийишти.

– Сүйүнчү, буюрса, эртеңден баштап ресторандын баш мүдүрүнүн жардамчысы жана ири кардарлар боюнча корпоративдик менеджер болуп дайындалдым!

– Жаннат, куттуктайм! Бөлөк жерде, бөтөн элде жүрүп өз күчүң, өз талантың, бешене териң, талыкпас адал мээнеткеч эмгегиң менен мындай жетишкениң бизди кубандырат. Балдарга айтып сүйүнчүлөйүн, – деди Султан.

* * *

Москва, «Монте Карло» ресторанына. 2007-жыл. Жаннаттын сунушу ишке ашып, шаар мэринин уулу тартипке келип, мурункудай бейбаштыгын токтотту. Шаардын үлкөн ишкерлерин, байбатчаларды жана башка топтогу ири кардарларды бир жерге бириктирип топтоп, дисконт карталарын реклама кылышып, белекке беришти. Арадан көп убакыт өтпөстөн ресторандын кирешеси болуп көрбөгөндөй көбөйдү.

Италия студенттерине карата болгон мамиле сылыктыкка өткөнүн уккан башка чет элдик студенттердин агымы көбөйдү. Алардын мышыгын "пыш" деген адамдар тартипке келип калышты.

Пал Палыч Жаннаттын баарын аңдап билип тургандыгы үчүн айлык маянасын көтөрүп берди. Ал болсо алган маянасынан үйүнө бала-чакасынын тамак-ашына жөнөтүп, калдык акчасын топтой баштады. Башта тамак-ашка балдарына акча жөнөткөнүнө сүйүнүп жүрсө, эми калган нак акчаны банкка салууну адат кылды.

2008-жылдын жаз айларында Жаннат Бишкекке кыска мөөнөткө эмгек өргүүсүнө келди. "Аламедин" кичи базарында жайгашкан батирин сатып, Спартак стадионунун жанынан пайдалуу аянты 120 чарчы метрден турган заманбап батир сатып алды. Уста салып батир жасалгасын азыркы шартка карап жасатты.

Мурдагы батирлеринде бир ванна, бир ажаткана болгон болсо, бул батиринде эки ванна, эки ажаткана, төрт уктоочу бөлмөлөр, кенен мейманкана, эң башкысы чоң ашканасы бар батирге ээ болуп сүйүнүп калышты. Өрлүктөп эски коңшу достору Алике, Батма, Талас, Кундузду, тууган-уруктарды кошуп чакырып, кой союлуп, куран окулуп, түлөө өткөрүштү.

Арадан бир жыл өттү. 2009-жылы кеч күз Жаннат айлыгынан топтоп кайрадан Бишкекке келди. Батирин барымтага коюп 1 млн сом насыя алып, "Vefa" соода үйүнөн 150 чарчы метр соода аянтын арендага алды. Белгилүү балдар кийиминин фирмасы менен сүйлөшүп чоң дүкөн ачып, ачылыш маарекесине Пал Палыч, Жанар, Сурма баш болгон, Мария Ивановна коштогон Москва шаарынан келген конокторду аэропорттон тосуп алышты. Бишкек шаарындагы дос-туугандарынын баарын балдар дүкөнүнүн ачылышына чакырып, ачылуу аземин салтанаттуу өткөзүштү. Салтанат убагында мактоо, даңктоо, каалоо сөздөрү Жаннат менен Султан Оморовичтин наамына жазгы өткүн жамгырдай шатырап жаап жатты.

Жаннат, сүйүнбөдү, кайра философиялык ойлор дүйнөсүнө чүмкөнүп кирип кетти: "Адам башына барчылык, кийин сыноо болуп ири жокчулук, кыйынчылык түшөт. Ошол кыйынчылык башка түшкөндө, чокуңа багызган болуп сайылып, кадыр-баркыңды, топтогон абийириңди кетирип, кемсинтип, чөгөлөтүп салат экен. Ал сыноодон татыктуу аман чыксаң, Жараткан калган затыңды тараза ташына өлчөп көрөт тура. Эгерде абийириң таразанын оң жагына оосо, анда жаңы ырыскысын тартуулап, келечекке таштаган кадамың ишеничтүү болот. Ал эми ошол кыйын кырдаалда баарын күнөөлөп, өлдүм-күйдүм болуп, силер эле күнөөлүүсүңөр деп жеңилип берсең, ийгилик сага жакындамак турсун басып да барбайт тура. Бүгүн ийгиликке жеттим, болду дегениң, балмуздак жеген жаш баланы элестетет. Анткени ал балмуздакты жеп бүтүп эле кабыгын ыргытып башка балмуздакка кол сунат. Ошондой эле, ишкерликте деле бүгүн ийгиликке жетип, панардай жанган жылдызың жер бетин жарык кылып турса да, ал ошол күнү унут болот. Ал ошол күндүн

жеңиши, эртеңки чыккан күнгө кайрадан аракет кылып, кайрадан ийгилик жарыгын колго алып, кийинки күндүн чечилбеген түйүндөрүн чечүүгө белсенүү бул нукура күрөшман инсандын принциби," деп ойлонгуча Алике, Талас, Батма, Кундуз, Жанар, Сурма кошуна достору келип калышты. Сурма берки кошуна досторуна кайрылып:

– Келгиле, достор, куттук сөзүн айтып куттуктап коелу, – деди. Берки достору мурчуюшуп, жылуу сөз айтууга батына албай турушту. Алардын ою боюнча ушул жыгылышта Султан өмүр бою жыгылган абалдан туруп кете албайт, бутка турбайт. Жаннаттын колуна швабра түбөлүккө жармашып, карып-картайганча орустардын полун жууп өтөт, – деп бөркүндөй ишенишкен.

Окуя, кырдаалдар жакшы жакка бурулду. Кампасында ырыскешик уялап, казаны кайрадан толуп, буркан-шаркан кайнап, көпчүлүккө тамак-аш тартуусуна эч ишенишкен эмес.

Өз ара сүйлөшүшүп, "Жаннатты Москвага пол жуугуч кылып жөнөтпөй эле койбой" дегенге чейин барышты. Орус өнөктөштөрүн, жетекчилерин конок кылып чакырып, жаңы дүкөн ачып жатканына кубанбастан кайра кызганышты. Өздөрүндө ошол эле бойдон, баягы эле жамачы чапан менен жыртык көлөч сыяктуу эч кандай жаңылык жок. Мурунку уурдалган унааларды тээп жүрүшөт. Жүргүзгөн оокаты жанагындай эле жасалма арак жасамай, дүкөндөргө жеткизмей, ошол эле сасык сазда өздөрү менен өздөрү кайнап жатышкан.

* * *

2010-жыл. 7-апрель. Саат кечки 22:25тер чамасы. Москва шаары. «Монте-Карло» ресторанлы. Жаннат менен башкы эсепчи Мария Ивановна анын иш бөлмөсүндө эртеңки чет элдик делегацияны кабыл алуу боюнча иш-планын кызуу талкуулап жатышкан. Жаннаттын телефону шыңгырап калды. Жаннат эрте менен эле Султан менен сүйлөшкөн, Касен университетке, Сумая лицейге кеткенин кабарлаган эле. "Vefa" соода үйүндө жумуш өз нугунда кетип жаткандыгынан маалымат алган. Ток этерин айтканда, баары жайында болчу. Демек, кечки маал Сул-

тан жөн чалган жок. Эмнегедир жүрөгү жаман нерсени сезип, телефонун колго алып:

– Алло, Султан, кандайсыңар, балдар тынчпы? Эмне болду, кечкисин жөн чалбайт элең, айт, – деди Жаннат.

– Жаннат, Кудайга шүгүр, балдар тынч, окуудан келип үйдө бири сыналгы көрүп, бири ноутбукта интернет чукулап олтурат.

– Өзүңдүн ден-соолугуң кандай, жакшыбы? Дарыны өз убактында ичип жатасыңбы?

– Бизде дагы элдик ыңкылап болду. Шаар кайрадан башаламандыкта. "Vefa" соода үйүндөгү күзөтчү балдарды токмоктоп, дүкөнүбүздү ууру-кескилер талап-тоноп кетишиптир. Күзөт кызматында иштеген Урматты тааныйсың, ошол телефон чалып, баарын айтып берди.

– Эмне?... – деп байланыш үзүлүп калды...

«Vefa» соода үйүндөгү дүкөнү таланганын уккан Жаннат ээси ооп жыгылып, өзүн жоготуп койду. Жакын жерде турган Мария Ивановна жардамчысына бакырып:

– Вадим, воду, и срочно скорую вызывай, – деп жерге кулаган Жаннатты көптөп көтөрүшүп, офистеги диванга жаткызып, аптечка издеп бытырап калышты. Көп узабай тез жардам кызматкерлери, баш эсепчинин каалгасын ачып шашып кирип келип калышты. Жаннатка биринчи жардам көргөзүп, эсине келтирүү процедураларын башташты. Анын чыкыйган кайкы мурдунун эки таноосуна нашатырдык спиртке нымдалган кебезди жыттатышты. Эки көзүн ирмеп, чүчкүрүп, бышкырып, оозун ачып эсинеп, колу-бутун керип Жаннат өзүнө келди. Үйпөлөктөгөн чепчикчен ак халатчандарды көрүп чочуп кетти.

Султан Оморовичтин жүрөгү тыз этип сайышып бир балээни сезгендей кайрадан улам-улам чала берди.

Мария Ивановна коңгуроо кылган Жаннаттын күйөөсү экенин телефон мониторунан көрүп турса дагы батынып телефонго жооп бере албады. Дарыгерлердин жардамы менен өзүнө келген Жаннат шыңгырап жаткан телефонго колун созуп:

– Пожалуйста, будьте добры, подайте телефон. Это мой муж звонит, – деп башын көтөрүп, колун сунуп калды. Тез жардам да-

рыгери Жаннаттын телефонун колуна алып, Жаннатка көзү менен жаңсап уруксат алгандай түр көрсөтүп, телефонго жумшак жооп берди:

– Аллоо, здравствуйте! Меня зовут Света. Прошу Вас не волноваться, я сейчас передам телефон Жанне, но прежде я хотела бы Вас попросить об одном. Просьба, не говорите ничего того, что может сильно огорчить вашу супругу, потому что она только что, пришла в себя из шокового состояния от сильного переживания. От чего она потеряла сознание, скорее всего Вам известно и она сейчас довольно подавлена. Поэтому еще раз попрошу Вас помнить об этом, – деп Султандан өтүнүп, телефонду Жаннаттын колуна карматты.

– Жаннат! – деп Султан келинчегинин абалын түшүнүп, жан дүйнөсү жабыркап, сай-сөөгү зыркырап: “Эң башкысы ушул мүнөттө мен үчүн сенин ден-соолугуң, амандыгың керек. Өзүң эстүү, кеменгер жансың, башка эч нерседен, дүйнө-оокаттан кам санап санааркаба. Ойлонуп асыл жаныңды жанчып эзилбе, макулбу? Калган кепти эртең шашпастан сүйлөшөбүз. Сен азыр эң башкысы өзүңдү карап, дем ал, уктап күч топто” – деп энтигип жан шеригин сооротуп жатты.

– Оо, Султан, дагы эмне болуп жатасыңар? Кайдагы төңкөрүш, дагы ыңкылап болдубу?

– Жаннат, сен кыжаалат болбо. Дем ал, эртеге сүйлөшөбүз

– Сен кыскача айтып кой. Мен так маалымат жок болсо, бүдөмүк ойго түшүп кайра кабатырланам. Азыр дурус болуп калдым. Болгонун болгондой кырдаалдын ачыгын айт, – деди Жаннат.

– Макул, сен айткандай болсун. Айтса айтайын, укпасаң ичиң бышып, негизсиз жаман ойлорго жетеленип кабатырланып, жан дүйнөңдү, ден-соолугуңду жабыркатып алба. Элдик ыңкылаппы, мамлекеттик төңкөрүш болдубу билбейм? Баягы 2005-жылдагыдай эле азыр Кыргызстанда кайрадан туруктуу бийлик жок. Бул президентибиз дагы качып кетиптир. Өкмөт толук курамы менен отставкага кетиптир деп миш-миш чыгарып жатышат. Башаламандык, автоматтын атылган үнү угулуп, токтобой жатат. Ак үйдүн алдында митингге чыккан жаш балдардын окко учканы

бар дейт, жарадар болгондору андан көп экен. Борбор аянтка жакын жердеги ооруканаларга жараты менен кайрылгандарды дарыгерлер жардам көргөзгөнгө үлгүрбөй, башка ооруканаларга алып кетип жатышат деп колу-коңушулар телефон аркылуу аянттагы тааныштары менен сүйлөшүп, кабарлашып жатышат.

– Ой тооба кылдым. Ээ Кудай сакта! – деп Жаннат жакасын тиштеп: "Адамдар окко учкудай эмне болушкан? Бирин-бири аткылап жатышкан болсо, мамлекет деген өзү барбы? – деп анын ичи чок жутуп алгандай күйүп кетти

– Ошол мамлекет, мамлекеттик чиновниктер элдин жүгүн моюнуна алып ак кызмат кылышса, элдин мүдөөсүн канааттандырып, адилеттүү кызмат өтөп, мамлекетчил жана мекенчил болгондо, балким, ушул эки жолку элдик толкундоолор болбос беле. Биз аздектеген мамлекет, мамлекеттүүлүгүбүз, эгемендүүлүгүбүз, бүтүндүгүбүз, келечегибиз өзү бүдөмүк күмөн туудуруп жатат. Башкасын айтпаса да түшүнүктүү.

– Кудай сактай көр. Андай дебей тур. Жараткан кылым карыткан элибизге жардам берип, батыраак тынчтык орносун. Эй Кудай! – деп жалынып жиберип, аял эмеспи көзүнө жаш алып нымшып, бышактап ыйламсырап, диванга тизелей калып, сүлгү менен көз жашын, оозу-мурдун аарчып алып, бир азга тыныгып, кайра Султанга кайрылды:

– Өзүң кайдасың?

– Биз үйдүн короосунда коңушулар менен топтолдук. Колубузга таяк, лом, колго тийген темир-тезекти алып, үйлөрдү коргоого даярданып турабыз. Өзүң билесиң, кайгылуу 2005-жылкы уурулардан жабыркаганыбызды, – деди.

– Түшүнүктүү, ден соолугуң жакшыбы, балдар кайда?

– Өзүм дурусмун, шүгүр, демдүүмүн. Балдар үйдө, кошуналардын балдары болуп чогуу турушат. Телефондору колунда, тынбай сүйлөшүп, үйгө кирип иретибиз менен кабар алып турабыз.

– Аба-ырайы кандай?

– Ак жаан тынбай жаап жатат. Күндүн көзү көрүнбөй суук. Короодо болгон отун жыгачты жагып, жылынып олтурабыз.

Антпеске аргабыз жок. Биз өзүбүздү өзүбүз коргобосок, кимди ким көрдү, быржыбайды там басты болчу кырдаалга кирип кетиш кеп эмес. Мындайда милициялар чээнге кирип, кылмыштуу топтун мүчөлөрүнүн күнү тууп, лимондун ширесин максималдуу сыгып алуу мүмкүнчүлүгүн алар колдон чыгарышпайт.

– Түшүнүктүү, биздин дүкөн боюнча коопсуздук кызматта иштеген Урмат кандай маалымат берди?

– Дүкөн боюнча толук маалымат бере албай калдым. Телефон байланышы үзүлүп калбадыбы. Коопсуздук боюнча Урматты жумушка милицияда иштеген жакын досумун сунушу менен алганыбызды билесиң. Ал жигит мурда милицияда иштеп, ардактуу пенсияга чыккан. Ички иштер кызматында ушундай, пенсияга граждандык иште иштегендерден жашы боюнча эрте чыгышат. Бош жүрбөй жумушка турайын деп жумуш издеп жүргөндө бизге сунуштап калды тиги милиция досум. Урмат өзү чынчыл, ишине берилген, кесипкөй адис экендигин, дүкөндө жумушка кылган мамилесинен байкап, ичимен ыраазы болуп жүрдүм. 2005-жылкы төңкөрүштөгү товарды уурдатып, башыбыздан өткөзгөн кыйынчылыкты, жокчулук  күндөрдү толук айтып бердим. Сактыкка кордук жок. Коргонуу системаларың, ыкмаларың кандай? – деп сураганда, Урматтын сунушу менен видео көзөмөл кылуучу камераларды дүкөнгө орноштурганбыз, ал боюнча маалыматың бар. Өрткө коопсуздук зымдар тартылган. Өрт эмес, бир аз эле от түтөй баштаса, өрт коопсуздук кызматында биздин дарегибиз көрүнүп, өрт өчүрүү кызматы тарабынан тез арада жардам көргөзүлөт деп алар менен да тийиштүү коопсуздук иштерин бүтүрдүк. Тыюусуз түркүн кырдаалдардын алдын алуу боюнча складга товарды тез которуу ыкмасын колдонуп турабыз. Ал деген сатуучу кыздар менен бир айда бир жолу күзөтчү Урматтын сигналы менен товарды складка ташып жаткандарына күбө болуп эле жүрөмүн. Урматтын ушул иш тажрыйбасы, кесипкөйлүгү бүгүн жемишин берди. Соода үйүндө иштеген жалпы коопсуздук кызматкерлер, аянтта биринчи ок атуулар башталганы боюнча аянтта жүргөн милиция кызматкерлеринен маалымат алышыптыр. Дароо сатуучу кыздар болуп товарлардын жарымынан кө-

бүн складка ташып үлгүрүшүптүр. Борбор аянтта кырдаал чукул өзгөрүп, ок атышуулар көбөйүп кеткенде сатуучу кыздарды таксиге отургузуп үйлөрүнө узатып коюптур. Соода түйүнүндөгү башка коопсуздук кызматкерлери менен чогулушуп, уурулар келишин күткөнчө камера көзөмөлдөрүн, бекем бышыктап бекитиптир. Кокустан коопсуздук кызматкерлерин ур-соккуга алып, көпчүлүк дүкөнгө кирип, талап-тоноочулук кылса алар камера көзөмөлгө жазылып сакталат. Кийин соңку териштирүүгө жана материалдык зыянды ордуна коюуга мүмкүнчүлүк түзүлөт, – деп алдын ала даярданышыптыр. Алар күткөндөй эле толкуган көпчүлүктүн агымы соода түйүнүнүн эшик-терезелерин талкалап, каршылык көрсөткөн коопсуздук кызматкерлерин ур-тепкиге алып, алар түзгөн дубалды жарып киришиптир. Дүкөндө калып калган калдык товарларды алып чыгып кетишиптир. Урматтын айтуусу боюнча, уурдалган товардын зыяны жалпы товардын ашып кетсе отуз пайызын түзөт. Калган товарды складка бекитип үлгүрүп калышыптыр.

– Жакшы, Урматтын акыбалы кандай?

– Урматтын бешенесине темир чала тийиптир. Кудай чоң сактап аман калдым, орто жаракат дейт.

– Султан, сенин тааныш дарыгерлериң көп. Урматты дарыгерлерге көргөзүүгө жардам көрсөтүп кой.

– Макул

– Мен бир-эки жума дарыланып, Кыргызстанга барамын, жакшы тургула.

– Кайыр кош.

Пал Палыч Мария Ивановнадан бардык маалыматты уккан соң Жаннаттын «Монте Карло» ресторану үчүн кылган тоодой эмгегин баалап бир жарым ай эмгек өргүү арызын жаздырып, буйрукка кол койду. Жаннатка өргүү айлыгын, материалдык жөлөк акчасын кошуп берип Кыргызстанга узатып коюшту.

* * *

Арадан 2 жума өттү. Бишкек шаары. “Манас” аэропорту. Москва-Бишкек каттамындагы авиа учак «Манас» аэропортуна

конуп, күтүү залынан Жаннатты Султан тосуп алып түз эле үйүнө бет алышты.

Аэропорттон, шаарды көздөй “БМВ” унаасы менен жай келе жаткан чакта Жаннат сөз баштады:

– Султан, мендеги акыркы тастыкталган жаңы маалыматтар боюнча эки жолку төңкөрүш-ыңкылапта негизинен Бишкек шаарындагы соода түйүндөрү талап-тоноого дуушар болуптур. Кыргызстандын түштүк борбору болгон Ош шаарында бир дагы дүкөн, бир дагы базар андайга дуушар болбоптур, – деп сөз багытын такыр башка нукка бурду. Жаннатта өзүн-өзү сактап калуу инстинкти ойгонуп, бизнесинин бир бөлүгүн Ош шаарына которуу маселеси ой-толгоосунун маңызына айланды. Ошол ойлорун, өздөрү түптөгөн «Жаным Жаннат» ачык акционердик коомунун төрагасы болгон күйөөсүнө сунуш киргизип жатты:

– Түшүнбөдүм, анын бул жерде эмне тиешеси бар? – деп Жаннатка суроо узатты.

“Көч бара-бара оңолот” дегендей, мурдагы төңкөрүштөн биз бизнес айдыңында туура сабак алуубуз шарт. Мына 2010-жылкы төңкөрүштө өзүң белгилегендей товардын жетимиш пайызын сактап калууга үлгүрдүк. Бул жакшы көрүнүш, андан сырткары уурдалган товар боюнча видео жазуу менен прокуратурага кайрылууга даяр материалыбыз бар. Мындайча айтканда, жалпы  отуз пайыз уурдалган товардын болбоду дегенде жыйырма пайызын кайтарууга мүмкүнчүлүк түзүлөт деп ойлоп турам. Ал эми Оштогу эки ыңкылаптагы тынчтыкты мен жаңы мүмкүнчүлүк катары көрүп олтурамын. Урматты Ошко учакка билет алып учур. Шаардагы дүкөндөрдү изилдеп көрсүн.  Милицияда жүрүп анын Оштук тааныштары болуусу мүмкүн. Урматты кечээги ыңкылап кезиндеги түзүлгөн оор кырдаалда өзүн мыкты кесипкөй көргөзгөндүгү, чынчылдыгы үчүн биз аны кызматы боюнча көтөрүшүбүз керек деп ойлойм деп Жаннат кебин бир топко чейин улантты. Султан да убагында Пал Палыч таң калгандай чочуп, “кандайча” деген суроо оозунан ыргып кетти. Ошко биздин дүкөндүн филиалын ачуу боюнча жакшы орун тапсын. Филиалдын директору кызматын сунуш кылсак биз бир ок менен эки коён-

ду аткан болобуз. Биринчиси, биз анын жумушка берилүүсү аркылуу кынтыксыз, таза кесипкөйлүгү менен бизди банкроттон сактап калгандыгы үчүн ыраазычылык көрсөткөн болобуз. Анын аброюн көтөрүп, ошону менен аны өзүбүзгө стратегиялык өнөктөш кылабыз. Экинчиси, өзүң белгилегендей, Бишкекте саясий кырдаал оңолмоюнча дүкөндү ачып иштете албайбыз. Бул деген ушул күндөрү соода болбогондуктан биздин кассага сырттан бир сом акча түшпөйт дегендик. Эгерде Ошто филиалыбыз бар болгондо ал дүкөнүбүз иштеп киреше түшүп турса түзүлгөн кырдаалда анчалык оор болмок эмес. Ошто бардык дүкөндөр өз калыбында иштеп жатат деп кабарлашты деп Жаннат күйөөсүнүн таң калган суроосуна жүйөөлүү жооп берди.

– Жаннат, сага көз тийбесин. Сенде бизнес боюнча уктап жаткан таланттар бар. Сенин сунушуңду 100 пайыз колдоймун. Эртең эле Урмат менен сүйлөшүп, экөөлөп макулдашкан маалымат боюнча аны Ошко учурайын. Филиал ачууга аракеттенели. Складда жаткан товарлар менен дүкөндү иштетип, ал жакта жумушту баштаганга белди бекем бууп, соода агымына түшпөскө арга жок. Ал эми “Vefa” соода үйүндөгү дүкөнгө Урматтын сунушу менен өзүндөй жигитти жумушка алууну сүйлөшө баштайбыз, – деп, экөө макулдашып 2005-жылы ооздору сүткө күйгөнгө 2010-жылы айранды үйлөп ичип калгандай шартка аргасыздан кептелишти. Бардык маселени акыл калчап жети өлчөп бир кескендей кеңешип масилет кылышты.

Эртеси. Бишкек шаары. Султан Урматты «Панорама» ресторанына чакырды. Тамак ичип чай ичип олтурушканда Султан сөз баштады:

– Урмат, Жаннат кечээ Москвадан учуп келди. Экөөбүз сенин 2010-жылдын 7-апрелиндеги баш-аламандык мезгилиндеги иш ордуңду таштап качпастан, товарлардын көпчүлүгүн складга үлгүрүп которуп сактап калган ак кызматыңды жогору бааладык. Сени менен сыймыктанабыз. Ак кызматыңды баалап сага ыраазычылык билдирип коёлу дедик.

– Коюңузчу, байке. Мен өзүмүн негизги жумушумду жасадым. Менден бөлөк адам деле ушинтмек. Кыжаалат болбоңуз,

убара тартпаңыздар байке, ушул чайыңыз, эң оболу сиздин мага болгон ишеничиңиз мен үчүн абдан маанилүү.

– Сага болгон ишеничибиз артып, сени дүкөнүбүздүн Оштогу филиалыбыздын директорлугуна сунуш кылып жатамын.

Урмат болсо өзү ушул жумуш мага жетиштүү, билектен күч кеткичекти кошумча киреше булагы болуп турса болот. Пенсиям да бар деп жөнөкөй ой жүгүртчү. Эч кандай амбициясыз, кызмат ордуна түк кызыкчу эмес. Султан «Панорамага» чакырганда жасаган жумушуна ыраазы болуп, чай-тамакка чакырды деп ойлоп келген. Ал эми Ошто дүкөндүн филиалы жоктугун билчү. Азыр болсо мындай сунушту укканга "мен билбеген нерселер барбы" деп күмөн санап ойлонуп калды. Жаңы жетекчилик кызматын сунуш этип чоң ишеничке ээ болгонуна кызарып- татарып, бетине кан тээп, толкунданганын билгизип койсо да дүкөн филиалы боюнча суроо берди Султанга:

– Байке, Ошто филиал жок да же мен билбей калдымбы?

– Туура, Ошто дүкөндүн филиалы жок. Ошко филиалды сен ачасың. Шаарды изилдеп көрүп, ижарага алынуучу дүкөндөрдүн үч-төрт вариантын сүрөткө тартып бизге жөнөт. Сенин пикириңди салмактуу чечүүчү пикир катары кабыл алабыз. Анткени иштей турган сен, көчтү баштай турган дагы сенин керт башың. Мен сага Бишкек-Ош каттамындагы учакка эртең кечки саат 20:05ке билет алып койдум. Мына командировкадагы чыгымдарыңа, мейманканага жана башка уюштуруу иштерине деп авиабилетти жана "Visa" банктык дебеттик картаны үстөл үстүнө койду. Бул картанын ичинде жетиштүү акча бар, биз сүйлөшүп турабыз. Акча азайганда толуктап коебуз. Ош аэропортунда тосуп алуучу адамдар бар. Эгерде өзүңдүн эски милициядагы тааныштарың, дос-жарың тосуп алсын десең өзүңдүн эркиң, – деп Султан сөзүн жыйынтыктады.

– Байке, мага ойлонгонго, үй-бүлөм менен кеңешкенге убакыт бербейсиздерби? – деп Урмат шашып калды.

– Урмат, азыр ар бир саат, ар бир мүнөт биз үчүн кымбат. Биз сага ишенебиз, башка адамга миллиондогон товарларыбызды тапшырып күйүп кеткибиз келбейт. Ойлонгонго убакыт жок.

Кырдаалды өзүң көрүп-билип турасың. Аэропортко өзүм жеткизем, иштин жүрүшүн түзүп чык. Жаннат дагы үйдө иш-планын жазып жатат. Экөөңөр жазган тактык менен жумушту баштай беребиз.

– Байке, "Vefa" соода үйүндөгү видео жазуу боюнча жумушту качан баштайбыз?

– Өзүң көрүп турасың, Убактылуу өкмөт, түрдүү Декреттерди чыгарып жатат. Ошондой эле, легитимдүү Президент, өкмөт башчы жок. Бул видео жазууга туруктуу өкмөт курамы түзүлгөн мезгилде кайрылып, иштеп чыгабыз. Ал жөнүндө кийин ойлонобуз, – деди Султан.

Урмат шок абалында же сүйүнүшүн же таң калуусун билбей ресторандан чыгып "Хонда" маркасындагы машинесин от алдырып үйүн көздөп жөнөп кетти.

* * *

Ош шаары, 2010-жыл, 28-апрель күнү дүкөндүн филиалынын ачылыш аземи өттү. Жаннаттын эмгек өргүүсүнө чыккан акчага эки айлык ижара акыны төлөштү, ветрина, стеллаждарды жасатышты. Бишкектеги складдагы товардын жарымын фурага жүктөп келип дүкөн текчелерин толтурушту. Сатуучу эки кызды жумушка алышты, бири Жапалак айылынын тургуну Тургунай, экинчиси Он-Адыр кичи районунан өзбек кызы Умида. Бухгалтерлик кызматка Ишкаван айылынын жашоочусу Калыс аттуу келинди алышты. Коопсуздук кызматына Урматтын эски кесиптеши, милициянын майору Нурлан акени тандашты. Урмат болсо директор болуп дайындалып, ага дүкөндүн бүт уюштуруу, чарба, каржы, сатып алуу-сатуу иштери жана аларды көзөмөлдөө кызматы жүктөлдү. Урмат менен Жаннат агрессивдүү комиссияларды жыйырма-отуз пайызга чейин төмөндөтүү ыкмасын колдонушту. Чогуу иштелип чыккан сатуу тактикасы өзүнүн жемишин тез берди. Биринчи жуманын жыйынтыгын эсепчи экөөлөп эсептегенде бир миллион эки жүз элүү миң сомдук дүң соода болуптур.

Бул деген жалпы товардын элүү пайызынын сатылышын түзөт. Урмат банк аркылуу акчаны чегерип, өзү Бишкекке учуп келип Султан менен Жаннатка жолукту. Султан бир жумадагы Оштогу соода жыйынтыгын көрүп тегерек үстөлдө «Жаным Жаннат» ачык акционердик коомунун башкармалыгынын мүчөлөрү олтурган Жаннат менен Урматка кайрылды:

– Биринчиден, Жаннаттын Ош шаарына тез аранын ичинде филиал ачуу сунушу мезгилдин өз талабы экендигин мезгил өзү тастыктады. Бишкек шаарындагы дүкөнүбүз ачылып жанданып кеткенге чейин бизге чоң колдоо болду. Ишкерлигибиздин тобокелчиликтерин минималдаштырууга шарт түзүлдү. Урматтын Ош шаарында жүргүзгөн маркетинг изилдөөсү натыйжалуу жыйынтык берди. Иш планынын стратегиясынын туура тандалгандыгына бир жума ичиндеги дүң сооданын көлөмү далил болуп турат. Мен силерди ушул жакшы көрсөткүчүңөр менен куттуктаймын. Силер түзгөн бир жылдык кыска иш планы боюнча жумушту уланта берүүнү добушка коемун. “Макул”, “Каршы”, “Калыс”. Бир добуштан бир жылдык кыска иш планы кабыл алынды.

* * *

2010-жыл, 10-июнь. Жаннат, Москва шаарына кайтчу мезгил келип калган учур. Москвага жумушуна кайтканга чейин Ош шаарындагы дүкөндүн жумушуна өз көзү менен көзөмөл жүргүзүп коеюн деп чечим кабыл алды. Ош аэропортуна эрте мененки саат 09:30дарда конду. Күтүү залынан Урмат менен коопсуздук кызматкери Нурлан аке экөө тосуп алышты. Ош шаарынын филармониясынын жанынан орун алган ири соода дүкөнү менен кенен шашпай таанышып чыкты. Саат 18:00дө жумуш аяктаган кез. Урмат дүкөндөгү кесиптештерин чакырып, өзбек улутундагы сатуучу Умиданын 10-июнь туулган күнү менен куттуктап, шириндик катары торт, суусундуктарды белекке берди. Жаннат баш болуп куттук сөздөрүн айтышты. Акыркы жыйынтыктоочу сөз туулган күндүн күнөкөрү Умидага келди.

– Уважаемые коллеги, Уважаемый Урмат Насырович, Уважаемая Жаннат Абасовна, разрешите выразить глубокую бла-

годарность за ваши поздравления. Я очень рада что работаю в данной компании. Благодаря этой работе мы обеспечиваем свои семьи всем необходимым. И в конце тоста я приглашаю всех вас в чайхану который расположен в микрорайоне Он-Адыр. Мой отец Сайдулла шеф-повар. Он обещал приготовить вкусный узгенский плов, – деп баарын конокко чакырды.

Антип-минтип отурушуп кечки саат 19:20лар чамасында чайханага жетишти. Узак сүйлөшүп чер жазышып, койдун куйругуна Өзгөн күрүчүнөн демделген ашты жешти. Жакшы оокат калганча жаман курсак айрылсын кылышып кампая тоюп да алышты. Жумуш жана башка сөздөрдү кеп кылышып отурушканда түнкү саат 23:20лар чамасында капысынан кулактын үшүн, жүрөктүн сүрүн алган салют атуулары атылгандай «тарс-турс» деген үндөр чыгып калды. Аңгыча эшиктен өңү боппоз болгон Умиданын атасы Сайдулла ака кирип келип:

– Мехмонлар, уриш бошланипти, ман улдим, вай доот. Энди нима киламиз? – деп сөрүгө талп кулап, эки колу менен башын мыкчый кармап ыйлап жиберди. Анын сөзүн түшүнбөгөн Жаннат менен Урмат Нурлан акеге кайрылып:

– Сайдулла байке, эмне деп дөөрүп жатат, ыя? – деп таң калычтуу сурады.

– Уруш башталыптыр. Сырттагы тарсылдаган добуш салют эмес ок атуулар экен. Сепаратисттер жергиликтүү “Ош ТВ”, “Мезон ТВ” телеканалдарынан сыналгыга байма-бай чыгышып, элди удургуткан, бөлүп жарган чакыруулар менен элдин бир бөлүгүн тукуруп жатышкан», – деп кобурадан пистолетин чыгарып, пистолеттин магазининдеги огун санап кирди.

Сатуучу жапалактык кыз Тургунай, бухгалтер ишкавандык келин Калыс эже, экинчи сатуучу кыз Умида болушуп ал жак, бул жакка тааныштарга телефон чалып жатышты. Тааныштары менен сүйлөшкөн сайын жүрөктөрү түшүп, бир бурчка такалышып, бүжүрөгөн боюнча ыйлактап олтуруп калышты. Себеби, жаман сөз жерде жатпайт болуп алар тааныштарынан сепаратисттер менен шаар тургундарынын ортосунда канжалашкан согуш “Алай” мейманканасынын жанында башталып кеткендигин

жана ар кандай такталбаган ушактарды телефон аркылуу угуп жатышты. Мындан жаман үрөй учурган сөздөр ооздон-оозго, шаардан-шаарга, айылдан-айылга тез тарап жатты. «Алай» мейманканасынын жанындагы студенттер жатаканасына сепаратисттердин бычак, канжар, автомат менен куралданган активдүү мүчөлөрү чабуул коюшуптур. Кээ бир студент кыздарга кол салышып, бычак менен кескилеп кетиптир деген сыяктуу уу-дуу сөздөр элдерди бир топ эле удургутту. Сепаратисттердин тишине чейин куралданган радикалдуу тобу Он-Адырда чогулуп жатыптыр, шаарга чабуул коет экен деген миш-миштер да эл аралап жүрөт. Тоо тараптан тоолук атчандар, мергендер колдоруна мылтыктарын алып шаардын тургундарына колдоо көрсөтүп, сепаратисттерге каршы аттанып келе жатышыптыр. Бишкек, Талас, Нарындан чыккан «каралар» тобу машинелерге ок-дарыны унааларына толтуруп сепаратисттерди шаардан сүрүп чыгуу үчүн келе жатышат. Өзбекстандагы «Ман» атайын аскердик полку чек арага келиптир. Шаарды бир-эки саатта иретке келтирет экен деген сыяктуу кооптуу кептер эл арасына желдей тарап элдин үрөйүн учурууда.

Каңырыш ушак кептер топтолуп отуруп кара булут болуп шаар үстүн карайтып каптап, кара энергия болуп топтолуп шаардыктардын шайын кетирип, алардын тынч жашоосуна бүлүк салды. Кыздар ыйлап, ар түрдүү сөздөр токтобогонун байкаган Жаннат Урмат менен Нурлан акеге тапшырма берип суранды:

– Айтылган маалыматтарды тактагыла. Эгер жогорудагы маалыматтар жарым-жартылай чын болгон болсо да Он-Адыр кичи районунан чыгып кетүү жолдорун ойлонуңуздар. Ушул убакта эмне кылуубуз керек? – деп аларга кайрылды. Элге тарап жаткан маалыматтардын чын-төгүнүн Урмат менен Нурлан аке дагы өздөрүнүн ишеничтүү булактарынан тактаганга аракет кылып жатышты. Жогорку маалыматтар толук жалган же толук чын деп эч бирөө да айта албады, бирок шаарда чындап эле сепаратисттер уруш баштап, шаар тургундарынын үйлөрүнө өрт койгон фактылар, ок атышуудан мерт кеткен жоготуулар эки тараптан тең бар экендигин такташты. Ал эми Он-Адыр кичи ра-

йонунун тургундары этият-шарт деп бардык автоунаа жолдорун блокада кылып тосуп койгонун аныкташты. Сепаратисттердин снайперлери Он-Адырга кирип отурукташып жана провакация кылып кээ бир шаар тургундарын снайпердик мылтык, автомат менен аткылаган окуялар чындыкка жакындыгын шаардагы мурунку милиция кызматкерлери Урмат жана Нурлан акеге маалымдашты.

– Анда азыр эмне кылабыз? – деди Жаннат.

– Азырынча, Умиданын үйүнө караңгы түндө жетип алайлы. Мүмкүн болсо чердак же жер төлөдө болсо да бекинип жатып турганыбыз бул биздин амандыгыбыз, – деди Урмат.

Сайдулла акенин Он-Адырдагы чайканасында кызы Умида менен чогуу иштеген кыргыз кесиптештери аш жеп олтурат деп чайханада олтурган ушакчылар сепаратисттерге жеткизип койду. Сепаратисттердин тең төрага башчыларынын бири Хамид Сайдулланы токмоктоп, бети-башын канжалатып, эки колун артына кишенге салып, колу-бутун кескилеп салды. Соода борборунун жетекчилерин бизге өткөзүп бер деп жанын кыйнап, кекиртегине канжар такады.

– Корбаши Хамидулло, бир бошда бир улим. Хохласаң каллам сеники. Лекин, у менинг азиз мехмонларими, сендай иплос, харипка хеч кочан ушатмийман, овора болмангиз, укахон.

Хамидке жана ага окшош сепаратисттик топтор Ош шаарын Кыргызстандан бөлүп алуу иштерине тарапташтарын каржылоо үчүн кошумча акчага муктаж эле. Ири соода борборунун кожейкеси Он-Адырда аш жеп олтурганын укканда «Колго түшкөн коёнду, кое берүүгө болобу?» деген макалында айтылгандай жаңгактын маңызын чыгарып алуу арам ою уйкусун бузуп, ошолордун изинен түшүп, кан көзүндө кыямат издеди. Ашпозчу Сайдулланы кыйнаганынан тыянак чыкпады. Умиданын колу бутун байлатып, Сайдуллага кайрылды:

– Ээй, хайвон Сайдулла, агарда мехмонларингни менга бермасаң, онаси өпмаган гүзал кизингни шуетта отилган гранатадай портиллатип улдираман. Узингдан кур, – деп билектей чоң, мизи курч канжарын сууруп чыгып Умиданын та-

магына такады. Тамчылап кан агып баштады, айласы кеткен Сайдулла ака:

– Тохтаат! – деп бакырып Хамиддин алдына чөгөлөп: – "Айтип бераман, лекин, Султан Оморович укамизнинг хотини Жаннатнинг сизлардан сотиб олишка пули йетади. Тегманглар илтимос, агарда айткан лавз турсанглар мен таёрман", – деди Сайдулла. Канкор сепаратист Хамид акчага муктаж эле. Сайдулла аканин айткан шартына көнүп алардын өмүрүн сактап, акча алуу максатында Урмат, Нурлан аке, Жаннат, Калыс эже, Тургунайды жер төлөөдө бекинип жаткан жеринен кармап Хамиддин алдына алып келишти. Манчыркаган Хамид бөлмөдө отурган туткундагы адамдарды шашпай тиктеди. Кимиси кожейке болду экен деп биринчи Тургунайды тургузуп, ээгинен кармады эле байкуш коркуп ыйлап жиберди эле аны аяган Жаннат тура калып:

– Ээй, акмак, сага мен керекмин. Чыпалагың тийбесин кыздарга. Жооп берген күн алыс эмес. Жаның эмес башың менен жооп бересиң! – деп ордунан атырылып турду.

Жан-жөкөрлөрүнүн көзүнчө каадаланган Хамид:

– Вай, вай, вай! – деп алаканын чаап Жаннаттын жанына келип: – "Нима болди?" – деп, сакал, мурутун сылап, кара көзүн алайтып Жаннатка жармашты.

– Чакчаңдаба, уктуңбу, чакчаңдаба! Аларың акча же жаным. Абийиримди, намысымды тебелетпеймин, эркекче бол, эмнени каалайсың ачык айтып ак сүйлө, кечеңдетпе, – деди Жаннат. Хамид өзү дагы ушул маңдайында турган Жаннаттай чечкиндүү, сөзгө чечен, майдаланып эзилбеген шарт жүргөн лидерлерден эле. Жаннат ток этээрин айтып "эмнени каалайсыңар" дегени Хамидге жага берди. Ал ачуусун жутуп:

– Жүз миң доллар, – деди.

– Жарайт, баарыбызды коё бер. Акчаны эртең кечке чейин Урмат алып келип берет.

– Йок, ундака булмайди, пленга икки одам коласанглар. Юз минг доллор келсин, ундан кейин у икки одамни бушатип бераман. Лавз, лавз, онамни сутига онт бераман.

– Эже, силер баргыла. Биз Нурлан аке экөөбүз туткунга барымтага калайлы деди Урмат.

– Жок, Урмат, мен жетекчимин. Менин буйругум кынтыксыз аткарылышын талап кыламын. Сен кыздарды алып үйлөрүнө жеткиз. Султан менен байланыш, экөөлөп эки эркек, акча тапкыла. Бизди куткаргыла, биз Нурлан аке экөөбүз туткун болуп калабыз, – деп буйрук берди. Жаннат менен Нурлан акени Ош шаарынын Он-Адыр кичи районундагы үйлөрдүн биринин жер төлөсүнө камап салышты.

Караңгы түн. Мындайда кайдан уйку келмек, Жаннат уктай албай жатты. Нурлан аке өзү Меккеге ажылык парзын аткарган, беш маал намазын үзбөй окуган такыбаа киши эле. Туткунда жүрүп «шам», «куптан» намаздарын окубай калганга казаа кылып кывылага карап, эки намазынын карызын окуп дуба кылды. Жаннат сепаратисттер күмөндөп калбасын деп орус тилинде Нурлан акеге суроо менен кайрылды:

– Байке, кто они? Что за идеи? Чего они хотят, что за люди?

– Эти сепаратисты организовали общество «Адолат», в переводе означает Справедливость. Движение «Адолат» было организовано еще при Советском Союзе в конце 80-годов прошлого века. Численность членов общества составляет в порядке пяти тысяч радикальных сепаратистов из узбекской национальности. Но общая численность узбекской национальности проживающих в Кыргызской Республике превышает более шестисот тысяч человек. Они в основном законопослушные и довольно успешные люди в сельском хозяйстве, в бизнесе, в торговле, в спорте, в культуре и в других сферах и отраслях. По характеру они мягкие и набожние. У меня много друзей узбеков. Нормальные, адекватные, честные мужики. Общаемся семьями десятилетиями. Десятки тысяч смещанных пар, семьи кыргызов и узбеков. Очень неплохо устроились, хорошо живут.

Но вот эти радикальные сепаратисты еще в 1990-году попытались сделать переворот и отделить Ош от Кыргызстана. Писали даже в трибуну ООН с этой просьбой. Видимо их письма не дошли до адресата или они пронюхали эту провокацию с их стороны, – деп сүйлөп жатканда кароолчу кирип келип:

– Нима гап киляпсанлар. Огзингни йоп, тохтат, – деп автоматтын арты менен Нурлан акени уруп жиберди. Жаннат тура калып кароолчуну түртө салганда ачуусу келген кароолчу:

– Жалап, канчык, харип! – деп Жаннатты көкүрөгүнөн түртө салып жер төлөдөн чыгып кетти. Өмүрүндө мындай балит сөз укпаган Жаннат ызаланып ыйлап кирди. Нурлан аке:

– Кой карындашым, ыйлаба, бул күндөр да өтүп кетет, – деп анын көңүлүн жайгарганга аракет жасады.

– Бул оозу балит айбан, мени жалап деп айтып жатпайбы, – деп ызаланып, Жаннатын жан дүйнөсү зыркырады.

Нурлан аке Жаннаттын ооруган дилин, жабыркаган жан дүйнөсүн айыктырганча ага дем берүүнүн аракетин көрдү. Ушул кырдаалга туура келген кереметтүү «Куран» китебинин, «Кавсар» сүрөөсүн эстеди. Төмөндөгүчө дават айтып кирди. Жараткан Алланын элчиси пайгамбарыбыз С.А.В. Мухаммеддин өмүрүн алуу үчүн душмандары бир канча жолу аракет кылышкан экен. Пайгамбарыбыздын таркаткан ислам динин кабыл албай, аны жекирип акаарат айтып, аны жаманатты кылыша баштагандар да жок эмес эле. Ошондо Пайгамбарыбыздын жаны кашайып, кайгырып өксүп турганда Жараткан Алла пайгамбарга «Кавсар» сүрөөсү менен кайрылган экен: «Инна атойна кал Кавсар» – Мен сага бейиштеги аккан “Кавсар” дайрасын бердим. «Фасоллили Роббика ванхар» – Мен сага Роббиңдин ишеничин бердим. Бизче айтканда – өзүмдүн ишеничимди тартууладым. «Инна шаани ака хувал абытар» – Ким сени динсиз же башка сөз менен кемсинткен болсо, ал өзү ошондой дегендей сиз, Жаннат, биз үчүн бардык шартты түзүп бердиңиз. Ишенич көрсөттүңүз, бир туугандан, достордон көрбөгөн колдоону сизден көрдүк. Сизди мыкты жетекчи гана эмес адамдык сапаты бийик инсан катары жогору баалайбыз. Тиги оозу балит бузукунун сасык сөзүнө кабатырланбаңыз, ал өзү ошондой, – деп Жаннатты сооротуп, анын көңүлүн көтөргөнгө аракет кылды.

Сыртта кароолдо турган эки кароолчу бири-бири менен сүйлөшүп жатты. Биринчи кароолчу:

- У хотин жахлимга яман тегди, уни хозир улдираман, – деп автоматын предохранителинен чыгарып, шарактатып калды. экинчи кароолчу:

– Эй калла. Жиннимисан, агарда унга колингни теккизсанг Хамид иккаламизни хам йук килади.

Өчөшүп калган айбан Жаннаттын жанын алам деп автоматын асынып, жер төлөөнү көздөй бет алды. Ачуусу келген кароолчу бир шойкумдуу, ойлонулбаган зөөкүрлүк иш кылып жибererин Нурлан аке милициялык иш тажрыйбасынан сезди. Бетон жер төлөнүн темир эшигин ичинен бекем кулптап алуу айласын ойлоно баштады. Караңгы жер төлө ичин сыйпалап жүрүп колу темир жер казуучу ломго урунду. Сепаратисттер темир эшиктин ичинен бекитилме темирин чыгарып сыртынан бекитип салышкан эле. Ошол чынжырдан ломду өткөзүп, эки жагын темир зым менен чиелештирип чырмап, эшикти бекитип салды. Бекитилген эшикти ача албай убара тарткан кароолчу айласы кетип эшикти тепкилеп, автомат огунун бир магазини түгөнгүчө аткылады. Жаннатын жанын ала албаганына аябай бушайман болду. Чөнтөгүндөгү баңги чөптөн чегип, мас болуп жатып калды. Эсин билбей кыткылыктап күлүп, адам терисин чечип, чочко кейпин кийип оңко-чоңко болду. Экинчи кароолчу Хамид корбашыдан корkконунан жер төлө эшигинин жанынан жылбай коруп олтуруп калды.

11-июнь. Ош шаарынын көк асманын өрткө күйгөн үйлөрдөн, имараттардан чыккан кара түтүн каптап, жаркырап тийип турган Күн бетин тосуп салды. Үч миң жылдык тарыхы бар, жердин бейиши болгон Ош шаары азап менен кайгы кебетесине кептелип, шаар күйгөн тозоктогудай жашоону башынан кечирип жатты.  Сепаратисттик маанайдагы кээ бир чала молдо дин бузар, эл бузарлар таң атканда намазга чакырылчу азанды түнкү саат бирлер чамасында айтышып, динде жок нерсени аткарышты. Божомолдор боюнча, сепаратисттерге «башталды» белгисин беришти. Сепаратисттер баштаган коогаландан улам тополоңчулар 11-июнь күнү өлтүргөнүн өлтүрүп, үй-имараттарды, унааларды өрттөп өздөрүнө тозокко түз жолдомо даярдап жатышты.

2010-жылдын 7-апрелиндеги ыңкылаптан кийин Ош шаарында бийлик толук орной элек кез. Көбүнэсе чиновник-аткаминерлер эки жагына жалтаңдашып: “Кеткен президенттин командасы кайра келип калса кантебиз?” деп түнкүсүн алардын этегине жыгылып намаз окуп жатышты. Күндүзү Убактылуу өкмөттүн көзүн караган эки жүздүү, эки баштуу бийлик өкмөтү анчалык күчтүү эмес эле. Андыктан адам алсырап чөгүп, алдан тайганда денедеги оорулар, ички органдардагы уктап жаткан мите курттар козголуп, дене температурасы, кан басымы көтөрүлүп, басып жүргөн адамды төшөккө жыгып, дарыгердин жардамына муктаж болуп, өзү оору менен күрөшө албагандай абал эле шаарда. Алсырап азып, тизе бүгүп али туруп кете албай аткан мамлекет, Убактылуу өкмөт ооруксунуп, көк жөтөл жармашып, какап жөтөлүп жатты. Бирде Бишкек талап-тоноого туш болуп, жаш өмүрлөр окко учса, бирде Ош отко күйүп, чокко малынып, мамлекетке ысытма чыгып, шайы кетип турганда, мите курттар козголгондой, уктап жаткан сепаратисттер тобу жаанын огунун тездигиндей ылдамдыкта бириге калып, Ош шаарынын ачык асманын жабык асманга айлантып, өмүрлөрдү кыйып жатышты. Убактылуу өкмөт шаардын борборун гана көзөмөлдөбөсө, шаар ичи, ири базарлар, дүкөндөр, кафе, ресторандар талап-тонолуп, уурдаганына тойбогондор өрт коюп, күлүн көккө сапырып кетип жатышты. Сепаратисттердин катуу соккусунан корккон шаардын тургундары, көбүнэсе аялдар, кары-картаңдар, жаш ымыркайлар, өспүрүм кыз балдар алтын баштарын сактоо максатында шаарды таштап качууга дуушар болушту

Бир тарабы, ушундай капсалаң коогалаңдарда жашынып, бекинип көнүп калган, кокту-колотунда алтын аралашкан мөңгү суусуна бай, асман тиреген чокулары менен аппак карлуу муз мөңгүсү менен кылымдар бою душманды сүрү менен үшүткөн, ары монголдор падышасы Чыңгыз-хан багынта албаган, кийинки эле орус империясынын ак падышасы Николайдын тиши өтпөгөн тоолуктар ал зоолордо кекилик атып, таштан ташка чегирткедей жеңил секирип, казанын каалаган жеринде кайнатып, арча жытын жыттап каалаган жеринде түнөк таап көнүп калгандыктан бийик тоолор койнуна качып жан сакташты.

Экинчи тарабы, соода мамиле кылып, кыз берип, келин алып, сурнай үйлөп, жар-жар айтып, аркан тартып дар ойноп, «Анжиян» полка бийин катыра бийлеп, аш жасаса күрүчтөрү жөрмөлөгөн, гар-гарлап обон созсо ашилласи жүрөктү кубанткан, кыргыздар менен кудаа-сөөк күткөн, өзбек улутундагы аялдар менен жаш балдар тегиз жери кенен коңшулаш Өзбек мамлекетине кире качышты.

Тополоңду баштап коюш оңой, аны токтотуп калыш абдан татаал, коркконго кош көрүнөт болуп эки эл бири-биринен чочулап турган кез.

Шаардагы муниципалдык жана жеке ишканалардын бардыгы токтоп калды. Жумушчу-кызматкерлер жумушка чыкпай калышты. Жеке коопсуздук маселеси негизги өзөктүү маселеге айланды. Шаарда калган эркектер үй, көчө корумайга өтүштү.

Бийлик, милиция жана аскерлер менен мамлекеттик маанилүү имараттар жана обьектилерди коргоо менен алек. Танкалар БТР жана БМП аскер техникалары шаар көчөлөрүндө “Тико” унаасы такси кылгандай эле көчөнү тарылдаган үнгө толтуруп ары-бери  жүрүп турушту.

Сепаратисттер 2010-жылдын 11-июнь күнү шаарга кирүүчү негизги унаа жолдоруна, Нариман айылындагы нефть базасына толук ээлик кылып жатышат деген кеп шаар тургундарынын шайын кетирди. Базага келүүчү республикалык деңгээлдеги жолго эки бензин ташуучу унааны бензин менен жык толтуруп, жардырууга даярдап жолду бууп тосуп салышты деген дуу-дуу сөз тез эле шаарга тарады. Облустук ооруканага кетүүчү Ош-Бишкек республикалык деңгээлдеги унаа жолуна буктурма коюшуп, снайперлерди бийик үй-имараттардагы ыңгайлуу позицияларга жайгаштырып, чоң жолдон өткөн жеңил, жүк ташуучу бардык унааларга ок атып зыян келтирип жатышты. Сепаратисттердин мындай ыкмаларды колдонгондугу, аскерий курал-жарак менен алдын ала камсыз болушу, жогорку деңгээлдеги уюштуруу иштери, стратегиялык жолдорго буктурма коюшу, түн ичинде азан айтылышы бул журт бузарлардын күн мурунтан даярдангандыгын билдирип жатты.

Урмат Султан Оморович менен байланышып, түзүлгөн кырдаалды төкпөй-чачпай түшүндүрүп айтып берди. Султандын кан басымы 200/180ге көтөрүлүп, дары ичип өзүнө келди. Тез аранын ичинде жүз миң доллар акчаны карыз-коола кылып таап даярдап Бишкектен Ошко унаа менен келмей болду. Акча даяр болуп калган кезде ушунча акчаны жөн эле көтөрүп кетиштен айбыгып кооптонуп турду. Себеби ушул акча каражаты Жаннаттын өмүрүн алып калуучу эң акыркы мүмкүнчүлүк болчу. Ушундай уйгу-туйгу ой-санаанын түрмөктөлгөн чөмөлөлөрүнүн кашатында кайсы жол менен кантип Жаннатты куралчан канкор сепаратисттерден алып чыгып кетемин деген ой-толгоолор башына толуп турган кезде Урмат телефон чалды:

– Байке, акча таптыңызбы? Жолго аттандыңызбы? – деп жуп суроону бир узатты.

– Акча табылды, азыр жанымдагы кейсте. Өзүм рулга олтургандан кооптонуп, унааны гаражга коюп «Ош» базарына келдим. Биздин дүкөндөрдөн товар алып жүргөн тааныш Кудрет аттуу мурдагы спортсмен, азыркы ишкер жигитти көрүп калдым. Ага ачыгын айтып жанымда кейсте чоң акча бар, Ошко жеткизе алабызбы дедим. Жанында билеги жоон спортсмендей түрү бар жигиттерди көргөзүп, кыжаалат болбоңуз, керектүү жерге өзүңүздү, кейстеги акчаңызды аман жеткизебиз деп кепилдик беришти.

– Байке, жолго аттаныңыздар, Ошко жакындаганыңыздарда өзүм Отуз-Адыр айылынан тосуп аламын, ак жол!

Кара түстөгү “БМВ” үлгүсүндөгү жаңы унаанын алдына шоопур жигит олтурду. Жанында кичи бойчон ак кепкачан жигит олтурат. Арткы орундукка Султан Оморович жана анын эски өнөктөш таанышы, ишкер-спортсмен Кудрет олтурду. Алардын жанына кызыл футболка – кара кепкачан спортсмендей шамдагай, бандиттердикиндей жүзү бар эч сүйлөбөгөн жигит олтуруп Ошту көздөй жөнөштү. Беловодский айылына келгенде алдыдагы ак кепкачан бойлуу жигит дүкөнгө кирип, кургак тамак-аш, минералдык суусундуктарды алып багажга салды. Аны көрүп чыдабаган Султан Оморович, Кудретке суроо узатты:

– Кудрет, Ошто сепаратисттер менен шаардыктар ортосунда согуш болуп жатса, мынча тамак-ашты эмне кыласыңар?

– Байке, сизге кийинчэрээк угузайын дедим эле. Экөөбүздү көп жылдык ишкерлик мамиле ага-ини, өнөктөш жана табакташ кылды. Андыктан сиздин суроонузга туура жооп бергенге аракет кылайын, – дегенде Султан Оморович мен билбеген бир нерсе бар го деп тигил бандит түспөл жигиттерди кооптоно тиктеди. Колундагы кейсти манжасы мыжыгып кармаганынан колу карышып ооруганда гана манжаларын бир аз бошотуп, Кудретке карап: “деги тынччылыкпы, иним,” дегендей көз караш менен анын карегине кадалды. Ал кооптонууну Кудрет баамдап, жүзүн Султанга буруп: – Байке, сиз туура баамдап, туура ой жүгүртүп, бир аз кооптонуу, чочулоо иретинде суроо узаттыңыз. Аныңызга мен түз жооп берейин. Биринчиден, мен сизди ишендирип кетейин, өзүңүздү, аманатыңыз менен аман-эсен айткан жериңизге жеткиземин. Андан эч кам санабаңыз. Ал нерсеге мен өз башым менен кепилдик беремин. Кооптонууга, чочулоого эч кандай негиз жок. Экинчиси, туура баамдадыңыз, эки-үч күнгө жете турган кургак тамак-аш, суусундуктарды алдык. Анын себеби, биз ыктыярдуу топ мүчөлөрүнүн катарын толуктап, Ош шаарындагы сепаратисттерден жабыркаган бир туугандарыбызга жардамга бара жатабыз. Жашырганда эмне, багажда курал-жарак, жетиштүү ок-дарыбыз бар. Кара-Балта шаарындагы бурумга ыктыярчылар тобу саат 10:00го топтолуп, жалпыбыз чогуу Ошту көздөп кетебиз – деди. Аны уккан Султан ичинен, айттым булар жөнөкөй жигиттер эмес, Кудрет түбү таластык жигит, анан ушундай коогалаңда Ошко жанын, өмүрүн тобокелчиликке салып басып барбас эле, бир нерсени анык билипмин деп бир аз да болсо тынчтанып унчукпай отуруп калды. Көп убакыт өтпөй Кара-Балта шаарынын Сосновкага карай бурумуна келип токтошту. Унаадагы жигиттер жана Кудрет унаадан ылдам түшүштү. Алдыда токтоп турган кара жол тандабастан түшкөн шамдагай жигиттер тобу менен кучакташып учурашып калышты. Кудрет алар менен учурашып бүтүп, Султан Оморовичтин жанына келип: – Жүрүңүз, ажатканага барып алыңыз. Ушул бойдон Чычканга чейин токтобой кетебиз. Убадабыз ошондой, күйүп жаткан Ошко, шаарды коргоп жаткан мекендештерибизге тезинен баруубуз биз үчүн

намыс иши байке, – деди. Султан ажатканага колундагы акча толо кейси менен кирип кетти. Ажатканадан чыгып, жолдун эки жээгинде Ошту көздөй тизилген ыктыярчылар тобун көрүп, бир коркуп, бир кубанып алды.

Корккону, үч жүзгө жакын жеңил унааларынан түшкөн жигиттер тобунун көпчүлүгү «каралар» дүйнөсүнөн экендиги ачык эле билинип турду. Көпчүлүгү ачык эле моюндарына автоматтарды илип алып жүрүшөт. Кээ бир унаалардын жарым-жартылай ачык терезелеринен автоматтардын учу чыгып турганы жүрөктүн үшүн алып жатты. Айрым сакалчан жигиттердин курларына пистолеттердин кыстарылып турушу даана эле көрүнүп турду.

Сүйүнгөнү, бул жигиттер Ош шаарынын бейпил жашоочуларынын тынч жашоосуна коркунуч туудурган сепаратисттер тобуна жалтанбастан, коркуп үйдө бекинип жатпастан, шымалана билектерин түрүп «Манас» эпосундагы чоң казатка аттанган Манастын кырк чоролоруна окшошуп турганы болду. Өң-түстөрү, кебете-кешпирлери, жүздөрүндөгү көк жал көз караштары ажалга башын сайып тайманбай бараткандарын билдирип турат.

Чычканга жеткенде ыктыярдуу топтун колдоочу мүчөлөрү аларды кой союп, шорпо асып, форель балыгын кууруп, эликтеке этинен куурдак даярдап тосуп чыгышты. Чычкан дарыясынын жээгиндеги арча, карагайлар арасына жайыл дасторкон жайылып, кымыз куюлуп, куймактар коюлду. Дасторконго узак отурушпады, аскер мезгилиндегидей ыкчам тамактанышты. Ыраазычылык батасы берилип, Ошту көздөгөн «каралар» дүйнөсүнөн, спортсмендерден, молдокелерден, ишкерлерден жана Нарын, Талас, Бишкек шаарынан кошулган жигиттерден топтолгон ыктыярчылар тобу автоунааларга олтуруп жол тартышты. Кудрет Султан Оморовичке кайрылды:

– Байке, эгерде сыр болбосо, мындай көп суммадагы акчаны кимге алып кетип жатасыз?

– Кудрет, сенден бөлөк бирөө болсо айтмак эмесмин. Ош шаарында барымтага түшкөн аялым Жаннатты чыгарып алуу үчүн карызга топтолгон акча. Акчаны төлөп кутулуп алам. Жан-

наттын өмүрү акчага бааланбайт. Жаннаттын өмүрүн сактап калуу мен үчүн, балдарым үчүн өтө маанилүү.

Кудрет Султан Оморовичтин сөзүн угуп бүткөн соң, берки ак кепкачан кичи бойлуу жигит менен шыбырашып сүйлөшүп, Султанга кайрылды:

– Байке, сиз көргөндөй, Ошко жардамга жөнөгөндөрдүн баары эле «каралар» эмес. Догдуру бар, мугалими бар. Алдыдагы ак кепка кийген жигиттин аты Самат. Ал Коргоо министрлигине тийиштүү аскердик бөлүктөрдө иштеген. Наамы «подполковник», Баткен согушунун ардагери. Мен азыр Самат менен сүйлөштүм. Баткен согушунда чогуу кызмат өтөгөн досу ушул кезде Ош шаарында аскердик кызматта экен. Сиз айткан барымтага түшкөн эки адам тууралуу айттым. Оштогу досу менен сүйлөшүп, жагдайды тактап жатат. Сүйлөшүп бүткөн соң сизге кандай жардам көргөзө алат, аны угабыз, байке. Буюрса жеңемди сактап калабыз, – деген сөздөрдү айтты. Султандын күйүп жаткан ичине муздак суу сээп өчүрүп, Жаннаттын жанына жакындап ырылдаган ажалды нары түртө салгандай эле боло түштү. Кичине болсо да анын чөккөн көңүлү көтөрүлүп калды.

Ош облусу, Кара-Суу району, Отуз-Адыр айылы. Кечки саат 20:30дар чамасы. Султан, Кудрет, Самат, шоопур жигит жана кызыл футболкачан эч сүйлөбөс жигит бешөө берки автоунаалардан бөлүнүп, Урмат күтүп турган жерге токтошту. Акыл калчап макулдашышты.

* * *

Ош шаары. 2010-жыл, 11-июнь. Саат кечки 21:20лар чамасы. Он-Адыр кичи району. Караңгы жер-төлөдө жаткан Жаннат кайгы-муңга, санаага алдырбоонун ыкмасын колдонду. Өткөн өмүргө сарасеп салып, философиялык ой айдыңында аналитикалык ой толгоосун баштады. Жашоо, ишкердик, турмуш дин тарабына жана жашоонун баардык тармактарына кыялдарын ээр-токумсуз, үзөңгү-жүгөнсүз жайдак ат чаптырып, ойлорун асманга жылдыз кылып жайып салды. Анан аларды жыйноо, иретке са-

луу методикасын түздү. Акылман ойчулдардай болгон өзүнүн формулалары, ой топтомдору, “акылдан тапкан азабы” ушундай кырдаалдарга алып келгенине кыжалатчылык тартты, карапайым эле эне болуп эле үйдө отурсам деп санаа тартты, тынч отурууну эңседи. Ийгилик тоосундагы ашууларды ашып, анын натыйжаларынын таттуу даамын татканын эстеди. Баш айланткан бийлик-байлык өктөмүнө, уйкуңду бузган аура дымагына батканы көз алдында турду. Аска-зоолорго чыгып тоңуп калышына, өлүп калышына кайыл болгон тоо альпинисттериндей эле акча, байлык, ишкердик процесси өзүнүн түгөнбөгөн лабиринтине киргизип алып эч токтотпой айланткандай болгон. Ал эми азыр болсо өзү Москва мегаполисиндеги ири «Монте-Карло» ресторанынын кожоюнунун кеңешчиси. Бишкек, Ош шаарларындагы ири дүкөндөрдүн кожоюну. Чоң кылмышкерге окшоп ушинтип өлүм менен өмүрдүн ортосунда калгандыгына жаны кашайды. Жаны пулга чагылып, туткунда отурушуна кейиди. Мындай оор кырдаалды, оор турмуш экзаменин ушуну менен башынан үчүнчү жолу өткөзүп жатканынан улам төмөндөгүдөй ой түрмөктөрүнө жетеленди:

«Дүйнөнүн байлыгын топтоп басып алсаң да, абийириң аска зоолордой бийик болсо да, ажал келгенде байлыгың да, бийлигиң улуу ажалдын алдында алсыз экен»;

«Чын дүйнөнүн төрү, жайлоосу – бейиш болгон болсо,
жалган дүйнөнүн бейиши – тынчтык экен»;

«Өлкөңдө тынчтык сүрүп, бейпил жашоонун баркын сезбей жашап, согуш, тополоң чыкканда тынчтыктын кадырына жетет экенсиң»;

«Жүз күндүк тынчтыктын мээнетин бир күндүк согуш жууп кетет экен»;

«Тынчтык – чөп болгон болсо, согуш аны күйгүзгөн өрт экен, тынчтык – эгилген эгин болсо, согуш аны жууп алып кеткен сел экен»;

«Тынчтык – агарган таң болсо, согуш – караңгы түн»;

«Тынчтык – гүлзар жыттанган теребел. Согуш – түтүн каптаган туңгуюк.»;

«Тынчтык – кең мейкиндик, согуш – түбү жок үңкүр»;

«Тынчтык – эркин жашоо, согуш – туткун жашоо», – экен деп ойлор дүйнөсү менен өзүн алаксытып жатты.

Ушул убакытта. Отуз-Адыр айылы. Урмат, Кудрет жана Самат эки спортчу жигит менен таанышышты. Ал Ош шаарындагы соңку жаңылыктар менен конокторду кабардар кылды. Азырынча сепаратисттер шаардын көпчүлүк кичи райондорун көзөмөлдөп турушканын айтты. Алар партизандык ыкма менен согушууну колдонуп жатышканын билдирди. Ал эми Кудрет болсо бир миң төрт жүздөй ыктыярчылардан турган, Афган, Баткен, Чечен согушунун катышуучулары, «каралар» тобу шаардыктарга колдоого келгендиги тууралуу маалымат берди. Жалпы жаңылыктарды угуп бүтүшүп, Жаннатты куткаруу операциясын талкуулай башташты.

– Султан байке, жубайыңызды куткаруу операциясына биздин унаада келген жигиттердин баары катышууга макулдугун беришти. Ал эми Самат полковник досу Нурбек менен сүйлөшүп, кандай кеңешкенин анын өзүнөн угайлы, – деди Кудрет.

– Нурбек экөөбүз сүйлөштүк. Анын айтуусу боюнча, биз ушул жамаатыбыз менен эки автоунаада сепаратисттер менен болжолдошкон жерге барабыз. Беш жүз метр аралыкта Нурбек атайын даярдалган аскерий топ, бир танк менен тылда жашынып турушат. Кокусунан сепаратисттер убаданы бузуп, бизге чабуул койсо, биз танк турган жакка качабыз. Ал жерден душмандарды Нурбектин аскерлери катуу сокку менен тосуп алышат. Кырдаал курчубай убадалашкандай болсо, жөн гана баррикадалардан өтүп шаарга кайтыңыздар деди полковник, – деп жооп берди Самат.

– Жакшы, Кудай колдосун бизди, – деди да, дуба кылып Султан Урматка кайрылып, – Хамидге телефон чал, – деди. Урмат телефонун алып Хамидке чалды:

– А, ука нима болди, пулни олип келишдими?

– Ооба, Хамид, акча даяр.

– Ха, якши, Аксуйская кучасига келинглар. Йул йопык, баррикададан сизларни уткаради, айтип койдим.

– Жарайт, сүйлөштүк.

Саат 21:40тар чамасында Ош шаарынын, Он-Адыр кичи районундагы, Аксуу көчөсүндөгү Жаннат туткунда жаткан үйгө келишти. Хамид сепаратист жоокерлери менен Султан Оморович коштогон эки унааны утурлап тосуп чыгышты. Убадалашкан боюнча кейсти ачып акчаны көргөзүштү. Жер төлөдө жаткан Жаннат менен Нурлан акени алып келгенден кийин акчаны Хамидке берип,  туткундарды өздөрүнө өткөзүп алышат. Хамид кейстеги акчаны көргөндө көзү жалтылдап сүйүнүп, желдетине кайрылды:

– Хайрулла, бизнесмен хотин билан Нурлан акани маякка олип келинглар, болиш, тез! – деп, буйрук берип, колундагы автоматына жөлөнүп туруп калды. Бир маалда, автоматтын атылган үнү, ачуу кыйкырык чыгып калды. Автомат үнүн уккан Майсал, Арген экөө моюнунда илинген автоматка колдору жетип, отурган жеринен тура калышты. Султан Оморович менен Самат бири-бирин тиктеп эч нерсени түшүнбөй селейип катып калышты.

– У хотин билан Нурлан ака ер толада йук. Кочип кетишипти. Хамид Хайрулланын ээгинен кармап:

– Э, иплос нима дияпсан, калла, – деп, колундагы, автоматтын арты менен ээк туштай канжалата жыгыта урду, – "Юринглар". Пойдемте за мной, посмотрим подвал, – деп ачуусу келип Хамид сыртка жөнөдү. Самат, Кудрет, Урмат, Султан аке, Арген, Майсал, Хайрулла жана сепаратисттер тобу баары Хамидди ээрчип жөнөштү.

Туткундар турган үйдүн жер төлөсүнүн алдында эки кароолчунун оозу-мурду кансырап жерде жатышат. Жер төлөнүн эшиги ачык, ичи бош. Эч караан жок.

Туткундарды корукка алгандардын башчысы, Хамидден ээк туштай автоматтын арты менен келтек жеген Хайрулланын башы шылк этип кулаган эле. Ачуусу келген корбашы аны дагы бир жолу автомат менен желке туштай шилтеп жиберди.

Урмат жер төлөнүн ичин тинтип издеп чыкты. Ар жак-бер жагына көз жүгүртүп колуна урунган бир буюмду кармаган бойдон сыртка чыкты. Урматтын колунда Жаннат моюнуна тагынчу

гүлдүү жоолукту Султан таанıды. Каңырыгы түтөп, көзү караңгылашып, өлтүрүп коюшкан го деген жаман ойго жетеленди. Хамидди көздөй эки колу менен аны муунтуп салайын деп жулунду. Анын желдеттери Султандын жолун бууп тосушканда:

– Акмак, алдамчы, канкор. Биз акчаны алып келдик. Сен убадага турбадың. Убаданы буздуң. Ты убийца, понял меня. Ты нарушил наш уговор! – деп сепаратисттерди түрткүлөп Султан Хамидди көздөй атырылды.

– Я ничего не нарушал. Смотри, твой охранник завалил моих двух бойцов. Буни сенинг илон хотининнг жойласа керак. Лекин ман сузимга турмаганда сени хотинингга кошип узим улдирардим.  Поэтому вы все живы. Пошли вон, пока я всех вас не перестрелял. Твоя жена и твой охранник сбежали. Они забрали с собой два автомата с четырмя магазинами патронов. Еще у них два мобильных телефона. Я не сообщил бы и убил бы этих двоих как Хайруллу. Но вы сдержали свое слово. Не побоялись прийти сюда. Я уважаю смелых людей и тех кто держит слово и выполняет договоренности. Поэтому пока вы здесь, вы мои гости, и никто вас не тронет. Но как только вы пересечете границу Он- Адыра вы мои враги, там я за вас и за вашу жизнь не отвечаю. Энди кетинглар. Илтимос. Уходите. Сардор проводи гостей.

Урмат аке, Султан Оморовичти жана чогуу келген шериктерин ээрчитип унааларга олтуруп шаарды көздөй жөнөштү. Самат полковник Нурбекке чалып соңку окуялар, жаңылыктар менен бөлүштү. Полковник Нурбек Саматка кайрылды:

– Силер туура кылыпсыңар. Биз турган жерге келгиле.  Азырынча ойлонулбаган ишке баруугa болбойт. Демек, Нурлан аке менен Жаннат куралчан. Эки уюлдук телефон бар. Алар кырдаалга жараша Султан Оморовичке же Урматка чалышат. Телефондоруңарды тыңшап бардык чалууларга жооп бергиле, түшүндүңөрбү, күтөбүз.

Мындан жарым саат мурун. Жер төлөдөгү туткунда отурган Нурлан аке Жаннатка кайрылды:

– Жаннат, биздикилер узагып жатышат же Султан Оморович керектүү суммада акча таба албай калды бекен?

– Андай болушу мүмкүн эмес. Мен Султанды жакшы билем. Ал жерди чукуп болсо да акча табат. Балким, жолдо кармалып калыштыбы? Балким наркоман кароолчуга окшоп тигилер сайынып мас болушуп, убададан тайган болсочу?

– Жаннат, моминтип колду куушуруп жөн эле олтурганыбыз болбойт. Кароолчунун бири мас абалда өзүн билбей жатат. Экинчиси эшиктин оозунан бир кадам жылбай коруп олтурат. Сен эшикти ачып, жүрөгүңдү эки колуң менен мыкчый кармап, жерге кулайсың. Кароолчу сөзсүз сага басып келип карайт. Калганын мага кой, – деди Нурлан аке. Бир кароолчу эс учуна келбей оозунан аккан шилекейи жерге жайнап көбүк болуп жаткан. Экинчиси бирде аны тиктеп, бирде эшикти тиктеген абалда олтурган эле. Жаннаттын ыйы, ооруксунган аянычтуу үнү угулуп, жер төлө эшиги ачылып Жаннат:

– Иним жардамга! Жүрөгүм, жүрөгүм кармай баштады! – деп жер төлөдөн эки кадам таштап көмкөрөсүнөн сулк жерге жыгылды. Кароолчу автоматын моюнуна асынган абалда отурган жеринен астейдил турду. Караңгы жер төлөнү бир тиктеп жерде жаткан Жаннатка жакындады. Өтүгү менен мүрүсүнөн тээп имерген маалда артынан шамалдай ылдамдык менен Нурлан аке жетип келди. Эки колунун манжаларын бириктирип туруп кароолчунун желкесин туштап туруп алынын болушунча сокту. Ал шылк этип сулайып жатып калды. Моюнундагы автоматты чечип туруп кароолчуну кулак туштап шалак эттирип урду. Оозу-мурдунан, кулагынан кан кетип эси ооду. Жерде жаткан наркоман кароолчуну желке туштай тарс эттирип сокту. Ак көбүк шилекей бетин кызыл жаян кан каптады. Бат кыймылы менен кароолчулардын автоматтарын, ок-дарыларын, телефондорун чечип алды. Бирин өзү, экинчисин Жаннатка карматты. Буттарынын учу менен басып сыртка чыгышты. Эшикте көзгө сайгыс караңгы түн. Дарбаза жакка барышпады. Короо аркылуу кошуна үйгө өтүп качып жөнөштү. Жолдо баратканда Жаннат Нурлан акеге кайрылды:

– Султанга чалып айтайлыбы качып чыкканыбызды?

– Ашыкпаңыз, биз өзүбүз толук координатыбызды билбейбиз. Балким, алар жолугууда жүрүшкөн болсо, биз чалсак алар-

дын өмүрүнө коркунуч туудурабыз. Жолду арытып, шаарды көздөй жолубузду улантайлы, – деп Он-Адырдан Ош шаарын көздөй жөнөштү.

Кудрет, Самат, Султан Оморович болушуп унаа балондорунан, темир-тезектен куралган баррикададан өтүштү. Тылда жашынган полковник Нурбекке жолугушуп кургак тамак-аш менен азыктанышып, минерал суусун ичип өзөк жалгашты. Султан Оморовичтин оозу кыймылдабайт. Анын тамагынан нандын бир ушагы, бир күкүмү өтпөй, минерал суусунан гана ууртап коет. Саат кечки 23:10дор чамасында Султандын телефону шыңгырап калды. Телефон мониторунда белгисиз номур көрүндү. Трубканы алганда Нурлан акенин тааныш добушу чыкты:

– Султан Оморович, сиздер кайдасыздар? Биз аманбыз, – дегенде Султандын кулагы күңгүрөп, муундары титиреп:

– Трубканы Жаннатка бер, – деди шашып-бушуп.

– Султан!

– Жаннат! Жаның аманбы? Кайдасыңар?

– Жан аман. Ден-соолукту жедик окшойт. Он-Адырдан шаарды көздөп үйлөрдүн короолорунан өтүп ылдыйлап калдык. Жашы алтымыштарга таяп калган Турганбай аттуу Оштогу университеттин окутуучусунун үйүнө жетип токтодук. Агайдын үйүнүн терезесинен сыртты карадык. Куралчан сепаратисттер унаа менен жолдон өтүп жаткан шаардыктарды буктурмадан тосуп алышып, автоунааларын, өздөрүн кошуп өрттөп жатышат. Сепаратисттердин кол башчыларынын бири агайдын окуучусу экен, анын үйүнө тийбегиле дептир. Агайдын үйүнөн ыраагырак жайгашкан үйлөр тутанып өрттөнүп жатат. Аба түтүнгө, ышка толгон, – деп ыйлап жиберди Жаннат. Султандын көзү тептегерек болуп, өңү кубарыңкы боло түштү. Аны байкаган Урмат Султандын колундагы телефонду тартып алып:

– Жаннат, сиз айткан Турганбай агайдын үйүнүн дарегин бериңиз. Жаннат Турганбай агайга трубканы берип:

– Агай, үйүңүздүн дарегин айтып бериңиз, – деди. Трубканы колго алган агай трубкага дем алып нес болуп калды. Аудиторияда студенттерге жай лекция окуган агай азыр оозу дудук, кулагы

кереӊ абалдан чыга албай турду. Трубканын ары жагында жалдырап кыйкырган Урмат:

– Агай, сүйлөӊүз! Агай дарегиӊизди айтыӊыз. Үйүӊүз кайсы жерде, болжолу кандай? Агай, эмне унчукпайсыз? Агай, сүйлөӊүз! – деп баткакка тыгылган унаадай айласыз абалда калып, жооп ала албай түтөп кетти.

Агай нес болгончолук шойком бар эле. Турганбай агайдын үйүндө уул-кызы, анан дагы кичинекей балапандай үч небереси бар эле. Сепаратисттердин дагы бир топ башчыларынын бири Салим корбашчы баштаган топ агайдын эшигин тээп кириштиАсманга, дубалга жааган ок атылганда агай Салим сепаратисттин бутуна жыгылды. Бутунда жаткан агайын таанып калган Салим артындагы баш кесерлерин артка кайтарды. Эшигине “SOS” деген өздөрүнүн белгисин коюшту.

– Бул үйгө тийишпегиле, – деп Салим сыртка чыгып кетти.

Алар узап чыкканда агай дагы бир нерсе болуп артка кайтышпасын деп терезеге жармашты. Көчө бойлой турган сепаратисттер мыкаачылык менен шаар тургундарын аткылап, унааларын өрттөп жатканын көрүп турган Турганбай агайдын кара чачы заматта агарып кетти. Алтымыш жашы жетимишке улгайып карый түштү. Дени соо агайдын кекиртегине «кант диабети» оорусу жармашты.

Ошо кезде. Турганбай агайдын үйүнө Салимдин сепаратисттик тобу кирген кезде терезе алдында агайдын аялы, уул-кызы, үч небереси олтурганын көрүшкөн. Алардан бөлөк дубал бурчунда олтурган бир аял менен эркек кишини көрүшкөн. Алар Жаннат менен Нурлан аке болчу. Агайын таанып калган окуучусу сыртка чыгып кеткен эле.

Салим агайдын үйүнөн жарым чакырым узаган кезде, телефону шыӊгырап калды:

– Алло, Хамид, калейсиз?

– Солим, бизнинг пленный хотин билан эркаги иккаласи охранник болларнинг почагини чикарип кочип кетишипти. Агарда уларни курип колсаӊ уша, гяплаштикми.

– Хоп, ака, уни жойлаймиз. Агарда уларни топиб олсам калласин автоматка сойип олип бораман, акахон.

– Керак эмас, улдирма. Улар менга тирик керак, тушиндими?

– Хоп, ака, – деп башындагы мээси дың этти. Турганбай агайынын үйүндө дубал бурчунда коркунуч менен бирге күмөндүү караган аял киши менен эркек кишини эстеди. Желдеттерине:

– Артка, Турганбай агайдын үйүнө айдагыла, – деп команда берди. Терезеден көзүн албай тиктеп турган агай көзү канга толгон Салим корбашы сепаратист желдеттери менен чуркап келе жатышканын көрдү. Жаннат менен Нурлан акеге кайрылып:

– Качкыла, силерге келе жатышат. Бул баш кесерлер силерди оңдурбайт, жайлайт. Короо четиндеги ажатканага киргиле.

Салим Турганбай агайдын үйүнө кайра кайтып, Жаннат менен Нурлан акени издеп  келгенге чейин.

Өрттү, өлүмдү көзү менен көрүп, жүрөгү менен өткөзүп жатып «кант диабети» оорусуна чалдыккан Турганбай агай трубкага оозу кыбырап араң сүйлөдү:

– Демократическая көчөсү. «Дом отдыха» курортунун үстүндөгү бактын жанындагы чоң үй, – деп трубканы Жаннатка берди.

– Жаннат, Нурлан аке экөөңүздөр ошол жерден эч жакка жылбаңыздар. Сиздер сепаратисттердин уюгунда курчоодо калыпсыздар. Ал жерден эч жакка жол жок. Көчө ичи жык сепаратисттер. Силерди көрүп калса атып салышат. Биз полковник Нурбектин жардамында танк менен штурм кылып торойбуз. Силерди куткарып алабыз, – деп Урмат Жаннатты жоошутту. Бирок кырдаал өтө татаал жана кооптуу акыбал түзүлгөн болучу.

Жаннат менен Нурлан аке телефондорун үнсүз абалга коюшту. Автоматтарын моюнга асынып Турганбай агайдын ажатканасына жашынып калышты. Агайдын турак-үйү менен ажатканадан бөлөк курулган имараты жок эле. Ана-мына дегиче аттап-буттап Салимдин желдеттери агайдын үйүн тинтип баштошту. Агай болсо “алар силердин артыңардан көчөгө чыкты” деп сайрап какшап жатты. Алар ачуусун тыя албай агайдын кошунасынын үйүнө өрт коюшту. Алоолонгон от караңгы асманды жарык кылып, күйгөн устундар карс-курс кулап жатты. Атылган автоматтардын тарсылдаган үнүн уккан Жаннаттын тегерек көзү жүлжүйүп, коркконунан титиреп калды. Бүт денесин кал-

тырак басты. Корkконунан бүрүшүп ажаткана бурчуна такалып: «Өлөт деген ушул экен» деп бетин эки алаканы менен жумду. Үнсүз абалга коюлган телефонунун “выз-выз” эткен үнү чыгып калды. Султан деген жазуу чыкты, аны тиктеп Султандын колунан эми эмне келет эле душмандын уюгунда отурсак. Алсамбы, албасамбы болуп дагы ойго батты. Үмүт деле чегине чейин үмүт экен. Үмүт үзүлгөндөн кийин кош көңүлдүк ойду каптайт экен. Ажалга карай сабырдын сабынан бекем кармап, каректериң жансыз болуп, жүрөк кабынан чыгып, ооруксунганы деле токтоп калат экен. Ушундай ойлорго кептелген Жаннат трубкага ыйлап араң жооп берди:

– Алло?!

– Жаннат, биз жакындап калдык.

– Султан, булар азыр агайдын үйүнө кирип кетишти. Бизди издеп жатышат. Кошунасынын үйүнө от коюшту. Арасынан үчөө-төртөө короого чыкты. Биз жакка, ажаткананы көздөй келе жатышат, – деди Жаннат. Полковник Нурбек трубканы алып: – “Жаннат эки кулагыңызды колуңуз менен жабыңыз, башыңызды чүмкөнүңүз. Мүмкүнчүлүк болсо жерге жатыңыздар. Биз сиздерге жакындап калдык. Координатты тактап мелжедик. Сиздердин өмүрүңүздөргө коркунуч пайда болгондуктан, жаныңыздарды сактап калуу үчүн аргасыздан агайдын кошунасынын чатырына танканын огу менен атууга мажбур болдук” – деди. Даярдангыла, “жалын” деп буйрук берди танкадагы солдаттарга. Жаннат Нурлан акеге полковник Нурбектин буйругун айтып үлгүрүп-үлгүрбөстөн жан ширин экен, жыттанган ажатканага экөө башын, кулактарын жаап эми эле жаткан кезде жакын эле жерден гүрүлдөгөн танк үнү угулду. «Дүң»этип танкадан чыккан снаряддын үнү кулактарды тундуруп салды. Үйдүн шыйпырынын сыныктары, жыгач устундун бөлүктөрү ар тарапка чачырады. Бир нече секундага тынч боло түштү. Тынчып калгангабы же жан аманатын сактоого болгон далалатбы, айтор, ажаткананын эшигинин жылчыгына Жаннат көзүн такап карады. Сырттагы контузия болгон сепаратисттер мээси курттаган койлордон бешбетер талтаң-тултаңдашып жерге оонап, ач бакырык менен кыйкырышып

жатышты. Ошол кезде, танк дарбазаны тебелеп үйдүн короосуна гүрүлдөгөн үнү менен, сүрдүү кирип келди. Танкадан солдаттар ыкчам секирип бир тобу ажатканага чуркашты. Баш көтөргөн сепаратисттерди жерге жабыштыра атып салышты. Ажатканадан Жаннат менен Нурлан акени ортого алып чыгышты. Экинчи тобу үйгө кирип, Салим корбашы баш болгон сепаратисттерге чабуул жасашты. Алар терезе аркылуу чыгып, бак аралап  качып чегиништи. Кичи каанада бекинип жаткан Турганбай агайдын үй-бүлөсүн куткарып алып чыгышты.

Жаннат менен Нурлан акени куткаруу операциясы 2010-жылдын 12-июнь, түнкү саат 1:45тер чамасында ийгиликтүү соңуна чыкты. Жаннат танканын ичинде полковник Нурбектин бушлатына оронуп, көңүлү тынчыганга көзү ирмелип ойго батты. Он-Адырдагы каргашалуу окуяларды өз жон терисинен өткөрүп, өз керт башы курч кылычтын мизинде болуп, окко учкандарды, каргашалуу окуяларды өз көзү менен көрдү.

“Боордош кыргыз-өзбек эли эмне үчүн согушту?” деген суроосуна эки жооп тапты.

Биринчи жооп: Сепаратисттердин башчыларынын буйругу менен снайперлер атайы провокация кылуу максатында кыргыз улутундагы жарандарды атып өлтүрүп жатышты. Ошол эле учурда ал снайперлер өзбек улутундагы жарандарды да атууга алышкан.

Кыргызды өзбек атты, өзбекти кыргыз атып өлтүрдү кылып, эки элди бири-бирине каршы тукуруп, ортого от жагып жатышты. Кыздарыбызды кескилеп өлтүрүп жатат деп эркек аттулардын намысын козгоп, чагымчыл ушак таратуунун аракетинде болушту. Алардын түпкү максаты уруш, чатак чыгаруу, эки элди бөлүп-жаруу экендигин Жаннат даана түшүндү.

Ош шаарынын калкынын негизги бөлүгүн эки улут түзөт. Алар илгертеден Ош шаарында отурукташкан кыргыз-өзбек улуту. Берекелүү Ош шаарына көзү түшүп, аны Кыргызстандан бөлүп алып, автономия кылып жашайбыз деген сепаратисттик күчтүн негизги максаты экен. Максатын ишке ашыруу үчүн кыргыз-өзбек улутундагы эки элдин ортосуна ишенбестик, жек көрүү, кыжырдануу, канга-кан сезимдерин өрчүтүү эле.

Сепаратисттердин эң негизги максаты дүйнөлүк коомчулукка мамлекетти башкарган бийликти алсыз, адилетсиз көргөзүп, жыйынтыгында, автономия болуп бөлүнүп өзүнчө оокат кылып жашоо экендигин, күйгөн оттун, жанында окко учкан кыргыз-өзбектер бирдей кырылып жатканын Жаннат өз көзү менен көрдү.

Сепаратисттерде адамдык сапаттар түк жок экендигин туйду. Алардын Кыргыз мамлекетинин мыйзамдарын уруп ойнобогондугун, жада калса жараткан Алладан аян болуп түшкөн кереметтүү Куран китебине да баш ийбеген макулуктар экендигине көзү жетти.

Экинчи жооп: Бул учур "Кунаажын көзүн сүзбөсө, бука жибин үзмөк эмес" деп айтылып жүргөн макалга тууру келет. Эмнеге? Бул сепаратисттик маанайда жүргөн эл бузарларды тукурган өзүбүздүн эле кыргыз улутунан чыккан тыңчыкма уул-кыздарыбыз экен. Жөнөкөй кыргыз-өзбек шаар тургундары мамыр-жумур жашап жатышат. Куда-сөөк күтүп, дос-ашына болуп аш жешет. Топ ойноп, устачылык кылышат. Бири ишкананын кожоюну болсо, бири ашпозчу болуп күчтүү тандем түзүшүп, ийгиликтин туу чокусуна жеткендер толтура. Аны эч ким тана албайт. Алар сепаратисттик маанайда жүргөндөрдүн оозуна бармагын салып эмдирип, ойду-тоону убада кылып алдаган. Өздөрүнүн керт башынын кызыкчылыктары үчүн, мамлекеттүүлүккө, эгемендикке шек келтирип, сепаратисттик курттарды тукурганга дити баргандарына Жаннат абдан ызаланды. Эң коркунучтуусу ушул шайтандардын сөзүнө ишенип, дарбып козголуп, аягында доңуз терисин кийип калган сепаратисттердин жырткычка айланып калгандыгы. Анткени тукургандар тузду жалап, кийин кайра тузга түкүрүштү. Жүзүн эмес далысын салып, "сен эмне болсоң ошол бол" дешип, сепаратисттерден жүзүн үйрүп, акырында "сени таанылбаймын" деп сөздөрүнөн таныштты.

"Сен ошол көргүлүктү көрмөксүң" деп сууга жетелеп сугарбай, күргүштөп агып турган дайрага башына таш байлап түртө салышты. Колун кагып силкип, бет кабын алмаштырып, эл арасында алар мурункудай эле төрдү ээлеп жашап калышты.

Ал эми булардын упчусун эмип күн тийген жер биздики деп чуркагандар, казандагы майды жалайбыз деп жутунгандар ысык төшөгүн таштап качышты. Качкын атыгып, журттан безишти. Элден чыгып, аргасыздан бөтөн элде, бөтөн жерде мусаапыр болушту. Өлбөстүктүн оокатын өткөрүп, кечээги сепаратист бүгүн «сасык үпүп» болуп калышып, ар жерден сасып сүйлөп калышты.

Ошол эле түн. Кыргызстандын бардык аймагынан топтолгон, мурунку Афган, Баткен, Чечен согушунун ардагерлери, спорт чеберлери, догдур, мугалим, ишкер, малчы, койчусу кошулган, «каралар» дүйнөсүнөн өкүлдөрүнүн катышуусу менен, сепаратисттер ээлеген позицияларга катуу сокку кылышты. Афганды көрүп моджахеддер менен партизандык согушууну көргөн, тоо койнуна бекинип согушту баштан кечирген, кыштак үйлөрүндө согуш азабын тартышкан, азыр эле чай куюп мейман кылып узатып, дарбазадан чыккан соң артыңдан далыңа аткылаган согушту көргөн көк жал ыктыярчылар жалтанбастан сепаратисттердин уюктарына түрдүү аскердик, тыңчылык ыкмаларды колдонуп уруш жүргүзүштү. Сепаратисттерден турган душманды чегинтип, арам ойлорун ишке ашырууга тоскоолдук көргөзүштү.

Бир караган адамга бул ыктыярдуу топ өтө шамдагай адамдардан куралган деп айтса болчудай. Себеби, чуркагандары тайгандай, секиргендери илбирстей, көрөгөчтүгү үкүдөй, жүрөктөрү эч нерседен коркпогон арстандыкындай, көктүгү кара доңуздай, кайтпастыгы көк жал карышкырдай, жөрмөлөгөнү желе жайган жөргөмүштөй болуп кыймылдашып, шаардыктарга чоң дем берип, колдоо көргөзүп көптөгөн туткундарды бошотууга жардам көргөзүштү.

Бишкек, Талас, Нарын жана Кыргызстандын булуң-бурчунан келген ыктыярдуу топ шаар ичиндеги негизги көчөлөрдү бошотууга жетишишти. Аэропортко кетүүчү жолду, Ош районунун үч ийрим көчөсүн кошуп көзөмөлгө алышты.

2010-жыл, 12-июнь. Ош шаарынын күн чыгыш тарабы. Эрте мененки 09:30дар чамасында суу башы атыккан тоолук ыктыярдуу топ Алай, Чоң-Алай, Кара-Кулжа, Өзгөн райондорунан топтолгон атчандар, чабандестер, мергендер жана жөнөкөй жа-

рандардан түзүлгөн ыктыярдуу агым шаардын Фурхат чакан районуна кирип такалып калышты. Анткени Фурхат үч ийриминен эки жүздөй кадам илгериде көзгө көрүнбөгөн позицияга жайгашкан сепаратисттердин снайперлер тобу чоң жолдон өтүп жаткан алдыңкы катардагы атчандардын аттарын жайлап, өздөрүн жарадар кылып аткылап салышты. Арасында окко учуп мерт кетишип жоготууга дуушар болуп бушайман тартышты. Ичсе ашка, иштесе ишке тойбогон азаматтар айлалары кетип, шаардын тургундары булардан жардам күткөнүн, көкүрөгүндөгү жалындаган мекенчилдиги менен сезип көздөрүнө от, жүрөктөрүнө чок басылып жатты. Шаарга аттанган шамдагай жаш жигиттердин айбалтадай курч мизин кайтарган белгисиз күчкө кандай аракет кылсак деп чурулдашты. Түрдүү варианттарды издешип, жигиттер кызуу талкууга кирип калган кез. Минген аттары, ээрчиген шериктери окко учкан соң, арты жагындагы аксакалдардан кеңеш сурап кайрылышты. Жаштары алтымыштан өйдөлөгөн, өздөрү арык, көздөрү чуңкур, чап-жаак, мурдулары коңкойгон, өңдөрү боз- кара, алдыңкы жаак менен үстүңкү жаактагы отуз эки тиштен болгону санаалуу жети-сегиз саргайып соркойгон сары тиш калып, бир сөз менен айтканда оозу көңдөй, ээктеринде чокчойгон сакал, акырегиндеги сөөктөрү сыртка көрүнүп, анча эле кийим жарашпаган, бирок колдору тарамыш, билектери темирдей катуу, кармаган жерден майын сыгып чыгарган аксакалдар белди бекем бууп алдыга чыгышты. Бул абышкалар төрдө жатып, жайыл дасторконго устукан болуп тартылган жамбаш, кашка жилик жеген аксакалдар эмес эле. Булар көзгө атар мергенчилердин тобу эле. Жаштар менен жол талашпайлы, акыйлашып акыйнек айтышпайлы, ордубузду билели дешип, керекке жараган, бычакка сап болуучу алтын убактысын күтүп турушкан. Себеби булар, тоодой аюуну, азуулуу карышкырды, ылдам илбирсти, тоо текени, кулжаны, зоолордун кырынан чуркаган кийиктерди аңдып, нечелеген саат өткөрүп жашынып пайлап, уйкудан калып күндөп-түндөп күтүп, күтүүсүнүн жыйынтыгы болгон олжону оодарып көнүп калышкан. Ишеничтүү тажрыйбасына таянып күтүп турушкан. Эми жаштар өздөрү суранып олтурса, кадырын тара-

зага таш салгандай салып каадаланып олтурса жарашмак эмес. Мындай буктурмаларды бул сары тиш чалдар адамдан өткөн куу жырткыч жаныбарларга коюп жүрүшкөн. Андыктан түйүн чечимин чечүү жолун да, суу башы кайсы жерден бурушун билгендей эле дароо макул болушуп, жаштардын алдына чыгышты. "Бир караганда, өздөрү сөлпүйүп, көздөрү жүлжүйүп, көтөргөнү мылтык, эми ушулардын колунан эмне келет эле?" деп ойлогондор болду.

Чалдар өз ара макулдашып жүз метрдей жөө жүрүп барышты. Көз ачып жумгуча чоң жолдо караандары көрүнбөй калды. Ар кимиси ар жерге түрдүү позицияга жата калышып, бириси атайылап ойго-тоого аткылап, сепаратисттердин снайперлерин алаксытышты. Бул ыкма ок кайсы чекиттен, кайсы туштан чыкканын аныктоо эле. Башка ыкмаларды колдонушуп олтуруп, снайперлерден чыккан окко бөгөт коюп токтотуп салышты. Жаштар, көргөн көздөрүнө ишенбей, аксакалдардын жанына келип сурашты:

– Аксакалдар, чындап айтыңыздар, сепаратисттерди кантип коркутуп качырдыңыздар? Көздөрүнө бөкөчө болуп көрүндүңүздөрбү? Алар эмне үчүн чоң жолдон ары-бери өткөндөрдү аткылабай калышты? – сыяктуу суроолорду узатышты. Аксакалдар а-бу деп мактанышкан жок. Жолбун иттердей кубалап качырдык дешкен жок. Болгону тиги үйдүн чатырын карап келгиле, мобу үйдүн терезесин карагыла, тээтиги чоң имараттын там башын бир тиктеп койгула өңдүү ондогон даректерди дайындашты. Үй-имараттарга баргандар, эң акыркы үлгүдөгү снайпер мылтык менен куралданган, көзгө атар мергендердин огунан окко учуп жан таслим болушкан снайперлерди көрүштү. Көргөндөрдүн баары мерген абышкалардын өнөрүнө таң калышты. Жигиттер курал-жарактарды өздөрүнө алышты. Бул Ош шаарынын күн чыгыш тарабынан келген ыктыярчылардын жеңиши болчу.

2010-жыл, 12-июнь. Ош шаарынын күн батыш тарабы. Саат таңкы 9:30дар чамасы. Кызыл-Кыя шаарынын, Лейлек, Баткен, Кадамжай, Ноокат, Кара-Суу райондорунан түзүлгөн ыктыярдуу топ Жапалак айылы аркылуу шаарга кирип келишти. Черемуш-

ки, Шейит-Дөбө, Жийделикте отурукташкан сепаратисттерге катуу чабуул койгондо алар ийиндерине кире качышып, ак желегин көтөрүп чыгышты.

2010-жылдын, 11-12-13-июнь күндөрү бийлик төө кушка окшоп башын кумга тыгып алды. Ош шаары ээси жок үйгө айланды. Мындай ээнсиздикти, ээси жоктукту шылуундар өз пайдасына пайдаланышты. Ош шаарында болуп көрбөгөндөй мародерчулук орун алды.

Баатырларды ээрчип келген уурулар базарларга, дүкөндөргө, турак үйлөргө кол салышып, жөнөкөй тургундардын мүлкүн талап-тоноочулукка толук жол берилди. "Кой» деген кожо болбогондон кийин мародерлордун күнү тууду.

Шаар тургундары мүлкүн, турак үйүн, соода түйүнүн коргоо максатында курал-жарак колдонууга аргасыз болду.

Кээ бир шаар тургундары сепаратисттердин колунан ажал тапса да ыктыярдуу топтун колунан сепаратисттер толугу менен гүм-жам болду. Ууру сактыгынан эмес суктугунан өлөт болуп, мүлк ээлеринин огунан жан беришкен учурлар да болду.

14-июнь күнү Ош шаарына бийлик өктөмү келди. Шаарга кирүүчү республикалык чоң автоунаа жолдоруна блок посттор коюлду. Кийинчерээк Ош шаарына коменданттык саат киргизилди. Коменданттык саат мезгилинде бийлик танкалары, БТР, БМП жана башка техникаларда шаар көчөлөрүн көзөмөл салып кыдырууга өтүштү. Бейбаштык кылып коменданттык сааттын шартын бузгандар аеосуз жоопко тартылып, тез аранын ичинде шаар мурунку тынч жашоодогудай тартипке келди.

Согуштан кийин гуманитардык ачкачылык башталды. Шаар тургундарына Кыргыз мамлекетинин бардык аймактарынан, көптөгөн ишканалардан, жеке жарандардан гуманитардык жардам токтобостон келип жатты. Россия, Казакстан башка чет элге иштеп кеткен боордошторубуздан дагы гуманитардык жардамдар үзбөй келип турду. Бирок гуманитардык жардам 100% жардамга муктаж болгондорго жетпей жатты. Мындай баш- аламандыктан пайдаланган шылуундардын күнү тууду. КамАЗ менен келген ундар, өсүмдүк майлары, макарондор жарым-жар-

тылай бекер таркатылды. Жарымы портерлерге жүктөлүп, Ош шаарынын кичи райондорунда сатылып жатты. Товарды акчага айландырып сатып, чөнтөккө кылтыйткан шылуундардын күнү тууду.

Ушундай кырдаалды көргөн Султан Оморович менен Жаннат Ош шаарындагы дүкөнүнө, күнү-түнү кароол кылып Нурлан аке менен Урматты коюшту. Өздөрү Бишкек шаарына, үйүнө – бала-чакасына кайтуу үчүн Кудретке чалышты.

– Кудрет, саламатсыңбы?

– Саламатчылык байке.

– Кудрет, өзүң, жигиттериң дагы эле Ош шаарын аралап жүрөсүңөрбү? Бишкекке кайтсаңар коопсуздук үчүн силер менен кетип калсак дегенбиз.

– Байке, өзүңүз акыркы жаңылыктардан маалымат алсаңыз керек. Самат деген Баткен согушуна катышкан досумду көрүп калдыңыз. Жаннатты куткарууга эң чоң жардам көргөзгөн полковник Нурбекти таанып калдыңыз.

– Ии.

– Нурбек Саматка чалып силер ("каралар", спортсмендер жана башкалар... Бишкектен келген ыктыярчылар тобу) эми тынч жаткыла. Көзгө көрүнбөй шаардан чыгып кеткиле. Бийлик аскерди шаарга киргизип, катуу «тазалоо» башталды. Курал-жарак алып жүргөндөр кармалсын, камалсын, суракка алынсын, тергелсин, жооп берсин, – деп буйрук келди, – Силер деген кудуктун түбүнө түшүп суу куйган челектей бекингиле. Көзгө көрүнбөгүлө, камаласыңар дептир. Биз Оштон чыгып Таш-Көмүрдө кетип жатабыз.

– Биз анда эмне кылайлы? Жөн эле өзүбүз жолго чыга берейлиби?

– Жок байке, азырынча жолго чыкпай туруңуздар. Жалал-Абад шаарынан чыга бериш жериндеги пахтаны кайра иштетүүчү "Сампа" деген завод бар. Ошол жерде сепаратисттер асфальт жолго кара май куюп төгүп салышыптыр. Жолдо чоң ылдамдыкта келе жаткан автоунаалардын дөңгөлөктөрү кара майга тайгаланып, бараткан жеринен оодарылып, жүргүнчү-

лөрдүн мерт кеткендери болуптур. Бизге автомат, мылтык менен да аткылап жатат деген маалыматтар келип жатат. Бир-эки күн күтүп туруңуздар. Бийлик аскерлери ал боюнча маалымат алышып, көзөмөл кылат деген да кабар келди. Көзөмөлгө алынып, жол коопсуздугу сакталган кезде мен сизге кабарлаймын. Атайын кызматтарда иштеген жакын досум бар, аты Кайрат. Ал Бишкекке жумушка которулуптур. Сиздерди узатып Бишкекке алганча келет.

"Vefa" соода үйүндөгү талап-тоноочулук боюнча видео материалдарым бар дебедиңизби, ошол видео жазуунун көчүрмөсүн Кайратка бериңиз. Талдоого алып көрсүн, ары жагын көрө жатарбыз, байке, кошуңуз, – деди Кудрет.

Атайын кызматтарда иштеген Кудреттин жан күйөр досу Кайраттын колдоосу аркылуу Султан Оморович менен Жаннат Бишкек шаарына аман-эсен жетип келишти. Алдын ала сүйлөшүүлөр боюнча "Vefa" соода борборундагы 2010-жылдын, 7-8-апрелиндеги талап-тоноо боюнча видео көзөмөлдүн жазууларынын бир көчүрмөсүн Кайратка беришти.

Көп узабай атайын кызматтарда иштеген майор Кайрат, Султан Оморович менен Жаннатты жумушундагы каанасына чакырды.

Кайрат, 48 сааттык видео жазууну шашпай толук көрүп бүтүп, негизги талап-тоноочулук болгон, жарым сааттык кыскартылган тасманы, Султан Оморовичке көргөзүп жатып суроо узатты:

– Султан Оморович, Жаннат, сиздерге Кудреттин өтүнүчү боюнча жардам көргөзүп жатамын. Ушул материалдын негизинде, прокуратурага кылмыш ишин козгоо боюнча арыз менен кайрылсаңыздар болот. Тасмадан балким, сиздер тааныган кардарларыңыздарды, тааныш адамдарды байкап каларсыздар. Жиптин учун ийнеге саптагандай саптап, жипти ошол ийне менен чубайбыз. Ошон үчүн көңүл буруп караңыздар, – деп каананын терезелериндеги парданы түшүрдү. Кааннаны караңгылатып жаап, видео тасма көргөзүлө баштады. Тасма, "Vefa" соода борбору. Топтолгон эл коопсуздук кызматта иштегендерди тебелеп ур-соккуга алып, кирип келишти. Топ адамдардын көпчүлүгү

бейтааныш. Тасма көргөзүлүп жатканына он мүнөттөй убакыт өткөн мезгилде Султан Оморович менен Жаннат, сүйлөшкөндөй олтурган орундуктарынан секирип ыргып тура калышты. Султан Оморович каана ичинде жинденип:

– Мындай болушу мүмкүн эмес! Ишенбейм, – деп чырылдап ийди. Тамекисин жандырып, кабыргасын кайыштыра салган ачуусун тамеки ышы менен ыштап жатты. Жаннат болсо көздөрү аңырайып, таң калуу сезими менен:

– Мындай болуусу мүмкүн эмес? Көргөн көзүмө ишенбей турам? Кантип алар мындай кадамга барышты? Биз алар менен бир нанды бөлүп жеп, бир короодо жашап жүрбөдүк беле. Султан, билесиңби, 2005-жылкы ыңкылаптан кийин, көп убакыт өтпөй Алике менен Талас батирге ээ болушкан. Андан кийин унаа айдап калышпады беле.

Кайрат коюп берген кыскартылган видео тасмадан эски кошуналары Алике бойго жеткен уулу, анын жанында Талас уулу менен дүкөндөгү товарларды каптарга салып уурдап чыгып кетип жаткандыгын көрүштү. Көргөн көздөрүнө ишенбей туталанып жатышканынын себеби ушул тасма болчу.

Жаннаттын жакын көргөн курбу-досторунан далысына канжар сайылды. Жараты оорутуп, ооруксунганы кетпеди. Жүрөгү талып какшап, сыздатканы басылбады, чылгый тер басты. Шалдайып отургучка колун сунуп таянып туруп калганын байкаган Кайрат чыканагынан сүйөп отургучка олтургузду. Каанасындагы дары салгычты ачып Жаннатка эс алдыруучу жана кан басымын төмөндөтүүчү дары ичирди. Султан Оморович күйпөлөктөп, Жаннатын колу-бутун укалап, Кайратты суроолуу тиктеди. Кайрат анысын дароо сезип, тасманы кайрадан артка түрүп бүтүп:

– Султан Оморович, сиздердин реакцияңыздарды байкадым. Тасмадан сиздерге эч качан кара ниет мамиле кылбайт, ар дайым жакшылыктарда катташып, жамандык болуп калса колдоо көргөзөбүз деген жакшы санаалаштарыңыздарды көрүп калдыңыздар окшойт. Андай болбогондо Жаннат мынчалык кара терге түшүп, кан басымы көтөрүлмөк эмес. Сиз дагы ачууланмак эмессиз. Тасманы артка толугу менен түрүп кайрадан көрүүгө даярдап

койдум. Биринчи көргөндө эмоцияга алдырып, сезимдериңиздер аркылуу өзүңүздөрдүн бул тасма ичиндеги адамдарга кайдыгер эмес экендигиңиздерди көргөздүңүздөр. Аны кайра көрөбүз, бул жолку кайталап көрүүбүздө сиздерге тааныш адамдарды мына менин колумдагы жыгач көргөзгүч менен көргөзүп коюуңуздарды суранат элем, – деди Кайрат.

Тасманы экинчи ирет койгон мезгил. Жаннат эски кошуналары булардын дүкөнүн тыткылаган мезгилдеги булар билбеген, булар өмүрүндө көрбөгөн кара өзгөйлүгүн, жүздөрүндөгү наадандыкты, көздөрүндөгү жек көрүүнү көрдү. Алардын ошол терс энергиясы чарчап калган Жаннаттын нервин бошотуп, көзүн караңгылатып, эсин оодарып, ден-соолугуна доо кетирди. Кайрат өзүнүн практикасында көптү көргөн. Террористти, келесоону, психикалык оорукчанды тергөөгө алып жүрүп көнүп калган, бирок видео көзөмөлдөн уурулук кылып жаткан адамдарды аныктоо процедурасы мынчалык болуп кетет деп ойлогон эмес эле. Тез жардам чакырылып Жаннатты “Неврология” бөлүмүнө жаткырышты. Тасмадагы тааныш адамдарды Султан көргөзүп берди.

Бишкек шаары. Шаардык оорукана. “Неврология” бөлүмү. Кайрат тийиштүү видеоматериал менен бирге Алым аттуу прокурордун жардамчысын ээрчитип, Жаннаттын жанына келип:

– Жаннат, ден-соолугуңуз кандай? Жакшы болуп калдыңызбы?

– Бүгүн дурус, асма укол алып жатамын. Дарыгерлер катуу кыжаалатчылыктын жыйынтыгы деп он күндүк толук кандуу дарылануумду айтышты. Тамак-аш диета табитинде. Менин өз оюма койсо, оорукананын босогосун аттамак турсун түк жатмак эмесмин. Сиздин каанаңызда акыбалым начарлаганда чакырылган тез жардам түз эле ушул жерге алып келген турбайбы.

2005-жылкы элдик ыңкылапта дүкөнү тонолуп, батири сатылган кезде ооруканага жатмак турсун, дары-дармек да ичкен эмес. Албетте, кайгырган, ыйлаган, жүрөгү сыздап, жүлүндөрү бошошкон. Билекти түрүп, үй-бүлө үчүн кара жанын карч уруп, нан табуу үчүн Москвага келип, жашоо булагынан ырыскы таап,

тиричилигин улап кеткен. Москва шаарында пол жуугуч болуп иштеп, карыз-кооланы төлөгөн кезде да бир жолу белим талыды, ичим ооруду дебеди. Башын көтөрбөй иштеп, ооруну түк жанына жолотподу.

2010-жылдын июнь айындагы каргашалуу Ош окуясында сепаратисттердин туткунунда жатты. Өмүрү кылдын учунда, бычактын мизинде турган кезде мынчалык бошошкон эмес. Жашоо үчүн күрөшүп, Нурлан аке экөөлөп куралчан сепаратисттердин туткунунан качып чыгып, жандарын сактап калышкан.

"Жаттыкы жандан өтөт, өздүкү өзөктү тешет" макалында айтылгандай, өз курбу кошуналары жырткычтык менен талаптоноочулук кылганын көргөндө Жаннаттын бекем ден-соолугу, темирдей кайраты бул акмакчылыкты көтөрө албады. Жан дүйнөсү жабыркап, дарыгерлердин жардамына муктаж болуп калды. Жаннат салмактан кетип, бетинин эки жаагы ичине кирип, көзү киртейип, бакырайган каректеринин жылдызы өчүп, кызарган өңү бордой бозоруп калды. Жаннаттын жан дүйнөсүндө тыбырчылаган ак менен кара күчтөр ичинен кан болуп өтүп, сырткы жүзүнө чыгып, көргөн адамга сезилип турду. Наркы дүйнөгө узап кетүүдөн Кудай чоң сактап, дарыгерлер ички-тышкы органдарына жардам көргөзүп жатышты. Түшүнгөн адамга дарыгерлердин жардамынан сырткары, Жаннаттын жабыркаган жан дүйнөсүнүн, жараланган жүрөгүнүн дарысы  жакын курбуларынын кечирим суроосу болчу. Алар эмнеге мындай кадамдарга барган себебин издеп, кыйналып жатты. Ушул кырдаалды жөнгө салып кетейин деген аракеттеринен майнап чыкпайт.

Жаннаттын дүкөндөрү иштеп, киреше кирип турат, балдары аман, Султаны жанында, ашык дөөлөттүн деле кереги жок эле. Болгону курбуларын көрүп, мен силерди кечирдим, силер менден кечирим сурагыла деп ооруксунткан жан дүйнөсүн тынчытып эс алдыруу эле.

Азыр болсо Кайрат баш болуп, прокурор жардамчысы Алым төш болуп, колтуктарына папкелерин кыпчытып, колдоруна калемсапты көтөрүп бир шойкумдуу ишти баштаганын сезип турду.

– Жаннат, сиздин табыңыз начарлаган мезгилде тез жардам чакырылды. Султан Оморович сиздерге тааныш эркек кишилерди көргөзүп айтып берди. Тасманы шаар прокуратурасына тапшырдым. Бул жигиттин аты Алым, прокурордун жардамчысы. Сизден арыз алганы келди. Арыз жазганыңыздан кийин дүкөнүңүздү талап-тоногон инсандардын үстүнөн кылмыш иши козголуп, тергөө амалдары башталат. Ошондуктан сиз бул актай кагазга арыз жазыңыз. Мазмунун Алым өзү айтып берет, – деп Жаннатка колундагы ак кагаз менен калемсапты берди.

– Жок, мен арыз жазбайм, кечиресиз.

– Жаннат, мен сизди түшүнбөй турамын. Сиз ири суммадагы товарды уурдатыпсыз. Арыз жазбаймын деген тыянагыңыз бизди жаман ойго түртүп жатат. Сиздин мындай чечимиңиз уурулар менен бир окшойт, делген бүдөмүк ойго салат. Өзүңүздүн бул пикириңизди кантип түшүндүрүп бере аласыз.

– Катуу кетпеңиз, Алым мырза. Эгерде сизде ошондой күмөн туулса демек, менин аларга кылган ак мамилемдин жемиши деп ойлоймун. Эмнеге мен буларды мыйзамдын алдында жоопко тартылуусуна арыз жазуудан баш тартып жатамын. Себеби, биздин балдарыбыз бир короодо чогуу ойноп чоңоюшту. Биз өзүбүз жокчулукту менен токчулукту, барды-жокту башыбыздан бирге өткөрдүк. Ысык-суукту бирдей көрдүк. Эгерде алар ушул күндөрдү унутуп, кыянаттык кылган болсо, мен аларды Жаратканга салдым. Аларды жазалоодон баш тартмакмын. Аларды Кудайдын сотуна койдум, ким ак, ким кара экендигин өзү териштирип алсын.

– Эми оюңуз түшүнүктүү болду. Деген менен мейлиңиз, өзүңүздүн маселеңизди чечип алдыңыз дейли. А башка ишкерлер, сиздин жаныңызда соода кылган кесиптештериңиз кантет? Сиздикиндей эле, а балким сиздикинен көп материалдык жоготууга дуушар болгондордун маселесине кантип карайсыз? Мен акмын, мага тийбегиле, өгүз өлбөсүн, араба сынбасын деп четке чыгып турганыңыз туура эмес го. Балким, бул уурулук кылмышка баргандар ошол чыгымдарды ордуна койсо, сот адилеттүү өкүм чыгарып, аларды сот залынан боштондукка чыгарып жиберүүсү

мүмкүн. Тергөө менен тыгыз жана ачык иш жүрсө, жабылуу аяк жабык калып, балким сотко жеткизбей деле бүтүрө турган айласын тапканга аракетибизди кылаарбыз. Ошондо чыгым тарткандардын чыгашасын кайтарууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Товардын акчасын кайра алып ишкердиги улантылып кетет. Ал эми материалдык чыгымды кайтаргандар эркиндигин сактап калат. Бирок тергөө амалдары бүткөнгө чейин аларды убактылуу камоого муктажбыз. Качып кетүү тобокелчилиги бар.

– Ушундай шарттарга макулмун. Менин жанымдагы кошуна ишкерлердин уурдалган товарлары кайтарылып берилсе, кошуна курбуларыбыздын эркиндиги сакталса, макулмун. Айтыңыз, арыз жазып, кол коюп берейин. Жаннат арыз жазып, Алымга тапшырды. Кайрат ооруканадан чыгып баратып:

– Сиз туура чечим кабыл алдыңыз, ууру түрмөдө олтуруусу керек, убактылуу болсо да, – деп экөө узап кетишти.

Эртеси шаар прокурору Алике менен Таластын үстүнөн кылмыш иш козгоду. Сот тергөө амалдары бүткөнгө чейин аларды эки ай убактылуу камоого санкция берди.

Таласты, Кундуздун ысык коюнунда жууркан жамынып жаткан жеринен тургузуп, колуна кишен салып караңгы, муздак камерага камап салышты.

Алике кафеде аялы Батма экөө эми эле алдына кайнак шорпо буюртма кылып, ооз тийип аткан кезде эки колун артына кайрып, аны да камап салышты.

Кундуз менен Батма бат эле телефон аркылуу байланышып, тергөөчүгө жолугушуп, иштин чоо-жайын түшүнгөн соң эртеси ооруканага Жаннатка келишти.

Жаннат аларды көрүп таарынган киши болуп, жакынсыратып:

– Сөзсүз эле ишиңер түшкөндө келбестен, жөн-жай эле сурап кабар алып койсоңор болмок? – Кундуз ачуусун тыя албай Жаннатка катуу тийди.

– Москвадан ушуну үйрөнүп келген турбайсыңбы? Ысык төшөктөн күйөөмдү сууруп чыгып, сыз бөлмөгө тыктырдың! Бизди, балдарыбызды кошуп камат эми. Өзүң өмүр бою жокчулук-

тун эмне экенин билбей жашадың. Султан колуна салып, оозуңа ысык тамак ичирип, үстүңө норка шуба жаап, кышы-жайын унаадан түшпөй чалкалап келе жатасың. Жегениң жумшак май токоч, куурулган кийик эти, эс алган жериң Ысык-Көл, Туркия, Дубай. Биз эмнени көрдүк? Жокчулук босогобуздан кетпей, этегибиз жерге жетпей жашап келе жатабыз. Жуурканды башыбызга тартсак бутубуз чыгып калат, бутубузду жапсак башыбыз ачылып калат. Бир аптада казаныбыз бир кайнаган күндөрдү баштан кечирдик. Балдарыбыз этти бир айлап жебеген күндөрдү көрдүк. Ашказандары ачышып, пияз шорпону түртө салган күндөрү өзүмүн сан этимди кесип бергенге даяр болчумун. Мамлекет дегенден эч кандай жөлөк пул жок. Жарытылуу жумуш жок. Базарга барсаң салыкчысы келет, базар башчысы келет, светчиси келет, этек-жеңиңди кошуп кесип кетет. Үйгө келсең Талас кыйратып койгонсуп сасып мас. Кайсы арына ичет билбейсиң. Күндө мас, бир күн соо келген күнү жок. Анысы аз келгенсип бети-башымды көгөртүп токмоктойт. Короодогу эркек аттуунун баарына ойнош кылып чыкты, анын оюнда мен жатпаган эркек калбады. Силер биз менен чогуу жашап жүрүп көтөрүлүп кеттиңер. Таласты же Аликени колдоп тартып кете албадыңар. Ошоңорго ызаланып, ич күптүбүз, көралбастыгыбыз жек көрүүгө жетип, силер бизге бегана, жат болуп калдыңар. Аны биз айтпадык же силер сезбедиңер, – деп бет аарчы менен тер баскан бети-башын аарчып сөзүн улантты:

– Кокусунан 2005-жылы март айында элдик ыңкылап болду. Элдин баары уурдап-тоноого киришти. Биздин эркектер Талас менен Алике кол куушуруп отуруп калышкан жок. Заманың бөрү болсо бөрү бол, түлкү болсо түлкү бол, ууру болсо ууру бол болушту. Көпчүлүктөн калбай билек түрүп, билген жери, билген дареги сенин “Бета Сторес” соода үйүндөгү дүкөнүңдү Талас менен Алике тазалап уурдаган. Товарды үйгө алып келишкенде, Алматыдагы эски тааныштарыбызга биз сатканбыз. Эмне дейсиң, бизди кошуп камат! – деп наалып, өкүрүп кирди.

Жаннаттын ачуусу келди. 2005-жылкы кыйналган кордугун эстеп, ызаланып кетти:

– Батма, Кундуз, мен силерге эмне жамандык кылдым? Айткылачы, эмнеге биздин үй-бүлөгө мындай кара ниет мамиле кылдыңар? Эркектер балким, мас болуп алышып, көпчүлүккө кошулуп товарды уурдап келгенде: “кой уят, билинип калат. Абийирибиз ачылып калат” деп мага, Султанга телефон аркылуу айтып койсоңор, биз батирибизди сатмак эмеспиз. Султан микро-инсульт болмок эмес. Эмнеге анттиңер, Батма айтчы?

– Муну кара, эмнеге анттиңер дегенин, долу десе! Силер бардык шарты бар батирге жетиштиңер. Кышындасы ичи жылуу, от жагып кыйналбайсыңар, борбордук жылытууга уланган, жаратылыш газы күнү-түнү өчпөйт. Биз болсо баягы эле жакканыбыз тезек, көмүрдүн майдасын сууга чылап жагасың. Тутандырыкка жарылуу даяр отун жок. Үй ичи ыш менен түтүнгө толуп, какапчакап жылда жаз келери менен актайбыз. Кычыраган кышта ажатканага балдар титиреп кирип-чыгып жатышып, эки-үч жолу тумоолоп ооруп чыгышат. Дарыканага барсаң баалар асманда, эптеп кордо салып, төшөктү калың жаап, терлетип сакайтып балдарды чоңойттук. Акыбалыбызды сураган мамлекет өзү жыртык шымын бүтөй албай, жыртык көрпөсүнүн ар жерин кескилеп сатып, жамыныч көрпөсүнүн тамтыгы чыгып турат. Анысы аз келгенсип, бей-бечараларга жардам көрсөтпөй туруп, моюнубузга сырткы карызды уялбастан илип коюшуптур. Мындайда биз жөн турмак белек, мен жашаган мамлекет мага кам көрбөстөн мени карызга оодарып турса. Биз эмне кылайлы? Шордуу башыбыздан шорду жеңилдеткен инсан жок. Анан жогору Кундуз айткан окуялар болду. Сенин дүкөнүңдөн уурдалып чыккан товарды сатып, Бишкектен эки үй-бүлө силердикиндей бардык шарты менен батирге жетиштик. Мерседес автоунааңды сатып эки автоунаа алдык, эл көрсүнгө биз дагы чалкалап машине алдында, күйөөбүздүн кашында чалкаладык. Эмне дейсиң?

Мамлекет өзү кайрадан баш-аламан болуп, алсызданып, ооруп-сыркап 2010-жылкы элдик ыңкылапка тушукканын жакшы билесиң. Жөн турбадык, кайрадан сенин дүкөнүңө уурулукка күйөөлөрүбүздү өзүбүз жөнөттүк. Себеби сен Москвада жакшы жумушка турду, Ошто дүкөнүңдүн филиалын ачыптыр деп уктук.

Бизди чакырып айтпадың, балдарыбызды жумушка алат деп ойлосок, аларды чакырбадың.

Мурунку бай-кембагал аралыгыбыз дагы узады. Мурунку кошуналар эки жээкте болуп калдык. Жашырганда эмне, сенин жээгиң – байлардын жээги. Биздин жээк – кембагалдардын жээги.

Биз батирлүү болдук, унаа миңдик, эми бизди тогото бекен? Теңсине бекен? Бир көчөдө баса бекен? Бир табактан тамак жээр бекен? десек, анте албадың. Талпынган атың ийгиликтердин туу чокусуна мүдүрүлбөстөн жетип, бизден андан бетер алыстадың. Күчтүү дүкөндөрдүн ээси, килейген Москва шаарындагы чоң ресторанды бар деп айтышты. Ал жакка Жанар менен Сурманы ишке алыпсың, бизди унутуп койдуң, кабар албай койдуң. Ортодогу ажырым узаган сайын мурунку кошуналык аруу  сезимдерибиз сууду. Көөдөндөгү дасыккан достугубуз суутма суу сепкендей өчтү. Сени жек көрүүбүз андан бетер күчөдү, – деди Батма.

Жаннатка бул чыныгы баарлашуу, сүйлөшүү оор келген жок. Көкүрөгүндөгү тилинген жараттары сакайып бараткандай туюлду. Ачуусунун, оорусунун, түйшөлүүсүнүн суроолоруна жооп таап жатты.

Чогуу жашап, чогуу жүрүп Жаннат материалдык байлыкка жетишип, кошуналары жашаган жерден бөлүнгөндө курбуларын жоготуп алганын сезбептир.

Алдыга умтулуп жүрүп, артындагы жоро-курбуларынын турмуш тиричилигине этибар салбаптыр. Достук – кастыкка, сыйлашуу – өчөшүүгө, сырдашуу – жек көрүүгө айланыптыр. Байкедей классикалык ажырым узагандан, мамлекетибиздин анын башындагылар мамлекетибизди талап-тоногонун көргөн булар колунда барларды тоной берсек эч нерсе болбойт турбайбыга өтүшүптүр. Бир сөз менен балык башынан сасыптыр.

Адилеттүү, таза бийлик болсо, социалдык жактан муктаж үй-бүлөлөргө колдоо көрсөтсө, балким, мынчалык ортодогу ажырым, жек көрүү болбос беле?

Коррупцияланган бийликтин жыйынтыгы ушул болду. Элибиздин байлыгын бир ууч атка минерлер чет элден келген шы-

луундардын колуна салып беришти. Иштеп турган ири завод, фабрикаларды бийлик башында тургандар арзыбаган акчага менчиктештирип, сатып жок кылышты. Колхоз-совхоздорду ыдыратып майдалап талкалашты. Элди стресттик туңгуюкка такады. Баш-аламан тиричиликти, сунуш кылынган оор жылдарды эл башынан татыктуу кечирди. Оор турмушка чыдаган эл адилетсиз бийликке чыдай албады. Жыйынтыгы тамырынан чирип калган дарактай, тамыры куурап, качып жок болду. Жалбырагын курт басып жерге түшүп, мөмө бере албай, отунга гана жарап беришти. Жалпы абал 2005-жылкы жана 2010-жылкы эки жолку элдик ыңкылапка келип такалды.

Бийлик, кресло талашкандар бири-биринен бийлигин алуу үчүн бири экинчисин түртө салып, каанасынан кубалап, буту-колунан сүдүрөп кууп чыкканга өтүштү.

Коркутуп-үркүтүп, пулга паралап, кечээги кесиптештер, табакташтар, сауналаштар, ага-инилер бүгүн ыркыраган иттен бешбетер ырылдашып калышты. Ажылдаган ажаан аялдардан өтүп араздашып кыргыз элинин сыймыгы болгон элитанын жүзү ушинтип баткакка малынып турду.

Көч башындагы жакшы санаалаштардын бетине карап күлүп, артынан жугунду суу куйганын көрүштү. Селдей элдин арасындагы ооздуругу бошураактары ишенген көсөм ушинтти, демек, мен деле ушинтсем боло берет турбайбыга өтүштү. Талас, Аликелер мага окшогон эски курбуларынын дүкөнүн талап киришти. Өздөрүнүн кылган жоругун туура деп эсептешти.

Шылтоосу – жогору жактагылар деле ушинтип атпайбы болду. Бир күнү мыйзам алдында, Жараткан алдында, уятынын алдында жооп берерин эске алышпады.

Өлкө деңгээлинде, тарых деңгээлинде эки ыңкылаптын мамлекет үчүн пайда-зыянын келечек аныктаар.

А бирок эки ыңкылаптын арты менен жөнөкөй элдин арасында Султан менен Аликедей, Султан менен Таластай кечээги курбу-жоролор бүгүн эки жээкте калышты. Ичинде уктап жаткан шайтанды агытышып, мамлекеттин баш-аламандыгынан пайдаланышып, талап-тоноочулукка, араздашууга барышты. Бай-

кедей ажырымы дагы оркойуп көрүнүп, жек көрүүчүлүккө алып келди.

2005-жана 2010-жылкы ыңкылапты эки түрдүү кабыл алгандар болду.

Биринчи топ: Бийликке кызыккандар элдин күчү жана деми менен бийликке келишип, эбегейсиз бийликке баштары айланып эйфорияга түшүштү. Заматта кечээ эле бийликке алып келген элди Ак үй менен Көк үйдүн босогосун аттаганда унутушту. Элге берген убадалары нандын күкүмүндөй дасторкон күүлгөн кезде чачылып, нан күкүмүндөй тоокко жем болуп, тоокту адам союп жеп убадалары күм-жам болду. Өздөрү шыптары бийик, шамдары жарык, астанасына эки эли килем салынып, кайыш креслодо чалкалап калышты. Ичкени "Мартини", чеккени "Парламент" болду. Астанага буту бир жарым метр, тырнактары жез кемпирдикиндей "киргизка" кыздарды отургузушту.

Кечээги зайчик "Мерседестерин" уул-кызына белекке беришти. Өздөрү "Гелик", "Лехсус-570", "Ленд Крузер-200" жол тандабастарга миништи. Кечээги автоунааны үстүнөн карап, текеберчиликтери салют атып Тянь-Шань тоосунун чокусуна атып чыкты. Кечээ лагман менен беш бармак жеп жүргөн болсо, бүгүн устрица менен кызыл икрадан башкасын тамак эмеске киргизип салышты. Ушулардын артындагыларга, жанындагыларга жана коштоп жүргөндөргө бул ыңкылап сары майдай, таттуу балдай эле жага берди.

Байлыкка кызыккандарынын көздөрү чоктой кызарып, тойбогон жырткычтай ачтыгы ырылдап, бакандай балыктардын башы сасыды, бизге жол ачылды болушту. Оозундагы ооздуругун чечип ыргытып, жүгөнсүз калган аттардай жулкунушуп көк шибер колотко атыраңдагандай, дүр-дүйнөгө толгон дүкөндөрдү, базарларды аңтар-теңтер кылышты. Көөдөндөрүндөгү көк ала "жетишпестикти", дили кунсуз "боштукту", кычкач сымал кармаганын каңтара бураган "ачтыкты" толтуруу максатында көздөрүнө көрүнгөндү, колуна урунганды пайдасы тийсе-тийбесе да наркы буюм ээси "өлүп эле кетсин, азыр байып алсак кийин насип кылганын, бешенеге жазганын көрөбүзгө" өтүштү. Колу-

на тийген товарларды каптарга ныктап толтуруп, ээсиз калган унааларга жүктөп, кучак уурдалган буюм теримге тойсо да, топуракка тойчу көз, эч нерсеге тойбой: «дагы, дагы» деп көз ээсинин жыртылган көлөчтөй "көрбөгөндүгүнөн", ичи көңдөй "руханий жакырчылыгынан" адамгерчиликсиздин чексиз токой-талаасына адашып кирип кетип жатышты.

Буларга ыңкылаптар жага берди. Себеби, руханий байлыгы жарды боюнча калганы менен өткөргөн оокатын байытып, заматта материалдык байлыкка оңой-олтоң эле бешене тердетпестен, байлардын оокатын сүйүнүчтөр жана моокум кануу менен талап-тоноочулукка барышты. Ушул топтогу адамдарга, аларга жардам бергендерге, ушулардын мындай ишин билип калып сындырып, тиги уурдалгандарды бөлүшкөндөргө, айланасындагыларга жана коштогондорго тополоң жага берди.

Экинчи топ: Бийликтен кулагандары, кечээги кызыл беттери бозоруп, уурулугу билинип, куйругун кыпчып бөтөн элге качып кирип кетишти.

Адылбай атын Надырбайга өзгөртүштү. Кечээги ууру бүгүн сопу, такыба инсанга өзгөрүп, жөнөкөй элден чыккан эшен менмин деп эшек минип сүрөткө түшүп элге жарыя салышты. Кечээ эле эли кан ичип, карыны какшап турганда, Адылбай оозу май жалап, арак-виного мас болуп көзүнө эл турсун Эгемдер көрүнбөй, дөөлөтүнө мас болгон эле.

Ак куу аялы купкуу кара кепкирдей болуп күйөөсүн коруган канчык итке айланышты. Элден чыгып безери атыгышты. Ушундай амалынан кулагандарга, бийлигин алдыргандарга, дөөлөтү өчкөндөргө, ооматы оогондорго, бир сөз менен айтканда, айылдык, райондук, шаардык, облустук, республикалык деңгээлде отурган креслолорунан ажырагандарга, бийлик таасиринен четтегендерге, коррупциялык система менен булак болуп тамчылап турган ырыскыларынан ажырагандарга эки ыңкылап тең жаккан жок. Жакмак турсун көбү оорукчан болуп калды, бөтөн элге качышты. Ушул топтогуларга, алардын туугандарына жана коштогондорго ыңкылап жаккан жок.

Наразылардын дагы бир тобу байлыктан ажырагандар. Кичине насыя алып, оокатын түздөп, тыңчыкма атыккандар. Колдон келгенче Кытай, Түркия жана башка мамлекеттерге каттап, элдин керек-жарак муктаждыгын канааттандыруу үчүн жан үрөп иштеп турган жеринен ыңкылап шарапаты мүдүрүлтүп, ууру-кескиндин тузак торуна түшүп тонолушту.

Кечээги бардар, бай ишкер, бүгүн карыздар, сотто банк юристтеринин алдында жоопкер болуп чыга келишти.

Ушул топтогуларга, алардын тууган-туушкандарына ыңкылап такыр жаккан жок. Себеби, уурдалган товары кайтарылып берилген жок. Өкмөттөн колдоо, жеңилдетүү көргөзүлбөдү. Бийлик өкүлдөрү эмне болсоң ошол бол, ошону көрмөксүң дегендей көңүл кош көз менен карап турушту.

Ушул топтогуларга эки ыңкылап тең жаккан жок, кайрадан мурунку жана кийинки бийликти бирдей күнөөлүү деп эсептешти.

Мурунку бийликти күнөөлөгөнү ыңкылапка жеткизбей элдин мүдөөсүн канааттандырып, өз убагында жүйөөлүү маселелерди чечип турса мындай болмок эмес. Менин товарларымдын уурдалып кетүүсүнө тоскоолдук кылып, аларды коргоп кала албады деп күнөөлөдү.

Кийинки бийликти күнөөлөгөнү ошол талап-тоноочулукка жол берилгени. Товарларды кайтарып берүүгө жардам берилбегенине, кайдыгер мамилеге капа болушту.

Ушунун баарына сарасеп салган Жаннат, Кундуз менен Батмага карап:

– Досторум, силер өзгөрүпсүңөр. Силердин жашооңор, пикириңер өзгөрүлүптүр. Мен үчүн силер, силер үчүн мен өзгөргөн жокмун, – деп Кундуз менен Батманы жумшартып, үнүн басаңдатып мээримдүү сүйлөдү. Мындай жылуу мамилеге, жылуу сөзгө Кундуз менен Батма жыгылышып, оздорунан мурункудай көк ит менен кара итти агытышпай, дилдерине периште обон салып, кечирим суроону эп көрүштү.

– Жаннат, жаркыным, Батма экөөбүздүн батирлерибиздин бирин сага өткөзүп берейли. Жабылуу аяк жабык бойдон кал-

сын. Эки кааналуу экинчи батирди сатып бир кааналуу эки батир алып тиричилигибизди улантайлы.

– Асылым, жолборсум, Жаннат! Бизди кечир, иттик бизден кетти. Жан соога, Кундуз айткан шартка көн. Арызыңды кайтарып ал. Осурак чалдарыбыз сыз түрмөдө майып болуп, өлүп тынышат. Жесир болуп калышка себеп болбо, карлыгачым.

– Өткөн өттү, кеткен кетти, өзүбүз шайтан менен достошуп, эл дарбыса эшек дарбыйт болуп, бийлик талашкандар кутурса, биз дагы кутуруп жинди болупбуз. Алдыңа тизелеп чөгөлөйлү, өгөйлөбө, чырагым.

– Кечир, Жаннат.

– Ушунчалык ажырым бизди эки жээкке, эки колотко, эки көлгө бөлүп коюптур. Үч уктаса түшкө кирбеген нерсеге кептелип турабыз, курбулар. Чаап салгыдай душман эмессиңер. Өлтүрүп салгыдай өзгө эмессиңер. “Алдыңа келсе атаңдын кунун кеч” демекчи алдыма келип төшүңөргө колуңарды коюп, уурдалган товар толук болбосо да батир иретинде ооз басырык кылып турасыздар. Кечирбегенде эмне. Өткөн ишке кейинбей, алдыга аруу максаттарды коюп, мындан аркысын адал эмгек, бешене тер менен ырыскы таап, бала-бакыраны түз жашоого үндөп жашайлы, курбулар. Өткөндөн сабак алайлы. Мындан кийин мамлекетибиз тизелеп чөгөлөбөсүн. Бийлик башындагылар казанга чөмүчүн салбасын, өз көмөчүнө күл тартпасын. Элдин жүгүн тартып иштешсин. Бизге ыйман-ынсап берип, мындан кийин бири-бирибиздин коробузга таш ыргытпайлы, сууну булгабайлы, короого адашып кирген койдун курсагын жарып, дангана кылбайлы. Ээсине алып барып сүйүнчүсүн ал, болбосо ыраазычылык батасын алып ак жашоого өтөлү, курбулар. Көзүм көрбөсө көчүгүмдү бөрү жесин терс кыялдардан кайталы, пейилибизди оңдойлу. Пейилибиз оңолсо, коом оңолот. Коом өзгөрсө мамлекет өсүп-өнүгөт. Мамлекет өсүп өнүксө, мамлекет казынасына кол салгандардын жүрөгү да бир күнү жылып, ичип-жегенин кусуп, эселеп кайтарып берген күн келет. Кайрымдуулук иштери көбөйөт, – деп үмүт арталы.

Жаннат, эски курбулары Кундуз менен Батманы аядыбы же жараланган жүрөгүнүн дартын айыктырайын дедиби, айтор, прокурордун жардамчысы Алымга келип тосмо арызын жазды.

Кундуз менен Батма мурунку келишимдин жыйынтыгы боюнча Бишкек шаарынын 12-кичи-районундагы эки кааналуу батирин Жаннаттын атына өткөзүп беришти.

Прокурордун жардамчысы Алым Жаннаттын тосмо арызынын негизинде абакта олтурган Талас менен Аликени бошотту. Экөөнүн бир ай күн көрбөгөн жүздөрү аппак болуп, салмак таштап, көздөрү киртейип, өңдөрү серт. Ошентип абактан чыккан Талас менен Алике бир жума өткөзбөй жубайлары Кундуз менен Батманы ээрчитип Султан Оморовичтин үйүнө келишти. Султан короодогу топ үндүктүн ичинен корозун тандап, мууздап Жаннатка берди. Жаннат үндүк тооктун жүнүн тытып, куйкалап казанга салды. Эски курбу, курдаштар үндүк шорпосунан ууртап, өткөн-кеткенди эскерип бүткөн соң сөзгө Талас өттү:

– Жаннат! Бизди кечир. Силердин көргөн күнүңөргө, жашооңорго аваз кылып жүрүп, анибыз атаандаштыкка өтүп, ыңкылаптар арты менен силердин дүкөнүңөргө кол салдык. Ит болдук. Биздин наадандыгыбызга карабастан абактан бизди сактап калдың, эки дүйнөдө сага, Султанга карызбыз.

– Жаннат, Султан кечиргиле бизди! Достугубузга доо кетирип кыянаттык кылдык. Убададан тайдык, көр тиричиликти бешене тер менен таппастан, силердин мүлкүңөргө кол салдык. Душман кылбаган ишти жасадык. Алдыңарга келсек, кечирип түрмөдөн сууруп чыктыңар. Биз пенде эмей эле шайтанга дос болдук, кечиргиле бизди, – деди Алике.

– Талас, Алике, Кундуз, Батма, болор иш болду. Өткөн ишке кылчайбайлы, өткөн өттү, кеткен кетти, келечекке чогуу кадам шилтеп, алдыдагы максаттарга чогуу баралы. Алике сен “Vefa” соода үйүндөгү дүкөнгө башчы бол. Талас товар менен камсыз кылсын. Кундуз менен Батма сатуучу болушсун, макулсуңарбы, – деди Жаннат.

– Макул болбогондо, атабыз таап бере албаган туруктуу жумуш менен камсыз кылып жатасың. Ыракмат сага Жаннат.

– Мен кичине ыңгайсызданып турамын. Өзүбүз сенин дүкөнүңү жайласак. Түрмөдөн сактаганың аз келгенсип эми жумуш менен камсыз кылып жатасың. Мага дүкөндү ишенип башкаруучулукту тапшырып жатасың. Эмне дээримди деле билбей турамын?

– Эмне демек элең. Макул болобуз да. Эми өзүбүз жакшы иштеп, адал эмгегибиз менен Жаннаттын кылган жакшылыгын кайтарып берейли.

– Туура, мен Кундуздун сөзүнө кошуламын. Сөз менен ыраазычылык айтышып бири-бирибизди кечиришкен болдук. Биз ыраазычылыгыбызды ишибиз менен көрсөтөлү, – деди Батма.

Жаннат Бишкектеги дүкөнүнө курбуларын жумуш менен камсыз кылып, складда жаткан товарларын алып чыгып ветриналарга жайгаштырып, дүкөнүн ачты.

Ошто кырдаал жөндөшүп калган соң ал жердеги дүкөнү дагы ишке кирди. Эски колу-кошуна достору менен ымалага келишип, аларды түрмө азабынан куткарып, бир бөлмөлүү батирин өзүнө өткөзүп ижарага берди. Айына түшүүчү ижара акысы балдар үйүнө жардам иретинде ай сайын банк аркылуу чегериле турган кылып койду. Балдары мурункудай эле жеке мектептерде. Султанга, балдарына, Бишкек, Ош шаарларындагы дүкөндөрүнө үстүнөн көзөмөл жүргүзүү вазыйпасы жүктөлдү. Жаннат өзү эрте мененки саат 10:30га Бишкек-Москва авиа каттамына билет алды. Жумушуна чыгууга камданып даярданып жатты.

Эртеси. Таң. Жаннат жалган дүйнөдөгү көр оокаттын баарын жөндөп, бардык дос-душмандары менен ымалага келип бүтүп, уктап жаткан абалында чын дүйнөгө кете берди.

Ойготкуч шыңгырап шырылдаганына “Жаннат эмне турбай жатат” деп Султан Оморович түбөлүк уйкуда жаткан Жаннатты ойгото албай бушайман болду. Баарын түшүнгөн соң асманын жерге таштап, каңырыгы түтөп, өкүрүп ыйлап олтуруп калды. Султандын озоңдоп ыйлаганын уккан уул-кызы апасы Жаннатты кучактап “Апалап” сыздап ыйлап кала беришти. Жаннатты Москвага узатабыз деп келген курбу-курдаштары аны Москвага эмес чыныгы дүйнөгө узатышты.

– Атаңдын көрү дүнүйө!!! Ушунчалык адилетсизсиңби? Эми эле Жаннат, Султан Оморович менен ортодогу түшүнбөстүктөрдү чечишип, жашоо китебинин жаңы  барактарына, жаңы жашоону, ак жашоону, тунук жашоону, ачык мамилени, түбөлүк ак достукту баштайбыз деп турганда Жаннат бизди таштап кете бердиң.

Арман дүйнө! Жаннаттын алдында биз бул дүйнөдө карыздар боюнча калып кеттик. Анын айкөлдүгүн, кечиримдүүлүгүн, сабырдуулугун ак кызматыбыз менен актай албай калдык, үлгүрбөй калдык, – деп Алике эки санын чапчып жашын тыя албай отуруп калды.

– Жаннаттын туюусуздан көз жумушу биз үчүн өтө катаал кабар болду. Ал бизди баам-барасатка үндөдү. Каниет кылып жашоону үйрөттү. Уугубузду узун, керегебизди кенен кылып туруп, ошол жакшылыктарынын мөмөсүн көрбөй кете берди. Арсар акыбалда, арманыбызды өмүр бою көтөрүп жашап өтүү биз үчүн кыйын эле болот. Кош, Жаннат, – деп аттын башындай арманын кучактап кала берди Талас.

– Тирүүлүктүн түгөнбөгөн түйшүгүн татыктуу көтөрүп, ири дүкөндөрдү түптөп, “баарына үлгүрөм” деп жан үрөп, убактыңды өзүңө эмес, үй-бүлөңө, коомго жумшап, териң жукарып, жонуң жоор болгончо эмгектенип, ийгиликке көгөрүп жетиштиң!

Сыртыңдан караганга аялдын сырттаны элең! Ичиңден баамдаганга ички дүйнөң “Байкөлдөй” терең, жайлоодогу жайыттай кенен эле. Убагында карасанатайлык кылган бизди мыйзам жазасынан сактап калдың. Бирок жан дүйнө жазасын өмүр бою тартып өтөбүз, кош Жаннат, – деди ыйга баткан Батма.

– Жаннат, сен өз жашооңдун, ишкерлигиңдин жаратманы болдуң. Жан дүйнөңдүн жаратманы болдуң. Сен жаратып, түздөп, оңдоп куруп жаттың. Биз бузуп, уурдап жок кылып үлгүрбөй жаттык.

Жаратмандык, изденүүчүлүк, кайра калыбына келтирүү сеники болду.

Бузукучулук, көралбастык, уурдап, талкалоо бизге таандык болду.

Көбүнчө акты кара күч жеңчү болсо. Жаратмандык жакшылыгың, кечиримдүүлүгүң, айкөлдүгүң менен биздин бузукулугу-

буздун ашмалтайын чыгарып, жан дүйнөбүздө ыңкылап кылып, акыл-сезимибизди өзгөртүп салдың.

Биздин жан дүйнөбүздө ыңкылап болуп өзгөргөнүбүздөй болбосо мага демектен он жолу ыңкылап болсо дагы мамлекет оңолуу, өсүү жолуна түшпөйт!

Ыңкылап башкаруу системасында, үлкөн да, майда да чиновниктердин жан дүйнөсүндө болсо дүркүрөгөн өсүү, опол тоодой оңолуу, шыдыр жолго түшөбүз. Эгерде мамлекетибизди асырап албасак, көздүн карегиндей сактап калбасак Жаннаттан айрылгандай ажалга алдырып коюшубуз мүмкүн. Жаннат кайыр кош, – деп философиялык ойлорго жетеленди Кундуз.

– Жумуш, ишкерлик деп жүрүп Жаннатка көңүл бурбапмын. Көрсө, ишкерликтин бийиктиктерин багынтам, соода тармагында жаңы өнөктөштөрдү табамын, жаңы ачылыштарга жетишемин  деп жүрө берип арадан күндөр чыкылдап, айлар арыштап, жылдарды зымыратып өткөзүп ийипмин.

Өзүм Дубайда сыркоолоп калганымды шылтоолоп, үй күчүгүнөн бешбетер Бишкектен бир кадам чыксам жүрөгүм түшүп кала тургансып, дүкөн, үй корукчусуна айландым. Диванда жамбаштап жаткан жаман адат жармашты. Андан көрө Жаннаттын ден-соолугуна көңүл бурбапмын. Жаннат тарсылдап ууртунан жылмайып жүрсө, үнүн шаңкылдатып телефондон сүйлөп турса, ден-соолугу аттай экен деп жүрө берипмин. Ал ушул мен баштаган ишкерликти улантып, бизнестин жаңы багыттарын ойлонуп жүргөнүнө сүйүнүп күүлөнүп жүрө берген турбаймынбы. Сыртынан кебелбегендей сезилгени менен жан дүйнөсү жукарып, ичер суусу азайып баратканын билсемчи. Эс алдырып, дарылатып, карап албайт белем. Балдардын келечеги үчүн Жаннатты сактап кала албадым. Бардык шартты, бизнести түзүп, өзү кете берди.

Бирок адам баласына көп нерсенин деле кереги жок экен. Эгерде кайрадан төрөлүп калсам, акча, мансапка башым менен кирип кетпей, келгис жолго кеткен Жаннаттын ден-соолугуна көңүл буруп жашамакмын. Аны асырап карап, жанын аман сактап калганга колдон келген аракетимди кылмакмын.

Ай, аттиң арман жашоо. Кош, жарыгым, Жаным Жаннат!

# КЫЗЫЛ ЖҮЗ ААРЧЫ



Ноябрь айынын башталышы өзгөчө суук болуп, жылда кеч келчү кыш мезгили эртелеп эшик каккылап кирип келди. Айланада чөптөр саргайып куурай түшкөн. Анын алдынан баш баккан көк чөп не чыкса, не чыкпай турат. Жайлоодон келген малды жайытка айдаган элдин аягы сууй элек. Ала-Буйгадан баш баккан Күн кылычтарын сунса, айылдагы короздор тамактары айрылгыча кыйкырып какылыкташат. Бурулсун айылынын ортосун бөлгөн Кара-Дарыянын суусу тартылып калган кез. Ары- бери өткөн мал-жандыктар тизеге чейин дарыяны кечип, суу ичип жүрүшөт.

Бирок, кечээги күн ушундай болчу. Кечээ эле көчөлөрдөн чаң чыгып, бак-дарактар сары түс болуп турган эле. Бүгүн эрте менен айланага төгүлгөн сүттөй ак түскө бөлөнүп калды. Ичиркейди келтирген токсон тонун жамынып, кылычын кынынан суурул кирип келди.

Кечээ эле аба-ырайы жылуу болуп, кийген кийим жеңил болгон болсо, бүгүн оОздон чыккан булоо терезени буу кылып, адамдар кышкы өтүк, кышкы тон, тумак кийишип, калың жоолук салынды. Кар себелеп, майдалап жаап жатты. Терезенин алдында жашы алтымыштарга таяган Айнуска олтурат. Ойлуу, колундагы кызыл жүз аарчыны кармалап тиктейт. Көзүнөн тоголонгон көз жаш, кара кирпиктеринен ашып бети менен мурдунан ылдый агып, оозуна кирип жатты. Бети-башын нымдаган көз жашты кызыл жүз аарчы менен аарчыбастан, кийген гирбишин көйнөгүнүн сол жеңи менен сүрттү. Мурдун тартып, дагы эле ушул кызыл жүз аарчыны тиктейт.

Кар жааганга үй суук. Мешке койдун тезегинен калап жагып койгон. Муздап калган мештен түтүн бөлмөгө чыгып, кой тезегинин жыты мурунга уруп турат. Үстөл үстүндө эскилиги жеткен, кырлары жышылып жыртылган, өңү кеткен сүрөт альбом. Сүрөт альбом ичинде 35 жыл мурунку түшкөн кээ бир ак-кара сүрөттөр альбомдон ажырап турат. Ажырабаганы араң жабышып тургандай. Өзү эски сүрөт альбом болгону менен ичи жаштык сүйүү жыттанат.

Кийинки чаң баскан бөлмө китеп жыттанат. Айнуска орус тили жана адабияты мугалими. Өзү мугалимдиктен сырткары китеп окуганды жакшы көрөт. Бул чаң баскан бөлмөнүн китеп жыттанганынын да себеби бар. Анткени бул бөлмөдө чакан китепкана бар, полдон шыпка чейин тизилген китептер. Дубалда Сүрөтчү Леонардо Де Винчинин «Мона Лиза» сүрөтүнүн көчүрмөсү илинип турат. Бөлмөнүн ортосунда эскилиги жеткен, сыры сыйрылган тегерек үстөл турат. Жанында кыйчылдаган эки отургуч. Тегерек үстөлдүн үстүндө, Л.Н.Толстойдун «Анна Каренина» романы, Ч.Т. Айтматовдун «Жамийла» повести жатат. Ошолордун ичинен кайталап, жадабай тытып окуганы жогорку классикага айланган эки чыгарма. Айнуска өз тагдырын Анна менен Жамийланыкындай болуп калгандай божомолдойт. Ошон үчүнбү же чебер жазуучулардын бул чыгармалары черин жазгангабы, айтор, ушул эки эмгек китеп текчесинде турбайт. Булар ар дайым окуу үстөлүнүн үстүндө.

Айнусканын уул-келини элге окшоп көр тиричиликтин азабы менен Орусиянын Мирный шаарында оокат өткөрүшүүдө. Алардын бир уул, бир кызы Айнусканын колунда. Неберелерин, малдарын карап, мектепке түштөн кийин үч саат сабак берип кайтмай күн тартиби. Неберелери эртең менен окуйт, ошого эртең менен малды жайгаштырып, аларга чөп салып, үйгө кирип чай ичип олтурган эле. Кар жааганга сандыктын түбүндө жаткан калың тонду сууруп чыгып кийди. Чөнтөгүнөн өзүнө өтө жакын, махабат жыттанган кызыл жүз аарчыга колу урунуп, ошону тиктеп ойлуу отурду. Аңгыча эшиктен:

– Ай, Айнуска! – деп эшигин каккылап ачып, кошуна аял Зуура кирип келди. Айнусканын акыбалын көрүп чочуп кетти.

– Бул эмнеси, эрте менен эле жакшына уй саап жатпадың беле?! Эмне балбалактайсың, жүз аарчы көргөн эмессиңби? – деп кыткылыктап Айнусканын көңүлүн көтөрөйүн деп тийишип, кызыл жүз аарчыны Айнусканын колунан сууруп тартып алды. Ачуусу мурдуна келип калган Айнуска Зуурага ачуулуу кайрылып:

– Эмне калжыңдайсың, тамашанын да чеги болот. Бер жүз аарчыны, – деп кызыл жүз аарчыны тартып алып, төрт бүктөп, кемселинин чөнтөгүнө салды. Мештин үстүндөгү көө баскан алюминий кара чайнектеги кайнаган суудан көк оймолуу фарфор чайнекке курук көк чайдан бир ууч салып демдеп, дасторконго келди. Көк оймолуу пиялага чайдан куюп үстүнө кара уйдун бышкан сүтүнөн куюп сүт чайды Зуурага сунуп:

– Зуля, капа болбо. Бул жүз аарчы жөнөкөй жүз аарчы эмес. Кел, үшүп колуң муз болуп калыптыр. Сүт чайдан ич, – деп кошуна курбусу экөө бири-бирин сооротуп, сүт чайдан ууртап отурганча жылынып алышты. Зуура Айнусканын кошунасы, курбусу, кесиптеши, ал гана эмес сырдашы.

– Айнүш, бул жөн жүз аарчы эмес го. Кызыл жүз аарчы эмне сырды алып жүрдү экен? Жакын курбумду кандай ойго салды экен? – деп суроо салды.

– Мейли, Зуля, айтса айтайын. Эң оболу ысык сүт чайдан ичип жылынып алчы, колуң абдан үшүп, тоңуп калыптыр», – деп мештеги кой тезегинин күлүн түшүрүп, кайрадан мешке тезектен калады. Жай олтуруп узакка созулган кызыл жүз аарчы баянын баштады.

* * *

80-жылдар, Москва шаары. Көктөн күткөн тилегим орундалып, максатым ишке ашты. Жогорку окуу жайга, болгондо да Москва шаарындагы институтка өтүп кеткениме ишенип, ишенбей турдум. Москва шаарынын климаты нымдуу келип, ысык жерде жүргөн жаным, дароо сасык тумоо жармашты. Жатаканадан орун алганбыз. Индус Чондра аттуу кыз экөөбүз бир бөлмөгө жайгаштык. Чондра кайдагы чөптөрдү кайнатып ичирип, тердетип адам кылып, институтка барганга бутка тургузуп койду. Дал ошол окуядан кийин Чондра экөөбүз жакын курбу-курдаш болуп кеттик. Аны бир карасаң, биздин Бурулсун айылыбыздагы үйдүн бурулуш жеринде жашаган кошуна Тунук эженин Гүлсүн деген кара тору кызы бар го, ошонун дал эле көчүрмөсү. Тооба кылам, дини, тили башка индус кызы кыргызга окшоп калабы,

деп. Чондра экөөбүз бүт убактыбызды окууга жумшайбыз, институт, китепкана, жатакана.

Алты айлык, анан биринчи семестрди толкундануу менен ийгиликтүү тапшырып алып, айылга каникулга барып эс алып келдим. Чондра шартына жараша каникулду Москвада эле өткөрүптүр. Биринчи курсту бүттүк, кийин экинчи курсту бүткөн жылы Москвадагы кыргызстандык студенттердин салтанат кечеси болот деп кабарлашты. Демейдегидей эле эч нерсе менен капарым жок жөнөдүм. Эки жыл окуп ушунча кыргызстандык жарандар Москвада окуурун билбепмин. Менин бул кемчилигимби же баёолугумбу, кантсе да башкалар менен жакындашуу, таанышууга өтө деле белсенбей турдум. Бир бурчта тартынып жашылча, жемиш аралашкан салаттан жеп отургамын. Кайдан-жайдан жанымда чыкыйган, шымынын кыры чыккан, атырды төгүп себинген, таң калдырткан бут кийимсиз ак байпакчан бир инсан алдымда кайыбынан пайда болду. Мен отургучта отурган абалда болгон үчүн бетин батынып карай албадым. Колунда роза гүл кармаган мырза гүлүн менин колума кармата салды. Роза гүлүнүн тикенеги колумду сайып оорутуп жиберди. Ачуум келе түшкөндө бут кийимсиз жигит тизелеп отура калып:

– Күнөөлүүмүн, кечиресиз. Эмне кылсаңыз өзүңүз билиңиз, калпыстык кылдым, – деп француз легионерлери сыяктуу башын ийкегенге жарылып күлүп жибердим. Ачуум күлкүгө айланып:

– Эч нерсе эмес, он тогузунчу кылым болгондо башыңыз кетмек, жаныңыз аман калды, барыңыз, бошсуз, – деп жолго салсам, эч көнбөйт. Карыз доолаган доогерден бешбетер жулунат, акыры айлам кетип:

– Байболгур, отуруңуз, ачык айтып, ак сүйлөңүз. Мени тынч коюңуз, шылуундугуңузга тан бердим, бирок мен мындай чукул бурулуштарды, романтиканы өтө эле кабылдай бербейм, – деп жазылып сүйлөп калдым. Байпакчан студент:

– Жарайт, болгонун болгондой, турганын тургандай төгөйүн. Тээтиги кара костюм-шымчан кореецке окшогон толук кыргыз менин кан досум. Факультеттин жылдызы, сиз менен

таанышууга ынтызар. Бул тикенек баскан роза гүл ошол инсандан. Аты Сагын, каршы болбосоңуз, кыргыз Ромеосун бул жакка чакырайын, – деп булбулдай сайрап, бейтааныш Сагынды жаныбызга чакырды.

– Амансызбы, ала-тоолук ак куу. Жалгызсырап олтурганыңызга жол болсун. Тынчыңызды алган шок досум Мамбетти мен жөнөттүм, жан соога. Анан өзүңүз четте жалгыз отурганыңыздан таанышууну эп көрүп, сиз менен таанышууга батынбай досумду чалгынга жөнөттүм. Сулуу кыз, капа этпеңиз, – деп ар бир сөзгө басым жасап, чийилген каштары, кара деңиздей каректери менен мага бүгүлө тиктеген бойчон, ак жүздүү, өңү сүрдүү Сагынды көргөндө ала-гүү боло түшүп, өпкөм опколжуп, көңүлдөр өрдөк болуп көккө учуп, кыялдар кайык болуп толкуган көлдө сүзүп, жамалым жаркылдап жанып, түндөр күнгө айланып, асманды колума кармап, жылдыздарды таш тергендей топ таш кылып терип, көөдөндө көгүчкөндөр уялап вальска түшүп, чуркасаң чарчабаган, жүрөгүм жүргөн сааттай тыкылдаса да, эңсөөм эңкейип, санаам салаңдап, каалоом калчылдаган оомал-төкмө жаштыгым жаркылдай түшкөндөй болду. Жалтылдап жанып турган кезде өзгөдөн башка, маңдайы кашка, жолоочусу баатыр, колдоочусу кызыр, алды аска, үстү жалын, капталы калың, басканы ылдам, көз карашы өрт, өмүр бою күткөн, кыялымда сүйгөн, эркеп эстеген, жүрөгүмдүн кабы, оттун табы, жаанын сабы, мен күткөн, көңүл эңсеген, тамырдай талпынган, мен үчүн жароокер инсан, мырзалардын мырзасы, жашоомдо бүркүт болуп бийик учуп, барчындай болуп көздөрү жалтылдап, жашоомо чагылган болуп Сагын мага жарык тартуулап кирип келди.

"Бул бейтааныш кыргыз кызын көргөндө көңүлүм жай албай, таанышууга ашыгып, бирок капыстан кагып койсо иренжип калбайын деп шум досум Мамбетти жөнөттүм. Алдына келип жүзүнө тигилгенде, ааламга учуп айдыңдарга качып кетейин деп токтоп, чубалжыган булут болуп чубалып батыштан чыгышты көздөп согуп шамал болуп, эсимди тапсам эбим келбей, сөзүмү тапсам тилим булдурап, токтоо пейлим шаңданып, алыстан күткөн тууганыңды сагынгандай, көөдөндөгү алсыз кубаныч башта-

ла электе эле аруу сезимдердин мас абалы денемди шалдыратып, алдуу жанымды алдыңа алсыз сакмалдагы козу кылып, катар тизилген кабыргаларым катары бузулуп шалдайып, айтар сөзүмдү таппай, алымдын болушунча баса сүйлөп бакадай бакылдап, сагызгандай шакылдап кирдим" – деп ой сезимдерине Сагын чулганганын айтып бергени эсимде.

Сагын менен Москвадагы биринчи жолугушуум ушундай болду. Эки жылдык тынч жашоом токтоп, кийинки студенттик от жашоом Сагын менен уланды. Үчүнчү курсту аяктаган жылы Сагын туулуп өскөн Сары-Булак айылынан отуз чакырым алыс жайгашкан чөп чабыкка студенттик отряд тобуна кошулуп жөнөгөнүмдүн себебин өзүм да билбей калдым.

Жай мезгили, шаарда күн ысыктыгы, аптаптын табы мээни куйкалайт. Чөп чабык белде салкын шамал жамалыңды сыдырып, салкын аба-ырайын тартуулайт. Бир аз ылдыйда, өйдөдөн аккан булак суусунан топтолгон саз айдыңында адам боюн бекиткен камыш жайнайт. Камыш арасынан чыйпылыктаган чымчыктар сайрап учса, саз суусунда соймолоңдогон суу жыландар үшүңдү алат. Камыш колот белинде, Ак-Таштын ылдыйында биздин сары-жашыл чатырлар катар-катар тигилген.

Камыш колот чөп чабык белге студенттер жылда келчү. Жылда айылдан айран, сүт, каймак, кымыз сурап ичишчү. Анысы негедир мага анчалык кызык, анчалык маанилүү эмес болчу. Быйылкы студенттик отряд мен үчүн өзгөчө маанилүү, өзгөчө кымбат болчу, анткени алардын арасында, Кыргызстандан таппаган арзуум, Москвадан кездештирген Айнуска бар эле. Анысы аз келгенсип, момунтип биздин айылдан узак эмес жерге өз каалоосу менен Айнусканын келишине жан дүйнөм өзгөчө кырдаалга тушукту. Үй-бүлөбүздүн чоң баласы болгон соң, ал гана эмес чоң атам Бердалинин карашарга адамы, чөп орушарга күчү болбогонго эки үй-бүлөгө чөп оруу, чөп чабык маселеси ошол жылдары менин моюнумда экени айтпаса да эси бар, намысы бар инсанга жетиштүү болчу. Күндүзү өзүбүз менен чоң атама чөп чабык менен алектенем. Эки колум чалгыда болуп, эки көзүм белге жеткен чөптү караганы менен кыялым кыяк чертип, жүрөгүм ка-

бынан оргуп чыгып, оюмдагы ой толгоом канаты бар учкан атка минип Айнусканы көздөп учат. Чөп "шырт" этип жерге кулайт, качан гана чалгым адашкан караганга сайылганда чекеден аккан тер мурдума таамай тамып, жерде жүргөнүмдү сездирет. Элеңдебей чалгымы ташка таяп, теше менен теримиш болуп чындык жашоого аралашып кеч киргизем. Күүгүм киргенде чалгыны чатырга илип, айран аралашкан аталага көмөч нандан тууРап, жыгач кашык менен шаша-буша ууртап алам. Кирза өтүгүмдү чечип, сасыган пайтоо ороомду алмаштырам. Булак суусуна бети-башымды, буту-колумду көкүрөк аралаштыра чайкап, отуз чакырым алыс жайгашкан камыш колот чөп оргон тонначы студент отрядын көздөй атымды минип чаап жөнөйм. Түн оокумда кирип барып, айдай сулуу Айнускама жолугуп, дөңдөгү чөмөлөлөрдүн жанында Ай жарыкта түнкү саат үч-төрткө чейин сүйлөшөбүз. Кыялдарга батып кеткенде жөн эле унчукпай, мээлүүн соккон шамалга жүзүбүздү тосуп убакыт өткөрөбүз. Кадыресе колубузду да кармабайбыз. Жанаша отурганыбыз менен аалам планеталары өз сызыгынан чыкпагандай биз да өз сызыгыбыздан чыкпайбыз. Бирок, ошол беш карыш алыстыкта отурсак да төбөбүзгө конгон бактыбызга балкып, дүйнө байлыгынан да кымбат, аары балынан таттуу, Күн нурунан жарык, вулкан атымындагы чоктон ысык сезимдерибизге баш ийип, ошонубузга бактылуу болуп, таркап кетчүбүз деп Сагын кийин көп эскерип айтып жүрчү.

Кийинки жолугушууну эңсеп, кеч кирүүсү азап болуп, чөп чабык сезону бүтүп Москвага кайтар мезгилде Сагын үйүнө "конок болуп кеткиле" деп курбу кызым экөөбүздү конокко чакырды. Эч жаман оюм жок Мадинаны ээрчитип, Сагындын үйүнө конокко кечки чөп чабык бүткөн маалда кирип келдик. Сагындын апасы бизди кубанып жакшы тосуп алды. Ал гана эмес "келин болчу кимиңер" деп тамашага салып, конок үйгө киргизди.

Сагындын апасы Күлүйпа Айнуска менен Мадинанын урматына деп короодогу тооктордун ээсинин бири, көчө короздорунун атаманы, пайчасы жер шыпырган, папиги тикчийген сыланган корозду сойду. Тоок шорпону узак кайнатты. Экинчисине деп кол бала кылып, кой куйругунан аралаштырып манты түйүп сыйлады.

Сагындын атасы Шермат ээр жасаган колу усулдуу уста. Уулунун Москвадагы курсташтары келди деп айтылганга устаканасында чаап жасап жаткан ээрди коюп, эки мейман кызга табылгыдан белек жасоого киришти. Айнуска менен Мадина мейман болуп Сагындын үйүндө жатып калышты. Сагын менен Айнусканын мамилесин аңдаган Күлүйпа баарын түшүнүп, ою ар жакка чаржайыт болуп бөлүнүп турду.

Айылдын ажайып таңы атты. Абанын тазалыгы, Сагындын ата-энесинин карапайымдыгы жана меймандостугу кыздардын дене боюн сергитип, алар кечирээк турушту. Чайга олтурган маалда Шермат табылгыдан даярдалган эки сувенир сандыкчаны конок кыздарга алып кирди. Жалындаган каалоо-тилектерди айтып, кыздардын маңдайынан өөп, белегин тапшырды. Сагын атасынан озунбай, атасы белек берип бүткөн соң Мадинага жыгачтан оюлуп колго жасалган бугуну белек кылды. Айнускага энесинен эстеликке калган күмүш билерикти билегине такты.

Айнуска чөп чабыкта жүрүп, бош убактысында кызыл слан материалды тегеретип илмек кылып, кеште чыгарып тигип туруп, жүз аарчынын бурч жагына ийнеге сары жип менен “С+А” деп ысымдарынын баш тамгаларын билинер-билинбес кылып оймо кылып түшүрүп, сары майдай сактап жүргөн. Убакыт сааты чыкканда Сагынга белекке берем деп максат кылган болчу.

– Сагынды сүйөрүмдү анык билчүмүн, анын да мени сүйөрүн сезчүмүн, бирок, батынып бири-бирибизге айта алчу эмеспиз. Ошол себептен жүрөгүмдөн чыккан арзуумду кызыл жүз аарчыга түшүрүп, ушул белек менен Сагынга болгон арзуумдун белгиси катары Сагынга кызыл жүз аарчыны кармата салдым, – деп Айнуска Сагынга кызыл жүз аарчыны белекке бергенин Зуурага айтып берди.

Учурдан пайдаланып Күлүйпа Айнусканы өз бөлмөсүнө алып кирди. Шып чилампадан жасалып акталган, терезелери карагай жыгачтан жасалып, сырлары сыйрыла баштаган, терезе алдында лилия, геран, кактус, алоэ үй гүлдөрү бөлмөгө өзгөчө көрк кошуп турат. Төрдөгү сандыкта тизилген баркут көрпөлөр, жанында тизилген көрпө-төшөктөр шыпка жете жыйылган. Дубалда чий

баркутка бугулардын сөлөкөтү оймо менен түшүрүлгөн туштук илинип турат. Анын алдында эскилиги жеткен сандык чоң темир кулпу менен бекитилген. Жерге ала кийиз менен шырдамал салынып, бөлмөнүн төр жагында колго согулган кочкул кызыл түстөгү Чоң-Алай килеми салынган бөлмөгө кирдик.

Күлүйпа эженин ыраңы серт келип, бир жаман кабар айткандай түр көрсөтүп турганы, бетиме муздак суу сепкендей болуп, кечээги жана эрте мененки төбөмдөгү жакшы маанайым байпагыма түшүп былчыйып калды.

– Айнуска, өзүң жакшы, эстүү кыз көрүнөсүң. Сагын сени “келин кылып калайын” деп кеңеш салды. Кыз макулбу деп сурасам, “макул болсо керек, бир жылдан бери сүйлөшүп жүрөбүз” деп айтты. “Турмуш куруу жөнүндө бири-бирибизге болгон арзуубузду сезсек дагы оюбузду ачык айта элекпиз” деди.

Менин сунушум, силер эми үчүнчү курсту бүтүрдүңөр. Дагы эки жыл окуп, дипломду колго алып, андан соң баш кошкула. Азыр сага Сагын “үйлөнөбүз, үйдө кал” деп сунуш кылганы турат. Сен менин сунушумду макул көрүп, ага каршымын деп айт. Окууну бүтүрүп ошондо ойлонуп көрөйлү де. Бирок, мени менен сүйлөшкөнүң сыр боюнча калсын», – деди Күлүйпа.

Күлүйпа эженин шакылыктап сүйлөгөнүн тиктеген абалда катып калдым. Андан аркысын элес-булас билем. Өмүрүмдө жалган сүйлөбөгөн жаным Сагынга ушул минутада турмуш курууга макул болсом да оозум кыйшайбай жалганды ышкыртып салдым. Сагындын от жүрөгүнө суу сээп, илгери үмүтүбүзгө балта чаап, азыр турмуш куруугa каршымын – деп колубузга конгон бакыт кушун асманга кое берип, өз колум менен учуруп жибердим.

Жеңил унаада Фрунзе шаарына жеткичекти көзүмдүн көз жашы токтобостон төгүлүп агып, санаа тартып келдим. Мадина сооротумуш болуп, аракет кылып, окуянын жөн-жайын уккан соң мага кошулуп бышактап ыйламсырайт. Шоопур айнек үстүндөгү күзгүсүнөн бизди бир карап, жолду бир карап отуруп Фрунзе шаарына жетип келдик.

Айнуска сыртка чыгып кетип жарым сааттай жок болуп, негедир эшиктен сабыры суз кирди, анын себебин Сагын түшүн-

бөдү. Тамак ичилип бүткөн соң кышкы алманын түбүнө апасы чакырып, Айнусканы алып качып келдим, жоолук салып батаңызды бериңиз, куда-сөөк тарапты күтө турайлы деген анын сунушуна апасы каршы чыгып, бирөөнүн кызы этиятта, макул болсо жоолук салайын деди. Сагын Айнусканы эшикке чакырып чыгып: "Баш кошобуз, эски салт боюнча сени алып качып келдим. Апам кирип ак жоолук салып, атам экөө батасын берет, сен макулдугуңду билдирип ата-энеңе макулдук кат жазып бер" деп шаңыраңдап ишенич менен айтты. Айнуска жер тиктеп: "Жок, азыр эмес, сабыр кыл, чыдай тур, дипломду колго алайлычы" деп жалдыраганына көнбөй көгөрүп, каршы үн катты.

"Тулку боюм титиреп, мен билген, мен сүйгөн, мен асыраган, мен тандаган Айнуска эмес эле. Өңү башка, түсү башка, көңүлү башка, карааны башка Айнуска эсимди оодарып, чырпыктай жанымды чыбык менен чапкылап, абийиримди балчыктай тебелеп, ар-намысымды алкымымдан бууп, тоодой беделимди топуракка булап, мендик болбой үйдөн чыгып кетип жатканда калың кадырымдын, калдайган ата журтумдун, тоодой тага журтумдун алдында тоголонгон топ болуп калганыма нары арыма келип, бери кам иш кылганыма чөк түшүп, алманын түбүндө дендароо нес абалда калдым. Бир гана үмүт Айнуска берген кызыл жүз аарчы. Ошол жүз аарчыны бир карап, кара курткамдын көкүрөк чөнтөгүнө көңүл иренжип тыгып салдым", – деп Сагын кийин айтып бергени дале эсимде.

Москва шаары. "Шереметьево" аэропортуна Фрунзе-Москва багытындагы учак конуп түштү. Караңгы түн болгон менен аэропорт айланасындагы панар жанган жарыктык айлананы күндүзгүдөй жарык кылып, баардыгы даана көрүнүп турат. Айнуска менен Мадина таксиге олтуруп Москва шаарын көздөй бет алышты. Заманбап катар тизилген бийик үйлөр, таза кенен жолдор, бойлору узун, чачтары сары, көздөрү көк, өңдөрү куу жүздөр. Айнусканын жараланган жүрөгүн алаксытып кечээги чөп орук, Шермат аке менен Күлүйпа эженин сыйы, Сагындын "түтүн булатып, үй-бүлө курайлы" деген сөздөрү түш көргөндөй эле болуп көрүндү. Өмүрүнүн эң таттуу мезгилин өткөрүп жаткан дүйнөдө-

гү эң кооз шаарлардын катарын толуктаган Москва шаары өзүнүн керемет деми, ылдам жашоосу менен шаңдантып тосуп алды.

* * *

Кыргызстан, Сары-Булак айылы. Күркүрөгөн кооз күз келип, жерде дарактардын кызыл-сары жалбырагы жайнайт. Бак дарактар, бадал-теректер, күз мезгилинин шааниси менен жазда кийген жашыл көйнөктөрүн, сөгүлгөн көйнөктөй чечишти. Сөөктөрү гана калган скелеттей сөлөкөттөрү калып, дырдай жылаңачтанышты. Кана эми кыш мезгили кел, ак тонуңду бер дешип ары-бери өткөн адамдардан уялгандай түр көрсөтүп калган маал келди.

"Салиеву Сагын Шерматовичу" деп жазылган райондук аскер комиссиариатынан чакырык кат Шермат акенин үйүнө келди. Күлүйпа эже акыркы үч жылдан бери ушундай чакырык кат алат. Москвадан Сагын институтта момунча курста окуп жатат деп маалымат кагазын алып жөнөтөт. Аны аскер комиссиариатына тапшырат. Бул жылдагы көрүнүш болчу. Бул жолу да Сагын каникулга келе жатып, маалымат кагазын ала келген.

Чакырык катты көргөн Сагындын ичинде жаңы ой пайда болду. Айнуска сунушун четке каккандан кийин өзүнө болгон ишенбөөчүлүк күч алды. Өзүн алсыз эркек ойлоду. Аскерге болгон чакыруу кагазын Сагын жашоосундагы татаал тагдырдын, өтмөк өмүрдүн дагы бир даңгыр дарбазасы иретинде кабылдады. Аскерге барып мекенге кызмат кылам деп темирдей чечим кабыл алды. Шермат менен Күлүйпа эси кеткиче соодалашып, көндүрө албай, айлалары кеткенде эки топ союп, тандырга нан жаап, бышкан кызыл нандан Сагынга чекесинен бир тиштем тиштетип, нанды жипке илип чоң үйдөгү дубалга илинген килемдин үстүнө мыкка илип, ыйлап-сыктап аскерге узатышты.

Сагындын аскерге кеткенин уккан Айнуска таң калды. Өзүн жана Күлүйпаны күнөөлөдү. Жөнөкөй жашоону өздөрүнүн колдору, пейилдери, балким түшүнбөстүктөрү мененби татаалдантып жибергендерин өздөрү байкаганы менен моюнга алышпады. Сагын катуу таарынганбы же арзуусу бүттүбү деген божомол Ай-

нусканын көңүлүн буза баштады. Анткени мекендештер бириккен кечелерде Кабулдагы Сагындан кат келип жатат, тигини, аны сураптыр деп кеп кылышканда мизи курч канжар Айнусканын жүрөгүнө матырылып сайылып, канжардын учу далысынан чыгып жүрөк булчуңдарын талытып ооруткандa же канжарды суурyй албай же Сагынды унута албай, ортодо кыйлага бушайман болуп, жүрөкзаада болуп жүрдү. Анткени, Сагын аскерге кеткенине бир жарым жыл болсо да чыгынып, бир жолу Айнуска кат жазбады. Анысын же Айнуска түшүнбөдү, ортодо байкуш жарадар, кансыраган жүрөктөр азап чегип, кош жүрөк болуп бирикпей, бош жүрөк болуп ортодогу ажырым акырын ортодо мээлүүндүккө, ишенбөөчүлүккө айланып баратты. Аны булар сезбеди, алар таарыныч иретинде ар кимиси бири-бирин күнөөлөгөнгө өтүп алышты. Ал антпегенде мындай болмокко өтүшүп, курч миздери мокогон балтадай отун жарганга жарабай калышты.

* * *

Кыргызстан. Бурулсун айылы. Айнуска дипломду колго алып айылга келди. Ата-энеси козу союп, элден бата алып берейин деп айыл аксакалдарын, мечиттеги кары аке, сопу-молдолорду, колу-коңшуну, жакын жердеги тууган-урукту чакырган. Шорпо, аш кирип, жарымдан жилик тартылып, жамаат бата берет дегенде бата аларга Айнусканы чакырышты. Дасторкон тегеректеп отурган чогулган элдин алдына башына ак жоолугун салынып Айнуска кирди. Жаш-карысы, молдо-сопусу, эркек-аялы кошулуп Айнускага суктанышты. Кечээги балчыкта чоңойгон, Кара-Дарыя суусунан көк эшекке эки пилакти эки жагына өңөрүп суу ташыган, учкуч боломун деп жардан секирип маңдайы жарылып далайына шылдың болгон Айнуска эмес, алдыларында Соң-Көлдөн кыштап учуп келген, моюну созулган ак куу турду. Көздөрү карагаттай кара, каштары эгин талаадагы буудайдай коюу, бети толгон Айдай жапжарык, чачтары кашка уйдун куйругундай жерге жетип турат. Дене келбети Обо энебиз менен Адам ата экөө Жараткан каршы болгон бакка киргенге чейинкидей кооз турпатындай. Арасында кыйласынын Айнускага назары түшүп калды.

Бурулсун айылына тез эле Айнусканын сулуулугу тарады. Куда түшкөндөрдү узата берип Айнусканын ата-энесинин айласы кетти. Алдына бара беришип тажаштыбы же Мажит мырзалык кылдыбы же Айнусканын багын ачтыбы же балта чаптыбы, айтор, ойлонуп тоону омкорбой Айнусканы алып качып келип төркү үйгө киргизип, босогого токсонго чыккан энесин жаткызып, койлорду тооктой союп, айыл аксакалдарын төргө чокчойтуп отургузуп, койкойгон колдоруна жиликтерди карматып салды.

Айнуска ыйлап-сыктап, отурбаймын деп эч көнбөдү.

– Кыз таш түшкөн жеринде оор. Кыздын барар жери күйөө, Мажиттин ата-энеси айылдын аттуу-баштуу үй-бүлөсү, – дешип Мажиттин жеңелери анын шаштысын алышты.

Сагын эки жыл ичинде кат жазбаганына, ага үйлөнөр же үйлөнбөшүнө толук ишене албай турду. “Эгер азыр Мажиттин үйүнөн чыгып кетсем, Сагын аскерден келип мага үйлөнбөй калса, ак атым караланып жаманатты болуп калбайын” деп түйшүк тартып, Сагынга болгон күмөн саноосу күчөп, башын шылкыйтып, айласы кетип отуруп калды. Айнусканын артынан кууп келген Мадина дароо Сагынга Кабулга кат жазып жөнөттү.

* * *

Афганистан, Кабул шаары. Кат Сагынга жетти. Алар аскер достору менен Кыргызстанга жөнөйбүз деп кубанычка кучак толуп майрамдап жаткан кез эле. Ушул күнү СССР коргоо министри Соколовдун буйругу чыккан күн болчу. Үстөл үстүндө «молодой», «черпак», солдаттар даярдаган даамдар, суусундуктар. Береткаларды баштарына мингизип, көкүрөк толо жылдыздар. Өтүктөрүн гармошка кылып ийишип, кара крем менен жылтыратып майлап, пайтоо менен күзгү кылып аарчып салышкан. Моюндарындагы кечээги жакаларын тытып ыргытып, жаңы ак шейшепти кайчы менен кыркышып, тегиз кылып жака кылып тигип алышкан. «Электроника» магнитафонунда Тото Кутуньёнун «Лашанта ми Кантало», Сабринанын «Бойз, бойз, бойз», Модерн Толкинг тобунун «Ёр вумен, Ай эм мен» Си-си Кейчтин,

Жойдун, "Мираж" тобунун хит ырлары жаңырып, дембел солдаттар сайрандап бийлеп, ырдап жатышты.

Сагын чет бөлмөгө кирип Мадинадан келген катты ачып окуп кирди. Айнусканын Сагынды күтпөй турмушка чыкканын окуганда башы зың этип, көзү караңгылашып, кулак-мурдунан түтүн чыгып кеткендей эле болду. Дем алайын десе мурдунан өпкөсүнө аба жетпей, колу-буту баш бербей шалактап, жүрөгүндө жер титиреп жарака кетип жарылып, жаракадан аккан кызыл кан ичин, көкүрөгүн ачыштырып, төбөсүнө чыгып, мээсин айланып өтүп жүлүн менен ылдый шуу деп түшкөндө “Айнуска-а-а!” деген бакырык оозунан чыгып кетти. Айнускасы колунан чыгып кетти. Койнунан да, канынан да чыгып кетти. Жүлүнүн жулуп кетти. Сүйгөнүнүн турмушка чыкканын окуган маалда ордунда тура албай, ботосун жоготкон төөдөй далбастады. Айнуска Сагынды күтпөй турмуш курганын элестетип, жинди болуп калайын деди. Кара жер катуулугунан аны көтөрдү.

Жанына келип калган жолдош баласы катты колунан алып окуп, иштин жайын түшүндү. Эки жүз граммдык кырдуу стакан толо арактны куюп, Сагын экөө так көтөрүп ичип жиберишти. Ачуу басар, арман басар кылышты.

* * *

Кыргызстан, Сары- Булак айылы, кеч күз. Армиядан жаңы эле келген Сагынга деп кара кочкорду союп, элди чакырып түлөө өткөрүштү. Эки жыл мурун бир тиштелип дубалда илинип турган нанды Сагын шорпого туурап ичти. Туугандар менен сурашып, келген элдин батасын алды.

Эл тараган маал. Аскер кийимин чечип, армияга чейинки кийимдерин, кара курткасын кийди. Чөнтөктөгү бир буюмга колу урунду. Сууруп чыкса, Айнуска белекке берген кызыл жүз аарчы. Жүрөгү зырп этип сайышып кетти. Баягында Айнуска турмуш курууга макул болбой, бирок, “диплом алганда үйлөнөйлү” деп ушул жүз аарчыны берген эле. Ачуусу менен чөнтөккө тыгып коюп, андан кийин армияга кетип, жүз аарчыны ошол бойдон көргөн эмес, ачып караган да эмес.

Кызыл жүз аарчыны эки колу менен жазып, мурдуна жакындатып жыттап, Айнусканын жытын бир эстеп, жүз аарчы бурчундагы оймо менен түшүрүлгөн жазууга көзү илинди. Көңүл буруп караса, "С+А" деген жазуу турат. «С» дегени Сагындын ысымынын баш тамгасы, «А» дегени Айнусканын атынын баш тамгасы болчу. Сагындын ичиндеги бугу буулугуп, кусалыктын, аргасыздыктын, армандын көз жашы эки көзүнүн ичине толуп, ашыпташып тоголонгон көз жаш кер мойлоосун нымдап өтүп, ээгине, андан моюнуна таамп жатты.

Айнусканын сырын билбегенине, түшүнбөгөнүнө өкүндү. Кызыл жүз аарчыны ошондо мыжыгып кара курткага тыкпай ачып караганда, өткөн өмүрүнүн таржымалы башкача болмок деп арман кылды. Аскерден Айнускага кат жазып турмак, балким аскерден калып окууну чогуу аяктап, дипломдорду колго алып, экөө келип үйлөнмөк. Өмүр пленкасын аркага айлантып, жашоосунун багытын ошондой нукка бурсам дейт. Атаңгөрү, арманы аттын башындай болду. Себеби, өмүрдү аркага айлантып, мына минтип ушул жерин оңдоп кайра жашадым деген инсан жок. Кайран өткөн өмүр атылган ок, аккан дайра артына кайтпасын билсечи, ай, арман жашоо, ай, кызыл жүз аарчы. Ушул абалда ойлуу отуруп калды.

Кызыл жүз аарчыны ойлуу кармап олтурган Сагындын тынчын үйдөн чыккан Күлүйпа апанын чакырыгы бузду. Үйгө кирсе телефондон шаар аралык коңгуроо болуп, Фрунзе шаарынан Иван Семенович аттуу мырза сурап жаткандыгын угуп сүйүнүп кетти.

– Сагын, здорово братишка. Сколько лет, сколько зим? Что пропал то? Мы тут тебе работу подискали. Нашему заводу нужен инженер. Я предложил нашему генеральному директору твою кандидатуру. Все таки выпускник Московского ВУЗа. Он одобрил твою кандидатуру. Давай выезжай, с приказом по приезду ознакомишься, – деди эле Сагындын кулактары радардын локаторуна окшоп делдейип калды. Өзү сүйүүнүн калемпирдей ачуу, темирден катуу, жан чыдагыс күйүтүнө чүмкөнгөн жуурканынан суурулуп чыкты. Үмүт шатысына жармашып, туннелдин ары жа-

гында күтүп турган бакытты көздөп талпынып, капыстан келген таалайына тумчугуп, оозуна толгон шилекейин жутунуп:

– Здравствуй, Ваня. Я тут родителям по хозяйству помогал. Не ожидал, что так быстро с трудоустройством сложиться. Спасибо Семеныч, завтра же выеду, до встречи, спасибо что выручил, – деп капалуу отурганда жакшы кабар угуп, үзүлүп бараткан үмүтүнө, соолуп бараткан көчөткө суу тамчылап жандангандай, ыйлап отурган жаш балага момпосуй бергендей сүйүндү. Кийимкечесин, документтерин иреттеп жолго даярдык көрдү. Ата-энесинен ак бата алып, Фрунзе шаарын көздөй жөнөп кетти.

* * *

Фрунзе шаары, арадан эки жыл өттү. Сагын жетпеген сүйүү арманын, сүйгөнүнө жетпеген азабын, сүйүү ишеничине арзыбаган ич күптүсүн, заводдун тынымсыз ишине алаксып иштеп кирип кетти. Уйкусу качкан күндөрү заводдун жетекчилигине буйрук чыгартып, күнү-түнү тынбай иштеп жатты. Жумушчулар, жетекчилер арасында тез эле кадыр-баркка ээ болуп, темир ширетүүчү цехте мастер болгон болсо, эми башкы инженер болуп дайындалып, жумушундагы ээлеген кызматынан өйдөлөдү.

Цехте кызуу иш жүрүп жаткан,

– Завод сыртында Сагын Шерматовичти бир сулуу айым күтүп турат, – деп күзөтканадагы жаңыртып берүүчү колонкадан чакырыкты угуп калды. Сагын эч нерсени ойго албай жумуш боюнча буюртма бергендер, муниципалдык кызматкерлер, массалык маалымат каражаттарындагы журналисттер көп келүүчү, ошолордун бири го деген божомол менен күзөтканага келди. Келсе Айнусканын досу Мадина турат. Мадина чачтарын жазып, заманбап кызыл түстөгү жарашыктуу костюм-юбка кийип какаят. Бутуна жарашыктуу өтүк кийип, италия моделдериндей болуп турганын көргөн Сагын таң калуусун жашырбады.

– Кайсы шамал айдады борбор калаага, Мадина сулуу? Москва тынч ордунда турабы?

– Сагын, амансыңбы? Москва, баягы Наполеон басып киргенде аскерлер шаарды таштап качкандай, жаз жарыш болуп, эс алуу

күндөрү шаардыктар дачасында болуп, жымжырттык орун алса, иш күндөрү метро, электричкаларда бут коёрго орун жок болгон мегаполисте ар ким өз тиричилиги менен алек болгон жашоосу уланууда. Фрунзе шаары атагы чыккандай чындап эле жашыл шаар экендигине макул болдум. Жол бойлой бак- дарактарга бай экенсиңер. Өзүң канттиң, депрессиядан чыккандырсың, ыраңың жакшы, кебетең көрктүү го.

– Айла барбы, алтыным. Жыргаганымдан койчу болгон жокмун, деген экен койчуман. Өлбөгөн жанга да жаз келет болуп, заводго ишеним көргөзүп Семеныч жумушка тартканы, чөккөн кайыкты куткаргандай эле жаңы дем менен ишке берилип, алаксып кеттим.

– Семеныч дейсиңби, бизден эки курс жогору окуган рыбачылык жердешпи?

– Туура, дал өзү.

– Мени жолуктуруп койбойсуңбу. Менин ата-энем карыдык, эми же элден жок, же эрден жок болбой, Кыргызстанга кел дешип, телефон менен сүйлөшкөн сайын кулагыма куюп коюшту окшойт.

– Макул, жүр, – деп Мадинаны ээрчитип Иван Семеновичке жолугушту. Мадинаны заводго жумушка алышып, жатаканадан орун берилди.

Арадан эки күн өтпөй Сагын Мадинаны өрлүктөп, жаңы конушун куттуктап келди. Дагы бир себеп, жумушка буйрук чыкканга эки сүйүнүчтү бириктирип, Мадинанын көңүлүн кичине көтөрүп коёюн деп чечти. Шоколад, гүл, совет шампанын көтөрүп вахтадагы орус кемпирден уруксат алып, Мадинанын бөлмөсүнө кирип келди. Мадина Москвадан алып келген сүрөттөрдү дубалдарга илип коюптур. Сүрөттөрдүн ичине Москвада жүргөн кездеги студенттик сүрөттөрдү кыстарып салыптыр. Васнецовтун «Три богатыря»деген сүрөтүнүн дубалга илинген көчүрмөсүн тиктеп, бурчуна Айнуска менен Мадинанын Кызыл Аянтта түшкөн сүрөтүнө үңүлүп тиктеп туруп калды. Бүтүп калган жүрөгүнүн жарасы бир тилим кесилип чыз этип көкүрөгүн бир оорутуп өтүп кетти. Кийим илчү шкафынын жанындагы дубалга,

Левитандын «Алтын күз» сүрөтүнүн көчүрмөсүн илип, бурчуна Москва дарыясындагы теплоходдо Мадина, Сагын жана Айнуска үчөө түшкөн сүрөттү кыстарып коюптур. Сагын сүрөттөрдү тиктеп жатты. Мадина дасторконду үстөлгө жая салып, даамдардан коюп жатты. Сагынды үстөлго тамакка чакырды. Ысык чайга кумшекер аралаштыра уурташып, шампанды ачып, куттук тосттор айтылып көңүлдүү кечти улашты.

Сары-Булактан келгенден бери жамааттагы бардык шаан-шөкөттөрдөн качып, катышпай жүргөн. Моминтип Айнусканын жакын курдашы, Москвада чогуу окуган курсташы Мадинанын заводго жумушка киришин, жатаканадан орун алышын куттуктап кыйла чер жазышты. Чогуу өткөргөн студенттик доорду, Айнусканы эстешти. Ошентип завод иштери, өткөн студенттик байланыш менен Сагын менен Мадина ынак дос-курбу болушуп, мурдагыдан бетер жакындай түшүштү. Экөөнүн Фрунзе шаарында кесиптештеринен башка таанышы же тууганы болбогон соң киного, сейил парктарга чогуу барышат, кээде чогуу түштөнүшөт.

Дем алуу күнү. Экөө эс алуу багында балмуздак жеп олтурушкан, аңгыча өтүп бараткан орус чал-кемпир жөн өтпөстөн:

– Тихон, смотри какая замечательная пара! – деп кемпири айтса, чалы аны кубаттап коштоп:

– Матрена, они были рождены чтобы прожить всю жизнь вместе, – дебеспи. Сагын менен Мадина ыңгайсыз абалга туш болушту. Чал-кемпирге жооп бере албай унчукпай узатышып, эмне кыларын билишпей, колдорундага балмуздакты жей албай оңтойсуз кырдаал түзүлдү. Жылуу сөз жыланды ийининен чыгарат болуп Сагын:

– Мадина, эми эмне кылайын? Айнуска турмушка чыгып кеткенине арадан эки жарым жыл өтүптүр. Сен заводго киргениңе жарым жылдан ашты. Балким ушул чал-кемпир айткандай болуп тагдырыбыз бир болуп жүрбөсүн? – деп орус чал-кемпирдин сөзүн улай Мадина тарапка сөз таштады.

Мадина эч ойлонбостон, ушул сунушту күткөндөй, жообун жаттап даярдап алгандай шар жооп берди,

– Аял адам өз оюн, өз сезимин биринчи айтса, жигиттен кандай сөз чыгат экен деп толгонуп, жүрөк кабынан чыкпагандай, аруу арзууларды, тунук сүйүүлөрдү, мүрөк суусундай махабаттары сыр боюнча ичинен чыгарбай сактап өтүп кетет экенбиз. Кыялыңдагы эңсеген адамга турмуш курам дегиче, мал ала качкандай машинеге тыгып, өмүрүңдө көрбөгөн бейтааныш эркек мажбурлап аялдыкка алып качып кеткен окуялар толтура. Сүйөсүңбү, сүйбөйсүңбү, ортодон жаралган балдарга илинип, алар жетим атыгып калбасын, ажырашып кетсең эри жок аялга көрүнгөн эркек жармашпасын деп жашап өтүп кетет экенбиз. Сени Москвадан бери тааныйм. Балким ошол сага болгон арзуулар болгон үчүндүр турмуш курбай жүргөндүрмүн. Москвада деле сөз салып, ачык, жабык сунуш кылган эркектердин сунушуна көнбөгөнүмдүн себеби  ушундандыр. Бирок айтпайын дедим эле, айтуум абзел болуп калды, – деп шамалга көтөрүлүп бетин жапкан узун көкүлүн башынын артына тарады.

Сагын өзү сунуш кылып алып, өзү чочуп коркуп кетти. Эмнеден чочуду, эмнеден коркуп кетти? Бул сезимди түшүнбөдү. “Айтылган сөздү, өткөн өмүрдү кайтара албайсың”, дегендей өз сезимине ээ боло албай тердеп-тепчип кетти. Анысын Мадина баамдап калды.

– Сагын, мен сени туура түшүнүп турамын. Сен туруктуу, намыстуу, сөзүңө турган мырза азаматтардансың. Айнусканы сүйөрүңдү бүт курсташтар эмес, бүт Москвадагы кыргыз аттуунун баары билчү. Ал эрге тийип кетти, бирок сенин Айнускага болгон берилүүң, арзууң, жүрөгүңдүн төркү бөлмөсүндө тогуз кулпу менен бекем бекитилген акыбалдан чыга албай эзилип жүрөсүң, баатыр. Эгер Мадинага же башкага үйлөнсөм Айнускага болгон арзуумду кантем деп калдайган абийриңди тараза ташына салып, уйгу-туйгу сезимдер асыл мээңди аңтарып, Айнускаңды эстеп кыйналып жүрөсүң. Айла, арга жоктон болгон курук сөз, түбү жок сунуш болду окшойт, баатырым – деп Сагындын талуу, сыр сактаган сандыгына баш багып, сандык ичиндеги ой-түрмөгүн чечмелеген чечен кыздын акылына, “ооба үйлөнө берейли, хоп мейли” дебегенине эси эндиреп, тынч турган жан дүйнөсүн түйшөлткөн Мадинага тиктеп:

– Табышмак дүйнөмдү жандырдың. Чээнге кирген арзуумду сыдырып эстеттиң. Өзүңдүн кадырыңдын бийиктигин белгилеп, аргасыз жашоо сүрмөккө көнбөстүгүңдү астейдил билдирттиң. Ушунча чогуу жүрүп акак акылыңа маани бербепмин. Аттиң дебейин, макул болсоң чыныгы мамилелердин нукура башатына багыт берейли – деп,  ички сырын ачык аңдап билген Мадинага кайрылды. Мадина жөнөкөй, оңой эле илинип кетмей олжо эместиги, Сагынга жетиштүү болду. Сагын, оюнда Мадина “Ооба, макул! Качан үйлөнөйлү?” деп, жооп берүүсүн алдын ала сезгендей, өзүнүн курсун асманга такап күтүп турган. Мадинадан тунук, ачык-айкын таза сөздү уккан соң, анын акылына жашыруун ашык болгондугу күчөгөнгө, өзүнө-өзү ишенбей тургандай акыбалда болгон сезимдер ичине өтүп, ички дүйнө жүрөк тарапка бурулуп Айнуска тарапка оой баштады.

Чыныгы дүйнө мээ тарапка ыктап, акыл жаасы Мадинаны карап токтоду. Сагын сезим менен акыл күрөшүнүн ортосундагы күрөштө, Айнуска мени күтпөй турмушка чыгып кетти, делген жүйөөлүү аргументке таянып, Мадинага кайрылып, турмуш куруу сунушун киргизди.

Ушул кезде Бурулсун айылынан суук кабар келди. Үйлөнгөндөрүнө үч жыл толбой, боор оорусунан айыкпай, ташбоор оору акыры Айнусканын күйөөсү Мажитти көрдү көздөй жетелеп кетти. Ичкен суусу түгөнүптүр деген кабар Фрунзеге Мадинага келди. Сагын менен Мадина заводдон Семенычтын унаасын шоопуру менен кошо жумуштан уруксат алып, Бурулсун айылындагы тажияга жөнөштү. Шоопур Василий «Opal» деген болгар чылымдан бирди тутантып, “ГАЗ-24 Волга” үлгүсүндөгү унаанын терезесин ачып, тамеки түтүнүн паровоз моорусунан чыккан коюу түтүн сымал сыртка үйлөдү. Терезени жапкыча мурдунан чыккан чылым түтүнү кабинага тарап кетти. Мадина какап жөтөлүп калганын байкаган Василий:

– Сагын, извини брат. Водительская привычка и потом сам шеф дымит как паровоз. Обязуюсь курить только за пределами автомобиля,» – деп, оозу-мурдун оң колу менен аарчып калды.

– Вася, хозяин барин. Но, то что вы уважаете даму, это стоить восхваления в ваш адрес, дорогой, – деп экөө бири-бирин майда ийнелер менен сайгылап, мыскыл, тамаша иретинде шакаба салып, узак жолго аттанышты.

Мадинаны эмнегедир катуу ой басты. Жүз жыйырма чакырымда бараткан унаадан көзү сыртты караганы менен ою асманда, байкуш денеси гана унаада баратты. Анын себеби бар болчу. Айнуска менен Мадина экөө тең Сагынды жакшы көрүп, бирибиринен кызганчу. Сагын Айнусканы тандап кеткенде эч кимге билгизбей Москва дарыясына барып ичиндеги бугун жана арманын, жели чыккан жеңилиш дымагын чыгарып ыйлап алган. Анысын эч кимге айтпай, кайра жатаканага келип, көзү-башын боёп, узун чачын энеси берген жыгач тарак менен тарап, кийимдерин ирettеп, жеңилүүнү татыктуу кабыл алган. Бул сырына Айнуска жана көөдөнүндөгү көк асманга умтулган көктүгү экөө гана күбө болуп күм-жам кылышкан.

Белгилүү Англис жазуучусу Уильям Шекспир: «Бүт дүйнө театр, а биз анын актерлорубуз» дегендей, Айнуска менен Мадина Москвадагы курбу-курдаштар арасында эч сыр билдиришпеди. Айнуска менен Сагын кыз-жигит, Мадина аяшы болуп үч бурч мамиле сылык-сыпайы уланып кетти. Аны Сагын эч аңдаган да, баамдаган да эмес.

Азыркы Мадинаны ой басканы, Айнуска турмушка чыгып кетти. Андан кийин эки жылдан ашык Сагын бойдок жүрдү. “Эгер ал үйлөнүп алса, анда үмүтү биротоло үзүлүп, өзүнө теңди издеймин” деп жүрдү. Сагын үйлөнбөстөн бойдок болуп туруп берди. Жумуш издемиш болуп Сагын иштеген заводго ишке орношту. Сагындан олуттуу турмуш куруу сунушу түшкөн кезде Айнусканын күйөөсү көз жумуп олтурат. Мадина пендечилик ой менен кыялында: «Мажит, биз баш кошкуча өлбөй турбайт белең. Эми элең-салаң кырдаалга кабылттың. Өмүр бою күткөн адамыма жетишиме бир карыш калганда, алгач Айнусканы сыздаттың эле, эми минтип мени да кашайттың» деп ичинде улуган ит өлүп, көңүлү көмүрдөй кирдеп баратты.

Сагындын ою башка жакта болду: "Мажит кечээ көз жумган болсо, сөөк бүгүн коюлабы? Кайсы бейитке коюлат болду экен?" деп:

– Тажиясы качан болот экен? – деп Мадинага кайрылды эле:

– Ит билеби, сага баары бир эмеспи, – деп оозунан жаман сөз чыгып кетип бушайман боло, – Барганда тактайбыз го, анысын сурабаптырмын, – деп супсак күңүрөндү.

– Сага кандай түшүндүрсөм? Мажит мырза кандай, кантип жашап өттү, ага өзү жооп берет. Кантсе да биз Айнускага көңүл айтып бара жатпайбызбы. Анан, эми өлгөн адамдын өзүнчө зыйнаты болот да. Эркек адамдар даарат алып жаназа намазына туруу. Экинчиси, жайына топурак салуу. Үчүнчүсү, өтүп кеткен инсанга куран окуу. Мен түшүнүп турам, жакын курбуңдун күйөөсү каза болду. Кайгырып турасың, жакшылык иш болбоптур, жашаса болмок. Эми "өлгөндүн өзүнүн шору" дейт кыргызда. Айнускага да кыйын болду. Бир кызы менен чырактай жашында жесир калышы оор иш, – деп Мадинага караса, ал унчукпайт. Унаа терезесинен көзүн албай капалуу: "Бул жагы кандай болот? Колума конгон бакытты алдырып жиберемби" деп туңгуюкка такалып калды. Ошол кезде кайдан-жайдан эч кимге көрүнбөгөн кара түстөгү Арамза менен ак түстөгү Достук бир заматта пайда болду. Алдыдагы боло турган окуяларга кеңеш бере башташты. Биринчи сөздү Ак достук баштады:

– Мадина, мен сени ишендирип коёюн, эч нерседен кабатыр алба! Сен ойлогондой анчалык баары татаал эмес. Бушайман жебей, курбуңа көңүл айтып, колуңдан келсе жардам берип заводго ишке киргизип, жатаканадан орун таап бер. Анткени, Мажиттин ата-энеси, бир туугандары анын өлгөнүнө ичи ачышып, анын жылдыгын чыгарып-чыгарбай Айнусканы эки жашар кызын кошуп үйдөн кубалап айдашат.  Ошол убакытта сен колдоо көрсөт. Сагын бул убадага бекем турган жигит, адамдык касиети бийик. Бир күндүк эмес миң күнгө алдыга ойлонуп, арканды алдыга узун таштаган инсан.

Эгер адашпай, алдастабасаң экөөңөрдү бир көрүп турам. Ал эми Арамза шайтандын арам оюндарына аралашканга көнсөң, анда Сагын экөөңөрдү бир көрбөй турам, – деди.

Оозу балит, өзү да, өңү да кара Арамза:

– Болбогон сөз, бекер кеп! Бир гана нерсени туура айтты. Айнусканы “кара жолтой” келин атыктырып, кызы менен үйдөн кубалап айдашат, аны мен да көрүп турам. Сагын Айнусканы сүйөт, аны билесиң. Кайын журтка батпаган Айнуска ата-журтка батмак беле. Бирок, ичи ачышкан Айнуска Сагынга ыйлактап арызданат. Аны заводго ишке алып, экөө баш кошуп, сага берген убада кир самындай эзилип жок болот. Менин сунушум, сен жардам берип Айнусканы Фрунзеге алып кет. Семеныч Айнусканы көргөндө өзүн кармай албай калат, ал турган иш. Ал деген ийгиликтүү жетекчи, жакшы дос болгону менен жеткен катынпоз. Семенычка ойнош кылып койсоң, ал  Айнускадан баш тартпайт. Сөз бар го “капырда ыйман жок, бирок ынсап бар” деген. Ыйманы жок Семеныч сенин сунушуңа айтып бүтө электе макул болот. Ал Москвадан бери жашыруун Айнусканы ай караган текедей эңсеп жүргөндөрдүн бири, – деп Арамза менен Ак дос кеңештерин бергенин бир гана Мадина укту. Ал эми унаа ичинде жымжырттык өкүм сүрүп, Бурулсун айылына кирип келишти.

Мажит жерге берилип, куран окулуп жаткан мезгилге туш болушту. Сагын менен Мадина боз үй ичиндеги Айнуска, Мажиттин апасы, эже-карындаштары, ага-инилери менен көңүл айтып учурашышып, куран окулду. Аза күткөндөргө көңүл айткан тууган-урук, колу-коңшу, алыс, жакындан келген жакшы санаалаштар ирети менен кирип-чыгып жатышты. Мадина жолдо Айнуска досуна жазган катты башкаларга байкатпастан анын колуна карматты. Каттын мазмуну төмөндөгүдөй эле:

“Айнүш досум! Жаш башыңдан оор сыноолорду өткөрдүң. Бешенең экен, турмуш ачуусун эрте эле башыңа салды. Бели ката элек көчөттү сындыргандай тагдыр сага катаалдыгын көргөзүп жатат. Алгач сенин макулдугуңсуз мажбур турмуш курдурушса, эми жашың жыйырма бешке жетпестен жесир атыгып калдың. Алдыда дагы сыноолор бардай сезилет. Эми белди бекем буугун курбум. Алдыда кандай жашоо күтүп турганын эч кимибиз айта албайбыз. Жаш келин деп балким сени өгөйлөшөбү же сенин ата-энең кызыбызды жаш эле жесир калтырбай алып кетебиз дей-

би? Кандай болгон күндө да менин сунушумду бир ойлонуп көр. Фрунзеге кел, заводго жумушка сүйлөшүп көрөйлү, – деп Сатарова Мадина.”

Арадан айланып бир жыл өттү. Ак кийди болуп, Мажиттин туугандары гана топтолушкан түн. Жылкы, койлор союлуп, сыртта эртеңки адияга даярдык. Мүрзөсүнө мрамор таштан эстелик коюп, куран окуп кайтышкан түн.

Мажиттин туугандары, анын өлүмүн Жаратkандын буйругу катары кабыл албастан, «Койчунун таягынан, келиндин аягынан» дешип, Мажиттин өлүмүнө ичи ачышкан туугандары ачуусун жаш келин Айнускадан чыгарышты.

– Сен кара жолтой келин болдуң. Бул Мажиттин атасынын үйү. Сенин төрт тарабың кыбыла, – дешти. Жаш келин Айнусканы, бир жашар кызы менен, малды куугандай жерге киргизген балит сөздөр менен ар-намысына шек келтиришти. Жаш көчөттү тамырынан жулуп, жаш чыбыктай сындырып туруп, тандырда күйгөн отко ыргытып күйгүзүп, өрттөп салышты.

Айнусканын күйбөгөн жери күл болуп, токочтой жүрөгү ооруду. Катуу депрессияга түшүп, ата-энесинин үйүндө бир жарым ай эшикке чыкпай жатты. Түнт басып, соолуп бараткан гүлдөй өңү кубарып, салмагы азайып, көзү киртейип, үнү ичкерип, сай-сөөгү сыздап, кабыргалары көрүнүп арыктады. Карайган коюу чачы суюлуп, эки чыкыйын эки жактан чөкө таандар чокулап, сайгылап жатты. Ашказаны ачышып, анделектей кош төшү шалпыйып, анардай кызыл илеби бозоруп, жанардай жанган көздөрү тунарып, тагдырдын буйругу менен катар келген соккулары эсин оодарып, мурдагы татына келин эрме чөлдө калган куурайдай куурап баратты.

Эгер ата-энеси, кызы болбогондо куурай күйүп жок болгондой жок болмок, андан аркысы эмне болмок бир Кудай билет. Арман жашоого акаарат келтирип: “Ушунчалык эмнеден жаздым, эмнеден адаштым?” деп өзүн-өзү катуу сындап, жашоого болгон үмүтү үзүлүп баратты. Жашоосунун он гүлүнөн бир гүлү ачылбастан, алгачкы мындай катуу соккуларга туруштук бере албай, Жаратканга, тагдырына суроо берип, анын жообун издейт. Би-

рок жооп жок болуп, ички дүйнөсү туңгуюкка капталган маалда эшиктен тааныш эркектин үнү чыкты.

Үмүт деген өлүп жок болбойт экен, көңүл деген чөгүп жоголбойт тура. Үмүт мырза менен көңүл айым Айнусканын эки чыканагынан жөлөп, эки бутуна эш берип, эшикти көздөй кадам шилтетти. Босогого жеткенде эшик чоң ачылып, маңдайында Сагын пайда болду.

Төшөктө жатып, тамакты жакшы жебей, күйүттүн күкүмдөрү менен армандын агындылары Айнусканын жашоого, келечеке болгон жакшы тилектерин тебелеп тепсеп салган эле. Маңдайындагы Сагынды тиктеп: “Чындап эле ошолбу? Өңүмбү же түшүмбү? Же көзүмө көрүнгөн элесимби, же кыялдануумбу? Эй Кудай, шерменде кыла көрбө. Акылыман адашып баратамбы?” деп Айнуска оюнда топ суроолор жана ишенбөөчүлүк менен Сагынга кадалып тикчийип тиктеп, энтигип калды.

Сагын болсо Айнусканы тиктеп, көргөн көзүнө ишенбеди. Мурдагы кызгалдактай кулпурган, перидей суйкайган Айнусканы жерге кирген “Күйүт” менен адамды арсар кылган “Арман” экөө кемирип жеп, кекиртектен бууп, өңүн өзгөртүп, жылдызын өчүрүп, кебете-кешпирин кепкир менен кырып, ички дүйнөсүн ириңдетип, жан дүйнөсүн жанчып, суйкайган дене келбетин супсак сөлөкөткө айланткан кербезге туш болду. Эси ооп жыгылып бараткан Айнусканы кучагына кыса кучактады.

Сагындын жүрөгүнөн чыккан жалындаган сүйүү бир колуна айбалтаны кармап, бир колуна шиш найзасын көтөрдү. Айнусканын жан дүйнөсүнө чубалып оролгон “Күйүт” менен жанын, бүт дүйнөсүн кууратkan оңбогон “Арманды”, кубалап айдап жок кылышты. Алдынан чыккан арыгы чыккан үмүттү далысынан таптап, эки колун бекем кысып кубатттап, карайып бараткан “Көңүлгө” сүйүү нурун чачып нурдантты. Согушу токтоюн деп, жүрөккө эми эч кимди киргизбеймин деп илинген оор темир кулпуну айбалтасы менен жара чаап, муз болуп катып калган жүрөктүн терезелерин ачып, таза аба менен бирге ишенич, кубаныч, шаң тартуулады.

Мындан бир ай мурун. Фрунзе шаары. Сагын Мадинага үйлөнүү тууралуу сунуш киргизгенине бир топ убакыт болуп, жооп

али айтыла элек. Мадинанын жүрөгү ал сунушту өмүр бою күтүп эңсеп келген. Жүрөгүнүн клапандары ал сунушту шапалак чаап кабыл алса, жүрөктү каптаган жүздөгөн артерия кан тамырлары Моцарттын «Түрк рондо» музыкасынын пластинкасын бийик коюп салтанат, толкуу менен кабыл алышкан эле.

Акыл мээси этияттанып сынап сурап жатабы? Аргасыздан сурап жатабы? – деп мээсинин ичиндеги майда булчуңдары, мээ нерв клеткалары: «Шашпа, ашыкпа. Ашыккан кыз эрге жетпейт, эрге жетсе да этеги жерге жетпейт болбогун,” деп кеңеш салышты. Мээсин угуп, Сагынга кайрылып: “Коё тур, ойлонуп анан чечишейли” деди. Жүрөгү күттүргөн сунушту уккан соң жөн жатпай, ары согуп тыбырчылап, бери согуп алкымга чейин секирип, токтоо, сыпайы мээнин шаштысын алып, ойлонулган жооп айтууга тоскоол жаратканына карабастан, жалын жүрөгүн жолго салып, мээлүүн мээнин насыятына жол берип, Сагынга токтоо жооп берген. Сагын болсо мындай жоопту күтпөстөн, оңой жоопту күтүп, шаша-буша үйлөнүп, өзүнүн жараланган жүрөгүн ушул нерсе менен алаксытсам, дегени олдоксон, ойлонулбаган сөз экенин өзү байкап, жүрөгү Айнуска десе, акылы Мадинанын туруктуулугуна, акылмандыгына, жасакер эместигине, акыл калчап иш кылгандыгына тан берген эле. Башта ооздун учу менен өзүн-өзү сооротуу үчүн эптемей сунуш киргизген болсо, Мадинанын кийинки жообунан кийин колун жүрөгүнө коюп, чындап үйлөнүү сунушун Мадинага киргизген маалда, Айнусканын күйөөсү Мажиттин дүйнөдөн мезгилсиз кайтышы Мадинаны терең ойго салды.

Бул окуя Сагындын жанынан жөн эле өтүп кетпеди. Ал дагы ар нерсени ойлоду. Кыялданды, бирок өзү сөзүнө, убадасына турган намыстуу жигит болгондуктан сайраган сайран ойлордон, коомуз черткен кыялдардан, чоордон чыккан үмүт жылоологон үшкүрүктөн, бакадай секирген батылдыктан, шайбадай сыйгаланган шашкалактыктан өзүн тыйды. “Жигитти намыс, коёнду камыш өлтүрөт” болуп, айтылган сөз атылган октой, айткан сөзүн артка тартып алуу, жерге түкүргөн түкүрүгүн жутуп алууга тете болгонун шумкар көзү тоголок болуп, сумсар мээси тополоң жорго жүрөгүнүн ооздуругун бекем артка тартып турду.

Адамдын ички дүйнөсүндөгү ой толгоосу жүзүнө чыгып, Сагын Мадинага мурдагыдай эле сыпайы-сылык, жароокер мамиле кылганы менен ой чабыты Бурулсун айылына учуучу килемге олтуруп учуп барып, Айнусканын жанында жүргөнүн эстүү кыз Мадинага айтпаса да белгилүү болчу. Бул кырдаал Мадинага колундагы беш колундай белгилүү болчу.

Оң жак мүрүсүнө минген «Ак достук» атыккан периште: "Кырдаалды жөнгө сал, эки сүйүшкөндүн башын бириктирип соопчулук кылсаң, Жараткан сага жүрөк шеригиңди жоктон бар кылып бакыт берет" деди.

Сол мүрүсүнө минген «Арамза» атыккан шайтан: «Ак достук" ар балээни тантыйт, сүйүү бир эле жолу келет, өмүрдү да бир жолу жашап өтөсүң. Сагын сага үйлөнүү тууралуу сунуш киргизди, тойду эртелет. Сөөктө кайрылуу, достон айрылуу болот. Көп болсо бир достон айрыласың» деп тукуруп турганынан Арамза шайтан кайтпады.

Ак достук менен Арамза шайтан Мадинанын оң-сол кулагына оң-сол энергиядан куралган, ак-кара периштеден жаралган кеп-кеңештерди кулагына куя беришип жүдөтүп жиберишти. Колго алган иши болсо мурункудай илгерилебей, оюн бир жерге топтой албай чаржайыт болуп жүргөн маалда Бурулсун айылынан Айнусканын ата-энеси Мадинага телефон аркылуу байланышып калды. Алар Айнусканы бир жашар кызы менен кайын журту кубалап чыкканын кабарлаган эле. Бул кабарды угар замат Сагынга кайрылды:

– Айнусканы Фрунзеге тез алып кел. Өлгөнгө көмгөн кылып эми Айнускадан да айрылып калбайбы. Аяш кызыбызды тоголок жетимсиретпейли, – деген соң, Сагын Бурулсун айылына Айнускага жөнөп кеткен эле.

* * *

Фрунзе шаары. Бир айдан кийин. Завод жатаканасындагы, Мадинанын бөлмөсү. Сагын, Мадина, Айнуска жана анын кызы Айтурган чай ичип олтурушат. Мадина Айнуска менен Сагын эгиз козудай бажыраңдап сүйлөшүп олтурганын тиктеп карады.

Ак ниет менен курбусун айылдан алдырып чын ыкластан жардам кылганын эстеди. Ичтеги ич күйдүлүк менен тамды айланткан текеберчилик "Ак достук" периштенин ак кеңештерине кулак салбады. "Арамза" шайтандын бузуку кеңештерине жетеленип кетти. Айнусканы завод директорунун орун басары Семеновичке секретарша кылып ишке жайгаштырды. Мындай ыплас кадамга барганын Айнуска эч этибар алган жок. Ал гана эмес чын жүрөгүнөн Мадинага өтө ыраазы болду.

– Кудайга үнүм жетти. Мадинаны Кудай колдой көр. Эки дүйнөдө бактылуулукту бер ушул курбума, – деп жалынып-жалбарып ага ыраазычылык ак батасын берди.

Өзү ишине мыкты, иш билги, бирок катынпоз, бир дагы юбканы жөн өткөзбөгөн Семеныч Айнусканы биринчи көргөндө эле оозунан аккан шилекейи жерге тийип, көк көзү жашыл болуп жанып, киндигиндеги котур курту ойгонуп, эркектик ышкы козголуп, жаман ниет ойго жетеленип, "Бир күнү мендик болосуң," деп кумар инстинктке жетеленип баш ийди.

Айнусканы ээрчитип барган Мадина экөөнү тааныштырды. Семеныч Айнусканын башынан ылдый жутуп жиберейин деп тиктегенин дароо баамдады. Ал Айнусканын бөдөнө тумшук көкүрөгүнө, ичке белине, тегерек жамбашына, түз буттарына суктанып, шилекейин да жутуп жиберди. "Семеныч эми муну жөн койбойт, мурунку секретаршаларындай төшөккө ала жатат, андан аркысы экөө көңүлдөш болобу, же жөн эле кесиптеши болобу, эң башкысы Сагын андай ойсокеликти көтөрө албастыгына жана анын мени менен бир болуусуна жол ачылат" деп Мадина Айнусканы атаандашындай элестетип, ага каршы Семеныч аркылуу балит оюнун баштады.

Буга чейин Семеныч, Таня, Марина, Бурул, Катя жана башка ондогон кыз-келиндер менен ыйкы-тыйкы болгонун заводдун жумушчулары кеңири сөз кылып келишкен. Анча-мынча келиндер боюнан алдырганын танышкан эмес. Ток этери, Семеныч сулуу аялзатын көргөндө өзүн жоготуп гана тим болбостон, ошол аялзатын өзүнө имерип алганга бардык күчүн, кызмат абалын пайдаланчу. Байкуш кыз-келиндер жумуш үчүнбү, балким, чын-

дап эле Семенычтын бал тилине, сылык мамилесине жетеленишеби же өздөрү да ошол нерсеге муктажбы, айтор, анысын эч ким даана билбейт. Бирок будуң-будуң ушак-айың ушул күнгө чейин токтобой келет.

Бир жума өтпөй Семеныч секретаршасы Айнусканы кечки сый тамакка чакырды. Барар-барбасын жарым саатта жообун айтайын деп Мадинанын жанына чуркап келип, иштин жөн-жайын айтып берди. Мадина сол мүрүсүндөгү Арамза шайтандын түрткүсү менен:

– Мына сага башталды, – деп оозунан чыгып кетти. Аны этибар албаган Айнуска.

– Эмне башталды?

– Жок, эч нерсе башталган жок. Өзүмчө эле, Айнүш, мындай мүмкүнчүлүктү колдон чыгара көрбө. Семеныч жөнөкөй киши эмес, заводдун директорунун орун басары. Кичине иштеп турсаң башка бөлүмгө которуп коюусу анча деле кыйын эмес, калеминин сыясы менен колунун бир шилтеми кетет. Кечки тамакка барбай койсоң ал киши таарынып калат. Барбасаң болбойт, подружка! – деп Айнусканы көндүрдү. Алар бара турган «Нарын» ресторанды экендигин Айнуска тактап койду.

Кечке жуук Мадина жатаканада чай ичип олтурган убакта эшикти каккылап Сагын кирип келип, жыгач отургучту тартып отурду. Үстөл үстүндөгү даамдардан жегенче амандык сурашышты.

– Айнуска менен Айтурган көрүнбөйт, дүкөнгө кетиштиби же бала бакчадабы?

– Таппадың, бир агасы чайга чакырган экен ошол жакка кетти.

– Кызык, Айнусканын Фрунзе шаарында агасы бар экенин укпапмын. Мейли, өзүң кандай, Мадина?

– Көрүп тургандай мактанарлык эч нерсе жок. Заводго бармай, келмей, уктамай, жалпы ашканада тамак жемей. Элдердин агаларын көрсөң көзүң күйөт, ресторандап жүрүшөт. Биз байкуштар, жумуртка менен картөшкө куурмага күнүбүз түшүп калбадыбы.

– Койчу, Мадина, кычыктанба, Айнуска эми депрессиядан чыгып жатат. Биз кылган жардамыбызды, жакшылыгыбызды милдет кылбайлы. Жүр андан көрө ресторанга барса барып келейли. Кайсы ресторанды сунуш кыласың?

– Кычыктанбай эле кылыктанмай. Кыз кылыгы жүз эшекке жүк дегенин уктуң беле?

– Мен сени таанybай турамын Мадина, маанайың жоктой го? Кайсы ресторанга барайлы?

– “Нарын” ресторанына барайлы. Сен терезе жакты карап тур, мен көйнөгүмдү алмаштырып алайын. Маанай боюнча сурасаң,  маанай дурус эле. Болгону Айнуска бул жакка келгенден бери сен өзгөрүлүп калдың. Үйлөнөм деп айтып алып, өзүң чоочуп жүргөндөйсүң? – деп бөлмөнүн эшигин жаап, «Нарын» ресторанын көздөй сүйлөшкөнчө жөө жөнөштү.

– Сунушум, азыр деле күчүндө Мадина. Жоопту кечеңдеттиң. Андан сырткары өзүң билгендей Айнусканын турмушунда чукул бурулуш болуп, башына чоң мүшкүл түшүп, өзүбүз ошо менен алек болдук.

– Туура! Байкуш Айнүш досумдун тагдыры оор экен. Жаш жесир болуп калды, анысы аз келгенсип кайын журту кууп салганы ашыкча болбодубу. Менин жообум боюнча, аял киши өзү макул болуп турса да, бат эле оозунуп ооба деш үчүн да эп керек экен.

– Ай, Мадина, ошентип айтпайсыңбы. Мен ойлонгонмун эмне кечиктирип жатат деп, – дегиче ресторандын экинчи кабатына көтөрүлүп, официант бош орундуктарды сунуш кылып жатканда, Сагын музыканттардын жанындагы терезенин астындагы алтын жалатылган түстөгү дасторкон салынган тегерек үстөлдө отурган Семеныч менен Айнусканы, Айтурганды көрүп калып, эмнегедир бетине кан тээп кызарып, кызганып кетти. Аны байкап калган Мадина,

– Иий! Айнуска бул жакта турбайбы! Жүр саламдашып коёлу – деп Сагынга кайрылды. Сагындын кулагы тунжурап, көзү караңгылашып, жүрөгү дүкүлдөп, өң-алааттан кетип баратканын сезип, өзүнө-өзү таң калып, эмне болуп баратам деп ойлоно ка-

лып, Мадинанын суроосун кулагынын сыртынан өткөзүп жиберди. Мадина ушул реакцияга даяр болгон, күткөн. Экөөнүн чогуу олтурганын көрүп, көөнү калсын, көңүлү иренжисин, махабаты суусун деген, Арамза шайтандын буйругун түз аткарып аял амалын жасаган эле. Сагындын ачуусун көрүп, сүйүнүп кайра сунушун кайталады,

– Сүйүшкөндөр менен учурашып коёлу, баатыр. Уят эмеспи, унчукпай, көрмөксөн болуп барып олтуруп алсак. Семеныч капа болот го? – деп үнүн бир аз көтөрүп угуза айтты.

– Макул, макул, – деп Семенычтын үстөлүнө барып салам беришти. Семеныч Сагын менен Мадинаны бир жуп деп ойлоп жүргөн. Сагын менен Айнусканын мурдагы студенттик байланышын билчү эмес, ошондуктан ал экөөнүн келгенине кубанып кетти.

– Келгиле, чогуу олтурайлы. Биз эми эле олтурдук, – деп шашкалактап, бутун коёрго жер таппай калды.

Сагын болсо үн катпай, отурбай же кетип кала албай, «жок» дебей, же «макул» дебей, оңтойсуз кырдаал жаратты. Анткени анын кулагына Мадинанын «сүйүшкөндөр менен учурашып коёлу» деген туздуу сөзү ичиндеги уктап жаткан кызганычын ойготту. Кызганычтын эки түрү Сагынды бушайман кылып азапка салды.

Биринчи түрү – чоктой күйүп кызарып алоолонгон, кызыл сары түстүү Кызганыч. Сагындын уккан кулагы аркылуу терс энергия бат эле уктап жаткан ушул кызыл камчы кызганычты чапкылап ойготту. Кызганычы ичин иритип, арсылдаган кабанаак итке айланып үрүп, үч баштуу ажыдаарга айланып оозунан от чачып, жолунан чыккан сабыр, канаат, адамгерчилик жана сый-урматты тебелеп өттү. Ишенбестик, карасанатайлык, канкордук жана айбандыктан турган суюктукту башынан ылдый куйганда мээни аралап ылдый агып, жүрөк, өпкө, боорго жуктуруп, жүлүнгө жетип андан ары бутунун тырмактарына чейин терс молекулаларга айланды. Кызыл каны терс энергиялуу кара кан болуп уюп, капкара чапан жамынып, мээге чыгып адамдык сыпатты солойто чаап, заматта зөөкүр адамга айланып: «Энеңди урайын, Айнускаң ушундай. Ал башына караңгы түн түшүп,

кыйын абалга кептелгенде сен ошол балчыктан сууруп чыгып, колуңдан келген жардамыңды берсең, семизчиликти бир гана кой көтөрөт болуп, ал күндөрдү тез эле унутуп салды. Эми завод директорунун орун басары Семеныч менен сайран куруп, ойноштук жолуна түшүп олтурат. Колуңа канжар алып Семеныч менен Айнусканы көкүрөк туштап сайып туруп, жүрөктөрүн сууруп чыгып көчөдөгү жолбун иттерге салып бер» деп жолдон чыгарып, караңгы жолго, кылмыштуулукка түртүп жатты.

Экинчи түрү – табылгыдай ийилчээк, бирок бир жериңе тийсе оё койгон кочкул күрөң жашыл түстүү Кызганыч. Сагындын токтоо көзү эч нерсе болбогонун билгизди. Болгону үч адам кечки тамак ичип жаткандыгын түз кабыл алып, бирок эмнеге мен эмес Семеныч деп ортозаар кызганды. Бирок кырдаалга калыс караган, жашыл чапан жамынган «Кызганычын» козутту. Кызганыч ичиндеги намысын козгоп, шумкарга айланып бийик учуп, жоргого айланып жорго басыш кылып жорголоду. Жолунан чыгып артынан кубалап, айласын кетирген карасанатайлыкка, зөөкүрлүккө жана ишенбестикке жеткизбей качып кутулду. Сабыр, канаат, туура түз кабыл алуу, ак пейил, сый-урмат жана сүйүүдөн турган таза аба бир дем менен мурундун эки таноолорунан кирип, мээге жетип карасанатайлыкты басаңдатып, жүлүнгө барып ишенбестикке ишеничти кездештирип, жүрөккө жетип канкорлук менен зөөкүрлүктү тузактап, боорго жетип иренжи, мыкаачылыкты апаптап, айбанчылыктан аттап өтүп жашыл чапан жамынган адамгерчиликке айланды. “Айланайын, Сагын, кызарган кызганыч көзүңдү көр кылып, катуу кетпегин, ойлонулбаган кадамга барып, ачуу сүйлөп жакындарыңдын көөнүн оорутпа, муштум түйүп жанын оорутпа, канжар шилтеп бейкүнөө кан агызба, кийинкиси өкүнүп арман кыласың, ачууң келсе отура калып таш карма, өзүңдү бас» деп Сагын өзүнүн кызыл камчы кызганычын басканга аракет кылды. Ортодо жымжырттык өкүм сүрүп калды. Желкеге жабышкан кызыл кызганыч желкесин тырыштырса, кабыргасын кайыштырган жашыл кызганычы алакан, бут тамандарын ысытып жиберди. Сагындын көөнү каш болуп баратканын байкаган карт бөрү Семеныч жымжырттыкты бузду.

– Что, так и будете стоять? Сагын, все прекращай брат, присаживайся, Мадина. Официант, – деп ресторандын кызматчы кызын чакырды. Сагын Семеничтын тунук көк көзүн, жүзүндөгү жасалма жылмаюууну көрүп ичинен:

"А сениби жыртак, бабник!" дегиче жаш наристе Айтурганды көрүп, анын наристелиги, тазалыгы, балалыгы катып бара жаткан жүрөгүндөгү музду эритип ичинен: «Ээх кызым, сенде не күнөө, өмүрүңдү, багыңды берсин, садага», деди ичинен.

Аңгыча официант кыз келип буюртма алды. Аш-тамак, салаттар, шампан үстөл көркүн ачып, кесиптештер жумуш боюнча кең-кесири сүйлөшүп, чер жазып олтурушту. Ресторандан чыгып Семеныч кызмат унаасы менен бардыгын жашаган жерлерине жеткизип койду. Шампанга бир аз кызый түшкөн эки курбу түн оокумга чейин шыбырашып жаштык кез, бузулган турмуш, завод иштери, ой-тоону аңтарып сүйлөшүп, чер жазышты.

Арадан эки ай өттү. Январь айынын орто чени. Аркар мүйүзүндөй буралган муз мурутун чубап, башына аппак тебетейин кийип, үстүнө көгүш чапанын жамынып, жашы он бештин кырын араң ашырган, эки бети кыпкызыл, көзү төптөгөрөк, бутуна бытыгый чокой кийип, жалы күмүшкө жалатылган, такасы көгүш музду бырчылдатып жара тешкен, ээри күмүштөн токулган ак боз ат минип, оң колуна муз чокморун чокчойтуп, сол колуна аттын чылбырын кармап, артынан суук бороон чапкынды, тоңголокту ээрчиткен, денеңди чыйрыктырган, кулак-мурунду тоңдурган, үйлөрдүн терезелерине аяздын кооз формаларын тарткан жапжаш, чапжаак жигит – Чилде, ичикийлетип кирип келди. Чилденин суук дем алыш күнү. Завод жатаканасында бөлмөнүн эки бурчундагы керебеттердеги жууркандан башын чыгарып, буттарын бүрүштүрө үшүгөн эки курбу уйкудан турганга шашпайт. Дүйнөдөгү эң таттуу, бактылуу таң ушул курбулардыкы болчу. Анткени, эшикте кычыраган кыш, жол тайгак, жатакананын шыйпырынан үрөйүңү учурган шиш муздар салаңдап турат. Ал эми булардын бөлмөсү жылуу, эч кимге баш ийбестен, таң эрте туруп заводго шашпастан булар таттуу уйкуда. Ах чиркин, керебетте бутту сунуп, уйкунун толбой калган планын бышыр-

май. Жарандардын күткөн, жетинин бири кызыр болгон, өзү да кооз, агарып аткан таңы төбөгө тийген жекшемби болчу. Керебеттен турган Мадина эки колун асманга көтөрүп, эки бутунун учуна таянып, оозун чо-оң ачып, “өөх” деп чирене керилип: “Айнуска, тур эми!” деп Айнусканы жуурканынан тарткылап, колу денесине тийип чочуп кетти. Айнусканын денесиндеги ысытманы байкады.

– Айнүш, ооруп калдыңбы?

– Жок! Жакшы эле – дегиче “о-ох» деп окшуп, бурчтагы таштанды челекке кусуп ийди.

– Айнүш, досум, боюңа болуп калбадыбы? – Айнуска Мадинаны аңырая тиктеп

– Кантип? – деп суроого суроо менен жооп берди.

– “Хе-хе” – деп кыткылыктап, тамашага салып, – Семеныч кыйласын бактылуу кылган, – деди.

– Койчу, Мадина, Семеныч менин жетекчим экендиги анык. Экөөбүздүн ортобузда эч кандай жакындашуу болгон эмес, болбойт дагы, алакабыз жумуш, кызмат деңгээлинде, – деп тамаша кепке ызаланып кетти.

– Анда жөн эле ысытма окшойт, – деп ойлоно калып, негедир ушул маселени аягына чейин тактоого өтө кызыкдар болуп: – Айнүш, эртеге жумуш күнү, гинеколог-дарыгерге бир көрүнүп кой, – деди.

– Тооба, кайдагыны айтасың? – деп терезени карап, ойго батып калды. Мындан эки ай мурун, Сагын Бурулсун айылына кайрылып келген күнү экөө бири-бирин көрүп, көргөн көздөрүнө тойбой, ички туюмдун ооздуругун бош коюп ысык лаззатка моюн сунушкан. Эстери ооп, муз жүрөгүн Сагын эритип, аяз атанын чанасына отургузуп асмандагы планеталарга, жылдыздарга жеткизип, күн шооласына ысытып, ала булуттарга көтөрүлүшүп, ак булуттардан куралган аттарга ээр токуп, булуттардын үстүндө экөөлөп кыз куумай ойноп кубалашканын эстеди. Ортодогу өчүп бараткан арзуусуна, жалындын учкунунан от кылып жандырып, арзууларын бири-бирине тартуулап, саргайган сагынычтарын жазышкан. Ошондон боюма болуп калбадыбы? – деген шек саноо пайда болуп:

– Макул, Мадина сен айткандай болсун, гинеколог-дарыгерге текшерилип, көрүнүп тактап коёюн, – деди.

Эртеси. Гинекологдун бөлмөсү. УЗИ аппараты менен Айнусканы текшерип жаткан дарыгер айым:

– Куттуктаймын! Сиздин боюңузга бала бүтүптүр!

– Эмне?! – деп чочуп кетти Айнуска.

– Сиздин боюңузда болуптур. Буюрса балалуу болот экенсиз! – деп сөзүн кайталады дарыгер айым.

Айнусканын бетине нур чыгып сүйүнүп кетип, кайра кабатыр алды.

Сүйүнгөнү, "кызым жалгызсырабай шериги менен болот турбайбы" деп ичин кармалады. Кабатырланганы, мыйзам чегинде, дин тарабынан да күбөлөр күткөн күйөөсү жок болчу. Жакшылыкта айланып кеткен көпчүлүк сыноолордо куйкумуна туз салган көпчүлүктөн чочулап турду. Кол шилтеп кете бере турган кыздардан эмес. Сый-урматы, кадыры менен жүргөн айымдардын катарын толуктаган Айнуска ойго батты. Анысын жакын курбусу Мадинага сүйүнүп кабарлады.

Мадина бери карап сүйүнсө, ары карап күйүндү. Сүйүнгөнү өзү эстүү кыз, бирок шайтандын арам оюндарына аралашып алып артка кайта албай, ушул бала Семенычтыкы го деп жоруганы болду. Күйүнгөнү, өзү бойдок, же эрден же жерден жок тилемсиреген сурамчыдан бешбетер эки оттун ортосунда жүргөнүнө ызаланды.

Мадина шарттан пайдаланып Сагынга бурмаланган кабар билгизди:

– Айнусканын боюнда болуп, анысы үч-төрт айлык болуп калды, буюрса күздө төрөйт.

– Кандайча, кимден?

– Семенычтан го, ал киши бул окуяга чейин кыйла секретаршаларын жайлаган. Сагындын жүрөгү кысылып, мууну титиреп кетти. Өзүн өтө бактысыз эсептеди.

– Мадина, мени жалгыз калтырасыңбы. Бир аз өзүмчө олтурайын, – деп сыгылганын жашырбады. Бул кырдаалды байкаган Мадинанын чырагына май тамып, чилденин суук абасын жутуп, жатаканага жөө жөнөдү.

Каанада кулжуйуп башын жерге салып, колуна атың өчкүр, ачууну баскан бөтөштү кучактаган Сагын күйүттү арак менен басып жатты. Ал Фрунзе шаарына, бөлмөсүнө, жумушуна батпай калды. Пайда болгон жаңы кырдаалдар Сагындын оюндагыдай болбогонуна айласы кетип Мадинага бир жолу үйлөнүп албай же Айнусканын азыркы акыбалына ачуусу же сүйүнүчүн билгизе албай кыйналып жатты. Убакыттан утуп акыл калчоо иретинде кичи мекени Сары-Булак айылына барып келүүнү чечти. Ал үчүн жумушунан бир жумага жооп алып, ошону менен бирге атасы Шерматтан, апасы Күлүйпадан кабар алуу чечимин кабыл алды. Мунусу менен турмушунда пайда болгон жаңы кырдаалды алыстан, айылдан карап, талдап көрөйүн деп жөнөгөн болчу. Мунусу биринчи жолку эмес. Эгерде окуусунда, жумушунда, жана башка жашоо талаасында кыйчалышып чечилбеген кыйынчылыктарга такалып калган учурларда айылды көздөй шашып жөнөөр эле. Өзүнүн толук ишеними жетпеген окуяга бешенеси менен кептелгенде айылга качып, айылдын таза абасынан терең дем алып, апасынын колунан тамак жеп, атасы экөөлөп ат чабышып, айылдагы жумуштарды бүтүрчү. Классташ балдарына жолугуп, чер жазышып, өткөн күндөргө саякат кылышып, чарчап бараткан денесине күч топтоп, алсырап бараткан жүрөгүн айылдын рухуна кубаттантып, акылын адаштырган арсар ойлорун асыл ойлорго толтуруп, жашоодо пайда болгон жаңы кырдаалдарга болгон чийки көз карашын калыптантып, онтоого салган жарымжан пикирин бекемдээр эле. Урушка кирген жоокер сымал кайрадан чоң шаарларга, окуу жайларга, жумушуна ишенимдүү жыйынтыктар менен кайтып көнгөн адаты бар эле.

Ошондой кырдаал Сагындын жашоосунда дагы пайда болду. "Ойлонулбаган жарым-жартылай чечим чыгарып алып, өкүнүп бармагымды тиштебейин" деп бул жолу дагы туулуп өскөн айылы, киндик кан тамган жери Сары- Булакты көздөп баратты.

Жолду катар Сагынды ой басты: «Азыр го чал-кемпир бар, ошолордун тирүү турушу бул чоң дөөлат эмей анан эмне. Албетте бир күнү Жаратkандын буйругу менен карылыгы жетип алар өлсө, кимге барам? Кимден таяныч издейм? Жок, алар өлбөйт.

Алар өздөрү өлсө да, сөздөрү, тарбиясы, кадыр-баркы өлбөйт. Өздөрү менин көкүрөгүмдө, жашап өткөн жашоосу, айткан накыл кептери жүрөгүмдө. Демек алар өлбөйт" деп өзүн-өзү сооротуп баратты. Кечке жуук, бети-колду тоңдурган ызгаар суукта үшүгөн акыбалда үйүнө кирип келди.

Күлүйпа чоң чыныга суу толтуруп, үйдүн астанасын аттатпастан, Сагынды эңкейтип чыныдагы сууну башынан үч тегеретип, сууга үч жолу түкүртүп туруп, сууну босогого чачып, бош чыныны босогого оодарып коюп, Сагынды үйгө киргизди.

Шермат улгайып калганына карабастан короодо малдарын жылуу короого алып кирип байлап, чөп салып, койлорду койканага алып кирип жем берип, минген атынын торбосуна арпадан толуктап, короонун эшигин зым илгичке илип, кулпу менен бекитип үйгө кирди. Сагынды кучактап башынан жыттап, эки колу менен башынан кармап, бешенесинен өптү. Бир нерсени сезгендей, күйүп турган мешке жылынганча отура калып:

– Оо сасыгым, менин! Дагы эмне болуп кетти, тоңголокто жолго чыгыпсың, унчукпайсың аа... Жөн убакта эстеп тилпондон да сураганга араң убакыт табасың. Өзүң кыйналып, кыйчалышканда чал-кемпирге качасың. Йаа пирим, Аллаа! – деп камчысы менен жерге таянып өйдө туруп: – Болуптур, ырысыңа биз болойлу. Биздин бешенебизге сен аман бол карагым. Эми курсакты тойгуз, анан апаң экөөң сырдашып көр. Уктап уйкуңду бышыр, эртеге айылда улак болот, улак тартышып, акылыңды сергит. Досторуңа жолук, колу-кошуналарга кирип чык, анан шашпай сүйлөшөбүз, балам. Сары уйдун тизесин, көк бука айра сүзүп коюптур, дары коюп таңып келейин, – деп Сагындын жүрөгүнө ата мээримин, данектүү сөздөрүн айтып сыртка чыгып кетти. Күлүйпа күйүп-бышып:

– Алдыңда кетейин, Сагын! Кел, ысык сүт чайдан ич. Каймактан ал, шорподон ич, эттен же. Мына чөбөгөдөн борсокко сыйпап же. Айрандан, сары май кошулган эзме куруттан уурта, – деп тапканын дасторконго коюп, Сагындын чачынан сылап, өөп жыттады. Үйү адамга, ата-эне мээримине, баланын ата-энеге болгон сагынычына толуп-токшуду. Мээримдер, жакшы маанайга толгон

энергиялар үйгө батпай мешке кирип, мештеги от менен кошо түтүн аркылуу моорудан чыгып Сары-Булак айылына тарап: "Ээй туугандар! Сагын айылга келди!" дегендей аба-ырайы айылды каптады.

Түнү менен жааган кар тизеден ашыптыр. Уктап алсын деп Сагынды эч ким ойготпойт. Катуу уйкуда уктап жаткан Сагындын кулагына кардын күрөлгөнү гүп-дүп этип угулуп жатты. Кар күрөөсү менен ойгонуп, колуна кол кап кийип, үстүнө атасынын эски тонун кийип жардамдаша үй алдына, короого жааган түнкү карды ата-бала күрөп ыргытып жатышты. Сагын кар менен кошо терс энергияны, терс ойлорду ыргытып жатты. Ак кар жылтжулт этип көздү уялтат. Кой короонун жанына жетип, шыйпырдан сагалаган музду алып шимип кирди. Шермат Сагынды көрүп, ичин кармап күлүп:

– Ушу бала эле бойдонсуң да. Кичинеңде муз шимип тамагың ооруйт десе болбой шимичүсүң, мына дагы муз шимип жатасың.

– Эми ата, бул балалык адаттар калбайт тура, – деп күнөөлүүдөй атасын тиктеп турганда үйдүн каалгасын ачкан Күлүйпа:

– Аай, жигиттер! Чай ичкиле, үшүп каласыңар, бас киргиле, тамак муздап калат, – деп тамакка чакырып калды. Ата-бала күрөктөрдү тамдын дубалына жөлөп, үйдү көздөй басып жөнөштү.

* * *

Фрунзе шаары. Айнуска ойлонуп отуруп башы ооруп, ичи быкшып-ташып, ичиндеги баласынын атасы Сагын экендигин өзүнө айтпасам болбойт деп аны издеп жөнөдү. Заводдогу жумуш бөлмөсүнөн таппады. Ижарага алып жашаган батири жабык, жарыгы өчүк. Кесиптештерине кайрылса, бир жумага арыз жазып, уруксат алып кеткен. Бирок ал кайда кетти, эмне болду? Эч ким кабардар эмес.

Мадинага жолугуп, болгон сырын айтып берди, "карындагы баланын атасы Сагын" деп айтты эле Мадина уккан кулагына ишенбеди.

– Айнүш, кандайча? Сен сутка бою менин жанымдасың. Чогуу жатып, чогуу турабыз. Жумушубуз дагы бир. Айтурган жаныңдан чыкпайт, – деп Айнусканы жарга такады.

– Бурулсун айылында, кокустуктан болду. Анда мен өзүм азап чегип, ичкен суум, көргөн күнүм түгөнүп, өзүм соолуп, өлүп алсам кызымды, ата-энемди шорлотом деп жүргөн мезгил. Күчтөн тайып, алсыз жарымжан болуп, денем менен бирге ички дүйнөм жапа чегип турган кезде айылга асмандан түшкөн куштай болуп Сагын келип калды. Ызаланган күндөрүмдү, катаал каккыны, кашайган жашоомду, тебеленген тагдырымды, кайын журттун көргөзгөн кордугун, жанды кейиткен ачуу-мурч сөздөрүн, эмчектен чыга элек ымыркай кызымдын убалын эске албай кууп чыккандарын айтып отуруп, башка түшкөн түйшүк, оору менен санааны унут кылып, булуттардын үстүнө көтөрүлүп чыгып, курсагыма угут салынып калганын экөөбүз тең аңдабай калыппыз.

Мени шаарга алып келип жумушка тургузду. Кызымды бала бакчага, өзүмдү сенин жаныңа жатаканага жайгаштырды, – деп тизесине ээгин өбөктөп чөк түштү.

– Андан бери ошондой мамилеңер барбы? – деп суракка алган тергөөчүнүн кейпин кийип, Мадинанын ичи күйүп күйпөлөктөдү. Бөлмөдө ары-бери басып, колундагы манжаларын бирден тырсылдатып кайрып, ачууланганын баса албай, аябай бушайман акыбалга кептелди. Бетиндеги жарык нуру байпагынын алдына түшүп, бутуна кийген көлөчүнүн батегине айланды.

– Мадина, болдучу эми, каракчы кылмышкерди да мындай жекибейт. Достугубуз кайда, курбу-курдаш эмей эле касташкан жоодой жемелейсиң. Түз жүргөн кадырымды жерге салып тебелейсиң. Эси жоктук кылды, анысын дагы кайталап жатат деп эрмектейсиң. Ошол ошол болду, ошол бойдон Сагын экөөбүз ага-карындаштай, курсташ катары, дос катары мамиледебиз.

– Дос дечи, Айнуска курбум, сени айылдан алдырайлы деп Сагынды мен жөнөткөнмүн. Карышкырга кой кайтарткан турбаймынбы. Аттиң ай, Айнүш курбум, сен Мажитке турмушка чыккандан кийин Сагын мага турмуш куруу сунушун айткан. Мен макулдугумду бердим. Мына үйлөнөбүз болуп калганда Мажитиң өлүп, сени да, мени да, кызын да, баарын жайлады, – деп курбусуна өбөктөп, экөө көздөрүнө жаш алып ыйлап калышты.

Эки курбунун өз ара келишкен келишими боюнча Айнусканын боюндагы баланы атасына угузбай туруу болду.

Айылдан келген Сагын баш оту менен завод иштерине кирип кетти. Кошумча иштерди, буюртмаларды алып, завод иштеринин илгерилешине чоң салым кошуп, жумуш менен алек болуп, алаксып кетти.

Арадан жарым жыл өттү. Жай мезгили. Төбөдөн тике тийген Күндүн нуру, мээни кайнаткан аптаптуу ысык аба демди кысат. Көпчүлүк Ысык-Көлдү көздөй качып жан сергитишсе, кээ бирөөлөр тоого чыгып, саамал кымыз ичип, ат минип, аптаптуу жайдын ысыгынан жан сактап, ден-соолуктарын бекемдеген мезгил келди. Фрунзе шаардык №1-төрөт үйүндө жарык дүйнөгө ыңаалап кочкордой болгон уул төрөлдү.

Уулун көргөн Айнуска, баардык кыйынчылыктарды, түрдүү ыйкы-тыйкыны унутту. Ушул уулду бергенине кубанычы койнуна батпай сүйүндү. Уулу энесине жакшы маанай, илгери үмүт, ырыс -кешик, ишенимдүүлүк тартуулап, энесинин жүрөгүн балкыган бакытка толтурду. Ууз сүттү эмген сайын баланын эмгегинен сылап, бала жытына мас болуп магдырап, экинчи жолу эне бактысын күтүп алганына, Жараткандын болгон колдоосуна шүгүрчүлүк келтирди. Бакыттын көз тамчылары эмчек эмген эркек баланын бетине тамып, чочуган бала андан бетер эмчек эмип, энесинин ууз сүтүнө тойбой жатты.

Баланы тиктейт. Тогуз ай бою омурткасы сыздап көтөргөнүн, кесиптештеринин жүз көрүшүп “аман төрөп ал деп туруп, аркасына өтүп шуркуя, эри жок туруп боюна бүтүп, төрөп жатат” деген жан ооруткан сөздөрүн уккандарын эстеди. Арадан кеңешчилер чыга калып, “балаңды боюңдан аборт кылып алдырып сал” дегендерге көнбөгөнүн эстеди. Убактылуу жаманатты болуп турганда жүрөгүнө кайышпас эрк берген Жараткандын чексиз мээримдүүлүгүнө, жарыктыкка бир адамга өмүр берүүсүнө кажыбас кайрат бергенине жүрөгү менен ыйлап, ыраазычылык билдирди. Кудайды көз менен көрбөйсүң, аны акыл менен тааныйсың. Кудай сенин жүрөгүңдө, ал сенин кыймыл-аракетиңде, баскан жолуңда, туура чыгарган чечимдериңде экендигине өзү-

нүн акыркы болгон чоң бактылуу окуясынын жыйынтыгы менен сезип-туйду.

Анын кең пейилдигине, берешендигине, кемчилик, күнөөңдү кечиргендигине, жоктон барды жараткандыгына тооба кылып олтурду.

Фрунзе шаары. №1-төрөт үйү. Айнуска менен жаңы жарык дүйнөгө келген ымыркай талашка түштү. Биринчи тарап, Айнусканы айылга алып кетем деген Бурул апасы. Фрунзе шаарында завод жааматы жардам кылып карайбыз дешип, заводдун профсоюз уюмунун төрагасы Семеныч менен Мадина экинчи тараптан талашка түшүштү.

Айнусканын апасы Бурулсун айылына алып кетем дейт. Айылдагы үйүндө Айнусканын өзүнүн бөлмөсүнүн дубалдарын актап, эшик-терезе рамкасын сырдап, айнектерин эски гезит менен жалтыратып аарчып, эскирген шырдамалды жыйнап, сепке берилген килемин жерге төшөп, Айтурган бөлөнгөн арча бешиктин жасалгасын жаңыртып койгон. Болгону уул бала болгон үчүн шимекти базардан сатып алды. Күлтүгү болсо эскилиги жетсе да жарактуу болчу. Саан уй бар, сүт-айран кеңири деп Айнусканын апасы Бурул апа чуркап жүрөт.

Мадина менен Семеныч жатаканага эле алып чыгып кетебиз дейт. Алар жатаканадагы ар бир кабатта үйлөнгөн жаштар үчүн жашоо аянтынын чарчы аянты көбүрөөк бөлмөнү Айнуска үчүн даярдап, ошол жакка алып чыгабыз деп убаракерчилик тартып жүрүшөт. Заводдун профсоюз уюму топтолгон мүчөлүк салымдын эсебинен атайын протокол менен жаш энеге колдоо иретинде, коляска, уктоочу керебетти жуурканы менен сатып алып, андан сырткары ай сайын 6 ай ичинде 60 сомдон иштебей бала караганы үчүн көмөк көрсөтүү протоколунун көчүрмөсүн көтөрүп алып талаш-тартышка билек түрүп киришишти.

Бул көшөгөнүн берки жаркыраган бетиндеги талаштын таза күрөшү болчу.

Ал эми көшөгө артында Семеныч менен Мадина сөз талашып-тартышып жатышты. Талаштын чордону Айнуска сулуу. Мадина Семенычтын жан күйөр кишисинин кейпин кийип жан

үрөп ага Айнусканын көңүлүн имерүү – түпкү максаты. Алар бириксе, Сагын экөөнүн баш кошуусуна жол ачылат, жолтоо болгон Айнуска Семеныч менен болот максатында жан үрөп чуркаган максаты ушул. Эки каармандын максаттары, кызыкчылыктары бир болгондой түр көрсөтүп жатты.

Чыныгы кырдаал башкача болчу. Мындай кырдаал кантип жаралды.

– Мадина билесиңби? Бул эркек бала менин уулум болот, – деп Семеныч Мадинага ички сырын төктү. Мадина Айнуска менен Сагын экөөнүн Бурулсун айылындагы окуясынан кийин бул ымыркай жигит Сагындыкы деп толук ишенген болчу. Эми Семенычтан мындай кеп уккан соң эмнеге ишенип, чындык кайсы жерде экенин түшүнбөй башы дендароо болуп:

– Кандайча? – деп жерге түшүп бараткан ээгин ордуна коюп араң суроо бергенге жаралы.

– Айнуска айылдан эми эле келип, жумушка чыкканына бир жума болгон күнү аны ресторанга чакырдым. Ошол күнү менин оюм боюнча экөөбүз бир болушубуз керек эле. Силер Сагын экөөңөр жолтоо болуп, ресторанга келдиңер. Чогуу отурдук, Айнусканы өзүмдүк кылам деген оюму таш капты. Силерди жашаган жериңерге жеткиздим. Эртеси жумуш күнү завод жумушчуларына командировкага кеттим деп шоопурумду үйүнө жөнөттүм. Унаанын рулуна өзүм олтуруп, Айнусканы алып, жаратылыштын кооз жери болгон Ала-Арча капчыгайына жөнөдүк. Айнускага чет жерден делегация келет, ошолорду коноктойбуз деп алдап алып жөнөдүм.

Фрунзе шаары. Таң. Кызарган Күн башын чыгарып, бирок асманда кино лентасындай чубалжыган ала булуттар шамалдын багыты менен күн чыгышты көздөп Күн нурларын тосот. Күн нурлары булуттардын жылчыктарынан миңдеген алтын найзалары менен асмандан нур жаагандай түс берип турган таң.

Ал эми Ала-Арча капчыгайына жеткенде кабагы бүркөлгөн адамдай, асманга учу тийген аскалардын артынан чыккан кара булуттар күндү бүркөө кылып баратты. Аскалардын ар жеринде кыштан калган ак-кар, көк-мөңгүлөр заңкайып турат.

Тоо бетинде аскер жоокерлериндей бойлору, түсү бирдей карагайлар, жыты менен чериңди жазган жашыл арчалар, бойлой келсең белге жеткен тоо чөптөрү жайкалат. Алардын арасында кызыл-тазыл, ак-сары тоо гүлдөрү жашыл чөп бетине көрк кошуп, бетти аймалаган жеңил шамал менен бирге гүлдөрдөн чыккан атыр жыт таноонду толтуруп, көңүлүңө ырахат тартуулайт. Ушул мезгилде көзүңдү жумуп, бир саамга шамал ыргагына кошулуп, гүлдөрдү аралап бассаң. Бул көз ирмемдер дүнүйөнүн байлыгына алмаштыргыс учурлар. Ушундай кооз жаратылышта ойлоруңду тизмектесең жалаң гана жагымдуу ой түрмөктөрүнө чөмүлөсүң, ал эми турмуштун оош-кыйышы, өйдө-ылдыйы, майда-барат немедей сыяктанып калат экен.

Ушундай кооз жерге Айнусканы Семеныч бекеринен алып келбеди. Анын оюнда, ушундай жерге алып келип, баштагы амалдары ишке ашпаган соң, эми ушинтип жаратылыштын баш айланткан аурасында Айнусканы балкытып, өздүк кылып ээлеп алуу болчу.

– Экөөлөп үстөл даярдадык. Үстөл үстүндө кызыл, кара икра, балыктын түрлөрү, ичимдиктен Армян коньягы, Грузин виносун алып келген элем. Кызыктуу дем алуу үчүн деп 100 граммдан коньяктан соктук, 100 грамм мага анча таасир бербей көп узабай мен дагы 200 грамм урдум. Ачуу ичимдик менен бирге менин ичиме аялзатына кумарланган жырткыч жаныбар кирди. Чынжыры чечилген жырткычча зөөкүрлөнүп, адам кейпин чечип ыргытып, канчык итке арты менен жабышкак болгон жырткычдаңгыт итке айланып Айнусканы зордуктап салдым. Алсыз кыз колу-бутун тепкилеп, садагага чабылган улактай тыбырчылады, бирок алы жетпеди. Бир канча убакыт өткөн соң тизелеп, жалынып-жалбарып Айнусканы мага турмушка чык деп жалдырадым. Ал болсо Сагынды сүйөм деп былжырады. Мен аялым Таня менен ажырашам десем да көнбөдү. Мен Айнускадай перини өмүрүмдө жолуктурган эмесмин. Айнуска иш бөлмөгө киргенде караңгы үйгө билиги бийик жанган чырак алып киргендей жарык чачып турчу. Жарык менен кошо, назиктиги, аруулугу, бала кыялдыгы, ак куудай келбети, эс учумдан кетип жүргөнүмдү

айттым. Ички сырымды төгүп, мас абалымда айбан абийирим да ачылды. Кеч кирип, жабылуу аяк жабылуу боюнча калсын болуп, этек-жеңибизди түшүрүп, жайыл дасторконду жыйып шаарга кайттык. Мен байкаштырып жүрдүм. Ала-Арчадагы окуядан кийин ал мени менен да, Сагын менен да мамиле түзбөдү. Айнусканы өзүмө имерем деген аракетим тескерисинче болуп, андан узап калдым. Экөөбүз жат адамдай болуп калдык. Мен ага бегана болуп калдым. Эми болсо моминтип уулум төрөлүп жатса төбөм көккө жетип, сүйүнүчүм кучагыма батпай турат. Мадина Айнусканы көндүр, шаарда эле калсын. Тамак-аш, турмуш-тиричилик чыгашаларын өз моюнума аламын. Айнуска жана коом туура кабылдаш үчүн заводдун профсоюзу колдоп, каржылап жатат деп айтабыз, – деп Семеныч Мадинадан колдоо күтүп турду.

Мадина Бурул эже менен ары-бери тартышып, ымалага келишип, жигиттин кыркылыгын Бурулсун айылында чыгармак болушту. Андан кийин Фрунзе шаарында заводдун жатаканасында атайын даярдалган бөлмөгө жайгаштырмак болушту. Бурул, Айнуска, жаш жигит Бурулсун айылын көздөп жөнөштү. Айтурганды бала бакчага алып барып келүү Мадинага жүктөлдү.

Бурулсун айылы. Арадан кырк күн өттү. Жигитке Нуркалый деп ат коюлду. Анын себеби Нуркалыйдын башында оймоктой нуру, оң далысынын астында өрүктүн данегиндей кара күрөң калы менен төрөлгөн эле. Ата-бабалардын, Умай-эненин үрп-адатын ырымдап, баланын белгилерин бириктирип Нуркалый ысмы коюлган эле. Айнусканын атасы Аман аксакал Нуркалыйдын жентегине короодогу топ койду аралап, куйруктуу семиз чоң кара койду тандап, жерге жаткызып, төрт бутун байлап, кыбыланы каратып туруп, эки алаканын бетине каратып:

– Сами Аллооху Акбар, Кудайдын жолуна, – деп туруп койду мууздады. Сан жиликтерди бүтүн, кол жиликтерди жарты кылып казанга салды. Койдун башын куйкалап, карчыга, арка, эттерди жигинен бычак менен чыгарып, моюн сөөк этти балта менен чаап, кабыргалардын бетиндеги эти качып кетпесин деп жетим кабырганын баш жагын кесип, кабырга этин илип туруп казанга салды. Өпкөнү бүтүн чыгарып, кекиртегинен үйлөп текшер-

ди. Өпкө бүтүн чыкты, желин чыгарып, ичеги-карынды кошуп Бурулга берди. Бурул өпкөгө нак сүт, сары май куюп бышырды. Ичеги-карынды жууп жөргөм, быжы кылып кайнаган казанга салды. Агарган тандырга нан жабылды, нандын аркасынан кырк токоч жаап, тандырдын жанындагы кичине казанга боорсок, каттама, чак-чак бышырышты. Нуркалыйга бата алып, жентегине деп айыл имамын, такыба сопу акелерди кошуп, колу-коңшуну, жек-жаатты чакырды. Кесиптеши жана жакын досу Мадина чакырылды.

Фрунзе шаары. Завод жатаканасы. Мадина жалгыз барбастан шерик кылып Сагын менен Семенычты ээрчитип алуу чечимин кабыл алды. Семенычтын Ала-Арча капчыгайында зордуктоо болгон баяны боюнча Сагын кабардар эмес эле. Сагын менен Айнусканын Бурулсун айылындагы арзуу айдыңында гүлзарда кубалашып гүл тергенин Семеныч билбейт. Мадина гана бардыгынан кабардар. Бирок, бала кимдики деген баш катырма бүйүрүн кызытып жатты. Табышмактын жандырмагын асман-жердин жаратуучусу гана билчү. Кантсе дагы Мадина билимдүү, анан көрөңгөсү бийик кыз экендигин завод жумушчулары жана жетекчилик эбак байкаган, кадыр-баркы өсүп, келечектен көптү үмүттөндүргөн жаш кызматкерлерден эле. Эгерде ортодогу Сагын менен турмуш мамилелери мынчалык чиелишпегенде, же жолдошу бар айым болсо, балким, бул ыйкы-тыйкы ушак-айыңдарга катышпайт беле.

Ким билет, бирок, мезгил убакыты боюнча бүгүнкү саатта булардын арасындагы мамилени жөнөкөй деп айтууга болбойт эле. Арканды алыс таштаган Мадина өзү деле жентек тойго барып келсе болмок. Кантсе дагы чакырык бир гана ага келди. Мадина айым ушундай маанилүү окуяга Нуркалыйдын атасынын катышуусун эп көрүп, атасы болушуна мүмкүнчүлүгү бийик болгон эки мырзаны чакыруу чечимине келди. Алардын бетине түз айтпастан, кесиптеши катары Айнусканы колдоп коёлу деген жүйөөнү бетке тутуп, эки мырзаны эки жагынан ээрчитип Семенычтын кызматтык унаасына олтуруп, сапарга аттанышты.

Жолду карай өзгөчө деле кызуу маек курулбады. Супсак салам-алик, күнүмдүк кайталанма завод иштеринен бир аз кеп

куруп жым болушуп, ортодо тынчтык орноду. Унаада үч инсан маңдай тагдырына келген бакыт кушун башынан сылап, түбү жоктой көрүнбөгөн келечекти көз айнек менен он чакырым алыстыкта турган буюмду көрө албагандай эле, булар да алдыдагы окуяларга өздөрү таасир этсе-этпесе да өткөн окуялардын жыйынтыгы аң-сезимдерин боз тумандай каптап, уулдун атасы ким экендигинин ачык эместиги үчөөнүн тең башын маң кылып, күлүк атчан ой-кыялдарга батышты.

Семеныч ойлоно калды: "Таня менен баш коштук. Жашыраак кезде заводдун жумуштары деп жүрүп бала күтүүгө шашпадык. Негизги максатыбыз кесиптин пайдубалын түптөө болду. Завод иштери деп үй-бүлөгө анчалык көңүл бурбадык. Эрте менен саат 7де үйдөн чыгып, түнкү 24:00дө чарчап келип, сулк жыгылмай. Жеке жашоо экинчи эмес, акыркы орунга сүрүлүп жылды. Эми болсо ошол эмгектеримдин жыйынтыгына уул белекке алып олтурамын. Айнуска менен Нуркалыйды жатаканага жайгаштырам. Таня менен ачык сүйлөшүп ажырашып, нике күбөлүгүн сот аркылуу кырктырам. Жаңы жашоону баштаймын" – деп таттуу кыялдын кыямына тилин салып тамшанып даамдагандай магдырап, эйфорияга батып келе жатты.

Мадина ойго батты: «Нуркалый кимдики болду экен? Семенычтанбы, Сагындыкыбы? Келечек бүдөмүк. Айнусканын го уулкызы бар. Ата болом деп чуркаган эки күйөрманы бар. Менин кимим бар? Эми алдыдагы жашообуз кандай болот? Алдыдагы окуяларда менин жүрүш-турушум, жетишкен натыйжам кандай болот, же кандай болуш керек? Окуялар кандай өнүгөт?" деп толгон-токой суроолорго жооп издеп, төрөй албай кыйналган аялдай онтоп түйшөлөт. Эң башкысы, экөөнү айтып алганына өзү ыраазы.

Сагын ой дүйнөсүндө: «Кызык, Мадинанын айтуусу боюнча төрөлгөн бала Семенычтыкы дегенине карабастан аны көргөнү, куттуктаганы кетип жатам. Бечара Мадина көп түйшүк тартты. Семеныч уулун кабыл алды. Танячы, кабыл алабы, кечиреби? Түшүнөбү, турмушу бузулбайбы? Же булар ачык айтышпай, ар ким өз жашоосу менен болобу? А балким мен Айнусканы эки баласы

менен кабыл алып жашоого макул экендигимди билдирсемчи? Ал кандай кабыл алат? Анда Мадина мени кечиреби?” деп жообунан суроосу көп ойлор короого кирбеген койлордой башын каптады.

Бурулсун айылы. Коноктордун көпчүлүгү кетип, үй бошоп калган маал. Даяр дасторконго олтурушуп, даамдардан сызып, Айнусканын палван уулу Нуркалыйга белектерин тартуулоо үчүн анын бөлмөсүнө үчөө бирдей киришти. Айнуска эми эле бешикке бөлөнгөн баласын чечип, кийимдерин кийгизип, колуна алып отурган кез. Босогодон кирип келген үчөө тең баланын жүзүнө тигилип тиктеп, катып калышты. Мадина аяш уулун колуна көтөрүп, алып келген белектерин кийгизип жатып, эне болуу бактысын баамдады. Ушундан өткөн бакыт, ушундан өткөн байлык жок экенин сезип, ичинен өзүнө да эне болуу бактысынын насип этишин тилек кылды. Семеныч менен Сагын экөө тең бала карабаган, бала көтөрүү тажрыйбасы жок болгондуктан Нуркалыйды олдоксон кучактап, жыттап өөп, Айнускага бат эле тапшырып беришти. Семеныч сүйүнүп, таңыркаганын жашырбады.

– Оо, палван жигит турбайбы! Чоңоё бергиле» – деп көрүндүккө 10 сом берди.

– Айнуска, Нуркалыйың өмүрлүү, намыстуу уул болсун, – деп Сагын 5 сом көрүндүк берди.

Айнуска уулу менен шаарга кайткандан кийин убада боюнча кесиптештер аны жатакананын атайын даярдалган бөлмөсүнө жайгаштырышты.

* * *

Фрунзе шаары. Арадан алты ай өттү. Тоңголок кетип, муз кар эрип, дарыядагы суулар кирип, өрүк-алма гүлдөп, жер бетин жашыл түс каптап, көптөн күткөн көктөм жаз келди. Айланада аппак көпөлөктөр жеңил учуп, жука канаттарын серпип бак-даракка, гүлдөргө конуп учса, аарылар гүлдөгөн мөмөлөрдү чаңдаштырып, майда канаттарын ылдам каккылашат. Келгин куштар чыйпылыктап, бир бадалдан экинчи даракка конуп, чырпыктардан уя салуу түйшүгү менен убара. Теребелге көз салып

шаар бакчасындагы отургучта Айнуска кызы Айтурган жана Мадина, коляскада уктап жаткан уулу Нуркалый болушуп сейилдеп чыгышкан.

Тынч уктап жаткан жети айлык Нуркалый жаны ачышкандай ачуу бакырып, чочуп токтобой ыйлап кирди. Эмизип сооротоюн десе түк көнбөйт. Денесине бычак тийип, катуу ооруксунгандай бакырып, ыйлаганын токтотподу.

Жүрөктөрү түшүп, чоң жолго чуркап чыгышып, такси кармап, тез жардам пунктуна келишти. Мээрбан айым эс алдыруучу ийне сайып, шаардык балдар ооруканасына жолдомо кагазын жазып узатты. Балдар ооруканасынын баш дарыгери кечиктирбестен дароо эле бош палатага эне-баланы жаткызды. Эртеси анализге Нуркалыйдан канын, улуу, кичи саарасын алып, анализ жыйынтыгын күтүп калышты. Анализ жыйынтыгы чыккан. Дарыгер ары-бери басып, акыры Айнуска менен сыртта күтүп отурган Мадинаны чакырып сөздү баштады.

– Атасы өлсө дагы угузат. Балаңыз миң адамда бир кездешүүчү илдетке туш болуптур. Тез арада хирургиялык операцияга киришпесек баланы сактап кала албайбыз.

– Доктур, мен макулмун, баланы аман алып калсаңыз эле болду, – деп Айнуска ыйлап кирди.

– Жакшы, биринчи маселе чечилди. Сиз операцияга макулмун деп тил кат жазып бериңиз. Эми экинчи орчундуу татаал маселе. Мен сиздин анкетаңызды окуп көрдүм, күйөөм жок деп толтурупсуз. Күйөөңүз жок болгону менен баланын атасы бар да туурабы. Атасы канын тапшырсын, канынын жыйынтыгы менен донорлук боюнча чечимди консилиумда кабыл алабыз. Баланын атасын күтөбүз, чакырыңыз, – деп эки айымды узатты.

– Мадина, уулумдун өмүрүн сактап калышыбыз керек. Сен мага жардам бер.

– Айнуска, сен өзүң баланын атасы ким деп ойлойсуң?

– Күнү боюнча Семеныч да, Сагын дагы дал келет.

– Семенычка кайрылып көрөйлү. Анын анализинин жыйынтыгы туура чыкса, ал донор болууга макул болот. Семеныч менен мен сүйлөшүп, эртең эрте менен келебиз. Кыжаалат болбо,

бардыгы жакшы болот, – деп Мадина Айнусканын, Нуркалыйдын жүзүнөн сүйүп чыгып кетти.

Мадина ооруканадан чыгып түз эле заводго Семенычка бет алды. Семеныч Мадинанын сөздөрүнөн улам бардыгынан кабардар болуп, дароо эле донорлукка макулдугун берди.

Эртеси Фрунзе шаардык лабораторияга чогуу барышып, Семеныч канын анализге тапшырып, жыйынтыгын конвертке салып жаап берди. Конверттеги Семенычтын анализин колуна алып, дарыгер окуп кирди. Дарыгер анализдин жыйынтыгын көз жүгүртүп, ичинен окуп жатты. Дарыгердин бөлмөсү, анын жанында Айнуска, Мадина жана Семеныч. Үчөө тең үңүлүп, дарыгердин эки көзү кагаздын эки жагына чуркаса, алардын көздөрү кошо ойнойт. Айнуска менен Мадина экөө аябай чыңалган абалда турушту. Экөөнүн тең максаты бир, анализдин жыйынтыгы батыраак чыкса, Семеныч донор болуп берсе, Нуркалыйга кечеңдетпестен операция жасалып, жанын аман сактап калышса. Болду ушул эле, башка эч нерсе күтүшпөдү. Семеныч болсо, донор боломун деп жүз пайыз ишенгендиктен, бери жакта турган Айнуска менен Мадинага караганда анализдин жыйынтыгына өтө ишенимде, бейкапар турду. Дарыгердин мурду тердеп, бир аз чайпалып да кетти. Тырнагы тыкан кыркылган сол колунун сөөмөйү менен тер баскан мурдунун учуна түшүп калган көз айнегин өйдө түртүп баратып, көзүнүн үстү менен Семенычты үмүтсүз салкын тиктеди.

– Кечиресиз, бул наристенин атасы сиз эмессиз! – деп кагазды эки бүктөп, ак халатынын оң чөнтөгүнө салды.

Семенычтын сары түсү кам этке окшоп, кыпкызыл болуп кызарып кетти.

– Андай болушу мүмкүн эмес! – деп кушеткага көчүгү менен лак этип кулап түштү. Оозунан чыккан сөзүн араң шыбырап, энтигип оозу кургап, кулап бара жатып эки колу менен кушетканы таяна отура калып, ойго батты: “Мен жашоомдо өзүмдүн гана жырткыч ырахаттарымды ишке ашырып жашап келдим. Колумдагы бийлигимдин өктөмдүгү менен мен каалагандай жашадым. Чогуу өмүр сүрүп жаштыгын, өмүрүн мени менен өткөргөн

Таняны чанып, мени менен бирге болууну, бирге өмүр сүрүүнү каалабаган Айнусканы зордуктап мени менен жашасын деп мажбурладым. Эми болсо менин акыбалым кандай болот? Таняга ажырашам деп айтып, аны көчүп чыгып кет дегенмин, ал кийимкечесин топтоп, даярдык көрүүдө. Эми аны кетпе, чогуу жашайбыз деп айтсам  макул болобу?! Бирок мен өз кылыгым менен өзүмдүн алдымда, Танянын алдында уят болдум. Ал эми Айнуска болсо азыркы анализдин жообун укканда, капастагы чымчыкты эркиндикке учургандагыдай сүйүнүч көз карашы менен мени жерге жалпайта киргизди. Эми Айнуска деле мени менен мурдагыдай мамиле кыла берет. Бирок мен өзүм анын алдында уят болгонум үчүн жашоомду кайра карап чыгышыма түрткү болду.

Мен ийгиликтүү, кесипкөй жетекчимин. Бирок, мен инсан катары өз напсимдин кулу, куру шайтан кыялдардын жетелеме көлөкөсү, өзүмчүл, жакындарымдын көңүлүн уруп ойнобогон наадан жашоону тандап жашапмын.

Биз колубуздагы жакшы жашоону байкабай, башка кол жетпеген жалган жашоону эңсеп өмүрүбүздү убаракерчилик менен өткөзөт экенбиз.

Айланаңда сага умтулуп, сени бактылуу кылам деген адамдардын бакыт ширесин жутуп тойгон соң, алар менен чогуу болбой аларды таштап, башка тараптагыларга жетип-жетпей умтулуп, азап тартып жашаганды жакшы көрөт экенбиз.

Турган жериң тегиз, жаныңда шырылдаган булактан суу агып, бакчаңда торгой сайрап жаткан жашоодон качабыз. Баткак сазына өзүбүздү өзүбүз батырып алып, бирөөлөрдү айыпкер катары күнөөлөгөндү эп көрөт экенбиз.

Жаныңдагы жакшы көргөн адамың жылуу мамиле кылса, ал ысык келип, көтөрө албайбыз. Салкын, орой жана туруксуз инсандардан өзүбүз качат экенбиз.

Колдоп, коргоп, жандай сүрөгөндөргө көнбөй, артка, аңга жана караңгыга жетелегендерге умтулуп жашайт экенбиз» деп кеч болсо да жашоосуна сарасеп салып, Семеныч асыл ойлорго батты.

Терезе жанында турган Мадина балтырына багызган менен чапкандай шалак этип жыгылып кетейин деп терезенин текчесине чыканагына ныктап туруп калып ал дагы төмөндөгүдөй ойлорго батты: "Өмүрүмдө бир тарап сүйгөн эркектин артынан жетеленип, мени сүйгөн эркектерди чанып ушул жагдайга кептелдим. Өзүм урматтаган жан досума тор салам деп ошол тордун курмандыгы өзүм болдум. Жашоо өзү алдыңа келип, каалооңду аткарчу алтын сыр таякча берип каалооңду аткар дегенде биз ошол заматта азыр эле алтын таякча берген бейпил жашоого артыбызды салып, бизге артын салган адамдарга убара тартып талпынып, туталанат экенбиз. Өмүрдө өзүңдүн аркаңдан чуркагандардан качасың. Сенден качкандарды кубалап, көксөгөн жок жашоону, кыялданган образдын түзүмүн элестетип алып ошол багытты өзүбүз тандайт экенбиз. Сүйүүдө сени сүйгөндөрдүн сүйүү көлүнө чөмүлбөй, сен сүйүп, бирок сени күтпөгөн көлдү кечемин деп ынтылып жашап өтүп кеткенибизди аңдабай кете берет экенбиз. Жашооңо жарык берген инсандардан качып, караңгылыкка кирип алып, жарыктыктын эшигин издеп таппай убара тартып жашап өтүп кетет экенбиз. Сени күткөндөрдү зарыктырып күттүрүп, сени түртө салгандарга жапакеч мамиле жасап, он айланып күтүп жашайт экенбиз. Чөмүлгүң келгенде, өзүңдүн жаныңдагы таза, тунук жана шар аккан дарыяга чөмүлбөстөн, суу агып кирбеген, агып чыкпаган, тереңдиги тизеден келген, балыр баскан балчык, ылайкы көлгө оонаганга куштар экенбиз" деп болгон окуялардан, жашоодон сабак алгандай ойлорго Мадина чөмүлдү.

Айнуска болсо буга чейин бүдөмүк ойлордо жүргөн болсо, азыркы кырдаалда жанданган тунук ойлор мээсин каптап кирди: "Эми ишеничим артып, сумсайган жүзүм нурданып, уулумду кана сактап калбастан, тээ институтта тапкан, чөп орумда бышыктаган, жүрөгүмдүн түпкүрүнөн суурулуп чыккан, арзууларымды ага түз айта албастан, өмүр бою күтүп сүйгөн адамымдын аты менен бирге өзүмдүн атымды жазуу кылып тигип, ашыктык арзуусун баарын кошуп кызыл жүз аарчыга түшүрүп, сүйгөн адамымды кайрадан таап жатканыма ишенип-ишене албай кубанычка ба-

тып турам. Уулумдун атасы катары Семенычты ыраа көрбөйт элем, бирок зордукталганым чындык болгон үчүн Нуркалый, Семенычтыкы болушу ыктымал болчу. Эми болсо уулумдун атасы Сагын экендигине сүйүнүчүмдү кучагыма батыра албай турам. Аны медициналык жол менен тастыктоого жана илдет жабышкан уулума донор табуу менен бирге элдин алдында да жүзүм жарык болушуна шарт түзүлүп калганына Жаратканга миң мертебе ыраазымын!” сыяктуу ойлорго саякаттап:

"Чындап сүйсөң, чындап күтсөң акыры чындык өзү оркоюп чыга келет тура. Өзүң жакшы болсоң, жакшы жүрсөң, туура жашасаң, ачуу турмушка туруштук берсең канчалык кордук көрсөң да бардык кырдаалда адамдык сапатыңды жоготпосоң, акыры жакшылык, бакыт өзү сага табылга болуп төбөңдөн ылдый түшөт экен.

Бакыт кушу колуңа конуп көп узабай учуп кетсе, кейибестен күтө билсең, акыры ал кайра сенин багыңа кайтып келчү күн чындык экен.

Бирөө сага бийлиги, күчү менен зомбулук-зордук көргөзсө, ошол убакытта сен ыза тартып, жаның ооруп, заманаң куурулуп кейийсиң. Ал эми зомбулук көрсөткөн инсан убакты келгенде ошол зомбулугунун азабын тирүүлүктө турмуш өзү жан чыдагыс сыноолору менен сыздатып сызга отургузуп сындырып салуусу жашоонун ачуу мыйзамы тура.

Башыңа караңгы күн түшкөндө каргап-шилебей тоба кылып, каниет кылсаң, башыңа бир күнү жаркырап күндүн тийиши бул мыйзам ченемдүү көрүнүш. Болгону биздин сабырыбыздын жоктугу, санаага жакындыгы адамга жакын сапаттардан деп билдим.

Көөдөнүңдө ит өлүп калганда оозуңдагы итти коё берсең, ал оңой эле ыркырап тиштеп, адамдын тыртыгын чыгарып, өзүңө душман ашырасың. Ошол кабанаак итти ооздуктай алсаң жеңиш сеники, көңүл калбай мамилелердин уланышына шарт түзүлөт. Бир күнү ал адам өзү сага жакшылыгы менен сенин сабырыңа жооп кайтарат. Бул чындык бумеранг жашоонун кагазга түшпөгөн мыйзамы.

Адамдар сени, жашооңду, баскан-турганыңды, сенин кемчиликтериңди сөз кылышы мүмкүн, бирок сенин аларга кылган жакшы мамилеңди эч качан унутушпайт!" деп капилеттен турмушундагы туура бурумга туш болгонуна сүйүндү. Семенычты табалабай, тооба кылып, түркүн ойлорго батып турду Айнуска.

Дарыгер ой баскан үчөөнү тике карады:

– Карындашым, сиз чакырган инсан донор боло албайт. Капа этпеңиз, аны катуу силкпеңиз. Дагы жакшы эстеңиз, убакыт тар, кырдаал чукул, бизге ар бир күн, ар бир саат кымбат, балага өзүнүн атасы гана донор боло алат, – деп Айнускага кайрылды.

Терезе таянып турган Мадина эсин жыйып: – “Мен Айнусканын уулунун өз атасын билем, – деди.

Башын шылкыйтып, дудук болуп, жер тиктеп олтурган Семенычка тил чыкты.

– Создуктурбай айт. Адам өлтүргөнгө деле сот өлүм жазасын, өкүмүн угузуп, өмүргө болгон үмүтүн үзөт. Анын сыңарындай, болушунча болду, боёсуна тойду кылып ачыгын айткыла чала жан кылбай, – деп моюнун кыскан галстугун ылдыйлатып, көйнөгүнүн моюн тараптагы эки топчусун чечип жакасын жакжайтты.

Дарыгер Айнуска бирдеме дейт бекен деп аны тиктеп турган абалда көз айнегинин үстүнөн көзүнүн үстү менен бурулуп: – «Эмне олтурасыздар, донорду алып келиңиздер, – деп Айнуска менен Мадинага карап калды. Айнуска ордунда кыймылдабай Мадинаны карады эле, ал: Семеныч, жүрүңүз, Нуркалыйдын атасына анализге канын, саарасын тапшыртайлы, тездетейли, бизден болгон жардамыбыз ушул болсун, – деп дарыгердин бөлмөсүнүн эшигин ачып, көзү менен Семенычка жүрүңүз деп ишаарат кылып чыгып кетти. Анын артынан октой атырылып Семеныч чуркап чыкты.

Бир күндөн кийин. Балдар ооруканасы. Таң эрте. Дарыгердин бөлмөсүндө үчөөнүн эки көзү төрт, мүрүлөрү бүрүшүп калган. Үчөө бирдей дарыгердин кагаз бетине жүгүргөн көздөрүнө кароол болуп алышкан. Бурчтагы кийим илгичтин жанында жеңил курткасынын жакасын тикчийтип кийген Сагын эч нерсени түшүнбөйт. Болгону Айнускага жана анын уулуна донор издеп

жүрөбүз дегенинен, кан, улуу, кичи саарасын анализге тапшырган. Булар эмне баары оорулууга жардам бербестен бул дарыгердин оозун тиктеп жалдырашат деп ичинен булардын демейдегидей эмес, таң калыштуу жүрүм-турумуна таң калды.

Дарыгер анализдин жыйынтыгын окуп бүтүп, каадаланбастан түз эле жөнөкөй жатык тил менен беркилерди да шок кылбайын дедиби же ооруулулар менен иштеп жүрүп такшалган практикасыбы:

– Сагын, сиз донорлукка жарайсыз. Беш күн спирттик ичимдик ичпеңиз. Жыныстык катнашуудан оолак карманыңыз. Ачуу тамактарды мүмкүн болсо рационуңуздан чыгарып туруңуз. Жумушуңуздан жети күнгө уруксат алыңыз. Эртеңден баштап дарыгерлердин көзөмөлүндө болосуз. Келе жаткан жума күнү сиз жана Нуркалый мырза операцияга киресиздер, – деп сөзүн бүтүрүп, өздөрүнчө сүйлөшүп алышсын дедиби, айтор, сыртка чыгып кетти.

Сагын "эми Айнусканын уулуна донор болсом болупмун да" деп ичинен чындап эле сүйүнүп, башка ойго барбады.

– Мен макулмун. Жумушка барып арыз жазып, ооруканага керектүү буюм-теримдерди даярдап келейин, – деп ал заводду көздөй шашып жөнөдү.

Кайра бөлмөгө кирген дарыгер үч бурчта ооздоруна талкан салып алган үч адамга кайрылып:

– Бул эми жашоо, турмуш! Ага эч ким эч качан таңыркабаш керек. Эң башкысы сиздер донор таптыңыздар. Биз ошону ойлонойлу. Бала аман болсо, бардык чечилбеген түйүндөрдү кийин чечишкенге сиздерде убакыт кеңири болот. Эми барып эс алыңыздар, – деп акыркы жагдайга активдүү катышкан үчилтикти узатып койду.

Арадан бир апта өттү. Дүйшөмбү күн. Саат эрте мененки 11:30дар чамасы. Операция ийгиликтүү аяктап, Нуркалыйды Айнуска өз палатасына алып чыгып кетти. №11-палатада Сагын наркоз тараганда көзүн ачты. Бычак тийген жерлери тыз-тыз этип ачыштырып коет. Бир ныптасы наркоздон толук тарабай, эч нерсени сезбеген акыбалда турат. Көзүн ачып шыпты тиктеп

атасынын ар дайым айта жүрчү накыл кебин күбүрөнүп кайталады: «Ашың адал болсо, көчөдө ич», Кудай жалгап, жаным аман, Нуркалый аман. Эй раббим, өзүңө сыйынып, өзүңө жалынам, ушул көргөн күнүмө ыраазымын», деп галлюцинациядан толук чыкпай сүйлөп, бир аз онтоп жатты.

Эртеси шейшемби Сагын терең уйкуда жатат. Керебет четинде ак халатты мүрүсүнө жамынып Мадина олтурат. Сагын оң капталына оодарыла көзүн ачып, терең наркоз уйкусунан туруп, керебет четинде отурган Мадинаны көрүп башын көтөрдү.

– Кел, Мадина, көп уктадымбы? Айнусканын уулунун абалы кандай, айтчы?

– Нуркалыйдын ден соолугу жакшы, чыркырап ыйлаганы токтоду. Бир аз алсырап турат, анысы бычак тийип операция болгонунан. Бир-эки жумада мурдагыдай дени соо акыбалга келет деп догдурлар үмүттөндүрүүдө.

– Аа-аа, жакшы, жакшы.

– Өзүңдүн ден соолугуң кандай?

– Көрүп турганыңдай, өлбөй алдыңда турам го, – деп жылмайды.

– Сагын, сага айта турган бир купуя сыр бар. Бул купуя сырды сага Айнуска айтуусу абзел эле, бирок ал уулунун ден- соолугу менен алек болгону үчүн мен сага азыр ушул жерде айтууну эп көрдүм. Сен ал купуя сырдын чындыгын билүүгө толук татыктуусуң. Кудай ушинтип чечиптир, баарыбыз Жараткандын усталыгына тан берип, алдыга жүзүбүз жарык кадам шилтейли, башкаларыбызга да кечинен болсо да бакыт кушу конуп каларына ишенимизди жоготпойлу.

– Кызык экен, мен баарын билем дечүмүн, мен билбеген кандай купуя сыр болду экен?

– Мен сени сүйөм, сен Айнусканы сүйөсүң.

– Мадина, сени сүйбөсөм да жакшы көрөмүн, урматтайм.

– Бирок сүйбөйсүң.

– Сүйбөйм, бирок сен мен үчүн өтө кымбат инсансың.

– Чынчылдыгыңа ырахмат, бирок купуя сыр бул эмес.

– Иии-й угуп жатамын, операция кылганда курсагымдан кумган толо алтын чыктыбы?

– Сенин курсагыңдан, бооруңдан бир аз кесип сенин уулуңдун бооруна жабыштырып тигишти. Курсагың кумган толо алтын эмес бриллиант экен, жүрөгүң толгон боорукерлик экен.

Сагын керебетте жаткан жеринен ичи ооруса да оң колу менен ичин кармап:

– Тагыраак тактап кайталачы...

– Айнусканын уулу тубаса боорунан оорулуу экен. Догдурга кайрылдык, ал Нуркалыйдын аман калышы үчүн боорго донор издөөнү сунуш кылды. Ал үчүн биологиялык ата-энеси же ата- энеден бир тараган бир тууганы болсо балага эгилген боор тез ыңгайлашып, боор толук кандуу функциясын аткарат экен. Боору өсүп, мурунку жакшы дени сак акыбалына келет деди. Айтурганды ойлодук, анын атасы Мажит болгону үчүн ал вариант жараксыз болду. Андан кийинкиси Айнусканы ойлодук, дарыгер анын алсыз денеси операцияны көтөрө албайт деди. Эң акыркы жол, атасы катары Семенычка ишеним көрсөтсөк, ал дароо макул болду. Тилекке каршы, саарасынын анализи менен канынын группасы такыр дал келбеди. Семенычтын алдында биз, биздин алдыбызда Семеныч ыңгайсыз акыбалга кептелип, кийинки эң акыркы вариант катары сени ойлодук. Бирок, Семеныч менен болгон түшүнбөстүктөрдөн кийин жөн гана донорлукка жардам сурап сага кайрылдык.

Дарыгер, анализдерди көрүп, ДНК тести 99 пайыз дал келүүсүн тастыктап, донорлукка сенин бооруң жарайт деди. Кан анализдери сенин бооруңдун дени сак экендигин маалымдады. Дарыгер сени спирттик ичимдиктерди ичпегин дегени да боорду трансплантация кылууга байланыштуу болгон. Семенычка болсо чоң ыраазыбыз. Анткени ал силерди операция кылган Москва шаарынан келген дарыгерлердин эмгек акысына демөөрчүлүк кылып, акча таап берди. Ушул купуя сыр, сен уулдуу да, аялдуу да болдуң. Мен сени кое бердим Сагын.

Сагын керебетке таянып туруп, терезе алдына бир бутунан сылтып чолоңдоп басып барып, терезени ачып:

– Мадина, Нуркалый менин уулумбу? – деп дагы дале ишене албай муздак таза абадан көкүрөгүн толтура дем ала сурады.

– Ооба, Нуркалый сени менен Айнусканын уулу. Буга кымындай шек жок.

Сагын ачык терезеден башын чыгарып:

– Эл журт, мен уулдуу болдум, эх-эээй! – деп бакырып баратып эсин жоготуп жыгылып кетти. Мадина жыгылып бараткан Сагынды чыканагынан жөлөп, керебетке жаткызды.

Эсине келген Сагындын операциядан кийинки физикалык дене турпаты калыбына келе элек, көзү караңгылашып кесилген ичи ачышып, алы жок болуп турду. Ал эми руханий жан дүйнөсүндө чалкыган көлдө кайык менен баратты. Сагындын окту, согушту, автомат көтөрүп тоо койнунан аткылаган афган моджахеддерин көргөн катык жүрөгү, "уулдуу болдуң" деген чоң жаңылыкка кубанып, эзилип жибип турду.

Жаны ооруп, бирок руху көтөрүлгөн маанайда чолоңдоп басып, Айнуска менен Нуркалыйды издеп жөнөдү.

Сураштырып жүрүп Айнуска менен Нуркалыйдын дарегин тактап, жандандыруу бөлүмүнөн тапты.

Жандандыруу бөлүмүндө операциядан кийин терең уйкуда, кошумча жасалма аба камсыздоочу аппаратка уланган аш катык Нуркалыйды көрүп, эт жүрөгү эзилип тиктеп туруп калды.

Ата болуу бактысына жана уулуна өз боорун берип донор болгонуна өзүнө-өзү ыраазы Сагын терең уйкуда жаткан Нуркалыйды тиктеп жүзүндө сүйүнүч нуру, ата мээрими жалындап от жанып турду.

Мээрбан айым менен процедура бөлмөсүнөн чыккан Айнуска палатага кирип, ичи бинт менен таңылган таякчан Сагынды көрүп сүрдөп кетишти.

– Кел, Сагын.

– Айнуска, абалың кандай? Нуркалыйдын ден-соолугу жакшы болуп калдыбы?

– Өзүм Кудайга шүгүр. Нуркалыйдын абалы дарыгерлердин айтуусу боюнча стабилдүү бир калыпта. Азырынча жасалма дем алуу жана жасалма тамак-аш менен азыктанууда. Күн-түн жанындамын. Жараткандан жалынып-жалбарып анын өмүрүн тилеп олтурамын.

– Мадина мага баарын айтып берди. Нуркалый экөөбүздүн уулубуз турбайбы, Айнүш!

Айнуска бети кызарып, эмнегедир денесин толкун титирек басып кетти.

– Ооба, ошондой, Нуркалый сенин уулуң, аны бардык анализдер тактап, тастыктабадыбы. Сага кантип угузсам экен деп тартынып тургам.

– Айнүш, силер айыга бергиле, мен да күч топтоп, дарылоом бүтсүн. Бейтапканадан чыгып кенен-кесири сүйлөшөбүз, – деп ийилип Нуркалыйдын мурдунан өөп палатадан чыгып кетти.

Арадан эки апта өттү. Балдар ооруканасы. Айнуска экинчи кабаттын терезесинен кылчая карап, жол карайт, күткөнү Сагын. Бир көзү Нуркалыйда, бир көзү көчөдө.  Терезеге кыңтая калып ойго батты: «Ата катыгүн, ай. Алмустактан бери өмүр бою күтүп жашап өтөбүз. Эң башкысы сен күткөн адамдар сенин баркыңды билгенде эмес. Анда милдетине ооп калат. Эң башкысы сени күттүргөн адамдарды сенин ишенип күткөнүңдө. Ар кимди эле ушинтип күтө бербейсиң. Ар кимге эле ушинтип зарыга, көчө тиктеп утурлабайсың. Сен күтүп, бирок ошол күткөнүңө өзүң ыраазы болуп, мажбур болуп, алтын убактыңды садага чапканыңда. Дагы кызыгы, күткөн адамыңдын келишин билип туруп, ичиңден уйгу-туйгу болуп толкунданганыңда. Ооба, ичиң буркан-шаркан болуп көл толкуса, демек, сенин ичиңде дагы адамгерчилик жашап келет. Нукура, чыныгы күтүү сезими сенде бар экен деп бил. Сенден дагы жакшылык жышаанын күтсө болот. Эгерде сен күткөн адамыңды салкын кандуулук менен күтсөң, анда ал күткөнгө кирбейт. Келсе-келбесе баары бир болгондон Кудай сактасын. Бул кош көңүлдүк бүт балакеттердин башаты. Ток этерин айтканда, бизде жатык сөз менен “өлүп кетпейби» деп коёт же «мага эле керек бекен, анан эмне минтпейт өзү?» жогорудагы өлүп кетпейбинин бир тууганы, ушул сөздү айтып жаның кашаят. Айнусканын Сагынга болгон күтүү сезими биз айткан классикалык формасында калыптанганын ушундан билиңиз. Көз ирмебей көзү көчөдө. Колуна толо гүлдесте кучактаган Сагын көчө бурумунан жалгыз өзү көрүндү. Маанайы ачык,

чачын жууп бир тарапка буруп тарап койгон. Бут кийими жылтылдап көчөнүн көркүн чыгарып кадам таштайт. Бул күн ушул шаанисименен бир жакшы нерсе болчудай белги берет. Алдыга шашпайлы, Сагын көп жакшы жаңылыктарга даяр болчу.

Терезеде көчө карап олтурган Айнуска Сагынды көргөндө кан тамыры көөп, азыр эле чарчаңкы тартып кирпиктери жабышып кетчүдөй турган турпаты калып, көздөрү түнкү үкүнүкүндөй алайып, Нуркалыйдын саамайынан сылап өөп, керебеттин үстүндө топ оюнчукка алаксып шылдыратып ойногон уулуна кадалып: «Күтүү канчалык оор болсо, да мен өмүр бою экөөңөрдү күттүм. Кээ күндөрү азыркы күн такыр келбестей сезилсе да, тээ ички сезимдер, бир күнү ал келет, өзү менен кошо дагы өзүнүн шеригин алып келет деп адам ишенбеген ойлорго чөмүлүп кыялданчумун. Саргара күтсөң, кызара бөртөсүң болду окшойт" деп жүзүнөн күлкү чачып нурданды.

Али кызыгы алдыда экен. Айнуска аны кийинчерээк байкады. Нуркалыйды жуурканга ороп, ооруканадан дарыгер берген керектүү кагаздарды алып босогодон кире бериш сырткы эшик ачылып, көчөгө чыкты.

Азыр эле гүл кучактаган Сагын көрүнбөйт. Көчө тынч. Дагы эмнеси, сабыр түбү сары алтын эмей эле, бриллиант болуп кетти го. Сабырдуу болсо менчелик болмок дегиче ылдый тиктесе, Сагын бир тизесин жерге коюп, бир тизесине сол чыканагын таяп эки колдоп баягы көргөн кучак толо гүлдестени кармап туруптур. Анча-мынча эркек адамдын оюна келбес жорук. Көзүнөн ылдый шорголоп аккан сүйүү жаштары токтобой койду. Эркек тизелеп турган соң, Нуркалыйды этият ылдыйлатып Айнуска да эки тизелеп чөк түштү.

Сагын жолдо келе жатып төмөндөгүчө терең ойго баткан: "Айнуска менен Нуркалыйды мен да күттүм. Кээде кесиптештерди, жакшы санаалаштарды бир азга күтүп калсам сабырым кетип, урушуп кагып-силкип салчумун. Эмнеге минтесиң, тартибиңер жок, немисче тактыкка биз көнбөдүк деп наалып коюу мен үчүн адаттагыдай эле иш эле. Ал эми Айнуска менен Нуркалыйды күткөн сутка кылымга тете болду. Эртең алар ооруканадан чыгат,

эрте мененки дарыгердин кароосу саат 10:00дө бүтөт, ошондон кийин алар чыгат деп бир күн мурун айтылган эле. Ал күнү жумуштан уруксат алып мончого барып, демейде бир саат жуунсам, бул ирет үч саат жуунуп, денемди мочалка менен жышый берип кызартып да ийдим. Сакал- мурутумду кылдат алып, "Шипр" одеколонунан моюн, бет тарапка чачып сүйкөндүм. Бут кийимимди жалтыратып кремдеп бүткөндө саат кечки 21:30дар чамасы болуптур. Сыналгыны тамызып койгон менен аны ким көрөт дейсиң. 23:30дар чамасында уйкуга кетчү режим бүгүн мага баш ийбейт, көз ирмелбей таңды атырып ийдим. Адамга керек болсо уктабай деле таңды атырып коюш кеп эмес экен. Себеби, дүйнөдөгү эң кымбат эки адамга жолугуу, маанилүү, салтанаттуу таң алдыда күтүп турса, уйкуң качып кетет турбайбы. Демейде тез өтчү убакыт бейгам, кам санабастан эч жакка шашпаган ташбакадай түр көрсөтүп, каадалангандай сезилет.

Ошентип бир түн чейрек кылымга татып, караңгы түндүн эртеси агарып күткөн таң атып, бажырайып Күн шooласы күлүмсүрөгөн кезде көзүм кичине үргүлөп кетипмин. Сөөмөйүм менен көзүмдү ушалап, даяр кийимдеримди кийип, Айнуска менен Нуркалыйды көздөп жөнөдүм..."

Сагын Нуркалыйды колуна алып, гүлдестени Айнускага бергенде, бош турган оорукана алдына Мадина, Семеныч баштаган топ адамдар келип, колдоруна түстүү шаарларды алып, аларды курчап калышты.

– Бурулсун айылынын тургуну, Москва курулуш институтунун бүтүрүүчүсү, Фрунзедеги «Ленин» заводунун эркеси, менин жүрөгүмдүн ээси, тун уулумдун энеси, жашоомдун өмүр кемеси,

Сыздатып сыноо күтсөң да,
Кыйналып жашоо сүрсөң да,
Кадырың кетип кайышып
Канчалык кордук көрсөң да,
Тултуюп болду кылбадың,
Асти моюнуңду сунбадың.
Макул көрсөң, Айнускам,

Бирге өмүр сүрөйлү.
Туура көрсөң, Айнускам,
Түбөлүк бирге жашайлы,

– деп накта мырза жигит сыпатынан тайбай, көпчүлүк көзүнчө нике шакегин Айнусканын колуна такты.

Бир канча көз-ирмемге тыныгып, Айнусканы тиктеп, костюмунун оң чөнтөгүнөн тээ студенттик кезде Сагынга өзү белекке берген, чекесинде "Айнуска пилус Сагын" деп оймо менен жазылган кызыл жүз аарчыны колуна карматты.

Айнуска жибиген жибек болуп созулуп, башын Сагындын көкүрөгүнө таяп, көзүнөн сүйүү тамчыларын тамчылатты.

* * *

Бурулсун айылы. Бүгүнкү күндөр. Кар майдалап жаап жатты. Айыл ичинде көпчүлүк уйкуга кетип, жарыктык өчүрүлгөн маал. Бир гана айыл четиндеги Сагындын үйүндө жарык күйүп турат. Моорусунан дагы да болсо коюу түтүн чыкканы ичиндеги тургундар от жагып отургандын белгиси. Үй ичинде алтымыштарга таяп калган Айнуска жана курбусу, коңшусу Зуурага сүт чай ичкенче мешке койдун көңүнөн калап, «кызыл жүз аарчы» баянын айтып бергенче саат жебеси түнкү он эки-бир болуп кетти. Ушунча убакыттын бат эле өтүп кеткени кеп кызыгына баткан экөөнө такыр билинбептир.

– Ай, байкуш, Айнүш. Мен Сагын экөөңөрдүн жашооңорду көрүп, эч кыйынчылык көрбөй, өмүр бою кыйналбастан бактылуу өмүр сүрүп жатышат деп ойлочумун. Ал эми Айтурган аяш кызыма  Сагын өз кызынан артык мамиле кылат, чалыңа миң рахмат. Аны сен айтпасаң, эч этибар албапмын.

Мештин жылчыктарынан сагалаган жалын отту тиктеп, бир нерсени эстегендей,

– Мадина, Семеныч эмне болду, алар кайда?

– Семеныч Таня экөө балдар үйүнөн Наташа аттуу кызды асырап багып алышып, аны турмушка берип, небере күтүштү.

Өзү биз иштеген заводдун баш директор кызматына жетип, азыр ардактуу эс алууда.

Мадина бир жылча бой жүрүп, өзүнөн алты жаш кичүү Нарындык Кутман деген жакшы инсанга турмушка чыгып, Нарын шаарында турушат. Эки уулун үйлөгөндө тоюна барып келдик, каттоо азыр да бар.

Эшикте иттердин үргөнү, аттын дүбүртү угулуп калды. Айнуска колундагы кызыл жүз аарчыны кармаган абалда көзү жанып сүйүнүп:

Зуля, Сагын келди! – деп утурлап сыртка чыкты.

# ЖЕЗДЕМДИН МАХАБАТЫ



Көк-Суу жайлоосу. Теребел жапжашыл көрпө жамынып, көздүн жоосун алат. Аскалуу аппак зоолор ак сакалын жайкалткан Хан-Теңирдей сүрү менен заңкаят. Ошол зоолордун көк мөңгүсүнөн ээриген суулардын топтому аппак сүттөй көбүк сымалдашып, дарыя болуп шаркырап агып бир оркестрдин музыкасын жаңыртат. Бери жакта койлор жылдыздай жайнап оттоп жүрүшөт. Алапар ит нары-бери чуркап койлорду ээрчисе, кээде үркүтүп ойнойт. Асманда канатын кере жайып эки бүркүт айланып учуп жүрүшөт.

Ошол Көк-Суу дарыясынын боюна боз үй тигип жездем Дарбан, эжем Күңкү отурукташкан. Ар жылы май айын этектеп көчүп келишет, сентябрдын ондорунан пастап айылга кайтабыз. Жездем менен эжемдин үч уулу бар. Жайлоонун абасы ушунчалык таза, көкүрөк толо жутунуп тойбойсуң. Көк-Суу дарыясынын суусунан жата калып ууртап ичип тиштерим тоңуп, түшүп калгандай сезимдерге туш болдум, биринчи Көк-Суу жайлоосу менен болгон таанышуум ушундай болду. Анда мен 16 жаштагы бой кыз кезим. Эжемдин балдары жаш, ошолорду каралашып барганмын. Жездем Дарбан Афган согушунун катышуучусу. Айылдагылардын айтуусунда Кандагарда согуштун чок ортосунан өзүнүн жолдош солдаттарын душмандык курчоодон алып чыгып кеткен. Анын себеби, тоодо чоңоюп, атасы көр-мерген Талиптин аңчылык өнөрү тукум кууган. Дарбан жездем Афганга чейин эле эл арасында мергенчи Дарбан атка атыгып, тоодогу жолдорду, ууга чыккандагы шамалдын багытын жана башка купуя сырларды атасы Талип мергенден үйрөнгөн. Ошол мергенчилигинен улам жоокерлерди душмандын курчоосунан жоготуусуз алып чыгып кеткен деген уламыштар ооздон оозго өтүп, жездемдин кадыры күч болчу. Жездемдин өң-келбети да байыркы баатыр кыргыздын өңүндөй, турган-турпатындай болчу. Бүркүт кабагы, түтөгөн коюу муруту, курч жана капкара көздөрү жана шамдагай колдору адамды өзүнө тартчу. Бир жагынан жездемди карап, бир жагынан эжемди карап өзүмдүн жездеме болгон балалык ашыктыгымды жашырчумун. Жездем мени башкача тиктечү. Балды-

зы катары эмес, аял киши катары карап турганын тамак куюп жатканда, чай куйганда сезчимүн. Эжем Күңкүгө айтсам каткырык салып күлчү:

– Бүбүш койчу, сен баласың, үкөлөрүңдү кара, жездеңдин антип караганына таңыркаба. Ал деген эми эркек да, караса карап койгондур, – деп жооп айтчу. Ошол Көк-Суу жайлоосу, жездем менен эжемин жайкы жайлоодогу жашоосу менен жаш балдарын карап өткөрүп айылга келдим.

Мектепти бүткөн жылы шаарга окууга даярданып жаткан чакта "кыз ала качты" деген өөнсүз салттын курмандыгы болуп, мени алып качып кетишти. Үйдөгүлөр ага каршы болбой, менин каршылыгымды эске албай, таш түшкөн жеринде оор, бул жерден кетсең бактыңа балта чабасың кылып, зордуктап калтырып коюшту. Мен өмүрүмдө көрбөгөн Курманбек деген кошуна айылдын жигитине жар болдум. Үч күн, үч түн никеге киргенде уруксат бербей, жаныма жакындатпадым. Менин кыялымда менин күйөөмдүн кулк-мүнөзүн, келбетин Дарбан жездемдей элестетип алганга, Курманбекти теңиме албай тоготподум. Ошентип жашап калдык. Бир кыздуу болгондо, эбеп-себепсиз кызым Ырысгүлдү алып атамдыкына келе бердим. Артымдан ээрчип кайрадан кубалап келишти, көгөрүп кайра кайтууга көнбөдүм. Менин тагдырымды бир жолу бырчаладыңар, эми аркысын өзүм билемге өттүм. Өткөндө унчукпаган атам бул жолу мен тарап болуп, бардыгынын жаагын жап кылып, бул маселеге чекит койду. Университетке тапшырып, сырттан окуу бөлүмүнө өттүм, өзүм мектепке мугалим болуп ишке орношуп, кызыма, ата-энеме каралашып өзүмө жаккан жашоонун жаңы барактарын барактадым. Ошол мезгилде мен да сонун кызыл гүлдөй ачылып, артымдан жуучу келгендердин аягы тыйылбады. Эрден чыкты атым болсо да бойдок балдар баш болуп, абышкалар төш болуп тартынбай колумду сурашып, байма-бай ата-энеме каттаган жуучулардын саны арбыды. Эч кимиси көңүлүмө жакпай, жүрөгүмдүн ээси боло албай, өзүмдүн калыптанып калган жашоомду өзгөрткүм келбеди. Ошондой калыптанган бактылуу жашоо көпкө узабады, эжем катуу ооруп облус ооруканасына түштү деген жаман кабар

баарыбызды кыжалат кылды. Эжемдин ал-акыбалын сурап барсак, атың өчкүр жаман илдет жабышыптыр. Эжем мени карап:

– Бүбүш сиңдим, мен эми майып эле болуп калдым. Балдарымды карашып тур. Жездең эркек адам, сырткы тиричиликке тың, бирок үй тиричилик деген аял затыныкы, балдарым, үй-жай чагылып калбасын, каралашып тур, – деп операцияга кирип кетти. Операция оор болуп, кыскасы, эжеме экинчи топтогу майыптыктын пенсиясын чегерип беришти. Дагы үч ай тынымсыз дарыгерлердин кароосунда калды.

Жаз мезгили болчу, мен ишимден арыз жазып чыгып, Көк-Ссуга кеттим. Арадан бир ай убакыт өттү, койду жайытка жайып бүтүп саан саап, уйларды жайытка айдайм. Андан соң үйүр жылкы желеге келип, бээлерди саайм. Саамал бээнин сүтүн чаначка куюп, берки чаначты ыштайм. Уйдун сүтүн чоң казанга куюп кайнатып, каймак тартам. Топтолгон каймакты казанга салып, чөбөгө кылам. Анын арасында тамак бышырып, эжемдин балдарынын курсагын тойгозом. Камыр жууруп, жер тандырга нан жабам. Кеч киргизбей инилеримди алып, Алапар итти ээрчитип койду жайыттан айдап түшөбүз. Уйларды кашаага киргизип, казыктарга байлап, саан саап, айран уютам. Суусу сарыккан сүзмөнү алып инилерим менен тоголоктоп курут кылабыз. Курут кылып отуруп бети-башыбызды сүзмө менен сүйкөп, маскарапоз болуп ойноп, каткырып кеч кирет. Чаначтагы кымызды бишкек менен бышырып, ыр кесе кылып ырдайбыз. Жездем ууга чыгып көбүнчө олжолуу кайтат. Олжосу кийик, улар, кекилик, такыр болбой калса суур, кашкулак. Кийиктин этин сары майга кууруйм. Куймак жасап, кымыз ичирип, инилеримди жаткызам.

Бир күнү жездеме төшөк салып бүтүп, демейдегидей эле, торпоктор уйларды эмип бүткөн маалда сыртка чыгып аркандап коёюн деп эшикке чыктым.

Түн. Эшик караңгы, бирок Айдын жарыгы чырак менен жарык кылгандай жарык чачып турат. Торпокторду байлап бүтүп бети-колумду жууп, чачымды суулап, кемселимдеги бетаарчы менен жүзүмдү аарчып бүттүм. Артымдан бир адамдын деми моюнума урулду. Корккон жокмун, себеби бул жерде бир боз үй

менен экинчи боз үйдүн аралыгы эки-үч чакырым. Жат бирөө келсе Алапар үрүп чыгат, аттын басышынын дүбүртү угулат. Инилерим сүзмө менен өч алганы бетими шыбаганы келген го, бул шоктор эмдигиче укташ керек эле дегиче чоң эркек адамдын моюнумду кытыгылаган ысык демин сездим. Жүрөгүм опколжуй түштү. Демим кыстыгып, коркконуманбы, чочуганыманбы билбейм, айтор, жүзүмдү майда тер басып, денем жыйрылып кетти. Жездем артымдан карылуу колдору менен бекем кучактап, башымдан жыттап жалынып кетти.

– Бүбүш, берекеси, каректеген балдызым, булактан бүткөн жалгызым, ажарлуу алтын балыгым, жүрөккө күйгөн чоктойсуң, мойнумдагы мончоксуң, аскада жүрсөм билексиң, арман кылсам тирексиң, жаштайыңдан билемин, турмушка да зирексиң, жездең эси жоктук кылды дебегин, көөдөнүмдөгү тилексиң, – деп жездем эсимди оодарды.

Мен дагы өзүмдүн ичимдеги бугумду чыгардым.

– Шанаңдаган жолборсум, айбаты күчтүү арстаным, тоодон тоого секирген абдан алгыр илбирсим, жоктон барды жараткан, айтылуу көзгө атар мергеним, карышы күчтүү балбаным, кастарлаган Дарбаным, – деп Көк Суу жайлоосунда асманда Ай, жылдыздар, жерде бетти аймалаган шамал менен көк шибер, гөөдө чөптөн куралган шырдамалда экөөбүз таңды атырдык.

Көптөн бери билбеген аялзаты экендигимди жездем эстетип койду. Таң атып бараткапда мага сунулган, мен тааныган жездемдин карылуу колу көрүндү. Колунда тоо гүлдөрү. Өзүмдү жоготуп эсим ооп бараткапын билем, көзүмдү ачсам боз үй ичинде жатам. Маңдайымда жездем ойлуу отурат, шам чырак үлбүлдөп боз үй ичин жарык кылып турат.

– Тооба, Бүбүш, ушунча да коркутасыңбы? Сулк этип жыгылып мага куладың. Биз Күңкү эжең жана айылдагы туугандар топтолуп кеңештик, ошол макулдашылган бир сунуш бар эле, ошону сага угузайын дегенмин. Айып этпей угуп көр, макул көрсөң жакшы, каршы болсоң, бул сунушту унут, – деп жездем чыныгы убайыңкы көздөрү менен мага тигилди. Мен унчуга албай улантыңыз деп башымды ийкей ишаарат кылдым.

– Күңкү оор абалда, ал мындан ары бир адамдын кароосуна өмүр бою муктаж, үй тиричиликти көрүп турасың, бир күн аялдын колу жок болсо баары сапырылып чачылат. Күңкүнүн оорусун уккан туугандар мага аял издешиптир, ал сөз Күңкүгө да жетиптир. Мен болсо аял албай деле коёт болчумун эгер кызым болгондо. Үч уулум мал караганга, мейли, жарашсын дейли, Күңкүнү ким карайт? Үй тиричилигин ким алып кетет? Аңчылык – менин жашоом. Үйдөн узак мөөнөткө кеткен учурлар болот. Кыскасы, Күңкү сага токтолду. Бүбүш эмнеси болсо да өзүбүздүкү, балдарды кичинесинен карап, мээримин берип чоңойтту, бизге, балдарга күйөт. Аны жөн эле мени карасын десек туугандарың сага башка аял алып бермей сайын тынбайт дейт. Мен деле сени туура көрдүм. Кантсе да сени көптөн бери билем. Ушул жашка келип башымдан ысык-суук өттү, согушту көрдүм, отту көрдүм, жанымдагы жоокерлердин окко учканын көрдүм. Эми бала-чакалуу болуп мал-мүлкүм көбөйүп, жашоом жакшы болуп баштаганда Күңкүнүн тыюусуздан майыпка айланышы мага катуу сокку болуп, белге тепти. Муну эми тагдырдын буйругу дейли, ойлонуп жообун айт, – деп Дарбан жездем мылтыгын, ок-дарысын, тамак-оокаттарды куржунга салып атка артып: – "Эки күндөн кийин келем, ошондо жообун айт, – деп ууга чыгып кетти.

Жездем кетти, башымды көтөрүп, салынган жоолугумду түздөп, бекер отурбай сүт тартып каймак чыгарып, өткөн түндү эстесем таттуу түш көргөндөй болом. Чың денем бошошуп калыптыр. Ойлонуп чыгарылган чечимим, албетте, жок, макул эмесмин болду.

Себеби, эл эмне дейт? Өзүнүн жездесине тийип алды, Күңкү эжесинин ооруганын эле күтүп жүргөн турбайбы. Бети жок, бетпак аталып калышым мүмкүн эле. Эжеси төшөктө жатса Дарбан төшөк жаңыртып, болгондо да балдызын алып алыптыр болбоюн дедим. Жездем го эркек, жогорудагы бардык сөздөр мага каршы келет. Бир жагынан эжеме боорум ооруйт, эми балдарынын күнүн көрөрдө ооруп калды. Ошондой эле мен жакшы көрүп, сыйлап, эркек аттуудан идеал туткан адамым өмүрлүк жубайлыкка сунуш кылганы бир эсе шалдайтса, бир эсе көмүскөдө,

жүрөктүн талуу булчуңдарында уктап жаткан жездеме болгон махабат учкундары тутанып күч алды.

Кеч кирди, жездемдин келишине дагы бир күн бар, күндө кылган жумуштарымды кылайын дейм, баштаганда эле бир казан уйдун сүтүн төгүп алдым. Андан көп өтпөй, чаначка куям деген саамал бээнин сүтүн казанга куюп от коюп кайната баштадым. Торпоктор уйлардын сүтүн эмип, тамакка урунуп жатып колумду кестим. Анан ызаланып ыйладым, эмнеге тагдыр таш боор? Ушундай да адамды сыноого салабы? Жөн эле эки адамды бириктирип койсо болбойбу? Эжем оорубаса менин тынч жана бейгам тиричилигим өтүп жатпады беле.

Ошентип эртеси болду. Ыйлап уйкудан калганга башым зыңылдап ооруп, көзүм жана бетим шишип калыптыр. Ошол күнкү иштерим менен алек болуп кеч кирди. Ай жарыкта Алапар үрүп калды, алыстан жылкынын кишинегени угулуп, ат дүбүртү угулду. Жездемдин тору айгырын бастырышы, атынын дүбүртү ушундай болчу, бирок тору айгырдан башка эки-үч аттын дүбүртү угулду. Балдар эшикке чыгышып, “Ата”, “Апа” деп кыйкырып калышты. Чочуп кеттим, ата дегени жездем, апа дегени эмнеси, эжем ооруканада болчу.

Көрөгө суу куюп, чылапчынды, сүлгүнү көтөрүп эшикке чыктым. Жездем аттарды байлап, үч-төрт адам менен жакындады. Боз үйгө жакындаганда өңү киргилтим болуп калган Күңкү эжемди таанып ыйлап, кучакташып соорондук. Жанында молдо жана эки бейтааныш кыска сакал-мурутчан кишилер. Боз үйгө кирдик, мен конокторго, эжеме, кымыз, куймак жана куурдак тарттым. Жездем ары-бери бир койду мууздап жиликтеп, башын куйкалап, кам этти алып кирип, “казанга салып кой” деди. Бир койдун этин казанга салып, койдун көңүнөн калап, от коюп, эшикке чыгып малдарга көз салып кирсем, боз үйдүн бир бурчуна жаңы кызыл туштук тартып коюшуптур. Мен киргенде Күңкү эжем туштук этегин көтөрүп:

– Жүр бул жакка. Даараттың бүтүнбү? – деп суроо салды.

– Ооба, – десем: – Анда кийимиңди алмаштыр, – деп, шаардан алып келинген кызгылтым жеңи узун помбаркут көйнөктү кийгизип, башыма ак жоолук салды да:

– Дарбан! Эй, Дарбан! – деп жездемди чакырды. Жездем да жолдогу кийимин чечип, жаңы костюм, шым, башына ак калпак кийип кирип келгенде сүрдөп кеттим, эмне шойкомду баштап калды деп ойлонуп, алардын максатын да түшүнө баштадым. Менин бешенеме зордуктап турмуш куруу экинчи жолу жазылган экен, менин каршылык көргөзүүмдү сезишип шаардагы оорукананадагы эжемди алышып, молдо, күбөлөрдү эрчитип келген кербездери экен.  Мен эми ордумдан ыргып туруп, боз үйдөн чыгайын дегенде эжем:

– Шүк отур, – деп колумду мыкчып, көйнөгүмдүн этек-жеңин маасисинин алдына кыпчыта басып, мени өктөмдүү жана өтө сураныччтуу тиктеди. Ошентип отуруп калдым, өзүмдүн эжем өзүнүн күйөөсүнө ак никелеп жубай кылып берди.

Эртеси, Күңкү эжем, молдо жана чогуу келген меймандар болуп пастап кыштоого түшүп кетишти. Ошентип жездемдин токол аялы болуп тиричиликти улантып жаткан күндөрү жайлоолош курбу досум туулган күнгө чакырды. Мал-жанды жайлап, сүт тартып, каймак кылып, койлорду короого камап, уйларды байлап бүтүп балдарга тамак берип, төшөк салып бүттүм.

Үйүргө койгон айгырды токуп миндим. Алапарды ээрчитип алдым. Курбу Салийма досума акыркы жаңылыктарды айтсам, анын оозуна келме келбей, мени тиктеп чөк түшүп таң калды. Жаагын тизесине жөлөп отуруп калды. Өткөн-кеткенди сөз кылып тамактанып бүтүп бир маалда жолго аттандым.  Үйлөрүбүздүн аралыгы үч чакырымдай бар. Жол ортолоп калганда, айгыр ат кулагын тике кылып, кишинеп кирди, Алапар үрүп калды. Каап, мылтыкты дайыма алып алчумун, ушунусунда алдырарда жаздырар болуп, ишенген куралым камчы болду.

Көздөрү жалтырап төрт карышкыр үйүр атты качырып киришти. Буйтап алдыга секирип коргонууга кириштик. Алапар ары-бери качып, бир карышкырды алаксытат. Эки арткы бутун көтөрүп, арттан кол салган бир карышкырдын жаагын айрый тээп секирди. Ошол маалда мен ээрден ыргыдым. Жерге учуп ташка тийдим, сол колум ташка тийип “карс” этип үн чыкканда көзүмөн от атып эле чыкты, сол колум чыканактан сынып кетип

жерге жыгылдым. Оң колум менен күчүмдүн болушунча чылбырды коё бербей, бекем мыкчый кармадым. Жан ширин деген сөз анык экен, сынган колум чыркыратып ачышып ичимди тилип жатса да жанталашып жырткыч карышкыр менен алышам. Жырткыч кекиртегимди тиштеп, жанымды суурул алайын дейт, умтулат. Алапар менен айгыр ат аларга тап берип, жолун бууп тоскоолдук кылышат. Акыры болгон күчүмдү топтоп чылбырды өзүмө тартып, ээрге эптеп илешип, атка миндим да үйдү көздөй чаап жөнөдүм. Карышкырдын бирөөсү жанагы жерде сулайып чала жан болуп калды. Калган үчөө жоону кубалагандан бешбетер шаштыбызды алышты. Кой короого жетип үнүмдүн болушунча бакырдым:

– Кылы-ы-ыч! Аа-й, Кылы-ыч, мылтыкты, – деп тамагым айрылганча бакырып, кой короонун эшигин буза айгыр атты секиртип кирип кеттим.

Биз короонун ичине кирерибиз менен заматта мүрүсүнө эки мылтыкты асынган Кылыч короонун эшигин жаап, бир мылтыкты өзү алып, экинчисин мага карматты. Алапар бечара мени, айгыр атты сактаймын деп карышкырларды алаксытып, кан-жаян болуп алар менен алышып жатты. Чоң көк карышкыр Алапарды качырып, жалынан тиштеп туруп өзүнөн ашыра ыргытканда иттин моюну канжалап кетти. Өзү бир кыңшылап алып, короого бет алган карышкырдын кулагын тиштегенче басып жыгылды. Алапар менен чоң көк карышкыр томолонуп кетишти. Кылыч, Дарбан жездемдин чоң уулу. Жашы он беште. Экөөбүз эки мылтыкты алып короо тегеренген карышкырларды мелжеп аткылайбыз же тийбейт. Жүздөгөн койду көргөн жырткычтар тайманбай артка кайтпайт. Бечара койлор короо ичинде жанталашып бытырап чуркашат. Чоң көк карышкыр менен Алапар томолонуп тура калышып, бири-бирине бетме-бет тиктеше токтоп, коркутуу ыкмасына өтүп, азууларын арсайтып, көздөрүн жүлжүйтүшүп, жалдарын тырыштыра үрпөйткөн абалда ырылдашып калышты. Кылыч чоң карышкырды мылтыгы менен мелжеп эми кундакты басайын дегенде Алапар алдыга секирип мелжемге туш болуп калды. Кайра курокко сөөмөйү жетип басайын дейт, Алапар биз

тарап жакка ооп калат. Акыры карышкыр күчтүүлүк кылып Алапарды басып үстүнө чыгып, иттин алкымын айра тиштейин деп бараткавда, Кылыч курокту басты, тарс эткен дабыш чыкканда көк жал карышкыр күк этип алып ыргып кетти. Тирүү калган эки карышкыр короо айланып качып жөнөдү. Мылтыкты кашаадагы талга такап туруп, сынган колум менен эптеп кыса кармап, эки карышкырдын ортосуна мелжеп туруп оң колумун сөөмөйү менен курокту бастым, тарс деген үнгө карышкырдын каңкылдаганы коштолуп, канчык карышкыр кулап жыгылды.

Кылыч экөөбүз эрдемсип, канды көрүп кызып калганга короодон чуркап аман калган үчүнчү карышкырды кубалап жөнөдүк. Ал колот аралап өрлөп качып, көздөн кайым болду.

Кылыч экөөбүз мылтыктарга сүйөнүп, чарчообузду эми аңдадык. Чылгый тер баскан чекебизди аарчып, бири-бирибизди тиктеп туруп калдык, жаныбызга бүт тулкусу кан болгон, бирок көңүлү көтөрүңкү Алапар үрүп келип калды. Жанды, малды сактап калганга үчөөбүздүн көзүбүз сүйүнүчкө толуп, кубанып турдук.

Алапарга күнүнө жарты казан атала жана Дарбан жездем атып келген, суур-кашкулактын этинен беребиз. Алапар ошондуктан айбаттуу, да дармандуу. Бир жагынан Алапар тайган менен алабайдын аргыны болгону үчүн түлкү-чөөнү жөн эле качырат. Карышкырдын үнүн уккан иттер ийин издеп башын бекитсе, Алапар жекеме-жеке чыккандан эч жалтанбайт. Ошонусуна сыймыктанабыз, ошонусун барктайбыз. Алапар ит түнкүсүн жолоочуга жан сакчыга алмашкыс жаныбар.

Үй ичиндеги, Дарбан жездемдин эки кичүү балдары Самат менен Манасты эстеп боз үйгө кирип алардын тынч экенин көргөндө, сынган сол колум чыз этип, эсим ооп куладым.

Бир топ убакыт өттү, көзүмдү ачсам караңгы түн, сынган сол колума бинт менен таяк коюлуп, чала-була байланган. Үстүмдө эски солидол жыттанган күпайка, баамдасам жеңил унаада кетип жатам, жанымда да кошумча жүргүнчүлөр. Иштин жөн-жайын сурадым. Көрсө, мени Сары-Таш айылында оор жүк ташыган КамАЗдын шоопуру түшүрүп, "Ошко ооруканага алганча кеткиле,

колу сынык, биз көмүр казган карьерге киребиз" деп өтүнүшүп, ушул унаага салышыптыр.

Ооруканага жөнөгөнгө чейинки окуя. Менин эсим ооп жыгылганда колумдун сынык сөөгү сыртына оркоюп кан болуп чыгып калганын көргөн Кылыч коркуп кетип, чоң асфальт жолго чуркап чыгып, көмүр ташыган КамАЗдын шоопуруна жалбарып, ошого жүктөшөт. КамАЗ Көк-Суудан Сары-Ташка чейин алып келип, жеңил унаага отургузушуптур. Денемдин температурасы жогорулап от болуп, сынган колум сыздатып оорутат.

Ошко келерим менен облустук ооруканага кирип, жардам бергиле десем, бөлүм башчы дарыгер өзү кабыл алып:

– Жардам беребиз, бирок, сынган колуңузду операция кылабыз, ага акча керек. Андан кийин укол, дарыңызга да акча талап кылынат, – деди.

– Менин артымдан күйөөм Дарбан келет, ал баарын төлөйт. Ага чейин сиз чөнтөгүңүздөн төлөп туруңуз, – десем, мындайды күтпөгөн дарыгер каткырып күлүп:

– Сиз эмне мугалимсизби? – деп суроо салды. Мыскылдаган түр менен караган дарыгерге чекчейип:

– Мен козуларга мугалиммин, – деп, жооп узатсам, андан бетер каткырып:

– Макул, жарайт, мунун тамашасын кара, – деп сунушума көндү. Ошентип сынган колумду түздөп операция кылышты.

Ооруканада он күн жаттым, бир кабар алган адам жок. Дарбан жездем эмес эч кимден кабар жок. Бир күнү башкы дарыгер палатага кирип:

– Колуңуз жакшы болуп калды, эми сиз ооруканадан чыгышыңыз керек. Ошону менен бирге аласа-бересени да бүтүрсөк, – деп палатадагылардын көзүнчө айтты. Ошондо жаным кашайып ыйлап ийип:

– Агай, Дарбан жездем келет, карызды төлөйт, ага чейин Ошто бара турган жерим жок. Дарбан келмейин ушул жерден бир кадам жылбайм, – десем палатадагылар суй жыгылып күлүштү.

– Ой, шумдук келин экенсиң. Акча төлөбөй операция кылдырдың. Эми ооруканадан чыкпайм деп догурунасың, – деп башын чайкап чыгып кетти.

Ошентип ооруканада жатканыма эки аптага чамалап калганда коридордо ызы-чуу болуп, менин аты-жөнүмдү, жаткан палатамды сурап куюн чыгарып, Дарбан жездем эшиктен баш багып, мени көрүп чуркап келип кучактады. Мен буулуккан абалда эреркеп:

– Мени унутуп калбадыңыздарбы? – деп жашып калдым. Жездемдин сагынычыбы же соороткондой болдубу, айтор чачымдан карылуу колдору менен сылап:

– Ай тентек кыз, ай секетбайым, кырмызыл кызгалдагым, сайраган булбулум, кайратынан тайбаган карлыгачым, карышкырды канжалаткан жанчарым, караңгыдан жол тапкан айлакерим, балдарга мээрим берген жароокерим. Колуң сынса коркпогон, карышкырды тоотпогон көк жал менин Бүбүшүм, издебеген жерим, барбаган айылым калбады, – деп балбалактап, жалынып сүйлөп жанымда туруп калды. Бир кийиктин этин, бир чанач кымызын көтөрүп алыптыр. Дарыгерге операция акысына, дарыдармекке деп бардык акысын берди.

Ооруканадан чыкканда кеч келди деп тултуюп таарынып калдым. Дарбан жездем аны сездиби, сезбедиби ал да унчукпай, жердин бейиши, тынчтыктын мекени болгон, асманга кол сунсаң колуң булутка тийген көрктүү Көк-Суу жайлоосун көздөй бет алдык. Айланадагы жапжашыл тоолорго суктанып, айтылуу Алайдын аскаларына таянып жолдо бара жаттык.

Кылыч үйлөнүп, Күңкү апасын алып жакынкы айылга көчүп кетти, Дарбан аларга үй тургузуп берди. Самат, Манас Дарбан менен Бүбүштүн колунда. Бүбүштүн кызы Ырысгүл кемпир-чалга эрмек деп таятасы, таэнеси менен.

Негизинен жезденин махабаты, Бүбүштүн махабатына айланып, бактылуу үй-бүлө түтүнүн коюу булатып жашоосун өткөрүүдө.

# МОСКВАДАГЫ ОН ҮЧ КҮН



Москва-Бишкек каттамындагы поездде Сүйүнбай аттуу агай менен орус жарандыгын алган Анара аттуу жеке ишкер айым болуп бир купеде жайгашып калдык. Узун жолду кыскартып, ат жалында казан асып, жан дүйнөсүн дүрбөткөн Москвадагы 13 күндөгү махабат баянын жан-дилиндеги шурулардан тизмектеп биринен-бири сөз талашып айтып киришти. Биринчи болуп сөздү Сүйүнбай агай баштап калды:

– Бала-чакалуу болуп жашап калган кезибиз. Биздин үй-бүлө ата-энем менен чогуу турабыз. Өзүм жаш курагыма карабастан илимдин доктору болдум, атак-даңкка, дүйнө-мүлккө жетиштим.

Ошол күндөрү айылдан тайэжем үйгө конокко келет. Үйгө келсе эч ким жок, аялым сөрүдө уктап жаткан болот, ошондо тайэжем:

– Ии, тууганы келсе турбаган, туруп айран куйбаган бул кандай келин, жамбаштап жыргап коңурукту кер тартып, – деп Аселге асылат. Аңгыча апам менен атам тойдон келип калышат. Үчөө биригип, Аселдин шорун шорподой кайнатып, урушуп үйдөн кубалашыптыр. Тайэжем ачууланып:

– Ушул менин профессор инимдин теги жакасы агарбады, качан көрсөң кебетеси жүдөңкү. Ага чекесинен чертип туруп, тандап башка катын алып берем, – десе, апам менен атам байкуш момун адамдар, алар Аселге болуша алышпаптыр. Мен ошол кезде Германияга конференцияга кеткен чагым, эч нерседен кабарым жок. Асел эшиктин босогосуна жеткенде кичүү уулум ыйлап ээрчип кетиптир, чоң уулум бойго жетип мектепте болуп, эч нерседен кабары жок.

Германиядан бир ай өтүп келсем үйдөгү акыбал ушундай экен. Аселди издеп кайын журтка бардым. Барсам кайнатам далысын салса, кайненем көзүнүн кыры менен тосуп алды. Унчукпай отуруп чай ичтик, сураштык, соңунда кайнатам мени карады.

– Бу жувармек тайэжең Асел экөөңөрдү жашатпайт. Мейли уул-кыздуу болушса өзүн тыят десе, бул долу тайэжеңдин тамы айланып, кызыма кыйкырып-бакырып, жин тийгендей алкынып малдан бешбетер шерменде кылыптыр.

Бишкектеги Сонун кайын эжеңди билесиң, "Дордойдо" экиүч контейнер иштетет. Аселди, уулуңду ошого кошуп койдук, эсиң болсо тынчын алба. Ушундайы тынч болгудай. Телефон номерин, жашаган дарегин бере албайм, каралдым. Эми аларды бушайманга салып убара болбо, уулум, – деп узатып койду.

Ызаландым, туталандым, эч кимге көргөзбөй ыйладым. Анан кичүү уулумду сагынып Бишкектен Асел менен, уулум Актан менен жолуктук. Уулум экөөбүз ыйлашып, жытташып соорондук. Аселдин маанайы ботосун жоготкон төөдөй суз. Оздун учундагы кел менен, өткөндөгүнүн ачуусу, көкүрөккө топтолгон таарынычы менен тосуп алды. Тайэжемден көңүлү таштай калып, аны көрөйүн деген көзү, угайын деген кулагы жок.

– Атам менен апам "кой", "токтот" дегенге жарабады. Эмнеге ошол үйдө менин кыпындай баркым жок? Эртеден кечке ошол үйдүн тиричилиги менен алекмин. Ким жаман? Асел жаман. Ким шакмар? Асел! Сен оорусаң да мен күнөөлүүмүн, – деп ачуу чындыкты айтып салды.

Асел мага оор тандоону сунуш кылды:

– Чогуу түтүн булатайлы. Бирок, ата конушуңан бөлөк, бөлүнүп чыгып кетейли, – деди.

– Мен анте албадым, Атам – аска зоом болсо, апам – жүрөгүм болчу. Зоону, мекенди таштай албагандай, жүрөктү да алмаштыра албайт болчумун. Мен аска-зоону, асыл жүрөктү тандадым, – деп Сүйүнбай аке Анара жолукканга чейинки окуя менен бөлүштү. Андан ары кебин Сүйүнбай аке мындайча улады:

Калем алып ыр жазчумун, бирин-экин ырларымды интернетке жүктөп коём, ошондой күндөрдө бир айым, ырыма сын пикир жазып калды. Андан ары Анара менен күндө жазышпасам санааркап калчу болдум. Куса болуп, анын катын күсөп калмай адатка айланды.

– Сүйүнбай аке менен анын ырлары аркылуу тааныштым, – деп сүйлөп жаткан агайдын оозундагы сөзүн жула тартып ортодогу кепке Анара аралашты:

– Бирок, Сүйүнбай аке мага карата олуттуу мамиле жасады. Мурунку турмушу болгондугун, азыр болсо бойдок экендигин баса белгиледи. Мен кыргыз адабияты боюнча мугалим болуп

иштеп, жакшы ийгиликтерге жетишип, курган турмушум урап, андан соң эл катары бакыт издеп, байлык издеп, үмүткө утурлай далайлардын багын ачкан, кыйлалардын бактысына балта чапкан Москва шаарына мен дагы чоң үмүт артып келип, ашканада администратор болуп иштеп калдым. Алгач Орусия жарандыгын алдым. Кийин топтогон акчама Бишкектен батир сатып алдым. Маянам жакшы, болгону өзүм күткөн, жүрөк сүйгөн күйөөм жок, далайлары асылып, ортого адам салып колумду сурашты. Кээ бирөөлөрү манчыркап, акчага тойгондору көңүлдөш бол деп боорумду эзсе, башка бакандай эркектер экинчи аял бол деп токолдукту сунуш кылышты. Мен болсо ийгиликтин татымын татып, экинчиден, өзүмө ишенич болгондуктан баягы дүйнөдөгү жалгыз мени гана сүйгөн, бир гана меники болгон адамым бир күнү пайда болот деген илгерки үмүттөргө жетеленип жүрдүм.

Күткөн күн, күсөгөн адамым Сүйүнбай аке болуп калды. Жумушка чейин, жумуштан келип Сүйүнбай аке менен жазышам, анын ырларын окуйм, чер жазышып ой бөлүшүп сүйлөшөм, турмуштук татаал кырдаалдарда Сүйүнбай акеден кеңеш сурайм. Ошентип алты ай жазышып жүрдүк.

Жолугушууга Сүйүнбай аке да, мен дагы шашып жаттык. Бирок, экөөбүздүн тең жумуштан бошошубуз бир азап болду. Бир күнү, Сүйүнбай аке жолугуу сунушун киргизди, болгондо да Москва шаарына келүүсү анык болду. Университеттен он үч күнгө командировкага Москвага жолдомо алыптыр, эки иштен бир иш деп менин тосуп алуумду өтүндү.

Бир тууган эжем экөөбүз чогуу турабыз, ымандай сырымдын баарын төкпөй-чачпай баяндадым. Эжем сенде көңүлү болсо келет, үйдө отур, үйдөн күтүп ал деди. Эжемдин сунушун кабыл алып аэропортко барбадым. Болгону өзүм жашаган жердин дарегин, метро станциясынын атын айтып түшүндүрдүм. Ал үйгө жакындаганда телефон чалды. Метронун аялдамасына түшүп күтүп турам. Ушул жолугушууга чейин болгону сүрөтүбүздөн, анан үнүбүздөн гана бири-бирибизди билчүбүз. Күткөн мүнөттөр кылымга тете мүнөттөр болду. Метро бузулуп калып бир жерге такалып калгандай сезилди. Өзүм башымдан бир үй-бүлө күтүүнү

баштан кечирсем да мынчалык чыдамсыздык башымдан өткөн эмес. Толкундануу – деген неме толукшуп тоого жүгүрүп чуркап чыгып жүрөгүмдү сыгып, зоого чыгып асылып зобoломду сыдырып, өргө чыгып оюмду буруп, кудукка түшүп апсаламди суутуп, чокко кирип бүйүрүмдү кызытып, отко кирип жамалымды кызартып амалымды кетирди. Ошол толкундануу ичиме кирип эки бетимди кызыл алма кылып кызартып турганда  Сүйүнбай аке көрүндү.

Чынын айтуу керек, виртуалдуу жашоодогу кооз сөздөргө, жүрөктү эзген ырларга ээ Сүйүнбай аке чыныгы жашоодо жөнөкөй эле кадимки кара тору тоолук кыргыз жигити болуп чыкты. Ошентсе да мага анын ошол жөнөкөйлүгү, анын акылдуу көздөрү, ойлуу жүзү жагып турду, кантип кучакташып калганымды өзүм да сезбей калдым, – деп окуяны баянын чечмелеп айтып жатты.

– Асел үйдөн кеткенден жаным жай таппай тайэжем менен кер-мур айтышып, момун ата-энеме тултуюп жүрүп, бүт энергиямды студенттерге сабак берүүгө жумшап, ушуну менен гана алек болуп калдым. Ырларымды интернетке чыгарып жүрдүм, мурда Анара менин күйөрманым болсо, кийинчерээк ансыз жашоо тузу жок тамактай, суусу жок чөлдөй болуп калды. Аселдин жоктугубу же өзүмдүн көңүлүмдүн боштугубу, айтор, Анара менин жашоомо Күн нурундай жарык чачып, булак суусундай чаңкоомду жазып, мен сөлөкөт болсом ал көлөкө болуп виртуалдуу жашоо мени өзүнө чулгап тартып кетти.

Ошол күндөрү деканаттан Москвага 13 күнгө командировка чыгып калып мени барасың дешти. Ушул күнгө чейин Анара менен жолугушабыз деп айтып коюп, өзүм бул жолугуу болушуна деле анча ишенбей жүрчүмүн. Ал эми бул жолдомону тагдыр буйругундай кабыл алдым. Анарага жолугуп аны менен жолугушуп, келечегибиз бир болсо, бирге болууга өзүмдү бир жагынан даярдасам, бир жагынан менде толук ишенич болбой жатты. Бирок жолугууга болгон сезимдер бардыгын жеңип, алдыга умтулуп Анараны, Москваны көздөй жөнөдүм.

Аэропорттон түшүп шаарга такси менен жеттим. Метродон чыгып мени тиктеп турган аял кишини дароо сездим. Бул мен үчүн жаңы ачылыш болчу. Аябай заманбап, өзүн тыкан караган кыргыз – москвалык айымы маңдайымда турганын сездим. Мени кантип тоготмок эле деген ой менен күрөшүп жатып кучакташып учурашып калганыбызды да сезбей калдым, – деп Сүйүнбай аке Москвага бет алган ойлорун бөлүштү.

– Сүйүнбай аке менен чогуу келген шерик агай менен бирге барып мейманканадан орун алдык. Андан соң Сүйүнбай аке менен Зулумбек агайды үйгө конокко чакырдым. Үстөлдүн үстүн Москва шаарында болгон бардык даамдарга жана суусундуктарга толтурдум.

Курсакты компойтуп алып мейман тосуучу бөлмөгө кофе даярдап, Сүйүнбай аке экөөбүз кечээ эле коштошуп, өмүр бою бирге жашаган эр-катындай сөзгө кирип кеттик. Сөз талашып кетебиз. Ал сүйлөйт, мен сүйлөйм, кезектешүүсүз сүйлөшүү беш-алты саатка созулуп, агарган таңды үстөл үстүндөгү жалындуу дилмаек менен тосуп алдык. Сүйүнбай аке күндө түштөн кийин саат үч-төрт чамасында келет, мен балкондон кол булгалап эшикке чуркап чыгам, андан ары түнкү Арбат, Кызыл аянт, ВДНХ, Чоң театр, Кичи театр, эски кафелер, Останкино мунарасына чыксак Москва алаканыңа батып калат, китеп дүкөндөрү, сүрөткө түшүүлөр менен убакыт өткөзөбүз.

Ошентип 13 күн көз-ачып жумганча өтүп кетти. Күн батты, өмүр өттү болуп Москвада жашаганыма он жылдан ашса дагы, бирок, ошол он жыл бир бөлөк, Сүйүнбай аке менен өткөзгөн Москвадагы 13 күнүм бир бөлөк болуп, дүйнөмдү дүңгүрөткөн, жүрөгүмдү сүйүнткөн он үч күн болду, – деп Анара өз ою менен бөлүштү.

Москва, он үчүнчү күн...

– Ушул күн менен жашоо бүтүп кала тургансып аны максималдуу натыйжалуу жана шаңдуу өткөрүүгө аракет жасадык. Сүйүнбай аке демейдегидей эле түшкү саат үч-төрт чамасында келди. В.И.Лениндин мавзолейине бардык. Андан ары тарыхый музей, опера-балет театры, кечиндеси “Красная Москва” ресто-

ранында тамактанып, үйгө кайттык. Түндөсү мен сыйлаган, мен урматтаган, мен ашык болгон Сүйүнбай аке Ошту көздөп учак менен учуп кетти.

Эртеси да болду. Менин ага болгон сагынуум артып, кайрадан ал келер убакыт жакындаган сайын анын келбесин билип турсам да жүрөгүм тызылдап балконго чуркап чыктым, эч ким жок, аябай жаман болуп үйгө кайра кирип-чыгып, өзүмө- өзүм батпай, көңүлүм эч нерсеге чаппай, маанайым чөгүп, кабыргам кайышып жаман акыбалга баттым, – деп Сүйүнбайды Москвадан узаткандагы өзүнүн жан дүйнөсүнүн күрөшүн айтып берди.

– Москвадагы Анара менен бирге болгон күндөрдөн дале чыга албай көп кыйналдым. Көзүмдү жумсам Анара экөөбүз Москвада, түнкү Арбаттагы шам чырактар, Москва дайрасындагы теплоходдогу эс алуубуз, мен Анараны карап:

– Мен Пушкин болсом, сен менин музамсың, – деп ыр токуп баштаганымды эстеп жүрөгүм оолуга дүкүлдөп кетет.

Короого чыгып, тамеки тартып кайра кыйлага чейин уйкусуз жаттым, – деп Москвадан келген Сүйүнбай аке сыгылып, Анараны эстеп кыйналып жүргөнүн эскерип айтты.

– Сүйүнбай аке жылуу эскерүүлөрүн тынбай жазып турду. Ыр, поэмаларын мага, Москвага арнап, ага өзүнчө бир эргүү келди. Ошол эргүү мага да жугуп, маанайым көтөрүлө баштады.

Жумушта курбу коллегаларым да байкашып:

– Анарочка, как ты снова расцвела, как ты порхаешь, солнышко, – дешип мендеги өзгөрүүлөрдү мактоого алышат.

Учактай асманда бийик учуп жүргөн күндөрү аялзаты өмүр бою күткөн, ар дайым сүйгөн адамынан уккусу келген:

– Мага турмушка чыгууга макулдугуңду бер, – деп Сүйүнбай аке сунуш киргизди.

Мен көп создуктурбай дароо макулдугумду бердим. Бишкектеги үйүмдө жашай турган болуп, ал Бишкек шаарындагы Кыргыз Улуттук Университетине окутуучу болуп ишин которууга сүйлөшө баштады. Мен жумушумду тапшырып, Бишкекке учтум. Сүйүнбай аке тосуп алып, эч кимди көзүнө илбей мени кучагына кыса кучактап, аябай сагынганын айтып жатты. Мен өзүмдү

токтото албай көзүмдөн жаш тоголонуп, ак жаандай төгүлдү. Түнкү Бишкекти айландык, жетелешип таң аткыча парк аралап жөө басып, Москвадагы күндөрдү эстеп, дагы деле сөз талашып таңды атырдык. Керемет деген ушул турбайбы, уйкуң деле келбейт экен. Сааттын жебеси эрте мененки жети болуп кетиптир. Анан ошол сааттын жети деген цифрасын улай жакынкы арадагы экөөбүздүн келечегибизге деп орчундуу жети план түздүк. Мен өзүмдүн жеке ишкерлигимди улантып, чакан ашкана ачып иштете баштадым.

Сүйүнбай аке Ошко барып, иштеген жерине жумуш ордунан бошотуу тууралуу арызын жазып келе турган болуп камданып калды. Дордой базарына түштүк, үйүнө майда-чүйдө белек-бечкек тандап алып жаттык. Анан бир жерге токтоп эки килограмм нават алды.

– Бул кимге? – десем.

– Апама – деп жооп берди. «Апама» дегенде кулагым тунжурай түштү, анткени, менин апам дүйнөдөн өткөнүнө он беш жылдан ашкан. Мен үчүн апасы бар адам дүйнөдөгү эң бактылуу, эң таалайлуу, башы бүтүн, кабыргасы калың адам деп көп суктанчумун.

– Апаңызга чалыңыз, менден белек болсун, бир жоолук алып берейин. Кандай түстү жакшы көрөт экен билип бериңиз, – десем эч эле көнбөйт. Акыры сунушумду туура кабыл алып, апасына чалды. Энебиз:

– Тим эле койчу, балам, өзүңдүн алтын башың аман болсо болду, эми ушунча кызыгып калдың, мен жакшы көргөн түс кызыл, – деп батасын берип жатты. Сүйүнбай акенин апасына деп белекке чоң чачыктуу кызыл  гүлдүү шайы жолук тандадык.

Тагдырдын тамашасын караңызчы. Өмүр бою күткөн адамым экөөбүз бири-бирибизди таап келечекке асыл ойлорду, чоңчоң пландарды коюп, мына эми бир коломтодон түтүн булатабыз, өмүр бою бирге болобуз деп турмуш аргымактарын алдыга салып “чу” деп турган чак.

Дордой базарынан алган буюмдарыбызды пакеттерге салып, базардан эми чыгып баратканда:

– Ата-а! Ата-аа! – деген жаш баланын ый-кыйкырык аралаш добушу кулакты жарды. Жүрөктөр зырп этти, – деп Бишкектеги окуялар менен Анара бөлүштү.

– Бурулуп карасам менин күлүк тулпарым, шок чунагым, Актаным чуркап келатыптыр, – деп капысынан уулун көргөнүн Сүйүнбай айтып берди.

Ата-бала ый-күлкү аралаш бири-бирин өпкүлөп жыттап, кучакташып калышты.

Эки жээкте эки аял түмөн ойго батып, ата менен баланын кусалыгын жазганга, сагынычын татканга күбө боло мостоюп түркүн ойго батып турушту. Берки жээкте өмүрлүк жубайы, Актандын апасы Асел турат. Аркы жээкте интернеттен тапкан музасы Анара кылчаят. Канча убакыт өттү белгисиз, бир маалда Анара колундагы белектердин баарын Аселге карматты. Асел да ушуну күткөндөй, бирөө тартып ала тургансып дароо колундагы пакеттерди бышык кармады.

Анара ыйлаган бойдон таксиге отуруп көздөн кайым болду. Сүйүнбай, Анара, Актан үчөө ордуларында катып, таксинин караанын көрүнбөй калгыча ойлуу карап турушту.

Анара таксиде кетип жатып: “Адам болуп жаралдым, адам бойдон өтөмүн, эң эле болбосо жүрөгүмдү сүйүнткөн, жашоомо жарык чачкан Москвадагы он үч күнүм бар, ошону менен бирге бетимди кызарткан, төбөмдү көкөлөткөн улуу толкундануум бар” деп баратты.

# ҮЧ МЕРГЕНЧИНИН ОКУЯЛАРЫ



Айтылуу Көк-Суу жайлоосу. Ак мөңгүлөрү асман тирөөч болуп, көк асманды таяп жөлөп тургандай ал жерди бийик зоолор курчаган. Зоолору нукура кыргыз өңдөнүп, башына ак калпак кийгендей көркү жана сүрү менен колуна найза кармап чек араны коруп тургандай туюлат. Ылдыйырактын кар-мөңгүсү кетип, күмүштөн көйнөк кийип, Күн нуруна чагылышып, жалт-жулт этип көзүңдү уялтат. Көгүш боз жалтыраган зоолор канча тарыхты, канча окуяларды өткөзүп, көптөгөн купуя сырларды өзүнө катып, ошону менен бирге зоо ичи кен байлыкка толо экендиги даана көрүнүп турат. Бул зоолор ичи кен байлыкка мол болсо, зоо сырты ары бийик, ары кооптуу, ары сүйкүмдүү болуп, жайлоого таяныч жана түгөнгүс таза мөңгү сууларын тартуулап келет. Тоо чөптөрү айлананы жашыл түскө боеп, чөп бетин жалаган муздак шамалга туруштук берип, сан жеткис малды тойгозот. Көзгө жагымдуулугу кумарлантып кудум эле жайыт бетине калың килем төшөгөндөй көрк берет. Ошол калың, жапжашыл чөпкө чалкаңан жата калып, көк асманды тиктесең, Жараткандын чеберчилигине тан берүүгө туура келет. Анткени эч бир сүрөтчү теребелди мындай кооз, гармониялуу жарата албасы чындык. Зоолордон шырылдап топтолгон мөңгү суулары тоо чөптөрүн аймалап, жылга ичин аралап, таштан-ташка урулуп, сүттөй ак көбүк болуп жуурулуп бышкан сууларын ичсең, суусаган жериңе жетип, суусунуңду кандырат, ныксыраган ашказанды жандырат.

Жайлоону чогуу жайлаган үч мерген бүгүн үлүш өткөрүшүп жатышат дегенинен Шергазыны ээрчип бул жолу кезеги келген айтылуу көр мерген атыккан Садык акенин боз үйүнө келип токтодук. Чыныга кымыз куюлуп Садык аке, Асан аке, Шергазы жана аны ээрчип шаардан келген мен жана досум Канат үч мергенден кем калышпай, кымыздан дем албастан бир көтөрүп ичип жаттык. Садык акеге ысытма чыгып, сыркоолоп төшөктө жатат. Эки мерген эки тарабында койдун этинен үзө тиштеп, шорподон шорулдатып ичип жатышты. Мергендердин үлүш отурушунун топтолгон себеби, Садык акенин ден-соолугун сурап, өткөн-кеткенден кеп кылмай. Шергазыны ээрчип келген бизди сыйлаган-

ча кичине кымызга кыстап эрмектемей экен. Анысын биз бир аз кеч билдик. Асан аке кымыз куюлган чыныларды онунчу жолу тегеретенкенде, Канат экөөбүздүн өңдөрүбүз купкуу болуп бозоруп, эки колубуз менен оозубузду жаап катып калдык. Ордумдан турарым менен эки колумдун салааларынан быжылдаган кымыз фонтан болуп оозу-мурдумдан атып чыкты. Эңкейип боз үй чекесине окшуп кусуп калдым. Аны көргөн Канаттын көңүлү айланып, керегеге жакындаганда оозу-мурду жыйрылып кускан кымызы кызыл кийиз шырдамалды ак боёкко боёп салды. Тизелей калып крандын суусунун басымындай “өөк-ө-өө-к” деп кызыл өңгөчүн тырыштырып, ичкен кымызды оозу-мурдунан төгүп жатты. Карт бөрү мергенчилер ушуну күтүп турушкан. Сандарын чапкылап, телпектерин каккылап, боз үй ичиндеги салынган жер төшөккө жата калып каткырып күлүп, бизди маскаралап моокумдары канды. Канат экөөбүз бети-колубузду жууп, өңүбүз киргилтим болуп сырттан кирип келдик. Денелерибиз чыйрыгып, жалдырап отуруп калдык. Шергазы менен Асан аке үстүндөгү тонду чечишип, биздин мүрүбүзгө жабышты. Бул мергенчилер тон жамынып тердеп, кымызды сиңирип ичкенге эчтеме болушпады. Төрдө жаткан Садык аке сүзмө аралаштыра кордодон ууртап, ууртунда жылмаюу пайда болуп, кыйла көңүлү көтөрүлүп калды. Канат экөөбүз үлүштүн шарты боюнча бирден союш карыз болуп, акчасын Асан акеге карматтык. Семиз эки кой алып сойдуруңуз. Кымыз кусуп, айыпка жыгылдык деп жигитче убадага турдук.

Тоо боорундагы таза абада, курсак ачып калганга Садык акенин атынан союлган койду аш-буш эткиче мүлжүп жеп бүттүк. Садык аке көңүлү бир аз ачылып калганга, чыныдагы кордону көтөрүп ууртап баарыбызды кепке тартты.

– Жигиттер, кийинки союш даяр болгуча меймандарга бута коюп, мылтык аттырып берейли, – деген сунушун баарыбыз макул көрүп, сыртка чыктык.

Токулган аттарга секирип минип, Кытай менен чектеш жердеги таш дубалдан куралган урандыга чейин келдик. Аттарды мамыктарга байлап, октолгон мылтыктарды бизге карматышты.

Таш дубалдын үстүнө ар түрдүү буталарды койдук да 50 метрдей алыстыкка узап токтодук. Алдын бизге кезек беришти. Канат экөөбүз бир куту ок кетирип, бутага эч тийгизе албай убара тарттык. Үч мерген мылтыктарды колго алып, заматта таш дубал үстүндөгү буталардын баарын ыргыта атышты.

Садык аке бизге кайрылды:

– Башта мылтык аттыңар беле?

– Көгүчкөн-чымчык, шише атып жүргөнбүз, бирок мынчалык аралыкта эмес, он-жыйырма, ашып кетсе отуз метр аралыкта болор эле. Сиздер үчөөңүздөр тең таамай атат экенсиздер, мергенчилик боюнча башыңыздардан өткөн кызыктуу окуялардан айтып бербейсиздерби, – деп суроо салдым. Мамыкка байланган аттарды чечип, минип кайра артка жол тартканда Асан аке сөз баштады:

– Макул, узун жолду кыскартайлы. Менин башымдан өткөн окуяны айтып берейин. Айыл өкмөткө текшерүүгө райондун паспорт үстөлүнүн башчысы келип калды. Өкмөт башчысы, Асан аке, ушул чиновникке бир кийик аттыртып коюңуз деп жалынып сураганынан, аттарды токуп минип алып ууга деп, ок-дары, азыктарды алып жөнөдүк. Жаныбызда жардам болсун деп ээрчиткен тайган ит. Мына силер көрүп турган зоонун аркы бетине өттүк, эч жол болбоду. Баягы чиновник арман кылып:

– Асан аке, бир кийик аттырсаңыз арманда калбайт элем. Жарык дүйнөгө алып келген ата-энеңизге, өзүңүзгө сарпай кылам, – дегенге чейин убада берип, жалынып жалбарып жиберди.

– Коюңуз начальник, ансыз деле атарбыз, сабыр кылыңыз, – деп жооп айттым. Жолдон кекилик атып, шишкебек жеп курсакты кампайттык.

Ошентип кайтар күнү бир асканын этегинде аттарды казыктап, ээрди башыбызга жаздык кылып кызуу уйкуга кирип уктап кетиппиз. Таңга жуук таштардын кулаганы угулду. Дароо көзүмдү ачтым. Карасам аскадан кырктай эчки, текеси аралаш өтүп кетип жатыптыр. Көргөн көзүмө ишенбей, эки колум менен көзүмдүн чылпактарын ушалап карасам, түш эмей эле анык өңүм экен. Тайган ит балтек уктап жаткан жеринен:

– Балтек! Ал, Балтек! – деп итке буйрук бердим. Балтек үрүп барып, аскага чыга албай, ылдыйында үрүп туруп калды. Кийиктер тайган иттен коркуп, асканын ортосуна топтолуп, качпастан туруп калышты. Алар иттен, коён карышкырдан кандай корксо ошондой коркот. Тайган итти көргөнгө кийиктер качпай, жарга такалып туруп беришти.

Балтек топ эчки-текени аскага такап салды. Чоң текени мылтык менен мелжеп туруп, атып жибердим. Аскадан кулаган теке таштан-ташка урунуп, топ этип, кулап түштү. Анан паспорт үстөл башчысына кезекти берип “эми атыңыз” десем, эптеп жети-сегиз ок кетирип, көкүрөгүн мылтыкка тептирип оорутуп жатып, араң зорго бирди кулатты.

– Жүрүңүз эми, ой-максатыңыз орундалды, бир кийик атсак дегенде ак эткенден так этип жаттыңыз эле. Экөөнү жайладык. Аттарга өңөрүп ылдыйлайлы, – дедим.

Баягы сарпай кийгизем, бирди атып алсам арманда калбайт элем деген адамда кыпындай да адамдык сапат калбай, анык «жегич» чиновник кейпин кийип, алдымда адам эмес чөө тургандай болду, текеберленип сүйлөнүп:

– Эй Асан, айыл өкмөт башчы сени алып барып кел дедиби. Мунун баарын атып, алып кетебиз, – деп көзү ойноктойт.

Чындап эле олжону көргөндө адамдын делебеси козголуп, бетине кан тээп кызып кетет. Ошондой го десем, андай эмей эле накта чиновниктик ач көздүгү кармап калыптыр. Ошентип, айыл өкмөткө, айыл өкмөт башчысына, айылыбызга зыяны тийбесин деп, экөөлөп аскага такалган кийиктерди бирден терип атып салдык.

Аскада кийик аттуу калбады. Асканын түбүнө барып эсептесек отуз эки кийик атыппыз. Акыбалды карасам эки атка бир-экини, ашып кетсе төртөөнү араң жүктөп кетет экенбиз. Паспорт стол башчысынын ач көздүгү кармап, зерикпей ар бир эчки, текенин болгону буртасын кесип алды. (Бурта эчки, теке семиз маалында май алган жери. Кийиктин буртасы адамга жагымдуу келип кылгыртпайт.)

Жыйырма сегиз эчки-текенин буртасын эки аттын эки куржунуна салдык, эки текени аттарга жүктөгөндө:

– Начальник, алып кете албайбыз. Аттар жолдо чарчап, айылга жетпей калабыз, – десем эч көнбөйт.

Эки сааттай жол басканда начальник өзү чарчады окшойт, бир кийикти жерге таштап, атка минди. Мен да бир текени таштап атка миндим.

Өйдөлөп аскага жармашып келе жатканда аттын тайгаланганынан чочуп кетип текени аскадан ыргытты, мен да кийикти ыргыттым. Ошентип аттарды чарчатып, араң кыштоого түшүп келдик, куржундарда жыйырма сегиз эчки-текенин буртасы бар. Кызматта иштеген начальниктин "Жегич" напсисин тыя албай, ошентип, отуз эки эчки, текени кырдык. Жакшынын шарапаты менен, жамандын кесепети менен дегендей, ошондон бери андай олжолуу боло элекмин, – деп Асан аке окуясын жыйынтыктаганча Садык акенин боз үйүнө Ай жарыкта түн бир оокумда кирип келдик.

Канат окуяны угуп менин кулагыма шыбырап:

– Бул эрдикке жатпайт го. Убалга эле го, ошончосун кырып атып, ар биринен муштумдан чоңураак эле эт алса, – деп экөөбүз бири-бирибизди тиктеп, башыбызды чайкап калдык.

Боз үйгө киргенде, койдун эт-шорпосу тартылды, кымыз куюлду.

Экинчи болуп Садык аке өз окуясын айтып баштады.

– Ок-дарымды, тамак-ашты атка жүктөп ууга жөнөдүм. Жолдон, кекилик, улар атып, атка өңөрүп коюп, кийикке туш болбой буулугуп келе жаткам. Бир оокумда асканын күңгөй бетинде оттоп жүргөн топ кулжаны көргөндө, көргөн көзүмө ишенбей дүрбүнү алып тиктесем, сегиз кулжа жайытта оттоп жүрөт. Көк мелжиген зоодо от жок. Салаңдаган тоолордогу чөпкө зоо ашып түшүшкөн турбайбы деп божомолдодум.

Кулжалардын мүйүздөрүнүн ийилген фигурасы эки жагы бирдей болуп келип, катар толкунга окшоп, шиш айдың болуп кадимки жыгач усталар зерикпей дыкаттык менен оймо салгандай кооз. Салмак алып семиз. Аскадан аккан булактын суусуна тоё

ичип алышканбы, курсактары тоголок глобустай парсаят. Көздөрү деңиздикиндей жашыл-көк келип, кулжанын турган ажарына ажар кошуп, айтып бүткүс сулуулук тартуулайт. Эгер мергенчи болбосом короодо багып алсам деген ойго кетип жатып, дүрбүнү көзүмө имере такаган экенмин, көзүмдүн чекеси ооруп кетти. Бир маалда мергенчилик делебем козголуп, көздөрүм ойноп, кулжаларды атуунун жолун ойлоно баштадым.

Алар оттоп жүргөн жердин аралыгы төрт-беш чакырымдай бар. Эгер бир аз жакындасам, жыт уруп үркүп качышат. Анысы аз келгенсип, таңга жуук бул жерде шамал ылдыйдан-өйдө айдаса, түштөн кийин шамалдын багыты өзгөрүлүп, өйдөдөн- ылдый айдайт деп башым катып, кулжаларды атуунун стратегия, тактикасын түзүп жаттым.

Демек мен өзүм азыр жалгыз эптей албайм. Мага кеминде эки мергенчи адам керек, эки жерден тосмо кылып, ылдыйдан үркүтөбүз. Кулжа демейде, өйдөнү көздөй катуу ылдамдыкта качат. Жети метрлик секириктерди жасап, өйдө качып мергенчиге ыңгайсыздыктарды жаратышат. Үч мергенчи үч жерден тосмо тособуз, кайсы жакты көздөй качса атабыз деп план түзүп, үйгө келдим. Гүлүм байбичем кийизден атка токум жасап жаткан экен.

– Кытайга чектеш кырка тоолордо сегиз кулжа оттоп жүрөт. Атып калсак биздики, үркүтсөк качып жок болот. Жанар экөөбүз өйдөдөн эки жерден тосмо коёлу, сен ылдыйдан үркүтүп бер, өйдө көздөй качканда, насип кылса атып калайлы.

– Качаңкыга чейин мени кар кечтирип кыйнайсың? Бутума суук тийип деле бүттү. Ыраазы бол, чал. Байбичеңди аясаң, мына кийиз токумду бүтүрүп берейин. Жылуу жүрөсүң, суук аттуу түк тийбейт, – деп байбичем бышылдады.

Кулжалар оюмдан кетпейт. Катын минтип айла таап, кар кечип кулжаларды үркүткөндөн оолак болуп турат, эсиме мергенчи инилерим түшүп, Гүлүмгө кайрылдым:

– Садагасы, анда аттардын бирин токуп мин, каалаcаң менин улакчы атымды мин. Кармышакты, Эсейди, Жүкүнү бул жакка биздин үйгө чакыр. Кулжалар жөнүндө кыскача айтып кой, мергенчилигибиз оңунан чыкса, шыралганы каалаганча алышсын,

сөзүм ошондой. Тез аттан, – деп айтып бүткүчө, чапанын жамынып, жоолугун салынып, маасы-көлөчүн кийип, боз жоргону минип, Кармышак мергенчинин үйүн көздөй жорго жүрүш кылып жөнөдү.

Күн шашкеге чыгып калган маалда аттардын дүбүртү угулуп, Кармышак мергенчи баштаган, Эсей мергенчи коштогон, сереңдеген Жүкү мергенчини ээрчиген мергенчилер тобу үйгө топтолушту.

Үй тамагына эпчил Гүлүм нары-бери тажик палоосун демдеди. Палоо үстүнө бөдөнөнүн жумурткасын тизип, суусундукка кымыздан чыныларга толтура куюп, дасторконго каймак, сары майдан, көк бээнин казы-картасынан кесип койду. Мергенчилердин курсагын тойгузуп, жолго деп жупка жайып, суусундукка деп чаначка кымыз байлап берди.

Алдын ала сүйлөшүлгөн ыкма боюнча ылдыйда Эсей калмак болду. Биз аска башына, тоо айланып өтүп, асканы курчоого алып тосмо кылгандан кийин сүйлөшүлгөн ишаарат боюнча Эсейге белги беребиз. Ошол маалда Эсей тайган иттерди коё берип кулжаларды үркүтөт. Алар өйдөлөп батыш тарапка качкан болсо, Жүкү иттер менен кошо үркүткөнчө, биринчи тосмодон өзүнө кабыл алып аткылайт. Андан үркүп качкандарын, чыгыш тараптагы тосмодон Кармышак күтүп алып, иттерди коё берип, аткылаганча кулжаны алганга аракет кылат.

Андан качып, түндүк тарапка качкандарын тосмодон өзүм күтүп алам деп ар бир мергенчи менен макулдашып алдык. Мергенчилер ордуларына жетип, таяк башын өрттөп өчүрүп, жеткен орундарын Эсейге билдиришти. Эң акыркы болуп мен белги бердим.

Кулжалардын оттогону оттоп, тойгондору жатып, эч нерседен шек албаган маалда, Эсей мергенчи тайган иттерди чынжырдан чечти.

– Ал! Ал, Кумайык, Жолборс, ал! – деп өзү кошо өйдөлөп, жогору умтулуп калды. Иттердин, адамдын үнү угулуп, кулжалар тобу менен өйдөнү көздөй качып жөнөштү. Түндүк батышка чукул бурулган маалда биринчи тосмодон Жүкү иттери менен чыга

калды. Иттердин чынжырын чала-була чечип, толук үлгүрбөй калды. Иттер кулжаны көздөй жулунуп, Жүкүнүн буту чынжырга чалышып, мылтыгы колдон ыргып кетти. Мылтык атмак турсун иттер менен кошо томолонуп жыгылып жатып калды.

Кулжалар чуркаган багытын өзгөртүп, түндүккө бет алышты. Тосмодо аңдып жаткан мен мылтыгымды оңдой кармап кумарланып:

– Атаңгөрүү! Карасаң буларды, өздөрү жулунуп ажалга келе жатышат, – деп, шилекейим жерге тийгенге чейин жутунуп турдум эле, жыт уруп калды окшойт, кулжалар багытын дароо өзгөртүп, ылдамдыгын күчөтүп, алынын болушунча күңгөйдөгү чөптүү беттен качып, тескейдеги аппак карлуу тарапка ыкташты.

Чыгыш тараптан Кармышак иттерди агытып, мылтыгын мелжеп, үчүнчү тосмодон ишеничтүүлүк менен кулжаларды тосуп алды. Эки мергенчиге "олжолуу болбодуңар, олжону ала турган, шыралганы чыгара турган мен экенмин, канчасын оодарып, канчасын жайлайт экенмин" дегиче, сөөмөйү мылтыктын аткычына басылып, ок жаңылып бир иттин бутуна тийди. Каңшылаган жарадар ит жерге кулады, алдыңкы эки ит кулжаларды көздөй жулунуп чуркашты. Кармышак колундагы чынжырларга чалынып жыгылды, анын үстүнө иттер оодарылып, чогуусу менен оңко-чоңкосунан кетишти. Анын азыркы абалы Жүкүнүкүнөн да ары күлкүлүү, ары аянычтуу эле.

Кулжалар күңгөй менен чуркап баратышып ак карлуу тескейге жакындашты. Артынан тайган иттер кубалап жөнөштү.

Мергенчилер колго түшкөн жүз пайыздык мүмкүнчүлүктү колдон чыгарып жибергендерине өкүнүп, жаны ачышып, шалпайып отуруп калышты.

– Тү-ү! Аттаң! Аттаң! – деген Кармышак чырт түкүрүнүп, мылтыгын асынып, жерде жаткан телпегин күүп кагып башына кийип, атып алган итин көтөрүп ылдыйлап жөнөдү.

– Энеңди урайындар! Иттин гана баласы, дөбөтү, канчыгы биригип, ит эле ит! – деп өтүгү менен жерди оё тээп: – Итивай жуваримбектер, кулжалар алдыма келгенде бутума чалышып. А... энеңди урайындар, силердиби көргөзөм," – деп Жүкү иттери-

не сөгүнүп, мылтык, чынжырларды далысына асып, ылдыйлап жөнөдү.

Өйдөдөн түшүп келе жатып болгон кырдаалды көрүп, ойлонулган ыкма ишке ашпаганына кейидим. Тескей тарапты карап кызык нерсеге назарым бурулду.

Жазга маал кар катып калганга, кулжалар карга батып калышыптыр. Кожоюндарынан сөккүнү жеген иттер түзүлгөн кырдаалды колго алышып, кулжаларга жакындап калышыптыр. Салмагы оор кулжалар карга тыгылып, ылдамдыгы басаңдай түшүптүр, ал эми иттер жеңил болгондуктан тоңгон кар көтөрүп, ылдамдыкты күчөтүп, кулжаларга куйрук улаш чылбыр бою жетип келишиптир. Кулжалар иттерден мындайды күтпөгөнгө жан далпас кылышып, ылдам чуркашты. Тескей беттеги кар бүтүп, күңгөйгө жармашып, чек арачылардын жолуна өтө качып, көздөн кайым болушту.

Өзүмчө ойлоп калдым кулжалар аска аралап ары-бери чуркап чарчашты, карга тыгылып көп кубатын кетиришти. Иттер күчтүү эле, алар карга тыгылбады, кар үстүндө чуркады. Демек, баары бир булар олжону жөн коюшпайт деп шам маалы болуп калган кезде иттердин изи менен басып келип кызык көрүнүшкө кабылдым.

Кытай чек арасына жакын жерде сегиз метрдей бийиктикте телефон зымдары тартылган. Иттер кулжалардын куйругун басып, кубалап жетерде эң чоң Кулжа бийиктиктен секирик кылып, телефон зымына эки мүйүзүнөн илинип, асылып калыптыр, алдында иттер үрүп турушат. Калгандары качып кутулушуптур.

Кулжа тыбырчылап, жан далбастап жаткан экен, ошол абалда аттым. Салмагы жүз килограммдай оор кулжа зымга кыймылсыз илинип туруп калды. Из бастырып келгениме өзүмчө сүйүнүп, баягы капачылыгым жазылып калды. Кулжанын салмагы оор болгондуктан муну өзүм жалгыз түшүрө да албайм, алып да кете албайт болчумун.

Ошол жагдайды эске алып, Балтек менен Жолборс иттерди кулжанын жанына корукчу кылып калтырып, калгандарын ээрчитип төмөнгө түштүм. Үйгө келсем Гүлүм аш-тактага ка-

мыр жайып, кесме-аш кылып, мергенчи инилеримди кампайтып коюптур. Мергенчилердин маанайы суз, кирпиктери кир көтөргүс абалда. Бири-бирин күнөөлөгөн деңгээлге жетип калышкан экен, мени карашып, ачык маанайымы көрүп, мени келесоо, дабдырдай таң кала тиктешти. Эч нерсени шек алдырбай, эң оболу курсак кайгайын бүтүрдүм. Майлык менен оозу-мурдумду арчып бүтүп мергенчилерге кайрылдым.

– Кулжа атып алдым мергендер! Иттердин изи менен ылдыйласам чек арачылар жакты көздөй из кетиптир. Ошол из менен барсам иттер үрүп турат, үстүдө телефон зымында кулжа мүйүзүнөн илинип калыптыр. Кудай берсе бешимде деп атып алдым. Алып келишип койгула, шыралганы каалаганча алгыла

– Сен качанкыга чейин бизди алдайсың, ушунуңду койбодуң! – деди зорго эле турган Кармышак. Берки жактан Жүкө гүпүлдөп кетти.

– Бир Кулжанын эти тамагыңан кантип өтөт. Бөлүнүп атканыңды койсоң. Мергенчи деген атыбызды сыйлабайсыңбы! – деп ашатып сөгүштүк.

Бир аз басаңдаган Кармышак, Эсей, Жүкө мергенчилер:

Барабыз, шыралганы алабыз, – деп сунушума көнүштү.

Кулжаны алганы барсак, катуу шамал болуп кулжа жерге кулаптыр, иттер бир бутун жеп коюшуптур. Атка жүктөп үйгө алып келип, мергенчилерге шыралга чыгарып берип, көңүлдөрүн көтөрүп, узатып койдум, – деп Садык аке окуясын бүтүрдү

Жогорку окуяларды угуп отуруп баарыбыз кызып калган экенбиз,

– Шергазы, эми сен мергенчилик боюнча башыңдан өткөн окуяңдан айтып бер, – деп суранып калдык.

Шергазы макул болуп баштан өткөн мергенчилик баянын баштады:

– Ууга жамаат мергенчилер менен чыкканбыз, тобу менен жүргөн кийикти көрүп калышкан экен, бизди чакыртып калышты. Алыстан дүрбү салсак, саны жыйырма-отуздай эчки-текеси аралаш үйүр экен. Үстүңкү тосмого Алайбек, андан өйдөрөгүнө мен, менден кийинки тосмолорго Кубат, Кенжебек мергенчилер

жайгаштык. Ошол маалда ылдыйдан Кубат мергенчи асманга ок атып, кийиктерди үркүтүп, айкырып-кыйкырып кирди. Мен дөңгө жайгашкандыктан баары даана көрүнүп турду. Алайбек чоң кара таштын алдында, буктурмада жатыптыр. Кийиктерге жыт урбады окшойт, Алайбек жашынган кара ташты кийиктер каптап кетти. Ал таштын үстүнөн секирген кийиктерди аткылайт же тийбейт. Жакын аралыктан топ кийиктин бирине дагы ок тийгизе албады. Топ кийиктин арасынан кооз кара текеге назарым түшүп калды. Кара теке Алайбек жашынган таштын үстүнөн секирик кылып мени көздөй чуркап жөнөдү. Төшүнө туштап туруп атып жибердим. Ок тийди. Кара теке тоголонуп барып тура калып, токтобостон чуркап жөнөдү. Артынан түшүп алдым. Карасам Кенжебек тосмодо отурган экен, арт тарабына барып токтоп туруп калды. Ал байкап калып, артына бурулуп, эки-үч жолу атканда, мылтыгы чакып атпай калды. Кара теке үркүп кетип өйдөнү көздөй качып жөнөдү. Аска кырындагы жардын четине жакындап барып, жоон моюнун көтөрүп какайып туруп калды. Кылдат кыймылдап жакыныраак барып мылтыкты далыма такап, мээлеп, эми атайын деп калганда, теке башын мен жакка бурду. Тостойгон көк көзү менен менин көзүмө үңүлө тиктегенде тайсалдай түшүп, негедир ата албай койдум. Кабышып катып калган колдорумду мелжөөдөн ылдый түшүрүп, текени көздөп этияттап басып жөнөдүм. Бери жагым аска болсо, теке турган жердин ары жагы өтө бийик жар болчу. Ал жерден кулаган адам соо калбайт. Бул кара теке ошону билип, мени менен ойноп жаткандай, жекеме жекеге чакыргандай түр көргөздү. Жакындасам дагы деле кыймылдабайт. Акыры он метрдей калганда кара теке бурулуп мен жакты дагы тиктеди. Ошол жакын аралыктан кырдаалдын баарын түшүндүм. Мурунку аткан ок оң колтуктан кирип ичин аралап калган экен. Октун уусу ичине тарап, жан далпасы менен ордунда туруп калыптыр.

Ошол нерсени жан дүйнөм, мергенчилик баамым сезип, мылтыкты мээлеген бойдон атпастан туруп калдым. Негедир кара текенин жанына келип, аны карап аяп кеттим. Себеби, аны жакын жерден карап, атканга дитим барбады. Анын адамды өзүнө

тарткан кооздугу, дене келбети, тостойгон көк көзү, жоон моюну, оролгон ийри мүйүздөрү менен көкжал пейли мени өзүнө ийдирип алчудай сезилди.

Мылтык огунан өлбөстөн ушунча аралыкты чуркап өтүп, аска башына, жар кырына мергенчини бетме-бет чакырышы бул баатырларда кездешүүчү бийик сапат, жаныбарлардын сырттанында гана кездешет.

Кара теке асманды бир тиктеп, акыркы жолу мен тарапка башын бурду. Тостойгон көк көздөрү менин кара көздөрүм менен беттешти.

Жанына жакындап бир-эки метр калганда, башын эңкейтип туруп, мени мүйүзү менен чалып салайын дегенде тең салмактуулугун жоготуп, жардан ары учуп кулады.

Ушунча мергенчилик кылып, соңунда аткан олжом кайра мени сүзөм деп кекетип, бирок, жанын берсе да этин бербеген кара текеге туш болдум, – деп Шергазы окуясын бүтүрдү.

Мергенчилер менен кой шорпосун ууртап, эттен жеп, кымыздан ичип, боз үй ичи бака-шака болуп, күлкү-каткырыкка толду. Төрдө Садык аке бакылдайт, эки жагында Асан менен Шергазы шаңкылдайт. Булардын оозун тиктеп оозубуз ачылган Канат экөөбүз үч мергенчинин окуяларын кумарлана угуп, моокумубуз канды.

# АППАК СҮЙҮҮ



Казат жаштардын шаары аталган Жалал-Абаддан. Тогузунчу классты бүтүрүп бакыт издеп, билим издеп Фрунзе шаарына келип, техникумга тапшырып окууга өтүп кетти. Техникумдун жатаканасынан орун алды. Бөлмөдөгү шериги Нарындын Кочкор айылынын тургуну Азат мырза. Экөө тең он беш жаштагы боз улан балдар. Булардын иш күнү опокшош, таң эрте турмай, жуунуп-таранмай, жеген-ичкени бөлкө нан менен карандай чай. Андан кийин түш оогонго чейин техникумда. Сабак бүткөндө Азат залга, күрөш секциясына барат, Казат китепканага жөнөйт. Жатаканадагы бөлмөгө келип бир күндө бир жолку эти жок ысык тамакты кезектешип бышырмай. Ошондой окшош күндөр айга өтүп, ай айланып жыл өтүп, саратан жайдан мөмөлүү күзгө өтүп, кычыраган кыштан жер жарылып чөп чыккан жазга жетип, балдар курстан курска көчүп, төртүнчү бүтүрүүчү курска жетип кирип келишти.

Студенттик күндөрдөгү бир окуя булардын жашоосун башка нукка бурду. Бул окуя болбосо Казат окуусун бүтүп Жалал-Абадга кайтмак. Ата-энеси тапкан кызга үйлөнмөк, аны кышкы каникулда көрүп келген. Азат ата-энесинин чакыруусу менен Кочкорго ишке чыкмак. Ушундай болуп окуянын соңу бүтмөк. Каалоо башка, тагдыр, жашоонун агымы башка дегендей болду. Казат сабактан чыгып, китепканага келип, демейдегидей терезенин алдындагы өзү жактырган орундукка отуруп, көркөм чыгарманы окуп, андагы окуянын ичине сүңгүп кирип кетти. Канча убакыт өткөнү белгисиз, айтор, Казат китептерин топтоп тура калганда бир китеби кокусунан колунан жерге түшүп кетти. Жакын жерде олтурган бейтааныш кыз эңкее калып китепке колун сунду. Казат колун ылдыйга сунайын дегенде бейтааныш кыз китепти Казаттын колуна кармата салды.

Экөөнүн көздөрү ошол замат бири-бирине туш келип гана калбастан, алардын көздөрү кадалып, магниттей тартылышып калды.

Казаттын жүзү заматта кызарып, кан басымы бетине тээп, денесин заматта болуп көрбөгөндөй көл-шал тер басты. Өпкөсү

тамагына чапташып калды. Жүрөгү оозуна капталып, деми кысылып, оозу кургап, тамагына бото көз сулуу кыздын көз карашы такалып калды. Бир нече секундага көзү караңгылашып шайы кетип, бутунун булчуңдарын майда титирек басты. Жыгылып кетишине аз калып, бейтааныш кыздын колун китеп менен кошо катуу кысып жибергенин өзү да баамдабай калды. Шаңкылдаган үнү кетип, тамагы ооруган адамдай кыргылданган үн менен "Казат" деп атын атаганга араң жарады.

Бейтааныш кыздын өңү заматта боппоз болуп, көкүрөгүнүн дем алуусу ылдамдап, кабагына жамгыр жаап, жүзүн тер басып мурдунун таноолору нымдашып кетти. Көөдөнүн кайдан -жайдан пайда болгон майда кубаныч, бырсылдаган күлкү ээлеп алды. Күлө албай же ыйлай албай, колу-бутунун алы кетип, ичке үнү менен "Сауле" деп ысмын айтып, колун араң Казаттын колунан чыгарып, чуркаган бойдон китепканадан шашып-бушуп чыгып кетти.

Казат Сауленин аркасынан китепканадан чыгып, анын караанын көрүнбөй калганча теше тиктеп катып калды. Өмүрүндө мындай сүйүнүчтүү, ары түйшүктүү абалга туш болгон эмес, чачынан баштап бутунун чыпалагынын учуна чейин ток ургандай сезимдер бүт дүйнөсүн каптады. Бүт ааламды эки колуна салып, жер бетиндеги төрт океандын суусун жүрөгүнүн бир эле булчуңуна батырып, ааламда болгон абаны бир дем менен өпкөсүнө жыйнады. Бир секирик менен ала булуттардын үстүнө көтөрүлүп, чуркаган бойдон жатаканага жетип, бөлмөсүндөгү керебетке чалкасынан кулады. Көзүн жумса Сауленин карааны дароо бет алдына тартылды. Карагаттай кара көздөрү, алоолонгон деми, назик колу, буралган чачтары, айтор баары Казаттын оюн ээлеп, көңүлүн чулгап салды. Казат ушул абалда шыпты тиктеп, кыйла убакыт ойлуу жатты. Жатакана бөлмөсүнүн эшигинин тарс деп ачылган үнү жымжырттыкты бузду. Сырттан кирген Азат Казатты карап, анын кебетесин көрүп, "ооруп калган го" деп божомолдоду.

– Эмне бир жериң ооруп турабы? Айт, сураштырып дары-дармек таап келейин.

– Аманчылык эле, кыжаалат болбо, – демиш болду Казат, бирок сөздөрү баштагыдай ишенимдүү эмес. Азат аны баамдады да бет маңдайына отура калып:

– Казат, бир тууган да артык болуп калдык, ачыгын айт, сенин түсүң башка, маанайың башка.

Китепканадагы Сауле деген казак улутундагы кыз менен таанышканын, мындай кызды техникумда эле эмес дүйнөдө кезиктирбегенин төкпөй-чачпай, кошуп-ташып айтып берди.

Сауле тууралуу айтсак. Сауле Казакстандын Чимкент шаарынын тургуну. Бир нече күн мурун тайэжеси Бурманын үйүнө Фрунзеге конокко келген. Бурма кыргыз жаранына турмушка чыгып, Фрунзеде жашайт. Техникумдун китепканасында иштейт. Ал ошол күнү шаарды айланып, тайэжесине китепканага келип, китеп окуп отурган эле. Капыстан Казаттын колунан китеп кулап, аны алып берди. Ошол учурда ортолорунда жаралган ысык сезимдерден чак-чук этип чагылгандай чартылдаган химиялык процесс экөөнү эсинен кетирип, өмүрүндө кездештирбеген түшүнүксүз абалга кептелип калышкан эле. Каректер биригип, жүрөктөр силкинип, экөөнүн эсин оодарып, бир жагынан жанды кашайтып экөөнү тең бушайман кылса, бир жагынан жандүйнөсү толгон кубаныч тартуулады. Бирде көңүлдү кирдетсе, бирде өмүргө шам жаккан, чагылгандан катаал, гүлдөн назик улуу сүйүү оорусубу же бактысыбы ошол сезим экөөндө туталанып жанды.

Сауле тайэжесинин батирине барып эжесинин керебетин кучактаган абалда же уктай албай, жаны түйшүктөнбү же кубанычтанбы аны түшүнө албай кыйла түйшөлдү. Бир маалда тайэжеси балдарын бакчадан алып кирип келип калды. Кийимин алмаштырып жатып керебетте ойлуу жаткан Саулени карап, бирөө капа кылганбы деген ойдо:

– Сауле сиңдим, маралым жаның тынчпы? Бирөө капа кылдыбы?

– Жок, эже, андай эмес. Бирок ички дүйнөмдү жай алдырбаган бир окуя болду, – деп китепканадагы окуяны башынан аягына чейин толук айтып берди.

Техникумдун жатаканасы. Азат Казатты тиктеп:

– Сен быйыл үйлөнөмүн, аты Фарида, сулуу, жакшы кыз экен, ата-энем менен макулдаштым дебедиң беле. Эми болсо ашык болуп калыпсың, бул арзууңду барктап өтөөсүнө чыга аласыңбы. Сезимдер оңой-олтоң иш эмес. Сауле Казакстандын Чимкентинде жашайт экен. Тилибизде, каада-салтыбызда, тарбияда айырма бар. Анан сен махабат дайрасында калкып жүрөм, ала-булут асказоонун үстүндө учуп жүрөм деп маашырлангандай эмес. Жоопкерчилиги жана эбегейсиз кыйынчылыктар, тоскоолдуктар жана сыноолор күтүп жатат, – деп күйүп-бышып досуна карады.

Баягы "атанын ою балада, баланын ою талаада" сыяктуу Казаттын денеси керебетте болгону менен анын жаны асманда калкып, Сауле менен кубалашып жүрөт. Кулагы керең болуп эч нерсени уккусу жок. Азаттын туура сөздөрүнөн туура жыйынтык чыгарган жок, калыс ойлоруна кулак салбады, кайра байоолоно:

– Койчу, досум, андан көрө биз Саулени издеп табайлы. Колуңдан келсе жардам бер. Атам, апам менен сүйлөшүп, аларга түшүндүрөмүн. Фарида сулуу кыз, ага ашык болгондор "менсиз деле Жалал-Абадда толтура" деп Фарида өзү айткан. Азат жигиттик кылдыбы, достук кылдыбы же чогуу жашап, чогуу жүргөн адамдын пикирин сыйлаган болдубу, айтор, бул пикир тирешүүдө досуна жеңилип берди.

Экөөлөп Казатты биринчи жолу болуп жаткан сүйүү айдыңындагы чоң казатка даярдоо планын түзүштү. Ал үчүн Азатка деп атасы Москва шаарынан алып келинген чех көйнөгүн жана Казаттын апасы дипломду коргоо экзаменине киесиң деп алып берген костюм-шымды тандашты. Бутуна эскилиги жеткен кара туфлисин жүз карачу күзгү кылып майлап салды. Эртең сабак бүткөндөн кийин китепканага экөө чогуу бармай болушту.

Бурма Саулеге кайрылды.

– Мен "Мурат" деп бардык тууган-урукка жаман көрүнүп, баш коштук. Кыйынчылыктар болду. Бирок, бул деген жашоо. Тандоо, чечим кабыл алуу өзүңдө. Ошондо да жездем, сенин атаң ири мамлекеттик кызматкер. Экөөңөрдүн баш кошууңарга макулдук бериши кыйынга турат. Ойлон Сауле.

– Эжеке, бир көрүшүп сүйлөшүүгө уруксат бериңиз.

– Мейли, жолугушуп көр, арманда калба, делебең кызып калыптыр, – деп Бурма сиңдисине уруксатын берди.

Аудиторияда сабактар бүтпөй, өмүр өтүп кетчүдөй сезилип, Казат алаңдап эки көзү терезеде. Сауленин караанын тиктейт, эки кулагы тыныгуу коңгуроосун тынчсыздануу менен күтүп жатты. Жүрөгүн тыңшаса Сауле китепканага келет деп шыбырагандай туюлуп жатты. Коңгуроонун үнү чыгары менен китепканага чуркап жөнөдү. Артынан Азат кубалап жетпей чуркайт. Китепкананын алдына келип, кийимдерин түздөп, башы-кашын тегиздеп, "үх" деп, үшкүрүнүп алып кирип келишти. Босогону аттаганда эле Сауленин карааны көрүндү.  Өңүмбү-түшүмбү, жалганбы же чынбы деп Казат Саулени селее тиктеп туруп калды. Сауленин отурган турпаты өзү бир керемет болчу. Анын жаштыгы, сулуулугу ушул китепкананын ичине таңкы тийген Күн нурундай жарык шооласын чачып турду. Турпаты көлдө сүзгөн ак куу сымал татынакай эле, китепкана көл болсо, Сауле ак куудай чозулуп көргөн көздүн жоосун алып турган болчу. Казат менен Азат Сауленин жанына басып келип саламдашты. Сауле ордунан туруп, Азат менен таанышып, үчөө чогуу китепканадан чыгышты да, Саулени Бурма эжесинин үйүнө узатышты. Бул сейилдөө экөө үчүн абдан маанилүү жана пайдалуу болду. Жаңы тааныш болгонуна карабастан он жыл тааныш, жүз жыл кадырлаш адамдардай бири-бирине пикирлеш, бири-бирине сырдаш болуп, ортодо алоолонгон ысык сүйүү гана болбостон ымалалары келишип, мамилелери жуурулушуп, эгиз козулардай ээрчишип, Ай жарыкта Фрунзе шаарынын көчөлөрүн аралап сейилдешти. Азат кээде буларга удаа басса, кээде жалгыз артта басып, экөөнүн баарлашуусуна тоскоол болбогонго аракет кылып жатты. Досунун ушундай маанилүү жолугушуусунда жан сакчылык, жардамчылык милдет жүктөлгөнүнө кубанычта болду.

Ошентип, Фрунзе шаарынын үчүнчү кичи районуна келип, көп кабаттуу үйлөрдүн алдындагы отургучка олтуруп сүйлөшүп олтурганда шаардык төрт-беш жигит келип алардын тынчын алды.

– Эй, колхоздор, менин атым Эржан, бул райондун паровозу болом. Билбесеңер билип алгыла. Саулени мен караштырып, коруп жүрөм, шүмшүктөр силер бул жерге келип, дагы менин сүйгөн кызымдын жанында олтуруп алыпсыңар. Азат ачуусун басып:

– Паровоз брат, Сауле ким менен сүйлөшөт, аны өзү чечет, сиз чечпейсиз. Эр болсоңуз жекеме-жеке күрөшкө чыгыңыз, кимибиз жеңилсек, унчукпай кетип калайлы, убадага туруңуз, – деп Эржанга кайрылды.

Эржанга бул сунуш майдай жага берди. “Жекеме-жеке күрөштө Азаттын пачагын чыгарып, Казатты Сауленин көзүнчө ашмалтайын чыгарсам, кыз меники болот” деген ойго жетеленди. Эржан Азатка окшоп шаардагы күрөш секциясына барат. Күрөштүн классика түрү боюнча чеберликке кандидат. Ал көчө баласы гана болбостон, көптөгөн мелдештердин жеңүүчүсү болчу. Ошол себептен өзүнө болгон ишеничи күч эле. Сауле чый-пыйы чыгып, Казатка имерилип, өзүн күнөөлүүдөй сезип бышактап ыйлап кирди. Эки эр ортого чыкты. Бири-бирин ычкырдан кармап, шым кемерине колдорун бурап, тарткылашып калышты. Эржандын достору шапалак чаап ышкырып, кыйкырып колдоо көрсөткөнчө, “ур”, “теп”, “чап” деген ураандар менен күпүлдөп атышты. Колдоонун шарапаты менен Эржан Азатты жамбашка алып көтөрүп чаап, өзү үстүнө кошо кулады. Достору кыйкырып-айкырып сүйүнгүчө, Азат дароо бошонуп, Эржандын арт жагынан келип көкүрөк менен ичинин ортосунан кучактап, аны жерден асманга тик көтөрүп туруп, чокусу менен жерге сайып салды. Эржандын оозунан кан кетип, эсин жоготуп, мурду канжалап жатып калды.

Казат менен Азат Саулени Бурма эжесиникине киргизип коюп жатаканага кайтышты. Экөө төрт жыл Фрунзе шаарында окуп, жашап жүрүп мындай мушташтарга далай туш болушкан.

Эртеси экөө кайрадан китепканадан жолугушту. Китепкана экөө үчүн укмуштай сезилет. Себеби, экөө ушул жерде таанышкан, ушул жерден табышкан, бул жердеги китептердин жыты экөө үчүн бейиштин жытындай сезилчү. Китептер экөөнүн сырдашы, күбөсү жана курдашы болуп калды. Отургучтарга олтуру-

шуп эч кимге жолтоо болбостон, шыбыраша мамыр-жумур сүйлөшүп жатканда, эшиктен шашып бир жигит кирип келип:

– Казат ким? Сыртта сизди Эржан чакырып жатат, – деди. Казат эч нерседен кебелбестен сыртты көздөй жөнөдү. Сауле жамандыкты туйгандай, Казатты токтотууга аракет кылды, бирок, ал кулак салбады. Сауле чуркаган бойдон Бурма эжесине айтып, экөө эшикке чыгышты.

Китепкананын алдындагы бакта отуздай өспүрүм балдар турат. Алар Фрунзе шаарынын үчүнчү кичи районунан, Эржанды техникумдун балдары себепсиз сабап салышкан деген шылтоо менен өч алуу максатында келишиптир. Колдорунда нунгчактар, бита, кастет, алдыда сагыз чайнап, өпкөсүн колуна кармап алган Эржан турат. А-бу дегиче эле топтолгон топ бала Казатты былчылдатып ур-тепкиге алып, колдорундагы уруш куралдары менен сабап салышты. Бурма эже, Сауле жана техникумдун агай-эжекелери аларды араң ажыратканга үлгүрүштү. Балдар качып көздөн кайым болушту. Тез жардам ыкчам пайда болду. Казаттын өлүк-тириги билинбейт, бет тегизделген, кан аралаш шишик. Диплом алганда кийилет деген костюм-шым тытылып канга боёлгон.

Фрунзе шаары. Республикалык оорукана. Жандандыруу бөлүмү. Казаттын бети-башы, ичи-көкүрөгү аппак марлиге оролгон. Бир бутун гипстеп асып коюшкан. Жанында байкуш апасы Жаратканга жалбарып, өңү саргарып, догдурларга жалынып күнү-түнү Казаттын жанынан чыкпайт. Анын эсине келе элегине туура жети күн болду. Догдурлардын айтуусу боюнча Казаттын өмүрүнө кепилдик жок, акыбалы оор.

Фрунзе-Алма-Ата автоунаа жолунда “ГАЗ-24, Волга” үлгүсүндөгү ак түстөгү мамлекеттик номери “00-01 ЧА” кызматтык автоунаа саатына 130 чакырымда зуулдап кетип бара жатат. Рулда кызматкер шоопур. Арткы олтургучта эки гана адам, жашы алтымышка жакындаган Кайсар Уметович Абаев – Чимкент шаарынын Борборук Комитетинин биринчи секретары. Курсак байлаган, бети тоголок чиновник. Жанында ыйлай берип көзүн шишик баскан кызы Сауле. Булар Чимкент шаарын көздөй баратты.

Фрунзе шаарынын, республикалык ооруканасынын жандандыруу бөлүмүндө кырсыктап жаткан Казаттын ал-акыбалынан, ден-соолугунан "кабар алып коеюн" деп Сауленин тайэжеси Бурма ооруканага келди. Палатага кирейин дегенде эки аялдын маегине айласыздан күбө болуп калды. Кире албай же  кетип кала албай, босогодо сөз тыңшап катып калды.

Бири – Гүлжан Казаттын апасы, экинчиси – Нуркан,  Фариданын апасы. Өткөн-кеткенди сурашып, эки жаштын темасына өтүштү.

– Нуркан кудагый, Казаттын көрөр күнү, ичер суусу бар экен. Күндөн-күнгө жакшы болуп баратат. Адам таанып, тамак ичип, сөзгө кирип, басып калды. Эми эки жаштын келечеги боюнча ойлонсок кандай дейсиз?

– Туура айтасыз, Гүлжан кудагый. "Үмүтсүз шайтан" деп айтылгандай, "жакшы ниет жарым дөөлөт" демекчи, балдардын келечегин ойлобосок болбойт. Бул казак шайтан кыз жаш баланын башын айлантып, бири Ромеого айланып, экинчиси Джульеттанын кейпин кийип алышыптыр. "Сүйөм-күйөмүн" деп туталанып, күйүп кетейин деп, Кудай дагы чоң сактаптыр. Ушундайында эртелетейли кудагый. Ооруканадан чыгарып туруп экөөнү үйлөп-жайлап тындырып, өзүбүз да тынч олтурайлы, – деп күшүлдөп сүйлөп, кудагыйынын сунушун кубаттап жатканда сырттан Болот менен Аскат ала-гүү, тамеки, кечээги арактын жыты жыттанып кирип келишти. Палатанын босогосунда халат жамынган Бурмага баам-парасат салып байкашпады. Болот – Казаттын атасы, Аскат – Фариданын атасы. Экөө бир жагынан кесиптеш, бир жагынан көп жылдык ынак достор. Болот жөнөкөй куруучу, бирок калыс жана адилет сапаттарга ээ болгондуктанбы Аскат экөө жаштайынан дос болушкан. Аскат Жалал-Абаддагы ири курулуш ишканасынын үлкөн жетекчиси.

"Казат өзүнө келди, басып, сүйлөп кепке кирип калды" деген кабар жетери менен экөө кечки рейс менен Ош аэропортунан Фрунзе шаарына учак менен учуп келишти. Кыргызстан меймканасына бир бөлмөгө жайгашышкан. Ачуу суудан өкүртө ичишип, бир канча бөтөлкөнү бошотушуп, балдардын бактысы,

келечеги, той тууралуу бийик сөздөр айтылып, ыстакандар кагышып, булар дагы тойду эртелетейли деген тыянакка жакындашкан.

Палатада Казаттын колунда асма укол, өзү терең уйкуда. Гүлжан болочок кудасы Аскатка кайрылып калды.

– Кудаа, биз кудагый экөөбүз балдардын келечегин ойлоп, сиздер макулдук берсеңиздер тойду баштай берсекпи, жакшылык иш бүтө берет дегендей пикирге келдик, сиз кандай карайсыз? – деп суроо узатты. Аскат ушуну эле күтүп тургансып:

– Биз макулбуз. Уюштуруу иштери боюнча убара тартпаңыздар. Фарида биздин жалгыз кызыбыз. Ошону эске алып мурунтан даярдыкты көрүп койгонбуз. Нуркан менин билишимче кызына себин бүтүрүп, тойго толук даяр, Боке сенин оюң кандай? – деп досунун пикирин уккусу келди.

– Асыке, балдар деп жашайт экенбиз. Балдар төрөлгөндөгү убадалар ошол бойдон бек. Мен техникумдун диплом тапшыруу күнүн тактап койдум, ушул июль айынын отузунда экен. Сиздер каршы болбосоңуздар тойду биринчи август күнүнө белгилейли. Аялдар эмне дейсиздер? – деп сөздү бурду эле, алар ушул чечимди күтүп тургансып экөө бирдей:

– Макулбуз, колдойбуз, – дешип дароо коштоп кетишти.

Эшик босогосунда бул кудалардын сөздөрүн уккан Бурма колу-бутун жерге мык менен кагып койгондой катып, денесин калтырак басты. Анын себеби, сиңдиси Сауленин Казат экөөнүн сырлары менен Бурмага сыр чечишкени кулагында жаңырып турду. Экөөнүн: "Түбөлүккө бир болобуз, Кудай берген өмүрдүн аягына чейин кол кармашып бир өтөбүз. Турмуштун оош-кыйышына туруштук беребиз. Жараткандан белекке тартууланган улуу арзуубузду алпештейбиз" деп антташышканы Бурмага белгилүү болчу. "Сага өмүрлүк жубай болоюн. Оорусаң дары болуп, сыгылсаң дартыңды жоёюн, Эржан-Пержан кызыктырбайт, жалгыз сендикмин" деп Сауле макулдугун берген.

Казаттын кубанычы коюнуна батпай, Саулени көтөрүп тегерете айлантып өзүнө имерип: "Өмүр бою колума көтөрүп өтөмүн. Коломтодогу отту өчүрбөстөн, үйүмдүн түркүгү болоюн. Чаалык-

саң чарчооңду жазайын, кайгырсаң көңүлүңдү алайын. Өмүргө тилектеш болуп, арзуубузга чек болоюн” деп ак шумкардай канатын кер жайып убада берген эле.

Фрунзе шаары, үчүнчү кичи районундагы базардын ар тарабында жүздөн ашык техникумдун өспүрүм эр-азаматтары үстүлөрүнө спорт кийимдерин кийишсе, буттарында бутса, баштарына кепка кийип топтолушуп, жоолашкан жоокерлердей булкунуп турушат. Алдыда денеси тың, көзүндө оту, жүрөгүндө өртү бар Кочкордун эр жүрөк жигити Азат бакыят. Эржан жана анын куйту жан алгычтары менен жолугушуусу белгиленген.

Милиция кызматкерлери Казатка беш жолу жолугуп: “Көрсөтмө бер, баңгилердин үстүнөн арыз жаз” деп аны көндүрө албай убара тартышты. Муну билген Азат Эржанга жолугуп:

– Эр чекишпей бекишпейт. Өткөн иш өттү, Казат жигитчилик кылып арызданбаптыр. Эми сиз Казаттан кабар алып, акыбалын сурап, кечирим сурап коюңуз. Жандоочу кийик аттырат кылып балдарыңыздан шерик кылып алыңыз, – деди. Эржан бул сунушка көнбөдү, оң сөздү четке какты. Терс бурулуп, былжырак сөздөрдү айтып, Азаттын намысына тийди. “Коенду камыш өлтүрөт, жигитти намыс өлтүрөт” болуп Азат Эржан жана анын шайкасын беттешүгө чакырууга мажбур болду.

Жол чырак кызыл жанган мезгилде көп кабаттуу үйлөр тараптан Эржан отуздай жигиттери менен буларга жакындап токтошту. Азаттын балдары заматта ар тараптан топтолуп биригишкенде, Эржандын балдарынын жүрөктөрү сууп, көздөрүндө коркунуч пайда болсо да сыр алдырышпайт. Куюн-чапкын, уртокмок башталды. Жоолашкан душмандардай былчылдашып жатып калышты. Айкырыктар, бакырыктар, сөгүнүчтөр. Бир маалда мурду канжалаган Эржан базарды көздөй качып жөнөдү. Колу-буту араң шилтенгендери көп кабаттуу үйлөрдү аралай зуу качышты. Жөрмөлөгөндөрү жол боюндагы дүкөн, күркөлөргө сойлоп кириишти. Техникумдун балдары топ-топ болуп бөлүнүшүп, качкындардын артынан кууп жетишип эс-учунан кеткис кылып сабап салышты.

Тойго чейинки окуялар. Казаттын Саулеге бир аз болсо да ичи кирдеген. “Сен ооруканада жатканда,  сени карабастан Чимкентке кетип калды” дегендерден улам сүйүүдөн жек көрүүгө бир кадам дегендей, анын башы маң болгон. Бурма эженин үйүнө эки-үч жолу барса, ал эмгек өргүүсүнө чыгып, Ысык- Көлгө кетип калган болот.

Сауле Чимкентке жетип Казатка он чакты кат жөнөтөт. Ал каттарды Гүлжан Казатка жеткизбестен ооруканадагы медайымдардан алып өрттөп жок кылат. Казатка бул жөнүндө үн катышпайт.

1-август. Жалал-Абад шаары. Ресторанда шаң-шөөкөт башталды. Кире бериш босогодо Болот менен Гүлжан конокторду жылуу маанай менен тосууда. Ресторандын ичинде жагымдуу музыка жаңырып турат. Төр жактагы үстөлдөрдө Аскат, Нуркан тууган-уругу, дос-жар, тели-теңтушу, айыл-коңшулары менен бака-шака. Ортодо суйкайган сулуу бийкечтер бийлеп-ырдап созолонушат. Кер-мурут жаш азаматтардын өпкөсү көөп, урунарга тоо таппай ары-бери басышат. Орто жаш, чачтарын ак бубак аралаган улуу муун агалар топ-топ болушуп ар түрдүү темаларды ич ара талкуупга алууга кирип кетишкен. Жеңелер топтолгон жерде көйнөк, кооздуктар, турмуш көйгөйлөрү. Аксакал аталар, сары тиштүү энелер ресторандын ичиндегилерге көз чаптырып, көк чайдан ууртап коюп олтурушат. Үстөлдөрдүн үстү даамдарга, суусундук, ичимдикке толгон. Бышыкчылык болгонго үстөлдөр үстү жер жемишке жайнайт.

Төрдө кара костюм ак көйнөкчөн зыңкыйган күйөө бала Казат турат. Анын жанында ак түстүү үлпөт көйнөкчөн, башына ак шөкүлө кийген Жалал-Абадтын суйкайган сулуусу Фарида кулпурат. Казаттын жанында мурду таңырайган Азат, Фариданын жанында курбусу, Салтанат созулат. Шаңдуу музыкалар жаңырып, каалоо-тилектер айтылып, күркүрөгөн салтанаттуу той башталды.

Тойдо Сауленин эжекеси Бурма техникумдагы мугалимдер жамааты менен бир үстөлдө олтурушат. Сауле эжекесин ээрчип тойго келген. Бирок Казаттын тоюн бузбаш үчүн жигиттин ки-

йимин кийип, чачын түйүп ак калпактын ичине кыстарып алган. Мурут жабыштырып, чыкыйып сулуу жигитке айланып Сауле олтурат. Алдын ала Бурма Сауле менен мындайча шартташат: "Тойго барабыз, сүйгөнүңдүн үйлөнгөнүн өз көзүң менен көрүп, көкшүнүңдү суутасың. Той бүткөндө жамаат менен Фрунзеге кайтабыз".

Той ортолоп калганда микрофондо үнү өктөм чыккан, жашы алтымыштардан ашып калган айым:

– Той болбойт, тойду токтоткула, – деп эки ооз сөз айтканда ресторан ичи жымжырткккка айланды. Той ээси Болот бурулуп тиктеп:

– Бул эмне келжирек сөз?! Эмне деген наадандык?! – деп баягы бейтааныш аялдын жанына келип, үңүрөйө тиктеген боюнча эсин жоготуп кулап түштү. Ресторан ичи заматта ызы-чуу боло түштү. Казат туугандары менен атасынын жанына чуркап келип, бетине суу чачып, өзүнө келтиришти. Болот ордунан туруп, күбүнүп-таранып, кийимдерин иретке келтирди. Бирөөнү издегендей эки жагына көз чаптырып, бир көз карашка токтолуп "жүр эшикке" деп ишаарат кылды. Ал баягы тойго бүлүк салган бейтааныш аял болчу. Экөө сыртка ээрчишип чыгып кетип жатышканда арттарынан Гүлжан кошо ээрчиди эле, Болот бурулуп:

– Мен баарын түшүндүрүп беремин. Ушул жерде күтө тур, – деп өтүнүп суранды. Ресторан ичи жымжыртыкка айланды. Гүлжан чечкиндүү аял болчу, акыл-эсин токтотуп, абадан кере жутуп алып, муздак сууга бетин чайкап, микрофонду алды да:

– Туугандар, кудалар, достор, жакшы санаалаштар, бул бейтааныш аялдын ак тойго бүлүк салышы, албетте, калпыстык болду. Бул нерсени унутта артта калтырайлы. Дасторкондогу даамдардан татып, суусундуктардан ичип көңүлдүү олтуруңуздар, – деп элдин көңүлүн тойго буруууга далалат кылды. "Эл деген эл экен, чогулуп бириксе сел экен". Элдин бүйүрү абдан кызып, "Шамал болбосо, дарактын башы кыймылдабайт да", "таяктын эки учу болот", "оңбогон бул бейтааныш аялда ачылбаган сыр жатса керек?" "Анда эмнеге Болот эсин жоготту?" "Экөө эмнеге сыртка чыгып кетишти?" деген суроолор жана талкуулар токтободу.

Сауле менен Бурма да бири-бирин тиктешип, алардын да таң калуулары күчөдү.

Бир маалда Болот ресторанга кирди. Кудасы Аскатты чакырып, кайра сыртка чыгып кетишти. Сөз кылгандардын чырагына май таамп, сөздөр, божомолдор мурункудан да күч алды. Арадан бир канча убакыт өткөндө эшиктен Болот, Аскат жана бейтааныш аялдын карааны көрүндү. Алар ресторанга кайтып келишти. Заматта абсолюттук тынчтык өкүм сүрдү. Болот эстүү, кыйын киши болчу. Бул жактагы ушак-айыңды, күбүр-шыбыр божомолдорду далысы менен сезип турду. Ошондуктан бардык сөздөргө чекит коюп, эртеңки жашоону тынч улантуу үчүн, балдардын татыктуу келечеги үчүн, бул жерде ушул убакытта болгон окуяларды "чечмелеп айтам" деген ой менен кайра сырттан келген болчу. Андан кийинкисин "эл өзү таразалап алат, Нуркан туура түшүнөт" деп ага көңүлү тынч болду. Болгону балдар кызуулукка алдырып катуу таарыныч болорун алдын ала сезди. "Ооруну жашырсаң, өлүм ашкере кылат" дегендей, азыр жана ушул жерде абийири айрандай төгүлмөкчү болгон чечим менен микрофонду колуна алды:

– Кагылайындар! Үч уктасам түшүмө кирбеген күтүүсүз окуя болду. Ага өзүңүздөр күбө болдуңуздар. Бул бейтааныш аялдын аты Акмарал, ал Фариданын өз апасы. Ал эми Аскаттын аялы Нуркан Фариданын тапкан, баккан апасы, ал чындык. Муну Аскат дагы тастыктады. Биз ал кезде жаш элек. Курулуш техникумунун студентимин. Биздин курстун студенттери, Ошко, Совет районуна чөп чабыкка жардамга барганбыз. Ошол жерден, айылдан айран, кымыз сурап иччүбүз. Күндөрдүн бир күнүндө ошол айран алган үйдөн Акмарал менен таанышып, жаштыкмастык болгон. Айыл-чарба иштери бүтүп, шаарга кайтканбыз. Ошондо Акмарал бир ай өтпөй боюна бүтүп калганын байкап, мени издеп шаарга келип таппай калат. Айылга барыштан уялып, Ошто ай-күнү жетип, төрөт үйүндө кыз төрөйт. Төрөт үйүнүн башчысы алып калганга макул болот. Ал кызды дароо Аскат менен Нурканды чакырып бере салат. Себеби Аскат менен Нуркан балалуу боло алышпай, бала асырап багып алабыз, бирок аны эч ким, эч бир жан билбесин деп төрөтканадан алып чыгып

кетишет. Ал кыздын атасы мен, апасы Акмарал эле. Ал кызды аяшым төрөдү кылып, документтештирип атын Фарида коюшат. Колуң менен кылганга башың менен жооп бересиң деген менин башыма туш келип турат. Ошондо Казат менен Фарида аталаш бир тууган экен, Кудай урсун, мен муну такыр билген эмесмин. Эки бир тууган баш кошконго уруксат жок, өзүңүздөр жакшы билесиздер. Кагылайын чүрпөлөр, мени кечиргиле! – деп сыртка чыгып кетти.

Той бузулгандан кийин Казат атасына таарынып, катуу депрессияга түшүп, үйгө батпай Фрунзеге жөнөп кетти. Ал жерден жан күйөр досу Азатка жолугуп, экөө Бурма эжеге барып акыркы окуялар боюнча бардык чындыкты угушту. Жигиттер катуу өкүнүшүп, Сауленин Чимкенттеги дарегин алып, жолго чыгышты.

Абаев Кайсар Уметович, Казат жөнүндө Бурмадан толук угуп, кызы экөөнүн мамилеси боюнча маалыматы бар эле. Казат оор жаракат алганда Саулени үйүнө алып келген. Сауле менен Казаттын ортосундагы бири-бирине болгон сүйүүсүн билчү.

Казат менен Азат кечке жуук алардын үйүнө кирип келишти. Кайсар Уметович аябай кыраакы киши болчу. Ошол себептен Казат менен Азатка чай-тамак берип олтуруп, шашпай сөздү баштады:

– Макул, Казат! Саулени сүйөрүңө ишенейли, а бирок кайда жашайсыңар? Сен эмне жумуш кылайын деп турупсуң? – деп суроону кабыргасынан койду да, сөзүн улантты: – Мен силердин бир түтүн булатып чогуу жашайлы, өмүрдү бирге сүрөйлү дегениңерге каршы эмесмин. Алгач менин шартым бар. Казат мырза, техникумду бүтүпсүң, жакшы. Эгерде Саулеге үйлөнөмүн деген чыныгы оюң болсо, алдын жогорку билим ал, дипломду колго карма. Андан кийин Саулени алып кете бер. Башка сөз жок, – деп туруп бөлмөдөн чыгып баратып, – Сауле узатып коёт, жакшы баргыла, – деген бойдон көздөн кайым болду. Абаев Кайсар Уметович мунусу менен убактылуу убакыттан утуп турайын, булардын арзуусу сууп калар. "Төрт-беш жылда ким бар, ким жок" дегендей пикирде болду. Жаштарга да бал тилин салып сооротуп, үмүт берип койду. Атасы кызына каршы эмес, ал ушунусуна сооронду.

Казат Сауленин атасынан мындай сөздөрдү укканда көөдөнүндө өлүп калган, жүрөгүндө соолуп бараткан арзуусу жалындап от алды. Кабыргасындагы кайышып калган кайраты жанданып, муунундагы кайгылуу кайрыктары шаңданды, көңүлүндөгү муңайыңкы абалы жакшырды, бозоргон каректер карайды.

Казат турмуш соккуларын, жашоонун ачуу-таттуусун, ырахаты менен кесепеттерин  жаш болсо да башынан кечирди. Белгисиз туңгуюкка чөгүп кетпешине, албетте, Жараткандан берилген жүрөгүндөгү ыйманы, эң башкысы, Саулеге болгон  арзуусу, экөөнүн келечекке болгон асыл максаттары себеп болду. Пейилиндеги кажыбас кайрат мененби, көкүрөктөгү күү мененби, айтор, караңгы түндөн жылчыйган жарык нурду көздөй чабак уруп баратты. Алма-Ата мамлекеттик университетине кыйынчылыксыз эле өтүп, сабактарында ийгиликтер болуп жатты. Биринчи курсту бүтүргөн жылы Алма-Ата шаарына ата-апасын чакыртып элдешишти. Ата-бала бири-бирин кечиришип, өткөн-кеткенди кеңири талкуулашты. Алма-Ата шаарынан ата-энеси кетип жатып Казат менен Сауленин келечекте баш кошуусуна макул болушуп, батасын беришти да  Жалал-Абадга кайтышты.

Арадан төрт жыл өттү. Казат бешинчи курска өткөн жылы өндүрүштүк практикага Чимкент шаарына жолдомо беришти, бир жагынан сүйүнсө, бир жагынан таң калып, өндүрүш практикасын металл чыгаруучу заводдо өткөзүп жатты.

Сауле өзүнүн каалоосу менен атасынын каршы болгонуна карабастан медайымдыкка окуп, Чимкент шаардык ооруканасында иштеп калды. Саулени Чимкент шаарынын Борбордук Комитетинин  биринчи секретарынын кызы деп бардыгы таанышчу. Ал ак чепчигин какайтып, ак халатын таптаза кылып кийип, ак бут кийимин кийип ооруканага кирип-чыкканда далай жаш бойдок дарыгерлер, ооруканадагы пациенттер ооздорун ачып карап калышчу, ашыктык ырларын жазып, гүлдөрдү тартуулагандар да арбып кеткен.

Казат өндүрүштүк практикасы бүтөрү менен эле Саулеге ооруканага жөнөйт, аны иштен тосуп алып, чогуу жөө басышып, аны үйүнө узатып коёт да жатаканага барып мастерлерге жана студенттерге кошулуп дем алат.

Абаев Кайсар Уметовичтин көзгө басар орун басарынын бойго жеткен уулу бар. Ошол орун басары Кайсар Уметовичтин кулагын кудаа болобуз деп бышырып койгон. К.У.Абаевтин өзүнүн жеке пикири боюнча бул экөө да, жаштар да бири-бирине дал келет эле. Казат менен Сауле кол үзбөгөнүн көрүп Алма-Ата мамлекеттик университетине кайрылып, бүтүрүүчү курстарды Чимкентке чакырткан. Алардын арасында Казат дагы бар.

Кайсар Уметович орун басарын чакыртып:

– Өндүрүштөгү мастер, прорабдар менен сүйлөш, Казатты иш убагында жайлашыбыз керек, өндүрүшкө шылтап коёбуз. Ошондо биз бир ок менен эки коёнду жайлайбыз. Биринчиси, бул эли-журтунан тентиген кыргыз Казаттан кутулабыз. Экинчиси, сен менин кызымды келин кылып алганга мүмкүнчүлүк түзүлөт, – деп бурулуп орун басарын карады:

– Кайсар Уметович, бул ишти жайлайбыз. Кыжаалат болбоңуз, – деп каанадан чыгып, бир мастерди чакырып, айтылган арам ишти дайындап жатып кагазга оролгон конверт берип узатты.

Эртеси өндүрүш иши заводдо кызуу жүрүп жаткан кез. Мастер Казатка кайрылып:

– Биринчи кабатка түшүп эки жүз литрлик идиштин жанына туруп, идиш толгондо айт, – деп өзү химиялык зат куюлуучу бөлмөгө кирип, шланганы 200 литрлик идишке эмес, Казатка туштап туруп күчтүү басым менен кранды ачып жиберди эле, ылдыйдан:

– Ап-па-аа-аа! – деген Казаттын ачуу үнү чыкты.

Тез жардам келип, Казатты дароо эле оорукананын операция жасоочу каанасына алып кирип кетишти.

Сауле ошол күнү ооруканада бейтаптарды уколдоп, дары берип жаткан, дарыгер аны чакырып:

– Тезинен операцияга камданыңыздар, бизге заводдон оор жаракат менен пациент келди. Элүү пайызы күйүп кеткен, кан группасын билип кан даярдагыла, – деп башка дарыгерлердин боло турган операцияга карата пикирлерин угуп, консилиум өткөзүп, операция каанасына кирип кетишти. Операция үстөлүнө Казатты алып келип жаткырышты. Операция кылуучу аспаптарды көтөрүп кирген Сауле Казатты көрүп:

– Каза-ат!!! – деп бакырган боюнча колундагы аспап шаймандар менен кошулуп чалкасынан кулап, эсин жоготуп койду. Аны дароо сыртка алып чыгып, бетине суу сээп, өзүнө келтиришти. Казат операциядан чыккандан кийин Сауле күнү-түнү жанында болду.

Жумуштан чыгып, кийимдерин алмаштырып алайын деп таң эрте үйүнө кирип келе жатып атасы Кайсар Уметович телефон аркылуу бирөө менен Казаттын атын атап сүйлөшүп жатканына күбө болуп калды.

– Азаматсың! Буйрукту жакшы аткарыпсың, эми Казат адам болбойт. Мындай Казаттын Саулеге не кереги бар. Тойго кам көрө бер, баурым! Ай тойлойбуз гой эки жаштын тоюнда, – деп телефонду койду.

Сауле шок болуп, өз бөлмөсүнө кирип шолоктоп катуу ыйлап, заманасы куурулду. Өз атасы, шаардын журт башы ушундай ыплас иштерге барганына ишенип-ишенбей, ички дүйнөсү, тулку бою ачышып, жаны кашайды.

Бүт оорукана, дарыгерлер, бейтаптар, Сауленин Казатка болгон мээримине, чыдамкайлыгына, өжөрлүгүнө таң калышты. Төрт ай жанынан чыкпады, жараттарын чечип таңды, жаш ымыркайды карагандай тамактандырды, Жараткандан, дарыгерлерден Казаттын ден-соолугуна жардам сурап жалынып-жалбарды. Парбадигердин боору оорудубу, дарыгерлердин чеберчилиги болдубу же Сауленин үнү Кудайга жеттиби, балким, биз ишенбеген, биз сезбеген, бирок, ар дайым ишенгибиз келген “керемет” болдубу, төрт ай бир жума болгон күнү Казат таякка туруп сакайып үйүнө кеткенге дарыгерлерден уруксат алып, бул чечимди Саулеге да угузду.

Сауле апасы менен сыр чечишип сүйлөштү. Атасынын Казатка кылган мамилесин айтып:

– Бүгүн Казат ооруканадан чыгып жатат, аны менен бир жолу кетип жатам, батаңызды бериңиз, – деди. Апасы ыйлапсыктап батасын берип, кызын узатып коюп, күйөөсүнө телефон аркылуу чалып:

– Кызың Кыргызстанга кетип жатат, – деп айтып койду.

Казат менен Саулени дарыгерлер, медайымдар, ооруканадагылардын баса алгандары узатып оорукананын алдына түшүшкөн, баса албагандары ачылган терезелеринен кол булгап узатып жатканда, “00-01 ЧА” номерлүү “ГАЗ-24” “Волга” үлгүсүндөгү жеңил автоунаа чукул токтоду. Ачуусу мурдунун учуна жетип калган Кайсар Уметович, Казатты ээрчип кетип жаткан Саулени алып калуу максатында жетип келген учур, “эми эмне болуп кетет экен?” деп баарынын бүйүрүн кызытты.

Унаадан атырылып түшкөн Кайсар Уметович эки жагынан таяк таянган Казатты жерге кулата түртө салып Сауленин билегинен мыкчый кармап машинени көздөй алып жөнөдү. Сауле өмүрүндө атасына биринчи жолу катуу каяша айтып, колун тартып алып, жыгылып жаткан Казатты көздөй чуркады, дарыгерлер жана башка бейтаптар да аны жөлөп-таяп жатышкан эле.

Атына заты дал келген Кайсар жер жарылса кирип кетүүгө даяр болуп, эси оогондой башын шылкыйтып туруп калды. Казат:

– Сауле! Сакиш! – деп жалынып, Саулени кучактап жүзүнөн жыттап өөп, кучагына кысып, көзүнөн ылдый жашы агып жатты. Сауле Казатты кучактап:

– Казат! Каралдым! Эми сени менен боломун! Жаныңдан кетпеймин, сен кайда барсаң, мен ошол жакта, – деп ыйлап да, сүйлөп да жатты.

Сауле Казаттын ийнине далысын жөлөп эки жаш ооруканадан узап баратышты. Ооруканадагы дарыгерлер, бейтаптар бардыгы ушул экөөнү карап ыйлаганы ыйлап, кубангандары кубанып, экөөнүн карааны көрүнбөй калгыча узатып карап турушту.

Кобур-кобур сөздөр алардын артынан ээрчип угулуп турду. Топ сөздүн ичинен көпчүлүгү ынанганы баш мээрбан менен баш дарыгердин сөзү болду:

– Казат менен Сауленин сүйүүсү ак сүйүү экен, – деди баш мээрбан.

– Менимче, булардын сүйүүсү аппак сүйүү! – деп кубана тиктеп, узатып туруп калышты.

# ЖАРЫМ БАКЫТ



## 1-бөлүм

## МЕНИН АТАМ

Менин атам атагы далайга кеткен, даткалар чыккан айтылуу Алайдын тургуну Нарбай уулу Абдулла. Улуу Ата Мекендик согуштун ардагери, орус-фин согушунун катышуучусу, олуя сындуу, жаштарга кеп-кеңешин берген алты уул, төрт кыздын атасы. Бир кызы алты жашында ооруп өтүп кетет, бир уулу атамдын көзү тирүүсүндө 57 жашында каза болду, калгандарыбыз Кудайга шүгүр аманбыз. Өз жашоосунда небере, чебере, кывыра көрдү. Эмгекчил адам болуп, өзүнүн адал ак бешене тери менен жашаган. Балдарын, кыздарын, неберелерин да ушундай өңүттө тарбиялаган. Жаратканга, элге кылган кызматы, түз жүрүм-туруму менен жакканбы, айтор, бир күн жаткылыгы жок ооруп-сыркабай, бала-чаканын көзүн карап төшөккө жатпай, оо дүйнөгө жашы жүздөн ашып сапар аттанган – деп, өз сөзү менен Абдулла Туратбек уулу атасынын өмүрүндөгү кызыктуу окуяларынан айта баштады.

Көзү өтүп кеткенине арадан канча жыл өтсө да, эли-журту ушул күнгө чейин ал кишинин осуятын, жашаган жашоосун, турган турпатын эскерип айтып жүрүшөт. Согуштагы тайманбастыгы, душманды чегинтип качырганы менен абройго жетишип, көптөгөн орден-медалдарды, Ардак грамоталарды алып келген. Өмүрү өткүчө өкмөттүн камсыздоосунда турган.

Туулуп өскөн жери айтылуу Алай районунун Жошолу айыл өкмөтүнө караштуу, жердин эң абад жери, бейиштин төрүндөй кооз болгон, зоолору асманга тирөөч болгон, тоолорунда төрт түлүк мал жайлаган, жылгалары шылдыр таза булактарга бай Орто-Суу айылында жашаган.

Атам Абдулла Нарбай уулунун бир туугандары беш уул, үч кыз болгон. Баары бул дүйнөдөн өтүп кетишти. Атам үч жашында апасы жарыктык менен коштошот. Аталуу жетим арсар жетим болуп чоңоёт. Чоң атам Нарбай шартка байланыштуу кайра үйлөнөт. Жаш балдар өгөй эненин колун карап калышат. Атамдын өзү айтып берген бир кызык окуя өмүр таржымалыма таасир эт-

кен деп айтып жүрдү. Анда атам Абдулла тогуз жашта экен. Орто-Суу айылынын өйдөрөгүндө жайгашып, кичи жайлоо атыккан Кең-Жайпак жайлоосунда чоң атамдын айтуусу менен суур, кашкулактарга тузак коёт. Тузак, капканга түшкөн суур, кашкулактын терисин сыйрып, алардын терисинен тумак, кемсел, чокой жасап сатып, эл катары тиричилигин өткөрүп турушкан.

Суур, кашкулактын терисин сыйрыганга атасы Нарбай маки белекке берген экен. Кийинчерээк бир аз бой жеткенде белине кемер тагып, кын бычак тагынып жүрчү экен. Кадимки суур-кашкулакка таң ата тузак коюп, күн шашкеге келгенде олжону көргөнү келип, семиз, жүнү жылтыраган суур тузакка түшүп, тузакты ийинден эки метрден узагыраак тарткылап, жан далпас кылып жаткан учурга туш болот. Кын бычагын оң колуна, макисин сол колуна алып семиз суурга утурлай басып барат. Ырылдаган жаныбар менен алышайын десе, тиги суур эч жакындатпай атырылып каршылык көргөзөт. Айланасын караса жанында өсүп турган табылгылар болот. Бычагы менен табылгынын түбүнөн бир сап кесип алат. Айбалтадай жоон учу менен тузакка түшкөн семиз суурду баш туштай чаап калат. Калдайган суурдун башынан кан агып акырындап жан берет. Ошол кезде асманда бүркүт айланып тегеренип учуп жүргөнүн байкап, ага эч маани бербейт. Суурдун терисин сыйрып кирет.

Бул жагын атам өзү мындай болгон деп айтып берген эле: “Бүркүт болсо кан жытын жыттап тарпты көргөндөй мени көздөп төбөдөн ылдый тик учуп жөнөйт. Мен болсо суурдун терисин сыйрыганга кызыгып калганга, эч нерсеге көңүл бурбастан, тери сыйруу менен алек болгон учурда, бүркүт ийилген курч тырмактуу эки шыйрагы менен капшыгыман чапчып алып, көтөрүп учуп айланып олтуруп Ак-Жатаң зоосунун боорундагы уясын көздөй учуп жөнөйт. Көтөрүп учуп кетип жатканда коркконум менен үнүмдү чыгарып бакыргандан корктум, себеби ийри миздүү тумшугу менен көзүмдү чокуп оюп койбосун деп чочуладым. Бүркүт асканын бетиндеги үңкүрчө уясына алып барып таштап, өзү кайра учуп кетти. Уяга таштаган кезде ошондо коркконумдан ыйлап кирдим. Уяда эми эле жумурткадан жарылып, там-туң баскан барчындары тамак издеп чыйпылыктап жүрүшөт. Бир

ойлогонум, ушул барчындарына жемдикке алып келди, өлөт окшойм деп калдым. Барчындар мага жармашып тийишип ойноп киришти, өзүм ошолор менен оюнга кызыгып, ыйлаганым басылып, алаксып кетипмин. Бир-эки сааттай чамасында ойногонубуз эсимде. Бир мезгилде бүркүт кайра уясына бет алып учуп келип конор мезгилде аны кондурбастан дароо эки шыйрагынан бекем кармадым, бүркүт курч миздүү тырмактары менен менин кабыргаларымдан мыкчыганда, тырмактары этиме чейин өтүп кетип ооруксунду. Бүркүт Ак-Жатаң зоону бир айланып баягы тузак жайган жерге жеткен кезде шыйрагынын тырмактарын коё берди, мен дагы эки колумду бүркүт шыйрагынан бошотуп жерге кулап түшүп аман калдым" деп атам эскерип айтып калар эле.

Үч жашынан өгөй эненин колунда калып, тиричилик атамдын башына жаштайынан түшөт. 14 жашында мандикерлик кылып "Куршаб тарапта байлардын коюн кайтарып койчу болуп жүрдүм" деп эскергени эсимде.

"Андан соң кайра айылга келип майда-барат жумуш кылып жүрүп бүркүттү деле унутуп калдым. 1939-жылы аскерге чакырылдым. Аскерде аба десанттык аскер (ВДВ) бөлүгүнө чегерүү чечиминин негизинде ошол бөлүктө кызмат кылдым. Учактан парашют менен секирип машыгуудан өтүп жаткан мезгил. Баягы бала кезде асмандан тик учуп түшүп менин капшыгыман ченгелдеп кеткен ийри тумшук, кең канат, чоң күрөң бүркүттү эстедим. Балким, ошондо эле бүркүттүн барчындарына жем болбой жаным аман калышы, Жараткандан кийин десант болуп абада учуп кызмат өтөйсүң деген белги болгонбу дейм да" дечү эле атам.

"Аба десанттык аскеринин полк башчылыгына чейин жетип, 1939–1940-жылдардагы орус-фин согушуна катыштым. Анын шарапаты менен Хельсинкиге чейин барып, эки тарап тынчтык келишимине кол коюлуп бүтүп, 1940-жылдын күз мезгилинде үйгө келдим. Кичи мекениме болгон сагынычым таркай электе 1941-жылы Улуу Ата-Мекендик согуш башталып кетти. Бизди, аба десанттык аскерлердин мурунку жоокерлерин 1941-жылы күздөгү буйрук менен кайра аскерге чакырып алышты. Машыктыруудан өткөзүп, күйгөн отко, согушка жөнөтүштү. Не-

мис душманынын учактарын, курал-жарак сактоочу жайларын, күйүүчү май сактоочу жерлерин жардырып күл кылып, асманга сапыртып жок кылып жаттык. Аскерде кызмат өтөп жүрүп кийинчерээк аскер башчыларынын буйругу менен мотоаткычтар дивизиясында кызмат өтөп калдым. Взвод командирине ок тийип курман болгондо анын милдетин убактылуу аткаруучу кызматты аркаладым. Андан кийин жөө аскерлер дивизиясында дагы кызмат өтөдүм. Ата-Мекендик согуштун жеңиш күнүн 3-Белорусия фронтунда кызмат өтөп жүргөн кезде уктук. Согуш болгондон кийин көптөгөн жараттарды алдым. Кол булчуңдарымды тешип өткөн автомат огу, снаряд осколкалары тамтыгын чыгарган далыларымдын" деп атам жаракат алган октун издерин, денесиндеги тыртыктарын көргөзүп көзүнө жаш алчу.

"Жеңиш болду деп кубанычыбыз кучагыбызга батпай эми үйгө, мекенибизге кайтабыз деп турган кез. Биздин полкко буйрук келди. Согуштан кийинки чек арадагы абалды көзөмөлгө алуу боюнча биздин полкко буйрук келди. Буйрук кынтыксыз аткарылуусун жана ал буйрукту талкуугa алууга мүмкүн эместигин аскер солдаты катары сезип, немис мамлекети эки мамлекетке бөлүнүп бүткүчө чек-арада кызмат өтөп, үйгө башка жоокерлер 1945-жылы келген болсо, мен 1946-жылы келдим" деп эскерчү атам.

Атам согуштан келсе атасы Нарбай өлүп калган болот. Өгөй эне кетет. Тоголок жетим болуп чоң агасынын колуна келет.

Атам Абдулла Улуу Ата Мекендик согушта жүргөн кезде, 1943-жылы бир тууган иниси Айткулу Нарбай уулу аскерге согушка чакырылат. 1944-жылдарга чейин кат келип турат. Акыркы каты 1944-жылдардын күз айларында Польша мамлекетинен келген боюнча токтойт. Ошону менен кабар жок, согуш бүткөндөн кийин да Алайга кайтып келбейт. Айткулунун тирүү же өлүк экендигин аныктаган эч кандай кабар жок.

Атам Абдулла өлөр өлгүчө инисинин тирүү экендигинен үмүт үзбөй жашады. Өлөр алдында "эми Айткулунун сөөгү жок болсо да көзүмдүн тирүүсүндө куран түшүрүп коеюн" деди. Союш союп кан чыгарып, айыл аксакалдарын, мечиттеги молдокелерди чакырып Айткулунун атына куран окутуп, үмүтүн үзгөн.

Мен өзүм интернеттеги «Сайт Неизвестного Солдата» сайты аркылуу Айткулу Нарбай уулунун дарегин издетип, эч тыянак чыккан жок.

Атам согуштан келип Жошолу айылындагы мамлекеттик дүкөндө иштеп, ошол дүкөндү пенсияга чыкканга чейин башкарды.

Атам айтчу эле, бир мезгилде эки жолу орозо туттум деп. Ошондо жалпы эсепке алганда, атам катары менен 66 жыл орозо кармаптыр. Кийинчерээк жашы өйдөлөп улгайып калганда айттап бүтүп эле оозун бек кылып, орозо кармап кирчү. "Коюңуз, улгайдыңыз" деп жүрүп орозо туттурбай койдук.

Атам менен апам улгайып карылыкка моюн сунуп, тизелери бүгүлбөй, чөк түшө албай калганга чейин беш маал намазын үзбөй окуп жүрүштү.

Атамдын олуялыгы, анын каза болгон күнү менен дагы бир жолу далилденди. Дегеним, ошол каза боло турган күнү дааратын алып, шифоньердеги жаңы кийимдерин кийип, топчуланып бүтүп, айылдагы кичүү инимдин үйүндөгү ысык мештин жанына келип түздөнүп жатып, уйку абалында чын дүйнөгө узап кете бериптир. Мештин жанында жаткан атамдын жанына апам келип кыңтайып жатып "тур" деп атамды түрткүлөп ойгото албай коюп, каза болгонун сезип калып чочуп кеткенден тилден калат. Инсульт болуп калат, болгону кыйкырып ыйлап кирет. Аны эч ким баамдабай калат. Боз үйгө атамдын сөөгүн алып чыгып, келди-кетти болуп жаткан мезгилде ыйлап жаткан апама эжелерим келип:

– Апа, кыргыз наркы, каада-салтты улап өлгөн атамдын зыйнатына кошок айтпайсызбы, – деп кайрылышат.

Апам жооп бере албай абалын күңкүлдөп араң түшүндүрөт. Ошондо анан апамдын тилден калып, инсульт болуп калганын билишет. Тилден калган апам кийинчерээк өз оюн жазуу түрүндө билдирип жүрдү. Жазуу сабатын латын алфавитинде үйрөнгөндүктөн латын тамгасы менен жазып берчү. Атам каза болгондон беш- алты ай узабай апамдан да айрылып калдык.

Шаардан үйлүү болгондон баштап кеч күздөн жазга чейин апам менен атамды айылдан шаарга алып келип, өзүм каралашып, кышты биздин үйдө өткөрүп жүрүшчү. Атам менен апамдын тиштери түшүп калганын эске алып, этти, пиязды, сабиз-картөшкөнү, эт майдалагычтан өткөзүп, ашказанга сиңимдүү болсун деп узак кайнатып ботко сыяктуу тамак жасап берчүмүн. Негизи атам менен апамды үйдө алып жүргөндү жакшы көрчүмүн. Бирок жаз келип, жерге амал кирери менен атам эч кимге баш ийбей апамды ээрчитип Алайга кетип калчу. 100 таяп жашап калса да апамды башкарганы илгеркидей болчу. Апам болсо кыңк дебей атамын айтканын угуп аткарганга аракет кылганын, бири-биринин сыйлаганына сыймыктануу менен көңүл бурчумун.

Атам өмүрлүк жубайы Айтикан Ысхак кызы экөө бирге 70 жылга жакын турмуш сүрүшүптүр. Апамдын атасы дагы Алайдын Жошолу айылынын тургуну, Ысхак мерген жана палван киши болгон экен. Апамдын бир туугандары алты кыз, үч уул болгон экен. Бир туугандарынан бир сиңдиси тирүү, ал азыр Өзбекстандын Жалал-Кудук районунда жашайт. Турмушка ошол жакка чыккан. Калган бир туугандары каза болушуп, азыр жарыкчылыкта жок.

Атам өмүрүнүн аягына чейин ооруган эмес. Саяпкерлиги канында бар эле. Ат таптап, суутуп, аламанбайгеге, улак чапканга өмүрү өткүчө аралашып жүрдү. Саяпкерлигин эстегенде кара ат менен көк ат эске түшөт. Кара ат улакта анча-мынча артынан кууган улакчы аттарды жеткизчү эмес. Кара аттын атагы чыгып, көзүгүп элдин көзү тийип өлүп калганы тууралуу айтылып жүрдү. Ал окуя мындайча болгон экен. Жайлоодон күзгө маал көчүп келип, кеч күзгө чейин кымызды шимирип ичип алайлы деп желени суунун наркы өйүзүнө байлайт элек. Апам күндөгүдөй эле желеге бээ сааганы түшсө, айгырга коюлган баягы атагы чыккан кара ат апамды жалдырап тиктейт. Анысына көңүл бурбай бээни саап кирсе, арт жагынан келип тумшугу менен апамды колтуктан түрткүлөйт. Ошондо жаны ооруп жардамга муктаж болуп, апамды жакынсыратып, эстүү ат белги берген экен, анысын же апам аңдабайт. Бээлерди саап бүткөн соң челекти колуна илип,

үйдү көздөй жөнөйт. Артынан кара ат ээрчип алат. Бул эмнеси деп эч маани бербейт. Демейде минтип желедеги бээлерди жалгыз айгырсыз калтырбаган кара ат апамды ээрчип үйдүн жанына жеткенде тап этип жерге кулап жан берет. Атам кайгырып апама кайрылып:

– Кара ат сага жаңсап кабар берип, сенин жардамыңа муктаж болуп, колдоо сураган экен, эм-дому кылып койбопсуң, байбичем, – деп кийин кара аттын өлгөнүнө ичи атышып жүргөнүн укчубуз. Кара аттын тукумунан калган кулуну көк ат жакшы чыкты. Анын даңкы бүт Жошолу айылына тарады. Атамдын көк атты таптаганы элес-булас эсте калды. Түнү сугарасың, аста бастырасың, дагы бир жерге жеткенде ооздуругун тартасың сыяктуу буйрук берчү. Кээде ат жарыштырып чаап калганыбызда алдыга озбой чап дегенин кулакка илбей, аттардын алдына чыгарып чаап жүрдүк. Аны атам куп кумары кангыча аламан улакка чаап жүрдү. Саяпкерлигин азыр бир небереси тартып, айылда ат таптап жүрөт.

Кечээги эле күндөрү, атамдын жашы сексен бештерге таяп калган кезинде айылга барсам, аламан улак болуп, дарыя боюндагы сай ичинде жүздөгөн улакчылардын арасынан атамдын бети-башы көгөрүп, жаштарга аралашып алган. Галага аты менен атырылып кирип жүргөнүнө күбө болуп жүрдүк. Улакчылар колдоо иретинде улакты атама ашырышканда, кызуусу канып, улакты чогуу чаап эрмек кылат эле.

Мен он бешке толгон жылы Кызыл-Кыя шаарында жашаган бир тууган эжем Акчайымдын колуна барып СПТУда окуп, үйдөн боз бала кезимен чыгып кетип жатканда атамдын жашы жетимиштерден ашып калган эле. Окууну бүттүм, аскерде жүрдүм, жогорку окууну аяктадым. Мен бой жетип, үйлөнгөн кезде атамдын жашы сексен жаштан ашып калган болчу. Он бир тууган болсок дагы мени үйдөн жаш кезинен чыгып кетти, алыс-жуукта жүрөт кыйналбасын дегенсип, аярлап, аталык мээримин төгүп мамиле кылып, мени өмүрү өткүчө кастарлап жүрдү.

Атамдын чоң бет аарчысы болор эле. Анын ичине бырышып, кирдеген акчаларды он жолу ороп, төөнөгүч менен бекитип ка-

тып алар эле. Мен шаардан келген учурларда өтө мээримдүү көз караш такай тиктеп турганын кай тараптан карап турсам да сезчүмүн. Ал сүйүктүү атакем Абдулланын мээрбан сезимтал көзү болор эле. Көзү тоё тиктеп алып, мен кылчайып атамды карап көздөрүбүз беттешкен учурда "эшикке чык" деп ишаарат берер эле. Анткени, каткан акчасын мага бергенин бир туугандарым көрүп калып, алар капа болуп калышпасын дегендей астейдил этияттанат эле. Атамдын артынан эшикке чыкканда, обочолонуп эч ким жок жерде жанагы бет аарчысын менин колума карматып, "бара гой балам" деп бешенемен жыттап койчу. Бет аарчыны жазып, бырышкан иретсиз акчаларды топтоп, аны жакынкы дүкөндөн жаңы үлгүдөгү акчага алмаштырып, бир тууган иним Адилди чакырып:

– Атама өзүңдүн атыңдан берип кой, чөнтөгүндө салып жүрсүн, дарман болот, – дечүмүн. Бир тууган иним мыйыгынан жылмайып: «Ааа, бул акчаларды эмнеге, кимге топтоп жүрөт десе сага бекитип жүргөн экен да. Жамал кээде атам жаткан жууркандыны жыйыштырып жатып бүктөлгөн бет аарчы толо акча таап алдым. Атам тың экен, топтогон акчасы бар экен дечү. Кызыгып сурачу эмесмин. Көрсө сага топтоп жүргөн турбайбы" деп күлүп жүрдү. Ал эми атам экөөбүз сырттан кайра үйдүн ичине топтолгон бир туугандардын ичине кирип, мандаш токунуп олтуруп чай ичип калган убакытта, кокустан атама көзүм такалып калса, ага-ини, эже-карындаштарыңа «унчукпа», «өз керегиңе жаратып ал», «менден сага жардам болду» деген сыяктуу маашырланып, компоюп отуруп калганын көрүп таң калчумун.

Атам 100 жылдан ашып жашаган болсо, ошол өмүрүнүн бир күнү өзгөчө күн болчу. Ал күн Улуу Ата-Мекендик согуштун 1945-жылдагы 9-май Улуу Жеңиш күнүн майрамдоо болор эле. Жылда кайталанчу нерсеси 9-май күнү таң эрте туруп, дааратын алып, чоң үйдөгү шифоньерде илинип турчу аскер кийимин шашпай кийчү. Андан соң өтүгүн кийип, шифоньер бою менен күзгүгө узаак тиктеп көзүнө жаш алчу. Ушул адаты жылда кайталанчу. Күзгүдөн мурунку кер мурут, чапчаак, бүркүт көз, кырдач мурун, шамдагай жаш солдат тиктеп карагандай болот эле. Жашы жүздү

ашкан, сакалы көкүрөккө жеткен, сакал-мурутун ак баскан, көзү мурункудай эмес ойлуу, эки бети кызыл, дене турпаты гана жашына байланыштуу кичирейип, бирок, бели бекчейбестен түз болуп, күзгүдөн эки караан бири-бири менен сүйлөшөр эле.

Жашыраак кезинде андан кийин сыртка чыгып, атты токуп, район борбору Гүлчө айылына келип, согушка катышкан аскер жолдошторуна жолугуп кайтчу. Жашы өйдөлөгөндө автобус менен район борборуна каттап жүрдү.

Дагы бир кайталанчу нерсе, Москва шаарынын Кызыл Аянтындагы аскер парадын телевизордон башынан аягына чейин үзбөй көрчү. Өзү ошол Москвадагы аскер парадга барууну самаганын билчүмүн, сезчүмүн. Ошол парадга алып барып көргөзүп, черин жазып кубантсам экен деген тилегим ак эткенде так этип, жүрөгүмдөгү каалоо-тилектеримин негизгиси, эң орчундуусу эле.

Өзүм бой жетип, аскерге барып эки жыл кызмат өтөдүм. Беш жыл Томск шаарында студенттик жашоону өткөздүм. Диплом колго тийип, эми жумушка турабыз деген мезгилде, союз ыдырап кетти. Диплом үч-төрт жыл чемодандын түбүндө чаң басып жатты. Ал кезде эл тарткан кыйынчылыкты биз дагы баштан кечирдик, Бишкек шаарында төрт жерде квартирант болуп жашап, жашаган жеримди которуп жашасам, Ош шаарында жети жолу жер котордум. Көр тиричиликтин жашоо-күрөш айлампасында жүрдүк. Ошол кезде атамды Москвадага парадка алып барам деген оюмду жетишпестик турмуш жеңип, тилегимди орундата албай калдым.

Жылдар өтүп, мамлекетибиз өзүнчө болуп түтүн булатып, мамлекеттик ишканалар акырындап өз калыбына келип, анын шарапаты менен мен дагы элдин жүгүн моюнума алып, элдин кызматын кылдым. Биз жаш кезде атам аскер кийимин кийип, күзгүдөн кийимин түздөп оңдонгонун көрүп аваз кылып, ушундай форма кийип, кызмат өтөсөм деген аруу балалык максаттар ишке ашып, укук коргоо тармагында иштеп, полковник чинине жеттим. Чыкыйган форманы кийип жумушту аткарып жатамын, бала-чакалуу болдум, үй-жайга жетишип, короодо кой байлап, колумда жилик кокоюп, желеге бээ байлап саамал, кымыз ичкен-

ге жетишип, эми атамды Москвага аскер парадына алып барып келейин деп сунуш киргизгенде ыраматылык атам:

– Балам, мен ыраазымын. Эми кой эми, карыганда темселетпей, – деп жашы жүздү чапчып, жүрүм-туруму сергек болгону менен баары бир карылыкка моюн сунуп, мурунку асыл кыялынан баш тартты. Дарыгер аялым, бир тууган ага-инилерим, эже-карындаштарым менен макулдашсам, атамдын улгайып калганына байланыштуу учакка  чыкканга уруксат беришпеди.

Ошентип, атам жашыраагында, алы-күчү барында Москва шаарындагы парадды өз көзүм менен көрсөм деген көөдөндөгү тилеги күч алып турган кезде менде материалдык жактан мүмкүнчүлүк болбоду. Ал эми мен бутка туруп, элдин кызматын өтөп, дос, тааныш таап, кадыр-баркка жетишип, жеңиш парадына алып барганга материалдык мүмкүнчүлүккө жетишип, убакыт тапкан мезгилде атамдын жашы улгайып, шарты болбой калды.

Өз жумушумда көп адамдардын каалоо-тилектерин, жүйөөлүү маселелерин чечип, анча-мынча жарды адамдарга, ооруп-сыркап калгандарга колумдан келишинче өзүмдүн жардамымды бере алдым. Бирок, өз атамдын көңүлүндөгү асыл кыялын ишке ашырууга жардамым тийбей калды.

Атам жүздөн ашып оо дүйнөгө кетти. Тажыясына Алайдын бардык урууларынын аксакал-көксакалдары, айылдардын өкүлдөрү, атамды көрүп-билип калгандар, куда-сөөк, тели-теңтуштар келип, чыныгы дүйнөгө узаттык. Атам өтүп кеткен күндөрү артымдагы аска зоо кулагандай сезилип, көкүрөгүмдө соккон жүрөгүмдөгү отту алып койгондой болуп, ичимде боштук өкүм сүрүп, көңүлүм чөгүп өтө жаман болдум.

Тажыяга келип, кийин чайга чакырышып чай ичирди кылган жоро-жолдошторум, кесиптештерим:

– Эми, атаңыз жүз жашты ашып жашады. Коюңузчу, жашыбаңыз, башыңызды шылкыйтпаңыз, өпкөлөп өксүбөңүз дешип,- сооротуп жатышты. Анткен менен атам жүз ашып жашаса да бар болсо, айылда аксакалдар менен аралашып бирге жүрсө, шаардан айылга келсең үйдө жүргөн болсо деген ой төбөмдөн кирип, бутумун учуна чейин өтүп, жүрөгүмдү тызылдатып оорутуп ийчү ошол атам узаган күндөрү.

Атамдын көзү тирүүсүндө ишемби күндөрү унаама олтуруп, сумкага набат-кантымды, чай-чамекти толтуруп эч ишим болбосо да Алайдагы Орто-Суу айылын көздөй жөнөр элем. Атамдын жанына барып чогуу чай ичип, ал-акыбалын сурап, кайра шаарды көздөй кайтканда көкүрөктөгү сагынычым таркап, күчтөнүп калчумун.

Атам өлдү. Андан кийин деле ошентип Алайга каттап жүрдүм. Бир тууган иним, агаларым, карындаштарыма жолугуп, бөксөргөн жерлерди толтуруп, кеңири маектешебиз. Бир туугандан өткөн байлык барбы. Бирок, атанын орду башка, бир туугандын орду бөлөк болот экен. Атамдын үйдө жоктугу оркоюп эле билинип калчу болду. Атам жатчу бөлмөгө кирип, кармаган буюмдарын кармап, куран түшүрүп эскерип койом, «Эй бала келдиңби», деп чакыргандай каңшаар жаңырык кулагыма угулгандай сезилип, атамды издеп төркү үйдө олтуруп каламын.

Атамды эстегенде анын кыял-жоругу, жүрүм-туруму эске түшөт. Бойго жетип акыл токтоткон кезден бери бир адам, колу-коңшу, кесиптештери, достору менен араздашып урушканын көрбөдүм. Оозунан бир жолу да бирөөгө акаарат айтып "энеңди же атаңды" деп сөккөнүн укпадым. Ошондой эле балдары, алты уул, төрт кызга берген тарбиясында да катуу кагып-силкип урушканы эсимде жок. Уулдарын урушканда:

"Адам бол, акылың менен, парасатың менен бол. Ойду-тоону сүйлөп, калпты кошпо. Бир нерсеге күбөлүк кылсаң, көрүп -билип туруп, сарасеп салып туруп сүйлө" дээр эле. Кыздарына эң ачуусу келгенде колдонгон сөздөрү: "Эй, жинди кулактар! Эй каракчы! Ой, бас мына жакка!" деп коёр эле.

Бара-бара айылга мурункудай ар ишемби каттаганым токтоп, Алайда зарыл иш чыгып, жакшылык тойлорго, баталарга гана каттап калганым моюнга алуучу ачуу чындык.

Көңүлдө болсо кээде атамдын өзү көксөгөн "Москва шаарына, Кызыл Аянтка, Улуу Жеңиш парадына алып бара албай калдым" деген ой көкүрөктү өйүп коёт.

Ушул жүрөктү эзген ой жок болбой кала берет экен, бакыт чөйчөкчөсү толук болбойт дегени ушул тура.

## 2-бөлүм

## ТАГДЫРБЫ ЖЕ ТУРМУШПУ?

Биздин үй-бүлөнүн оокаты элдердикиндей айыл турмушу эле. Атамын желесинде бээ, кулун, айгыр ат, саан уйлар, короо толо кой-эчки болор эле. Үйдүн алдында бир гектар сугат жерге жүгөрү, картөшкө эгип, тоо этегиндеги кайрак жерге буудай экчүбүз. Быйылкы түшүмдөн кийинки түшүмгө чейин азык-оокаттан кыйынчылык тартчу эмеспиз.

Мал чарбасы, дыйканчылыктан сырткары атамдын касапчылык өнөрү бар эле. Өгүз, бука, соолук койлорду семиртип багып, союп, этин район борборуна алып барып сатып, кошумча киреше таап тиричилик кылчубуз.

Май айы этектеп өгөй апамды алып, мал-жанды айдап Ийри-Суу жайлоосуна чыгышчу. Сентябрдын башында Сөгөткө карай ылдыйлап отурукташчу. Айыл тушундагы жылгадагы кичи жайлоодо кеч күз, жайлоо биринчи кар жааганга чейин уланар эле.

Чөп чабык, чөмөлө жасоо, ат чийнеге жүктөө, короого алып келгенден кийин тамдын башына жыюуну атам жалгыз колу менен жасачу. “Бир колун немистер менен болгон Улуу Ата-Мекендик согушта калтырып келгенмин” деп айтканы бар. Оң колуна ок тийип катуу жарадар болуп, анысы ириңдеп кетет. Жыгач керебетке жаткызып, колун-бутун жоокер жолдоштору кармап турушат. Дарыгер укол сайып, колтугунан ылдыйыраак булчуң тарабынын этин кесет. Сөөккө жетип гангрена болуп кетпесин деп медициналык араа менен аралап киргенде жаны ачышканынан “төрт жолдошумду төрт тарапка ыргыта тептим” деп айтып калчу. Андан соң колу-бутун жыгачка байлап, оң колун түбүнөн кесип салышкан экен. Айылда атамды атынан айтышпайт эле, каймана түрдө «чолок» деп аташчу.

Согуштун ардагери болгон үчүн өкмөттөн пенсия алчу. Кышкысын бекер көмүр, жайкысын курортко бекер жолдомо жылда алып, анысын туугандары колдонгон учурлары да көп болду. Атамдын эрке уулу болуп чоңойгонмун. Ош педагогикалык

институнун чет тилдер факультетинде окуймун. Стипендиядан сырткары атам Өзбекстандын Анжиян шаарына картөшкө сатып келе жатып акча берип кетет. Анда-санда атамды ээрчип картөшкө сатканы барып, атамдын тыңдыгына таң калчумун. Картөшкөнү Анижяндын чоң базарына түшүрүп, өзбек таанышынын үйүнө келдик. Күнүңкү сооданы курга ороп, белине ороп таңып алат, сыртынан чапанын жамынып базардан кайтар элек. Конок үйгө келип чай ичип, өзбек таанышы менен сүйлөшүп бүтүп, жатар үйгө киргенде чоң жыгачты эшикке таяп жатчубуз. Белиндеги курдагы акчаны, жаздык алдына коюп уктачу. Түнкүсүн капыстан сырттан бирөө бөлмөгө уруксатсыз кирчү болсо, эшик бек болор эле.

Ошентип, эч нерседен кемчилиги жок жетиштүү турмушта жашап, эстен кеткис студенттик жашоону баштан өткөзүп жүрдүм. Бир күнү окуу аудиториясынан чыгып жатып бет алды тарабым жарк-журк этип, дүркүрөп чагылган түшкөндөй жапжарык боло түштү. Бет алдымдан ак куудай созулган, басканы маралдай, чачынын коюулугу көктөмдөгү шибер чөптөй, күлкүсү сүйкүмдүү, үнү булбул үнүндөй жагымдуу, аңкыган жыты роза гүлүндөй болгон бир кыз чыга калып, менин эс-учумду оодарды. Түнкүсүн уйкумду качырып, күндүзү сабакка көңүл чаппай сүйүү оорусуна чалдыгып, жүрөгүм жарадар болуп калды. Айдай сулуу атына заты жарашып Айсулуу эле.

Сабактан жооп сурап сыртка чыгып, Айсулуу олтурган аудиторияны издеп таап, эшик жылчыгынан жамалын тиктеп тойбойм. Оң колун ээгине чыканактап, узун кара чачын мүрүсүнө оодарып кыңтайган абалда лектордун сөзүн берилүү менен көзүн албастан угуп олтурганын тиктеп, ошол лектор мен болсом деп ойлогон  эңсөөлөрүм жүрөктү эзип жүрдү.

Эч таанышууга жол таппай, акыры бар баракелде деп тартыныч сезимимди жеңип, актай кагазга таанышуу катты жазып баштадым: "Салам кат, сагынганда жаздым бат. Эрте менен күндөй жарык, түштөн кийин Айдай сулуу Айсулуу, арыбаңыз!  Тынч жашоомду  бүлүк басып, үстүртөн мерген сымал сизге дүрбү салып, канттай таттуу чырайыңызга чыланып, Акыл Карачачтай

акылыңызга ашык болуп, бейкапар тынч уйкум бузулду. Аскерге узаткан уулун күткөн энедей жол карап, кайырмагын дарыяга салып көзүн суудан албаган балыкчыдай үмүтүм үзүлбөй, түнкүсүн уйкуга кирсем түшүмө кирип түшүмдөсүз, күндүзү көзүмдүн жоосун алып суктандырасыз. Сизди көрбөй калган күнү өзүм-өзүмө батпай, моюнунан байлаган иттей муңайып азап чегип, Ай караган текедей көгөрүп катып, үнүңүздү укпай калган күнү эки кулагым керең кулак болуп, сарсанаадан чыга албай саргайып кеттим. Бир сөз менен айтканда, эмне менен оорусаң, ошо менен дарылан демекчи, менин бул сыркоомдун себеби өзүңүз экендигин түшүндүңүз окшойт. Жолугушууга ишемби күнү эрте мененки саат 10:30га китепканага келиңиз. Келбесеңиз чет тилдер факультетинин бир студенти жүрөк оорусу күчөп ооруканага түшүптүр дей бериңиз. Жолугушууга келип жүрөкзаада болгон рыцарга сулуу жамалыңызды көргөзүп, жылуу маанайыңыз менен кулпуруп карап койсоңуз, айыгып кетериме жүз пайыз кепилдик болмок. Сизди кадырлап, жүрөк оорусунун ээси, ОГПИнин чет тилдер факультетинин 2-курсунун студенти Сапаралиев Алтынбек. Каттын жообун күтөм".

Сары катты Айсулууга ортодогу ортомчулар аркылуу берип жибердим. Каттын жообу келгиче жүдөп кеттим.

"Жок" деп койсо эмне кылам  деп корkконум эле ошол. Деген менен, "ооба» десе анда кандай мамиле кылуумду, кийинки кадамдарым кандай болот деп сарсанаага батып олтуруп, азып кеттим. Айылдан кабар алганы келген атам:

– Эй, Алтынбек, эмне болду сага? Бир жериң ооруп жатабы? – деди кабатырлана.

– Жок, эч жерим ооруган жок, баары жайында. Окууда бир аз кыйынчылыктар болот экен, – деп жалган жооп берүүгө туура келди. Атама "бирөөнү сүйүп калдым" деп кантип айтам. Айткан күндө деле атам Айсулуу экөөбүздү сүйлөштүрүп, баш коштуруп коймок беле деп чүнчүп кеттим. Же болбосо мектепте жүргөндө кыздар менен  сүйлөшүп бир аз да  болсо көнүп койсомчу?

Окуу деп жүрүп жигит-кыз ортосундагы мамилелерге жок элем, эми таанышуу башка түшкөндө олдоксон, ыңгайсыз абалда

жүрдүм. Акыры менин Айдай сулуу Айсулуумдан күттүргөн сары каттын жообу келди.

«Саламатсызбы, Алтынбек аке! Салам-дубайыңызды, көңүл кубанткан, жүрөк эргиткен жалындуу катыңызды алдым. Ынтызарлык менен шашпастан окуп чыктым. Аракетчил, мыкты студент, шахмат боюнча факультеттер арасындагы мелдештин чемпиону атыккан, келечектеги коммунизм куруучуларынын баш сабында турган, илим-билим десе ичкен ашын токтотуп, түнкү уйкусун кечкен мырзалардын мырзасынын жолугушуу сунушуна жок десем адамгерчиликсиз болуп калбасын үчүн макулдугумду бердим. Сизди терең урматтоо менен, ОГПИнин орус тили жана адабияты факультетинин 1-курсунун студенти Арапбаева Айсулуу".

Каттын жообун алгандан кийин жаздыктын алдына башымды тыгып, катты жазышы жаздың, жолугушууну белгиледиң, эми кантесиң? – деген суроону өзүмө коюп, туңгуюк абалга кептелдим. Менин ишенимсиздик менен өзүмө-өзүм ишенбөөчүлүгүм жана тартынуу сезимдерим башымды катырды. Он жолу толгонуп олтуруп, Айсулуу менен китепканада жолугуштук. Китепкана ичинде биз менен чогуу дагы үч-төрт китеп сүйүүчүлөрү көркөм адабияттарды барактап окуп олтурушту. Экөөбүз жанаша олтурган биринчи беш мүнөттө тилим байланып, сүйлөйүн десем сүйлөй албай тердеп кеттим. Демейде, балдар менен олтурганда булбул болуп сайрап, маектешимден сөз талашып быдылдап калчу тилим дудук болуп калды. Кыз бала болсо дагы Айсулуу мага караганда тетигирээк экен, сөз башын, сөз түйүнүн өзү чечип баштады.

– Алтынбек аке, мунун баарына кантип үлгүрүп жатасыз? Бир эле мезгилде чет тилин үйрөнүп, шахмат талаасында мелдештерге катышып жатасыз, – дебеспи. Мени Айсулуунун сөзү жандандырып койгонуна оозумдун кулпусу ачылып, тибиртке чыккыр тилиме жан кирип сүйлөп кеттим.

– Чет тилдерге кызыгуум англис классик жазуучусу Джек Лондондун жана детектив жанрынын булак башында турган, белгилүү «Шерлок Холмс» жөнүндөгү баяндардын атасы Артур

Конан Дойлдун чыгармаларына таасирленип, ушул чыгармаларды өз эне тилинде окуп түшүнсөм, Лондонго барсам деген максаттар уктатпай, күн-түн дебей тил жаттоого кызыгуумдун жемиши ушул факультетке алып келди. Ал эми шахмат оюну боюнча айтсам, орус шахматисти, шахмат боюнча дүйнө чемпиону Алехиндин шахмат талаасындагы виртуоздугуна суктанып, мектепте шахмат боюнча ийримге катышып жүрүп, шахмат боюнча чеберликке кандидаттыкка жетиштим. Өзүңүз орус тили жана адабияты боюнча кесибин кантип тандап калдыңыз?

– Мектеп мугалими кесиби, өзгөчө орус тили жана адабияты кичинемден мага жагымдуу таасир калтырган. Надежда Ивановна деген эжекебиз орус классик акын-жазуучуларынын чыгармалары тууралуу ушунчалык берилүү менен маалымат бергендиктен, ага катуу таасирленип калып, ушул кесипти тандоомо таасир эткен. Ошентип ушул өңдүү чыныгы билимдүү жаштардын, илим-таалимге болгон кызыгуу темаларын талкуулап китепкананы биз жаап кеттик. Оюмда китепкана жабылбаса экен, убакыт токтоп турса экен, жанымдан Айсулуу эч жакка кетпесе экен деген ойлорго чүмкөлдүм. Айсулуу менен чогуу олтурганым куса болгон жүрөгүмө чексиз бакыт ырахатын, бакыт нурун чачыратып тургандыктан мээм балкып, өмүрүмдө сезбеген тунук, табигый аруу жана таттуу сезимдер дүйнөсүндө чана тээп жүрдүм. Ушундай эле көз караштуу, ушундай эле бакыт-шаңын, Айсулуунун аурасы, көзү, жан дүйнөсү теребелге Күн нурундай жарыктыкты, жаңы жааган аппак кардай тазалыкты айланага жайылтып таратып турду. Ошол китепканадагы таанышуудан кийин Айсулуу экөөбүз эрчишкен эгиз козулардай кыз-жигит болуп жүрдүк. Лекциялар бүтөрү менен бири-бирибизге жолугушууга шашчубуз. Ошентип кыз-жигит болуп сүйлөшүп жүргөн кезде айылда атам катуу ооруп мени үйгө чакырышты.

Атам өзүмдүкү, апам өгөй. Апам каза болгондо азыркы өгөй апам Анипаны алган экен. Атам ооруганын уккан соң кыжаалат болуп айылды көздөй жөнөдүм. Апам өгөй болсо, атам өлүп калса тоголок жетим болуп калсам, көргөн күнүм кандай болот деген жаман ой кетип, айылдагы үйгө жетип келдим. Атам төркү үйдө

керебетте күрсө-күрс жөтөлүп, өңү начар, анын жанында күйпөлөктөшкөн өгөй апам, бир тууган эжелерим Жамийла менен Тажиниса туруптур. Эми учурашып жаткан мезгилде тез жардам машинасы келип, атамды замбарга жүктөп, каретага салышып, ооруканага алып жөнөштү. Ооруканага каттап жүргөн күндөрдүн бир күнү менин жашоомдо чоң өзгөрүү жана чукул бурулуу окуясы болуп кетти. Ал күнү ооруканага келсем өгөй апам, эжелерим ыйлап алган, оорукана сыртында турушат. Бир жаман нерсени сезгендей чуркаган бойдон атамдын жанына кирсем, анын дем алуусу оор, адам таанышы кыйындап калыптыр. Башымды анын көкүрөгүнө жөлөп өңгүрөп ыйлап кирдим, ушунча жашка келип атамды аттай жүрө берет, өлбөйт, эч нерсе болбойт деп ойлочумун. Атамдын оор акыбалын көрүп ар түрдүү жаман ойлорго жетелендим. Жаман ойду атам да ойлонуп, башын көтөрүп мага кайрылды.

– Уулум, менин ичер суум түгөнүп баратат. Өлүп калат окшоймун. Менин бир тилегим, сени үйлөп, балдарыңды көрүп өлсөм, арманда калбайт элем.

– Ата, сиз өлбөйсүз, жашайсыз. Мени үйлөн десеңиз, азыр десеңиз үйлөнүүгө даярмын, ата, – дедим. Атамдын оорулуу жүзү жайылып, кичине болсо да жашоого үмүт шооласы пайда болуп, сүйүнгөн түрдө башын, жаздыктын баш жагына таяп:

– Уулум, эжелериңди чакыр бул жакка, – дебеспи. Атамдын жүзүндө жылыш болгонго сүйүнүп, сырттагы эжелеримди чакырып кирдим.

– Садагаң кетейиндерим, айланып кетейиндерим! Силер үчүн жашадым, силерден топурак буюрсун. Мен ооруп калдым. Алтынбек болсо үйлөнүүгө макулдугун берди, силер кыз издегиле же ойлонгон жерлериңер болсо айткыла, – деп бүткүчө Тажиниса эжем менен Жамийла эжем алдыга созуп чыгышты.

– Ата, биз, Меринса аттуу кыз таап койдук, эжемдин кайын сиңдилеринен, атасы молдо киши экен. Кызды көрдүк, өңдүүтүстүү, ата-энеси сынаакы кишилер, өнгөн-өскөн үй-бүлөдөн, – дешип эки эжем биринен-бири өтүп, Меринсага эч чаң жугузбай мактап-жактап киришти.

– Ата, сиз моминтип оор акыбалда жатсаңыз, менин мынчалык шашылыш үйлөнүүмө зарылдык барбы?

– Уулум, менин мураскерим, ак жолтой жолборсум, карыганда Кудайдан тилеп алган балапаным. Кокустан көзүм өтүп кетсе, чачырап кетпегиле, коркконум ошол. Небере көрбөсөм да үйлөнүп бир башың эки болгонун көрсөм, көрдө тынч жатар белем деген санаага батып жатам. Уулум, карыган атаңдын максаты ушул. Эмне, үйлөнгүң келбей жатабы? Ай, жүваримбек! Эрке тарбия берип койдум окшойт сага.

– Ата, сиздин сөзүңүздү эки кылбаймын, насаатыңыз бизге осуят. Бирок, менин сүйлөшүп жүргөн кызым бар эле. Шаарда окуйт, эки-үч айдан ашып калды таанышканыбызга. Ошону алсам болобу?

– Айланайын күчүгүм, болбой анан, болот да. Кайсы жердин кызы болду экен? Садагасы китептен башың көтөрүлчү эмес эле. Кыздар менен сүйлөшкөнүң дурус, эр азамат болуп чоңойгонуң ушул.

– Иним, сенин сүйлөшкөн кызың болсо жакшы. Анда маселе биз ойлогондон алда оңой эле чечилип, атамдын кыжаалатчылыгы басылгыдай. Өлүмдөн башканын баарынын эртеси жакшы, бүгүн шаарга барып, сүйлөшкөн кызыңды алып кел, кечеңдетпе, садагасы, – дешти эжелерим жарыша .

– Алтынбек, алдыңда кетейин! Тай, эми эсиң менен бол, иним. Сүйүктүүмдү алып келем шылтоосу менен из жашырып, бойдокчулук доорун улантып, сенин дайының жок болуп, бул жакта атам санаага батып үзүлүп калбасын. Сүйлөшкөн кызың макул болсо, кыз алып качуу каадасы боюнча таксиге олтургузуп алып кел. Жеңелери кубалап келишет, сыйлап узатабыз. Атам айыгып кетсе күркүрөгөн күздө, бышыкчылыкта той беребиз. Эгерде сүйлөшкөнүң мындай шартка көнбөсө, анда шаарда узакка кармалба. Мен кайынсиңдим Мэринсаны макул кылып көндүрүп койдум. Ал байкуш менин жүзүм үчүн сага турмушка чыгууга макул болуп жатат. Ушул шартка көн, макул бол, эркелигиңди токтот.

– Абжелерим, сиздер айткандай болсун. Өтүнүчүмө кулак салганыңарга ыракмат. Силер айткандай болсун, бул жагы эми бешене! Тагдырыма Айсулууну жаздыбы же Мэринсаны жаздыбы, көрө жатарбыз.

Ошентип, Алтынбек сүйгөн кызы Айсулуу менен сүйлөшүүгө бара жатты. Негедир, мунусунда кыжаалатчылыкка моюн бербей, нике маселесин тагдыр атыккан айтылуу жашоо башкаргычынын агымына жөн койду. Бирок, аракеттенип, менден кетпесин, мен аракет кылбай коюп ушинтип калдым деген ичте катылган арман болуп кетпөөсүнө жан дүйнөсү менен умтулду. Эми болсо Айсулуунун чечимин мыйзам ченемдүү кабыл алууга, оң же терс жооп болгонуна карабастан, сүйүнбөй да, кайгырбай да эң башкысы, атасынын эң акыркы өтүнүч сөзүн, керээз-мурастын аткарайын деген уулдук озуйпа көңүл борборунда турду. Ата сөзүн жерге таштап койбой, тез арада үйлөнүү боюнча сунушка берген макулдугун аткармак.

Деканатка атасы катуу ооруп жаткандыгы боюнча бир жумага арыз жазып, сабактан уруксат алып, Айсулууну күтүп калды. Айсулуу эч нерседен кабардар болбогондуктан демейдегидей эле жылуу-жумшак Алтынбек менен учурашты. Бирок Алтынбектин жүзүндөгү өзгөрүүнү байкап, дароо сурады:

– Алтынбек, акыбалың дурус көрүнбөйт, бир жериң ооруп турабы?

– Жок ай, ден-соолугум аттай. Атамдын акыбалы оор. Райондук ооруканага түшкөнүнө эки күн болуп, ана кетет, мына кетет болуп атамдын ден-соолугу менен алек болуп, ошону менен кыжаалатчылык.

– Иий, ка-ап, эмнеси ооруп калды?

– Жүрөктөн инфаркт алды. Мындайда адам болуп кеткендер саналуу эле болот деп терс жооп айтышты дарылаган дарыгерлер.

– Айыгып кетүүсүнөн үмүт үзбөйлү. Кудайдын ичи кең болот дейт.

– Айсулуу, колдооңо ыракмат. Бир маселе бар, ал экөөбүз тууралуу. Атам ооруп калганына байланыштуу мени көзү ти-

рүүсүндө үйлөп, тындырып коёюн деп маселени кабыргасынан койду. Менин атам дагы оңой-олтоң киши эмес, мен болсо атамдын кенже баласымын. Калган бир туугандар үйлөнүп-жайланып очор-бачар болуп тынышкан. Экөөбүз кыз-жигит болуп сүйлөшүп жүрөбүз, үйлөнүү боюнча бул мезгилге чейин сүйлөшкөн эмеспиз. Ошентсе дагы, мен сенин пикириңди билейин дедим эле, сен мага турмушка чыгууга макулсуңбу?

– Оой, мен болгону биринчи курсту бүтүрүп, сен экинчи курсту бүтүрүп жатасың. Шашпай эле эл катары, дипломдорду колго алып дегендей, – деп Айсулуу чын ыкласынан туура эле ичиндеги оюн айтып жатты.

– Айсулуу, мени туура түшүн, баары биз экөөбүз ойлогондой эмес экен, кырдаал, атамдын капыстан ооруп калуусу бардык нерсеге чекит коюп жатат. Атамдын сөзүн таштап коё албаймын. Болгондо дагы, шашылыш, алып качуу жолу менен, себеби, атам катуу ооруп турат. Тойду күздө беребиз дешти, эгер макул болсоң, дароо айылга жүр мени менен!

– Мен болбоду дегенде апам менен макулдашуум керек. Анан дагы, моминтип эле алып качуу деген бул эски салт эмеспи?!

– Эх, чырагым, менин оюма койсо сени учак менен алып кетет болчумун, азыр кырдаал ушундай.

– Койчу эми, жарга кыстагандай болуп.

– Атамдын катуу ооруп калгандыгы үчүн менин үйлөнүүм биздин үй-бүлөдөгү эң орчундуу маселеге айланды. Чоң эжем кайын сиңдисине айтып, аны көндүрүп коюшуптур. Дагы айтамын, мен атамдын эң кенже уулумун. Бир сөз менен айтканда, ушул кезге чейин атамдын сөзүнөн чыга элекмин, ата уулумун. Эжелерим атамдын акыркы керээзин көзү тирүүсүндө аткарайлы деп жан үрөп, жүгүрүп жүрүшөт.

– Оме-ей, сенин тагдырыңды атаң, эжелериң эле чечип коёбу?

– Тагдыр өлүп кетсин, атанын сөзүн калтырбоо керек!

– Мага эми жетти, баарын түшүндүм, убакыт тар экен. Сага канча убакыт беришти?

– Мен бир күнгө сурандым. Сени эртеңки түшкү саат 12:00гө чейин автобекетте күтөм. Келериңе ишенемин, – деп Алтынбек Айсулуунун маңдайынан жыттап коштошушту.

Түнү бою Алтынбек көз ирмебей чыкты, ойлогону эле Айсулуу. Келеби, же келбейби? Ата-энеси макулдугун береби же бербейби? – деп ойлонуп таңды атырды.

Алтынбектен күтүүсүздөн түшкөн үйлөнүү сунушуна Айсулуу такыр даяр эмес болчу. Эне кучагынан, ата конушунан кечээ эле астанадан чыккан кыз, жыпар жыттанган секелек кыз мындай бурулуштуу, бат өзгөргөн окуяларга даяр эмес болчу. Ошондуктан “ата-энесине кантип угузамын, кантип кеңешемин” деп башын катырып жатты.

Акыры ойлонуп олтуруп апасы менен кеңешүүнү эп көрдү. Үйүнө кирсе атасы апасынын жанынан чыкпай, түркүн гезиттердин топтомун үстөлгө коюп, апасынын ой-боюна койбой сүйлөп, эч токтотпой жатты. Бул турмуш жөнүндөгү эне менен кызынын эң биринчи сырдашуу маеги болчу, ошол себептен апасынан да тартынып, маанилүү нерсени батынып айталбай турганын байкаган апасы кухняга киргенде сөздү өзү баштады.

– Карааным, карегим менин, бир купуя сырың бардай? Айт, айта кой тартынбастан.

– Апа, институтта чет тилдер факультетинин 2-курсунда окуган Алтынбек аттуу тарбиялуу, билимдүү жигит бар. Таанышканыбызга эки-үч айдын жүзү болуп калды. Кыз-жигит болуп сүйлөшүп эле жүргөнбүз. Анан капыстан эле бүгүн үйлөнүү сунушун киргизип жатпайбы. Мен эч кандай жооп бере албадым, – деп айтып алып өзүн оңтойсуз сезип кызарып-татарып сүрдөп кетти.

– Ий, кызым! Бой жетип чоңоюп калган турбайсыңбы. Кечээ эле жаш бала болсоң, бүгүн моминтип суйкайган сулуу кыз, кызарган алмадай болуп бышып жетилип, көзгө көрүнүп, жигиттерден үйлөнүү сунушу түшө баштаган турбайбы. Садагасы, масилет салганың дурус. Эми, ал жигит чындап сүйсө, анчалык шашпастыр. Макул, мен каршы эмесмин кызым, бирок, шашпагыла. Турмуш деген татаал нерсе, азыр биздин доорубузда чардап-жыргап жүрөсүңөр. Үйлөнгөн соң, өзүңөрчө түтүн булатып кетүү жоопкерчилиги болот. Мен атаңа айтып, бир аз болсо да жоошутуп кулагын көндүрө берейин. Ал эми силер дагы сүйлөшүп көргүлө, үйлөнүүгө үлгүрөсүңөр.

– Апа, мен дагы сиз айткан жоопту айттым. Атасы керээз кылып, көзү тирүүсүндө үйлөп-жайлап коюуну чечиптир. Болгондо да кызды алып качуу эски салт менен.

– Кызым, сенин жүрөгүңдө жооп кандай?

– Алтынбектин шартын туура түшүнүп, ала качуусуна деле макулмун.

– Мындайга атаң, албетте, көнбөйт дечи. Демек, Алтынбек сага көңүлү бар үчүн сага үйлөнүү сунушун кылыптыр, сенин Алтынбекке көңүлүң болгон үчүн акылдашып ээрчип кеткенге макулдугуңду берип олтурасың.

Атаң экөөбүз деле ала качуу салты менен үйлөнгөнбүз. Мен түшүндүрүп айтам. Макул, кызым, өз бактыңа ээ бол, багың ачылсын кызым, бара гой, макул, – деп Айнагүл ала качууга макулдугун берди.

Апасынын макулдугун алган Айсулуу өз сүйгөнү менен үйлөнүү мүмкүнчүлүгү түзүлгөнүнө кубанычы кучагына батпай, арзуусу оргуштап, чөгүңкү көңүлү көтөрүлүп калды.

Эртеси. Алтынбек чала уйкулуу көздөрүн ушалап, бети-башын жууп, сүйгөнү Айсулууну бир ойлоп, төшөктө ооруп жаткан Сапарали атакесин эки ойлоп, тамеки түтүнүндөй ойлору чаржайыт болуп ойлорун топтоштура албай убайым тартты. Саат он бир жарымдар чамасында жатакана ачкычын тапшырып, автобекетке турмушунун, жаңы жолун көздөй баратты. Турмуш жолу кандай болорун билсе такыр башкача чечим кабыл алмак. Тилекке каршы, турмуш жолун, табышмак тагдырды эч ким, эч качан алдын ала биле албайт экен.

Айсулуу уктап жаткан апасы менен атасынын бетинен өөп, институтту көздөй жөнөдү. Кураторуна жолугуп, он күн балким андан көбүрөөк убакыт сабакка келбей калуусун айтып, шылтоосуна бирдеме деп кутулду, бирок турмушка чыгып жатканын айтпады. Окуу жумуштары менен жүрүп убакыттын өткөнүн байкабай калып, кол саатын караса саат 12ге жыйырма мүнөт убакыт калыптыр. Аудиториядан атылып чуркап чыгып, көчөнүн аркы бетиндеги аялдамага токтой калган троллейбуска шашып, жолду кесип чуркады. Сол тараптан катуу ылдамдыкта келе

жаткан ак түстүү жигули унаасы Айсулууну сүзүп кетип, токтоп калды. Айсулуу эсин жоготуп жерде жатып калды. Жигули ээси дароо унаасынын арткы отургучуна Айсулууну жаткызып, шаардык оорукананын травматология бөлүмүнө айдап жөнөдү.

Саат 12ге жакындап калганда, Алтынбек бир нерсени сезгенсип, өзүн жаман сезип, жүрөгү сыгылып жатты. Айсулуунун келбесин билген жүрөгүм алдын ала сезип, ошого оорутуп жатат го деп жооруп койду.

Түшкү саат 12ге беш мүнөт калганда, шоопур автобусту от алдырып, кыймылдаткычын кызытып калды. Алтынбектин автобуска чыккысы келбей, шал адамдай нес болуп калды. Өзүн зордоп, эми эле ордунан жылып бараткан автобустун жабылып бара жаткан эшигине колун такап чыгып олтуруп, автобус терезесине бети менен жабышып калды. Балким, Айсулуу кечигип жолдо келе жаткан болсо, өткөзүп жибербейин, байкабай калбайын деп эки көзү көчөдө. Айсулуунун ооруканада эсин билбей жатканын билбейт болчу.

Турмуш, тагдыр деген өзүнүн сценарийин сунуш кылып, окуялар такыр башкача багытка бурулду. Сүйүшкөндөрдүн бири ооруканада эч нерсени билбей жатты. Экинчиси ал арзуусунун өтөөсүнө чыга албады, деп өзүн, сүйүктүүсүн жүйөөсүз күнөөлөп, от жүрөгү таш болуп катып, жаңы турмуш айдыңына бет алып баратты.

Арадан бир ай өттү. Мэринса эрте мененки саалган уй сүтүн казанга куюп бышырып жатат. Байтерек жанында аттын ээрин токуп жаткан Алтынбек бир көзү атта, бир көзү сүт бышырган Мэринсада. Нике ысык болот дегендей, Айсулууну унуткарып, Мэринсага мээрими түшүп, тиричиликке баш-оту менен кирип кетти. Атынын токумун токуп бүтүп, дүрбү салып жол жакты караса, кыштоодон чоң боз эшек минген атасы Сапарали Сөгөттү карай келе жатат.

Арадан 15 жыл өттү. Алтынбек үч уул, үч кыздуу болуп, мектепте чет-тили мугалими, аялы Мэринса үй кожейкеси. Атасы тиричиликке тың киши болгон үчүн акыркы он жылда бардар турмушта жашашып, эч нерседен кем болушкан жок. Атасынын

тааныштарынын шарапаты менен Болгария, Чехословакия мамлекеттерине билимин өркүндөтүүгө барып келди.

Арадан жылдар өтүп атасы Сапарали менен өгөй апасы Анипа улгайып, ал-күч кетип, ооруп-сыркап ден-соолуктары менен гана алышып тиричиликке шайлары келбей калды. Мэринсанын да кыялы өзгөрүп, айылдагы аялдар менен шерине ойноп, ачуу суудан көбүрөөк ууртап, карыган кайненеси менен кайын атасы турсун, желедеги жылкылар, короодогу малдар каралбай калды. Эшик алдындагы сугат жерге эч нерсе эгилбестен чөп басып, үлүш жер айдалган да жок.

Май айы этектеп жайлоого чыккан токтоп, жылкыларды, мал койду, ар-кимге кошуп берип, малдын төлүн санаган адам жок болуп, береке капа болуп, шыпырылган акыр-чикир сыяктуу эшикке качып калды. Улгайып калган кары-картаңдын аш-тамагына Мэринса каралашпай, аксакалдын кийим-кечесин бели бекчейген Анипа эне карыганда колун муздак дарыя суусуна салып, жууп калган күнгө туш болушту. Жаш кезде берсин мээнетти, карыганда берсин дөөлөттү макалы тескерисинче болуп, Сапарали аксакал жашоонун дөөлөтүн жашы улгайганча көрүп, карылыкка моюн сунуп кол карап калган кезде же уулу мектептен бошоп, көңүл буруугa жетише албай же келини ысык тамак бышырып бербей, мээнеттүү карылыкка тушукту. Алтынбек менен келини Мэринсанын кош көңүл турмушуна зээни кейидиби же чачырап азайып бараткан мал-мүлкүнө ичи атыштыбы, балким, карылык болдубу, айтор, Жараткандан ажал келип жанын алып, эзилген мээси эс алып, жараланган жүрөгү жай алып, жан үрөгөн жаны тынчып, тупурак кучактап жатып калды. Өмүрүнө куунак тартуулап жан шерик болуп, басса-турса жанынан чыкпаган жан шериги жок азага алдырган Анипа эне арадан бир жыл өтпөй Сапарали чалынын жанына жатып, анын да жаны жай алды.

Ата кетти, өгөй апа өлдү. Атанын малы, чатанын малы болуп жылкылар жардан учуп өлүп, короодогу койлор сатылып жок болду, уйлардын изи жок суу болду. Карысы бардын ырысы бар дегендей, карылар менен кошо үй астанасынан ырыскы да таарынгансып чыгып кетип калды.

Ата-эне назарынан калган жаш үй-бүлөнү бүлө кылгысы келбеген береке менен ырыскы Алтынбек менен Мэринсанын үйүн таштай качышты. Үй-бүлө башына материалдык кыйынчылык күндөр келди. Кыйналып турган кезде атасынын үйүн барымтага коюп банктан насыя алып, аны өз убагында төлөп бере албай, атасынын үйүн курулуш материалга баалап, сатып төлөп кутулду. Анча-мынча карыз-кооласын бир тууган агасынын уулу төлөп берип кутултту. Эң акыркы боз эшекти ууруга алдырып тынып, эшигинде үргөн ити жок, короосунда маараган малы жок, үйдүн куту кетип, анысына кошумча өлгөнгө көмгөн болуп, оорукчан аялынын дарты менен алышып Алтынбек айласы кетип олтуруп калды. Жокчулук желкеден алган турмуш менен аягы токтобогон ичкилик экөө биригип туруп, Мэринсага кант диабети мээнети жабышты.

Узак жылдап дарылануу башталды. Алтынбек аялы Мэринсаны ооруканадан үйгө, үйдөн ооруканага ташып жүрүп, ата-журтун таштап шаар четине келип жашоого мажбур болду. Он жылдай убакыт дарылануу менен гана алек болушту. Күйүткө алдырбады, ачуу сууну бир тамчы оозуна албады, сабыр-канаат кылды, шыпаа берет деп үмүтүн үзбөдү. Аялынын дарты менен аралашып жүрүп уул үйлөдү, кыз берди. Оорукчан оору эмес, караган оору болуп Алтынбек арыктап, чачтары өсүп, кийген кийимдери кирдеп жүдөмүш жашоо башталды. Эрезеге жеткизип, үйлөп-жайлап, колдоо көргөзүп жүргөн ата-энеси улгайып карып калганда асырап карай албады дешип айыл ичи Алтынбек менен Мэринсага бирдей наалат айтып жатышты. Шаардан майнап чыкпаган соң, тагдыр аларды кайрадан ата конушка көчтүрүүгө мажбур кылды.

Бара-бара ооруган аялынын жанынан чыкпай, колунан келген жардамын көргөзүп жүргөнүн көрүп-билип турган элдин Алтынбекке болгон нааразылыгы азайып, оорукчан аялына, балдарына жана неберелерине баш-көз болуп жүргөнүнө ыраазычылык айтыла баштады.

Жароокерлик менен кошо томаяктан качкан ырыскы менен береке уул-кыздары аркылуу аз-аздан келе баштады. Бойго жет-

кен уул-кызы эл аралап адал ырыскысын терип жеп, береке ийилип мөмөсүн бере баштады. Чачылып бузула баштаган үй- жайын оңдоп-түздөштү. Алтынбек атасынан калган айгыр аттарды сатып жөө калган эле, балдары заманга жараша төрт дөңгөлөктүү унаа алып мингизишти. Балдары эми бутка туруп калган кезде балдардын күнүн көрүү насип кылбай, акыры асылган оору Мэринсанын жанын алып тынды.

Алтынбек болсо табылгыдай уул-кыздары, балапандай неберелери менен ыйлап, аза чегип отуруп калышты. Жашы алтымыш жашка жетпестен жесир болуп же нары эмес же бери эмес болуп жүрдү. Муну байкаган Мэринсанын бир туугандары:

– Жезде, биз сизге эки дүйнөдө ыраазыбыз. Эжебиз он жылдан ашык ооруп жатты, сабыр кылып,  катуу аракет кылып жакшы карадыңыз. Биз сизге ыраазыбыз! Эки жагыңызды карап эл эмне дейт деп кылчактабастан эжебиздин жылдыгына чейинби, кийинби, караштырып көрүп жакшы жубан жолукса аялдыкка алып алыңыз. Кириңизди жууп, тамагыңызды бышырып, төшөгүңүздү салып бергенге, жаныңыз ооруса каралашканга эш болот, – деп Алтынбекке жүйөлүү сунуш киргизишти. Алдын, "кой", "шүк! "кантет" деп мындай сунушту четке какканы менен акырындап алардын айтканын туура көрүп жүрдү.

Мэринса көз жумгандан алты ай өттү. Алтынбек ОшМУга үч күндүк конференцияга жолдомо алып келип калды. Экинчи күнү тегерек үстөлдөн жүзү тааныш, чачын ак-бубак баскан өңү сулуу аял көзүнө тааныш учурап, бир маалда катып калган жүрөгү лак эте бир силкинип алды. Жүрөк кабын титиреткен бейтааныш сулууча келген аял бир кездеги сүйүктүүсү Айсулуу эле. Ордунан туруп Айсулуунун жанына жетип калганын өзү дагы аңдабай калды. Экөө бир саам унчукпай, бири-бирин тиктеп селейип, чекиттей катып калышты. Айсулуу Алтынбекти таанып көзүнө жаш алды. Алтынбек салам-дуба кылбастан эле элдин көзүнчө:

– Сен эмнеге автобекетке келбедиң? Шаарды таштап, кайсы жакка кетип калдың? – деп толкундана өзүн токтото албай сурады. Айсулуу ушул суроону өмүр бою күткөн, жообу даяр болчу, ордунан туруп, Алтынбекти чыканагынан кармап:

– Жүр коридорго чыгып сүйлөшөйлү, мугалимдерге жолтоо болбойлу, – деп коридорго чыгып сөзүн улады:

– Ошондо...Баягында...Экөөбүз үйлөнүү боюнча сүйлөшүп бүткөн соң, ыраматылык апам менен сырдаштым, сени ээрчип кетүүгө макулдугун берди. Эртеси институтка барып, жооп алып бүтүп, сага шашып автобекетке барам деп жол кесип өтүп бара жаткан кезде жеңил унаа мени сүзүп кетип, эки ай ооруканада жаттым. Сен кабар алып, ден-соолугумду сураганга жарабадың. Кийинчерээк окууга чыккан кезде сенин үйлөнгөнүңдү угуп жаным ачышып, ата-энеме айтып, окуумду Фрунзеге котортуп алдым. Турмушка Көлдүн Тоң районуна чыктым, эки балалуу болгондо күйөөм экөөбүздүн мамилебиз келишпей ажырашып кеттик. Фрунзеде университетте иштеп жүрдүм, Ошко которулганыма эки айдын жүзү болду, – деди Айсулуу.

– Ошондо. Баягында... (Алтынбек сөз таба албай, кебин Айсулуунун сөздөрү менен баштады) Сен автобекетке келбеген соң, автобус менен айылга келдим. Мэринсаны алып качып келип, башына жоолук салып, келин кылып алдык. Атамды ооруканадан ана өлөт, мына өлөт деп чыгарып беришти. Анын көрөр күнү, ичер суусу бар экен биз үйлөнгөндөн баштап кубаттана баштады. Туңгуч балам төрөлгөн жылдан баштап төшөктөн туруп, так текедей так секирип, эч жери оорубагандай сакайып кетти. Атам өлөм деп ажал сурап жатып, азуулуу ажал атама тийбей, бир тууган агамдын жанын алып кетип, шорубуз катты.

Атамдын ары жактан өмүрү узун экен, сексен алты жашында көз жумду. Андан соң Мэринсага кант диабети илдети жармашып, былтыр андан айрылып калдык.

Экөө караңгы кечке чейин сүйлөшүп, эми кайрадан баш кошуп, бирге түтүн булатуу боюнча Алтынбек Айсулууга сунуш кылды. Айсулуу макулдугун берди. Мэринсанын арбагын сыйлап, анын жылдыгын чыгарып бүтүп баш кошууну пландашты.

Арадан бир жыл өттү. Мэринсанын жылдыгын чыгарып бүтүп, тууган-урукка, Мэринсанын туугандарына, уул-кыздарына өзүнө аялдыкка аял тапканын айтып, алардын макулдугун алды. Көпчүлүк туура түшүнүп, батасын беришти. Айсулууну үйүнө алып келген күнү кадимки кыргыз салты менен союш союп, дас-

торкон жайып, тууган-урук, дос-жарды чакырып эски арманын конушуна алып кирди. Айсулуунун Ош шаарында эки кааналуу батири бар эле, ошол жерге жума сайын дем алуу күндөрүндө келип, шаардагы кафе, ресторандарга, эс алуу бактарына, кинотеатрларга барышып жаштыктарын эстеп шапар тээп жүрүштү. Иш күндөрү айылда жашап, дем алуу күндөрүн шаарда өткөзүп, шаар айыл турмушун айкалыштырып, бактылуу жашап калышты.

Турмуштан тарткан мээнетинин жемишин чогуу көрүп, бозоруп туманга айланган жашоону жамгыр суусу жууп кетип, көөдөнгө көп жылдар бою ыш сымал топтолгон тоодой кусалыкты Айсулуунун мээрими шамал болуп айдап жок кылды. Жакшылык жайнап келгенде баштан өткөн бардык кыйынчылыктар унутулуп, дүйнөдө Алтынбек менен Айсулуудан өткөн бактылуу адам жок эле. Ошол бактылуу күндөрдүн бир күнү Айсулуунун чаңкаганы басылбай, көңүлү ачылбай, маанайы чөгө баштады. Ушинтип олтуруп бир ай ичинде тез эле салмагы да азайып кеткенден шаарга келип ооруканага көрүнсө, дарыгер кант диабети диагнозун айтып, Айсулуу отурган жеринде ойго батты. Айсулуу менен Алтынбек экөө кырк жылдан кийин кайрадан табышып, бакытка балкып турган кезде ооруп калуусуна кейиди. Дарыгердин бөлмөсүнө кирип, сиз менин диагнозумду Алтынбекке айтпаңыз деп айтайын деп эшикти эми ачып жатып Алтынбек менен дарыгердин маегине аргасыздан күбө болуп калды.

– Сиздин аялыңыз кант диабети оорусуна чалдыгыптыр. Дарыларды өз убагында ичип, ачуу ичимдик ичпей, майлуу тамактардан оолак болуп, режим сактаса, дени соо адамдай жашоо өткөргөнгө мүмкүнчүлүк бар. Ал эми эже режим сактабаса, жыйынтыгын айтпай эле коёюн.

– Доктор, ишенип коюңуз, биз режим сактайбыз. Режим сактабай балдарымдын апасынан айрылып калдык. Мен өзүм көзөмөлгө аламын, – деп жатканда эшикти ачып Айсулуу дарыгердин каанасына жай басып кирип, экөө бири бирине кадалып тиктеп туруп калышты. Экөө көз карашы менен бири- бирин мээримдүү аялуу тиктеп турушту. Айсулуунун дарты дүйнө салган Мэринсаныкындай кант диабети болуп калуусу, тагдырбы же турмушпу?!

Көрсө бакыттын чөйчөкчөсү толук болбойт тура.

## 3-бөлүм

## КЫЗДЫН СЫРЫ

Лунара Бишкек шаарынын вице-мэри Мурас Аскаровичтин кенжетай, көкүрөк күчүк кызы. Жашаган жери шаардын Көк-Жар кичи районундагы үч жер тилкеси бириккен, үч кабаттуу хан сарай. Шаар калаасынын кожоюнунун орун басарынын кызы болгон соң курсак ток, кайгы жок чоңойду. Кирин жетим келин атыккан автомат жууйт. Тамак-ашын үй кызматчысы даярдайт. Чачын, бети-башын шаардагы күчтүү салондор тарап, атырупа коюп жылтыратып коюшат. Бир сөз менен айтканда нанды «нана» деп чоңойгондордун сап башында болду. Атасы Мурас Аскаровичтин жумушунда оозунан «жок» деп айткан сөз кыямат күнү чыкпайт, иш учурунда көп колдонуучу сөзү жалаң гана «жарайт», «албетте», «бүтүрөбүз», «чечилүүчү түйүн экен», «ушул дагы кеп бекен», «эми аны ойлонуштуруп көрөйлү», «керемет сунуш» деген сыяктуу сөздөр лексиконунун негизги бөлүгүн түзчү. Чындап эле, Бишкек шаарындагы көйгөйлүү маселелерди чечүү боюнча ал абдан чебер эле. Өнөктөштөр, инвесторлор менен келишимге келүү учурундагы сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгында он сүйлөшүүдөн тогузунда маектешин ынандырып, макул кылып коюуга уста сөзмөр эле. Ушул сыпаты үй-бүлөдө деле сакталат болчу. Үй-бүлөсүнө деле «жок» деп айтпай, бардык маселелерди акчанын, тааныш-тунуштун жардамы менен бүтүшүнө бөркүндөй ишенер эле.

Ушундай камкорчулукта чоңойгон Лунара билим-илим тарабынан эч камчы салдырбай, ата-энесинин жеке мектептерге сарптаган акча каражаттарын актап, билими терең, ойчул, кыргыз-орус тилдерин эсепке албаганда да кытай, англис, испан тилдеринде түш жоручу. Ал эми үй-бүлөдөгү сүйлөшүү, баарлашуу орус тилинде уланчу.

Кемчилиги, анын ою боюнча шаардагы бардык эле курдаштары жана теңтуштары жеткиликтүү турмушта жашайт. Кыйынчылык, жетип-жетишпестик, кийимди жамап кийүү, эже-агадан

өткөн эски кийимди кийип чоңоюу, акча жетпей калуу жана ушул өңүттөгүдөй кырдаалдарга тушукпаган соң, мындай түшүнүктөр менен тааныш эмес болчу, укса деле абдан өөн учуратар эле.

Студенттик кезди аябагандай акчаны самандай сарп кылып чачып өткөздү. Университетке кымбат баалуу жол тандабасты минип келет. ГАИ кызматкерлерине жол тандабас тааныш болгон үчүн эч качан токтотушпайт. Ошондуктан түнкүсүн ресторан, бар, түнкү клубдардан чыккан кезде эч жерге токтобой, жол чырак түсүн көзүнө илбестен тайраңдап, жолдун каршылаш беттеш тарабына чыгып айдап, шаардын алтын жаштарынын төбөл баштарынын бири болчу.

“Кой” дечү кожосу болгон атасы:

– Кызым, баары жакшы! – деп кайра далыдан таптап, күүлөп, койгондой эле узатып койчу.

Апасы кафе, ресторандарда, караоке барларда курбулары менен шеринелерди өткөзүшүп, ачуу суудан шимирип, аттуу-баштуу ырчыларды дасторкон четине отургузуп ырдатып, ошондон ырахат алып, анын кызына теменедей да бош убакыты жок эле. Көзөмөл болбогон соң сабакка барса-барып, барбаса группалаштарын жол тандабаска олтургузуп алып кышкысын лыжа, чана тээп чардап, жайкысын көгүлтүр көл бассейндеринде бака болуп чалкалап чабак атып, күнгө күйүп күкүк жашоону өткөзүп жүрүп, сабактарын калтыра баштады. Ошондон улам экзамен, зачетторду акча менен бүтүрүп жүрдү. Акыркы курста окуп жүргөн кезде да өмүрүндө акча албаган мугалим Тегизбаева эжекесинин сабагына барбай жүрдү. Экзаменге жеткен күнү зачеткасына акча салып сунду. Анысын эжейи акырын өзүнө түртүп ачуулуу тиктеп:

– Жиниме тийбе, кургур, бирдемени көргүң келип калган го, чык даярданып кел, – деп зиркилдеди.

Лунара, сумкасына колун салып дагы бир ууч акчаны эсептебестен эжейинин үстөлүнө жая салып:

– Эжей, керек-жарагыңызга иштетип алыңыз, пайдасы тийип калар, – деди. Ачуусу мурдуна жеткен Тегизбаева ууч акчаны колуна топтоп туруп, Лунаранын бетине чачып:

– Бетпак, эмне мени акча менен сатып алам деп жатасыңбы? Билимди сатып ала албайсың. Талтаңдабай чыгып кет, көзүмө көрүнбөй, – деп үстөлдү катуу муштады. Лунара ызаланып ыйлап, курбу-курдаштарынын алдында кадыры кетип, өмүрүндө биринчи жолу акча күчү менен бардык маселе чечилбегенине чычалап, таасирдүү атасына чалып арызданды. Мурас Аскарович Тегизбаевага чалбастан түз эле университет ректоруна чалып, шаардык бюджеттен көрүлүүчү каржы маселесинин кечеңдешин жана кызы менен Тегизбаеванын тирешин кылтыйтып өттү. Эстүү ректор иштин чоо-жайын түшүнүп Тегизбаеваны каанасына чакыртып:

– Эжей, биз сизди эң абройлуу, таза, илимдин кандидаты, студенттерге өрнөк болчу мыкты инсан катары баалайбыз. Университеттин пайдубалын түптөөдө сиз башында туруп салым салгансыз. Ушул күндөрү да опол тоодой эмгегиңиз менен бизге устаз болуп жүрүүңүз биз үчүн сыймык, – деп ректор сөздү астейдил алыстан баштап, принципиалдуу эжейдин баркын баалаганын билгизип, вице-мэрдин өтүнүчүнө өттү.

– Эжей, алдыбызда өткөрүүчү мугалимдерди кайра даярдоо курстарына кошумча каражат талап кылынып, мэриядан колдоо таптык. Мэрдин орун басарынын кызы бизде студент экен. Тиги атасынын эрке кызы сиздин сабагыңызды үзгүлтүккө учуратып туура эмес кылыптыр. Сиз баа койбой кубалап чыкканыңыз туура. Керегем сага айтам, келиним сен ук сыңары башка студенттерге жана мэрдин кызына дагы сабак болуптур. Ушул сапатыңызды, принциптен тайбаганыңызды сыйлайм. Менин болгону бир өтүнүчүм бар, эгерде мэриядан кошумча каржы болбогондо суранмак эмесмин, эжей-агайлардын кайра окутуу курстарын каржылоонун кызыкчылыгы үчүн тиги кызга баа коюп берип коюңузчу. Убагы келгенде өзү башы жетсе, сизди түшүнгөн күн келер, – деп ордунан туруп, терезени тиктеп, эжейге артын салды.

– Мамат Абазович, сиз айткандай болсун, агай-эжекейлерди кайра окутуу, билимин өркүндөтүү мезгилдин талабы.

Ректор Тегизбаевага алкыш айтып узатып коюп, вице-мэрге телефон чалып, маселе чечилгенин угузуп койду. Вице-мэр дароо кызы Лунарага чалып:

– Бара кой, садагасы, бааны коюп берет, – деди.

Лунара акча чечпеген нерсени бийлик өктөмү чечет экен, эми эжей менин бетимди кантип тиктеп, баа коюп берет экен деп ишеничтүү эжейдин каанасына кирди.

Тегизбаева супсак гана:

– Кел, отур, – деп колу менен отургучка жаңсап, өзү компьютерге үңүлүп тиктей, колдору шатыратып клавиатурадан бошобойт. Бети суз, кабак-кашы шалдайыңкы. Муну көрүп олтургучка олтурган Лунара, ичинен, «и-ий бая эле арстан болуп аттың эле, кебетең суугa түшкөн мышык болуп калыптыр го" деп маашарлана олтургучка чалкалады.

– Лунара Мурасовна зачеткаңызды бериңиз.

Лунара зачеткасын узатып, ичинен “ии болушуң ушул экен го, талуу жериңден кармаган окшойт атам” деп текеберлене май баскан көзү менен Тегизбаеваны тиктеп карады. Эжей зачеткага баа коюп, зачетканы жаап, ордунан секин туруп Лунаранын жанына басып келип, чыканагынан карылуу колу менен оорута мыкчый кармады. Ордунан силкип жугжуңдатып тургузуп, аны темтеңдетип терезеге жетелеп барып:

– Сөкпөйүн десем сөөмөйүңдү кезейсиң, ооздуктабайын десем оозумду кычыштырасың, тилдебейин десем тилиме тибиртке болуп жармаштың. Оо, өлүгүңдү кана көрөйүн, бетпак! Качаңкыга чейин атаңды ортого салып иш бүтүрөсүң. Кеңкелес башыңдагы адамдын мээсиби же эшектин мээсиби? – деп Лунаранын кулагына бакырып сүйлөп жатты. Анын колун бошотойун деген аракетинен майнап чыкпады. Эжейдин тырнактары колуна өтүп оорутуп жатты. Апасынан укпаган катуу каккыны эжекеси “бурама ачуу конфет” кылып согуп жатты,

– Агай-эжейлердин кайра окутуу курстарына каржы керек болбогондо энеңди Үч-Коргондон көргөзөт элем. Билип койгун, макулук, адам бол! – деп кайра темтеңдетип жетелеп келип, эшигин ачып туруп, башка студенттердин көзүнчө түртө салып чыга-

рып, эшигин күн күркүрөгөндөй, чагылган түшкөндөй тарс этип жаап салды.

Ушул окуя Лунаранын адам болуусуна чоң таасир берди. Көрсө, атаңа, пулуңа ишенип жүрө берүү, өзүм билемдик кылып жашоо, айбандан айырмаң болбой калуунун жолу экендигин түшүндү. Көзүнөн көл болуп төгүлгөн жаш жүрөгүндөгү адамгерчилигин ойготту, көбүктөй көпкөн кур намыс өпкөсүн жулуп, колуна карматып койду.

Бул окуя сууп калган кезде атасына арызданбастан, Тегизбаева эжейинин алдына кирип кечирим сурап элдешти.

Ошентип, жаман-жакшыны кичине ылгап калган кезде окууну бүтүп, атасынын эрки менен «Бител» уюлдук компаниясына орношуп, дароо эле департамент башчысынын орун басарлыгын тизгиндеди.

Айбек Лунаранын жүз пайыз карама-каршылыгындагы инсан. Айбек Аматов Бишкек шаарынын «Дордой» базарынын ар тарабындагы конуштардын биринде жер тилкесин басып алып, уруксатсыз курулган, дубалы паксадан, жер төшөнчү чийден, пологу чилампа, тамдын башы кой сарайынын шыйпырынан жабылган үйдүн жашоочусу.

20-кылымдын 90-жылдарындагы каатчылыгы, мугалим ата-энесинин айлык маянасы алты айлап колдоруна тийбей, анысын эптеп алайын дегенде айлык тараткандар кумшекер, кир самын, айна-арак, товар түрүндө таркатып айласын кетирди. Анысын кайра базарга алып барып арзан баада сатышып, жетишпестен, Бишкекке көчүп келишип, жергиликтүү мектепке мугалимдик кесибин улантып тиричилигин өткөзүп жатышты. Ал кезде эми эле мектеп окуучусу болгон Айбек атасынын суранычы менен инилерин багуу үчүн ата-энесине жардам иретинде жан үрөп «Дордой» базарында жеке ишкерлердин товарларын базардан унааларга чейин жеткизип жүктөшүп, араба түртүп жүрүп, алдын Айбек аты болсо, кийинчерээк Арабакеч Айбек атыгып калды. Анысынан арданып арачылабады. Буюртма болсо, нак акча болсо, инилерине сүт, нан, жумуртка, картөшкө, кумшекер алып барса, курсактары ачып ыйлабаса болду. Ата-энесинин айлыгы

бир аптада эле түгөнүп калчу, анткени айлыктары жарытылып деле көп сумма акча эмес эле.

Ата-энесинин маянасы түгөнүп, арабакечтиктен буюртма болбой, акча жок күндөрү, инилеринин курсагы ачып, ашказаны ачышып, кичинекей иниси түнү менен кумшекер салынган сүт ичемин деп таң аткыча үнү басылбай ыйлап чыгар эле. Ошондуктан апасы мугалимдиктен сырткары базардагы ашканалардын биринде идиш жуугуч болуп жалданып иштеп жүрдү. Муздак сууну кыштын күндөрү кармаганга муздак суу белине түшүп, грыжасы сыздатып оорутуп чыгат. Бирок, бул ооруга чыдайт, ал эми балдары курсагы ачтыктан ыйлаганга чыдай албайт, үйдөн атырылып сыртка чыгып, үйүн айланып ыйлаган күндөрдү баштан кечиришти.

Күйөөсү Амат ыйлаганын көрүп калса, эркек киши арданып бирдемени баштап жибербесин, чоң уулу Айбек ыйлаганын көрүп калып, акча үчүн уурулук же баңгиликке тартылып кетпесин деп аларга көргөзбөй там тегеренгени ошондон эле. Ыйлабайын десе эне жүрөгү сүзмө болуп эзилип, сарыккан суусу уу болуп тамчылап, балдардын ач ыйын көтөрө албай, эмчеги сыздап, аргасыздык ыйы көкүрөктү чалгы менен чаап, бешилик менен оорутуп сайып өтөр эле. Шааркан менен Амат курсак, тиричилик менен гана алпурушпастан чоң уулу Айбекке жана кичүү уулдарына сабаттуу билим, татыктуу тарбия берип, дүйнө таанымын кеңейтүү максатында Бишкек шаарындагы тарыхый музейлерге, сүрөт-көргөзмөлөргө, акын-жазуучулардын чыгармачылык кечелерине, дастан, "Манас" айтуу конкурстарына, төкмө-акындардын айтышуу кечелерине, кино- спектаклдерге алып барып чоңойтту.

Айбек студенттик доорду өтө жупуну жана жөнөкөй өткөздү. Мурда араба түртүп, үй-бүлө куржунуна кошумча киреше алып келип, ата-энесине колдоо көргөзүп жүргөн. Студенттик кезде жалкоо студенттерге реферат, курстук, дипломдук иштерди жазып, акчага баалап кошумча киреше таап жүрдү. Курстук иштерди эжей-агайлар эки жүз сомго баалап сатып жүрүшкөн болсо, Айбек жүз сомдон даярдап берип жатты. Дипломдук иштерди му-

галимдер эки миң сомдон сатышса, Айбек эмгегин болгону беш жүз сомго баалап, институт мугалимдерине тажаал атаандаш болуп чыга келди. Өз эмгегин адал деп ойлогон Айбек колунда жок, убактысы тар же жөндөмү жок студенттерге колдоо көргөзүп жатамын деп өзүнө өзү актап жүрдү.

Биринчи курста окуп жүргөн кезде жамаат башчы элүү сомдон экзаменге топтойлу дегенинен бере салып, экзаменге кирсе, суроолор семичке чаккандай оңой болуп, мен эмне үчүн акча бердим деп, окууну бүтөр-бүткүчө бир тыйын бербестен, өзүнүн күчү, билими менен окууну бүтүрдү.

Акыркы курста окуп жүргөн кезде бир кызыктуу жагдайга туш болду. Салык сабагынан салык инспекциясынын бир бөлүмүнүн башчысы, илимдин кандидаты студенттерге сабак өтүп жүрдү. Экзамен күнү староста агайдын жанына кирип, кайра сыртка чыгып, ала чыйырчыктай чырылдап студенттердин ой-боюна койбой акча жыйнап кирди. Айбек моюн толгоп акча бербей койду. Күн шooласы коридорго жарык берген терезеге жөлөнүп, салык темасын окуп экзаменге даярданып кирди. Акча жыйнаган староста агайга кирип чыгып, кулундай кудуңдап бети кызарып, сүйүнүп чыкты. Чамасы агай топтолгон чай пулдан бөлүшкөнбү же экзамен иши оңой бүттүбү, айтор, старостанын маанайы апасы эгиз төрөгөндөй сүйүнүчтүү эле. Кезек Айбекке жетип, агайдын жанына келип, билет сууруп, суроолорго жооп айтып киргенде, агай зачетканын ичин тиктеп, ичи толо “беш” бааларды көрүп:

– Канааттандырарлык баа болобу?

– Жок агай, болбойт, мен бешке жооп бердим го деп, – каяша айтты.

Агай, зачетканын ичин шытыратып барактап, балким ичинен катылган акча түшүп калабы деп көз айнегинен зачетка барактарынын арасын тиктеп, үмүтү акчадан үзүлгөн соң:

– Барыңыз, даярданып келиңиз, – деп Айбекти чыгарып койду.

Ушундай жагдай, эки жолу кайталанып, эки кычык бирибирине өчөштү. Бири баа койбойт, бири акча бербейт. Кычык

агай: «По любому студенттин терисин сыйрып болсо да, акчасын алам" деп кыжыят. Кычык студент: «Агайга бир тыйын бербей, эң мыкты баа алам", тирешет.

Агай айла таап:

– Эртеңкиге салык инспекциясына менин каанама сынакка даярданып кел, – деп талашты эртеңкиге жылдырды.

Айбек эртеси таңкы алтыда туруп, жуунуп-таранып, экзаменге даярданды. Болжошкон эрте мененки саат 10:00го салык инспекциясына агайдын каанасынын эшигин каккылап, мурдунан аккан суусун сөөмөйү менен сүртүп, кирип келип олтурду.

– Сураңыз агай, мен даярданып келдим, – деп шеңирейген келте мурдун дагы бир тартып алды. Көз айнегинин үстүнөн эки бети кызарган Айбекти тиктеп, зачетканы кайрадан барактап ичинде акча жоктугун, Айбекти сойсоң кан чыкпастыгын сезген агайы айласы кетип:

– Болуптур, суроого жооп бербей эле кой. Бар эми, өлбөдү дегенде бир пачке тамеки алып келчи, – деп безилдеп ийди.

Жаш теке карт текеге туруштук бердиби же өзүнүн билимине таяндыбы же балким, чындап эле акчасы жок беле, айтор, агайына жалооруй торпок көзү менен тиктеп:

– Агай, акчам жок эле, тыйын берип туруңуз, барып тамеки алып келейин, – деп молтоюп жер тиктеп калды. Ачуусу келген агайы:

– Ме зачетканды! Чык эшикке! – деп кубалап чыкты. Сыртка чыккан Айбек зачеткасын ачып караса, агайы "эң мыкты" деген бааны коюптур.

Дипломду коргоочу экзаменге өзү тапкан акчага костюмшым, туфли, көйнөк сарпай жасап, кудуңдап калды. Бир гана жери бешинчи курстун келишим акысын төлөй элек болчу. Контракка топтогон акчасына айылдан келген жердеши ооруканага түшүп калып, акчага зарыккандан, мал сатып кайра кайтарып берем дегенинен боору ачып, бекиткен дасмиясын айылдашына кармата салган эле. Дипломду коргоо күнү контрактты толук төлөбөгөндөр сынакка киргизилбейт деген кабар жүзүнө муздак суу сээп учуктагандай болуп селейте койду. Айылдашы ишеничтүү адам

эле, диплом колго тийгиче эсепканага төгүп салам деп бейгам жүргөн жаны дүкүлдөп, чекесин тер басты. Беш жыл кылган мээнетим бир жылга жылып кетеби, кызматка кире албай каламбы деп көзү караңгылашып, жарык дүйнөсү капкараңгы боло түштү.

Отургучка олтуруп, сарасеп салып, ката элек кабыргасына кеңеш салды. Ары-бери ойлонду, тогуз толгонду. “Бар, бара бер. Ректордун өзүнө кирип болгонун болгондой төкпөй-чачпай төгүлүп чачылып айтып бер, бир жардам болор” деген ак шоола булоо болуп кулагына куюлду. Аргасыздан ушул жолду туура көрдү. Бат басып ректордун кабылдамасына жеткенин өзү да баамдабай калды. Ректор катчысы уруксат бергенде кере дем алып, өпкөсүнө сүт куйгандай көөп, ышылдаган үнү мурдунан угулуп, ооз жылчыгынан шилекейи агып, марага биринчи келген жоргону көрдү ректор.

“Ушунча атыраңдап калыптыр! Чыркыраган чындык жок, менин алдыман адилеттүүлүк издеп келгенго,” деп ойлоду кыраакы ректор. Айбектин аянычтуу абалы айтпаса да маңдайында жазылып турганын билип турду.

– Кош, келиңиз, жаш жигит! Эмне маселе менен келдиң эле? – деген суроо ректордун оозунан учуп чыгып, абага сиңип калкып калды.

Айбек шашып-бушуп контрактка деген акчасын кайсы максатка, кимге бергенин, карыз ээси ишеничтүү экендигин, диплом алгыча контракт акчаны эсепканага төгүп коёрун, дипломдук ишти коргоого уруксат бериңиз деп делделектеп, жаш энергиясы менен ректордун аурасын курчап алды. Ректор Айбекке "а-бу" дебестен үстөл үстүндөгү топ телефондун бирөөсүнүн кулагын бурап, буйрук берди:

– Аматов Айбекке дипломдук ишти коргоого уруксат берилсин, – деп телефон трубкасын ордуна коюп:

– Аматов, сиз бошсуз, барыңыз, эртеңки дипломдук ишке даярдык көрүңүз, башка ишке алагды болбоңуз, – деп узатып койду.

Баягында айылдан Бишкек шаарына келип араба түртүп, биринчи бешене тери менен акча тапкан күнү инилерине тамак-аш алып барып курсактарын бир томпойткон күнү, түнү бою уктабай сүйүнүп чыккан эле. Кудум ошондой ырахат эйфориясы ректордун позитивдүү энергиясына чулганып, көчөдө жаш улактай секирип, кудуңдап баратты.

Беш жыл аркасынан чуркаган диплом колго тийип, «Бител» уюлдук компаниясы өткөзүп жаткан конкурска катышты. Компания башчыларына билими, дагы эле илим-билимге тойбой умтулган өжөрлүгү менен, иштесе ишке тойбогон жалындаган жаштыгы, курчутулган кылычтын мизиндей курчтугу менен жактыбы же мээнетинин акыбети кайттыбы, айтор, көптөгөн улан-кыздардын ичинен тандалып, уюлдук ишканага орношту. Туруктуу жумуш менен камсыздалып, салыштырмалуу түрдө жакшы деп айтарлык маянага жетишти.

Ошентип бири бектин эрке кызы Лунара, бири каржы жагынан жарды үйдүн уулу, жокчулукта чоңойгон мугалимдердин уулу Айбек экөө белгилүү «Бител» уюлдук компаниясында чогуу иштеп калышты.

Компаниянын иши жакшы болгону үчүн ишкана ичинде эки кызматкерге Египетке жолдомо ойнотулду. Иш билгилигинин жыйынтыгы менен Айбек бир жолдомону утуп чыкса, экинчи жолдомо мэриядан болгон телефон чалуу менен Лунарага буюрду.

Лунара Айбектин кийиминен, шаардык транспортто жүрүп менчик унаасы жоктугунан, тартынчаактыгынан өзүнө теңге албады. Ушунун ордуна башка жигит болсо болмок деп ичинен бармагын тиштеп жатты.

Жолдомо колго тийип экөө Египетке “Шарм Аль Шейх” эс алуу курортуна учак менен учуп жетишти. Эрте мененки тамакта, түштөнүүдө, кечки тамакта Лунара Айбектен ыраак орундарга олтуруп, өзүнчө жүргөндү каалап жатты. Айбек анысына көңүл бурбады, ушундай бейиштей жерди буту тебелеп жүргөнүнө, океан суусуна түшкөнүнө ыраазы болду. Жаралганына сүйүнүп, бала кездеги араба түртүп, баткакка тыгылып, ботинкасына суу толуп, буту көгөрүп мешке бүрүшүп жабышып жаткан күндөрүн

эстеди. Кыйынчылыктан кийин жыргалчылык күндү көрүү болот турбайбы деп ойлор дүйнөсү менен кумдак жээкте жылаңайлак басып жүрүп аял кишинин үнүн угуп калды:

– Жардамга, акула!

Жээк бойлой үн чыккан жакка чуркап жөнөдү:

"Жардамга, акула!" деген тааныш үн бийик угулуп, үнгө жакындай түшүп, деңизден үрөйдү учурган кубулушту көрүп жүрөгү кабынан чыгып кетейин деди.

Кеч жуук беймаал мезгилде, деңиз жээгинен кырк-элүү метр аралыкта Лунара жээкти көздөй жанталашып сүзүп келе жатат. Жээктен жүз элүү, жүз метрдей жерде акуланын жонундагы сербейген жалы көрүнүп, өтө ылдамдык менен Лунараны көздөй сүзүп келе жатат. Айбек жээкте турган кайыктын калагын сууруп алып, Лунара менен Акуланы көздөй өтө шамдагайлык менен көкүрөгүн суунун бетине чыгарып, чабак атып жетип келди.

Акула оозундагы курч араадай тиштерин арсайтып, Лунаранын бутун тиштейин деп чабуулга өттү. Айбек кайыктын калагынын арт жагы менен Акуланын алдыңкы ийри-муйру тиштерин талкалай согуп жиберди. Акуланын тиштеринен чыккан кан деңиз үстүн канга боёп, ачууланган ал куйругу менен Айбекти бут туштай чаап, жигиттин оң бутунун балтырын айрып салды. Акуланын каны менен Айбектин каны аралашып, көңүлдү айланткан колоңсо жыт пайда болду. Айбек эсин жоготуп баратып, акыркы күчүн жумшап калак менен акуланы баш тушка чапты. Башынан жарат алган акула качып жөнөдү. Жүрөгү түшүп ашмалтайы чыккан Лунара озоңдоп ыйлап кирди. Кай жактан капилеттен пайда болгон куткаруучулар эсин жоготуп кансыраган Айбекти, деңиз суусуна тумчуккан Лунараны чалкаларынан жаткызып, жээкке алып чыгып куткарып калышты.

Каир шаардык ооруканасында Айбектин бутуна операция жасалды. Лунара өмүрүн куткарган адамга карыз болуп, аман калганына сүйүнүп, ооруканага Айбекке каттап жүрдү. Жолдомо күнү бүтүп Бишкек шаарына кайтып келишти.

Лунаранын Айбекке болгон мамилеси жүз сексен градуска өзгөрүлдү. Айбектин арстан жүрөгүнө, жупуну мүнөзүнө, жөнө-

көйлүгүнө, пакиза адамгерчилигине, таразадай тактыгына, адептүү жүрүм-турумуна, сөзүнө турган жигитчилигине, ашык болуп калды. Эң башкысы акула менен алышып аны тайманбай качырганын айтып түгөтө албай жүрдү.

Айбекке ашык болгонун ачык айта албайт. Жөн эле жумушу боюнча каанасына чакырып, отчет алганга өтүп, маек куруп жүрдү, анысын же Айбек байкап сезсечи.

Айлакер Лунара Айбекти чогуу түштөнүүгө чакырып жүрдү. Кесиптеш болгон соң "чогуу түштөнүү эмне" деп Айбек эч нерседен этибар албайт. Бирок, бара-бара экөө көп жолуга баштап, ынак болуп бара жатышканын Айбек сезе баштады.

Лунаранын эркеликте чоңойгондугун, атасынан өткөн текеберчилигин, анча-мынча өзгөрүп турчу пейилдерин эске албаганда, абдан татына, сулуу кыз болчу. Департамент башчысы Мараттын аялы, бала-чакасы бар туруп Лунараны капаска түшүрөм деген аракетинен майнап чыкпады. Лунаранын оюнча, департамент башчысы Марат болгону убактылуу ашыктыкка азгырылып, кумарын кандырганга кызыгып жатат деп жеңил ойлогон. Чынына келгенде, Марат Лунараны көргөн күнү жетекчилик эсепкор жүрөгү бөжөктүн күнөөсүз жүрөгүнө айланып эзилген, бир тараптуу ысык махабатка чалдыккан. Перинин-периси, сулуунун-сулуусу Лунаранын жанына жакындаган учурда ал ашыктык лаззат сезиминин айынан башы тегеренип, өзүн жоготуп койчу. Эгерде Лунара Маратка кичине эле арзуунун белгисин билдиргенде ал үй-бүлөсүн заматта таштап кетүүгө даяр турду.

Мараттын чыныгы арзуусун Лунара кийинчерээк баамдады. Жума күнү бардык кызматкерлер жумуш бүтүп, үйлөрүнө тарап жатышкан. Мараттын жүрөгүн мыкчыган ашыктык жанын жай алдырбай, жумуш бүткөндө Лунараны каанасына чакырды. Мөөнөтү туура келбесе да:

– Жылдык, кварталдык отчет даярдап кириңиз, – деп Лунарага кайрылды.

Лунара болсо ошол күнү Айбекти каанасына чакырып:

– Кечиндеси кечки тамак ичкенче сейилдеп келейли, – деп, макулдашып алышкан эле, аны департамент башчысы билбейт.

Марат отчет сураганынан эч жаман ою жок Айбекти: “Жумушта күтө тур. Шеф отчет сурап жатат, тактоочу суроолорго жооп берип, чогуу чыгабыз,” деп койгон эле.

Марат болсо шоопуруна:

– Эс ал, бара бер, – деп узатып койгон. Кызматкерлер баары кетти. Эми Лунара менен ээн-эркин сүйлөшүп, көңүлдө түйгөн сүйүүсүн билдирип, ачыкка чыгайлы, эгерде туура көрсө, бул ойноштук эмес экендигин айтып, чыныгы үйлөнүүгө даяр экендигин айтууга даярданып жатты.

Анысынан кабардар болбогон Лунара топ кагаз менен бирге ноутбугун көтөрүп Мараттын каанасына кирди.

Лунара он беш мүнөт булбулдай сайрап «Бител» уюлдук компаниясынын өткөн бир жылдык, акыркы квартал боюнча, киреше-чыгашаларын баяндап, интернет колдонуучулардын санынын көбөйүүсүнүн өсүшү тууралуу кагаздарды Мараттын алдына жая салды. Ноутбугунун ичинен файлдарды көргөзүп, бир сөз менен айтканда, пландар аткарылып, алдыга өсүш болуп жаткандыгын, кардарлар көбөйүп, киреше ойдогудай экендигин доскага түстүү маркерлер менен жазгылап, отчетту үтүр, тамгасына чейин жазып, айтып жатты.

Мараттын кулагы керең болуп, маңдайында орун басары эмес жарым-жартылай кийимчен чырайлуу аял заты чыгыш бийин бийлеп, ары-бери туйлап жаткандай сезилип жатты. Эркектик ышкысы козголуп, алаканынан далысына чейин тер басып, көзү бозомуктап, өзүн кармай албай ордунан туруп, доскага маркер менен ишкана отчетун жазып жаткан Лунаранын артынан жакындап, белинен кучактай калды.

Лунара отчетко берилип, чарчап калып, көзүмө бир нерсе көрүнүп, жылуу шамал моюн тарапка соккон го деп божомолдоп да жиберди.

Марат Лунаранын белинен бекем кучактап, жыпар жыттуу чачынан жыттап, мас болуп магдырап калды. Лунара кырдаалдын чоо жайын түшүнгөндө Мараттын кучагынан чыгып:

– Коюңуз, сизге эмне болду? Сиз деген үй-бүлөлүү адамсыз да. Мен кыз баламын, жайыма коюңуз. Жаман-жакшы айтышып калбайлы, Марат Ибраевич! – деп кыйкырып жиберди.

Лунаранын алдына тизелеп чөгөлөй калган Марат:

– Лунара, каалайсыңбы, мен аялым менен ажырашып сага үйлөнөм. Сенин атаңды тааныйм, анын макулдугун аламын. Лунара, ишенсең мен сени сүйүп калдым. Сенсиз жашоо мага кунарсыз болуп калды, – деп жалынып-жалбарып ойду-тоону убада кылып, Айга алып барып селкинчек тептирип, Күнгө алып барып коон жедирип жаткан кезде каанасынын эшигин бирөө каккылап калды. Жумуш убактысы бүтүп, бардык кызматкерлер үйлөрүнө тарап кеткен эле. Ким болду экен? – деп ойлоп Марат соолуга түштү.

Каанасында Лунараны күтүп олтурган Айбек саатты караса кеч болуп кетиптир, бул эмнеси деп Лунаранын каанасына келсе эшиги кулптанган. Ал эми Марат Ибраевичтин каанасынын жарыгы күйүп, ичинен адамдын үнү угулуп жатканга Лунара ушул жакта го деп шефинин каанасынын эшигин каккылап калды.

Тизе бүгүп олтурган Марат Ибраевичти төбөдөн ылдый тиктеген Лунара Марат Ибраевичтин чындап эле ага арсыз ашык болгонун байкады. Өз убагында эшик такылдап калганына сүйүнүп кетти.

– Марат Ибраевич, өйдө туруңуз. Сырттан кирген адамга уят болуп, сөзгө калбайлы, – деп акылын жогото жаздаган Марат Ибраевичти өзүнө келтирди.

Ак көңүл Айбек доскадагы жазылуу сандарды, анын жанында турган Марат Ибраевич менен Лунаранын аркы-теркисин баамдабады. Эшикти ачып кирип:

– Саламатсыздарбы! – деп кайрылды. Марат Ибраевич жүдөгөн иттен бешбетер онтоп:

– Кел, Айбек. Сен кетпей эмне кылып жүрөсүң? – деп кыжыры келгенин жашырбады. Айбек эч нерседен капары жок:

– Лунараны күтүп жаттым эле, – деп түз жооп кайтарды. Марат Ибраевич көзүн алайтып:

– Эмне дейт, – деп Лунараны тиктеди.

Кырдаалды кандайча чечүү, кайсыл эркекти тандоо өз колунда экендигин билгизейин дедиби:

– Марат Ибраевич, уруксат бериңиз. Отчетко үйдөн жакшылап даярданып келейин, – деп Лунара атайылап Айбектин колунан колтуктап: “Кошуңуз!” деп Марат Ибраевичтин каанасынан чыгып кетишти.

Мараттын ич күптүсү көөдөнүнө батпады, колума конгон ак кууну колумда жүгүрүк болуп иштеген “пацанга” тарттырып жибердим деп ичи күйүп, Лунаранын атасына телефон чалды.

– Мурас Аскарович, кутман кеч! Кандайсыз?

– Алло, Марат Ибраевич, кутман кеч. Мен жакшы, өзүңүз? Кандай жаңылыктар?

– Мурас Аскарович, айтпайын дедим эле. Эми ушунча болду, айтпасам болбос, бир гана өтүнүч, мени айтты дебеңиз.

– Жүйөөлүү маселе окшойт, угуп жатам.

– Лунаранын артынан түшүп чуркаган жигиттер, кызматкерлер көп. Ошончо бүркүттөрдүн арасынан ал бир кузгунду тандап алыптыр. Ошону ээрчип жүрөт, Египетке менин колдоом менен барып эс алып келишкен. Жүнү жок кузгун Лунаранын башын айландырып алыптыр.

– Ой байболгур! Силердин компанияңарда жалаң жырткыч куштар иштейби? Кузгундун аты барбы?

– Аты-жөнү Айбек Аматов, дырдай жылаңач баатыр. Үй-жай, унаа дегенден эч нерсеси жок. Лунарадай перини этияттап караңыз. Бул кузгун карындашыма эмнесин берип, эмне жакшылык кыла алмак дейсиз? Лунара бардар жашоого, кооз жашоого татыктуу. Эртең эле жетишпестиктин, түбүң түшкүр жокчулуктун айынан ажырашып, ажыраштты, эрден чыкты атка кабылат, – деп Лунарага күйүп-бышып жаткандай түр көрсөттү.

Сейилдеп сыртка чыккан Айбек менен Лунара кечки тамактануусун бүтүрүп, шаар багына келишти.

Отургучка бири-бирине жөлөнүп үн катпастан узак олтурушту. Ортодогу тынчтыкты Лунара бузду:

– Айбек, сен мени жакшы көрөсүңбү?

– Мен сени көргөн күндөн сүйөмүн. Бирок үйлөнөрүбүзгө көзүм жетпейт. Чындыкка, реалдуулукка жакын ой жүгүртүүбүз дурус го. Сенин атаң шаардын кожоюну, республика боюнча таразада ташы оор чиновник. Менин ата-энем жупуну мектеп му-

галимдери. Эгерде ата-энем жок, инилерим өзү менен өзү болгон турмуш болсо, Рим гладиаторлорундай мушташып, Француз рыцарларындай сен үчүн күрөшүп, керек болсо, уурдап алыс мамлекетке деле кетип калмакмын. Ата-энемдин, инилеримдин ишенген тирөөчү мен болсом, кантейин.

– Айбек, өзүң билгендей үйгө келген жуучулардын аягы үзүлбөйт. Бүт эле атамдын дос-жарларынын балдары, бирине дагы көңүлүм чаппайт. Ишканабызда дагы колумду сурап, кыйыр тиктегендер ошончо. Көңүл миңди, жүрөк бирди сүйөт дегени туура турбайбы. Сен кыжаалат болбо, мен атамды көндүрөм, макулдугун аламын.

– Таң ай, чырагым? – деп асмандагы Айды тиктеп, Лунараны бекем кучагына кысып, Айбектин жүрөгү бырчаланды. Аны кыйнаганы, Лунара курсагы ток үй-бүлөдө өсүп, өмүрүндө ач калуу, жетишпестик дегендер менен тааныш эмес эле. Кокустан кыйынчылык башка түшсө кандай кабыл алат деп ошол жагынан да эстүү бала түйшөлүп жатты.

Экөөнүн жашоосу эки түрдүү эле. Лунара жашоого кызгылтым көз айнектин призмасынан карап чоңойгон кыз. Анан калса, вице-мэр атасынын ага чыгууга уруксат берүүсүнөн шектенди. Эң талуу жери үй-бүлөсү. Эми там-туң бутка туруп келе жаткан үй-бүлө поездинин локомотиви Айбек, турмуш куруп кетсе булардын үй-бүлө жүгүн ким тартат? – деп бушайман.

Сейил бакта көзгө сайгыс караңгы түн киргенге чейин олтурушуп таращты.

Лунара Айбекти атасына Марат Ибраевичтин шыбап койгонун билбейт эле. Сүйүшкөндөрдүн күүсү менен келип атасынын жанына олтурду. – Айбек, турмушка чыгуу жөнүндө кеңеш сурады.

Мурас Аскарович Марат Ибраевичтин оозунан Айбектин үстүнөн куюлган акыр-чикирге иренжип турганга кесе сүйлөдү:

– Ал кузгунду жыйыштырып койгун, биздин үйдө экинчи анын атын укпайын. – деп кызына аркасын салып басып кетти.

Балконго чыгып тамекисин тартып маселе чечип көнүп калган жетекчи кызым бойго жетип калыптыр, турмушка бербесем болбойт деп тыянак чыгарды. Көп өтпөй Лунараны өз айланасындагыларга турмушка берди.

Арадан көп убакыт өтпөй Айбек дагы өзүнө төп келген кызга баш кошту.

Лунара бала-чакалуу болду, кызматында дагы ийгиликтер жаралды. Бир гана жери жүрөгүндө «кыздын сүйүүсү», «кыздын сыры» өзү менен өмүрүнүн аягына чейин өчпөй калды.

Бакыт чөйчөкчөсү толо болбойт дегени ушул тура.

## ЭПИЛОГ

Жашоо агымы дарыя сымал токтобостон кээде буркан-шаркан болуп таштан-ташка урунуп шар акса, кээде мелмилдеп токтоп тургандай сезилип жай агат экен. Шар аккан дарыянын үнү шарылдап, көбүк болуп, толуп-ташып шаркырап, үнү жагымдуу келип көзүңдү тойгозгону менен алдынан чыккан килейген таштарды, үйүлгөн тоодой кум-топуракты сапырып агымына чарпып агызып кетиши кеп эмес. Ал эми тамырлап калган дарыя жээгиндеги бак-дарак дарыя агымы канчалык күчтүү болбосун бадалдары сынса да турганы турган. Жай аккан дарыя бети мелмилдеп токтоп тургандай сезилгени менен анын алдыңкы агымдары эбегейсиз өтө бат жана чалды-куйду агып, ушул агымга тушуккандардын баарынын шаштысын алат.

Адамдардын жашоосу дагы куду ушундай, бирде шарактап толуп-ташса, бирде мемиреп жай агат. Шарактап акканда оңго-солго этибар кылып сарасеп салып байкаганга да үлгүрбөйсүң. Баягы шар аккан суу ойду-тоону омкоргондой жашоо айдыңында деле ошондой, алдыңдан чыккан түрдүү окуялар, кырдаалдар, кайталангыс мүмкүнчүлүктөр, сонун сунуштар, кең келечек, жаңы адамдар, тааныштар, окуу, үй-бүлө куруу мүмкүнчүлүгү, турмуштан ажырашуу, жумуш которуу, чоң проекттерди ишке ашыруу, жаңы кызматтар, жаңы идеяларды ишке ашыруу, бизнес чөйрөсүндөгү пайдасы көп ачылыштарды пайдаланбастан уруп-согуп, көз көрбөй, кулак укпай, жүрөк сезбей, акыл менен маани бербей шар агып кетет экенбиз.

Аны кийин жашоонун жай агымына тушукканда баягы жай аккан дарыянын алдыңкы чалды-куйду агымдарындай, ичиңе салып же курбу курдаштартарга кеп салып айтып каласың.

– Эх, баягы күндөр азыр болгондо, башкача чечим кабыл алып, момундай кылмакмын же ошол күндөрү азыркы акылым болсо тигиндей кылсам такыр башкача болмок экен, – деп айтуу ар бир башта бар экендиги талашсыз. Эгер башка бирөөгө ачык айтпаган болсо, өткөндү ичине салып ойлоп коюу бул ар бир адам баласына таандык “жарым бакыт” экен.

Геометрия фигурасындай болуп, “бакыт” эч качан тегерек болбойт тура. Болгону колубуздагы жарым бакытты өзүбүз байкабай, толук бакытка умтулганыбыз умтулган!

Мыктысынан мыктыны тандоо биздин акыл чөйчөкчөбүздүн кол жеткис көлөкөсү экен. Ал эрибес муз, толбос кампа тура.

Толук телегейи тегиз бакыт ошол геометрия фигурасында гана болот сыңары. Адам жашоосу, акылы биз ойлогондон миң эсе татаал, миң эсе түйшүктүү, миң эсе сырдуу келет. Анын түбүнө жетем деген бул – макулуктардын макулук ою.

Бир сөз менен айтканда, жарым бакытка кайыл болуп шүгүр кылып жашоо, муну адамзаттын адамы гана, жүрөгүндө сүйүү сезими, коркунуч сезими бар адам гана аңдай алат.

Түбөлүк бакыт жок, ар дайым бактылуу жашоо жок, болгону бактылуу көз ирмемдер бар. Ошол бактылуу көз ирмемдерди көз кайым калтырбай, убагында көңүл буруу кең пейил, шер жүрөк, март адамдарга таандык.

Бирок, эски-уску таарынычты көк мээге сактап алган таш-боор жүрөктөр ошол таарынычтын көлөкөсүнөн чыга албай эски өкүнүчтүн залакасын тартканы тарткан.

Дагы ошол бактылуу көз ирмемдерге көңүл бурууга, анын баркына жетүүгө биздин өзүбүздүн текеберчилигибиз чоң тоскоол кылат. “Ничё себе, бул менин деңгээлим эмес! Эл эмне дейт? Мен көңүл буруп койсом тиги шүмшүктүн алдында кичирейип калам да сыяктуу адамды ичинен жей турган ойлор адамды мите курттай кемирип жеп, өзүңө да билдирбей келечегиңди акырындап талкалаганы талкалаган.

Толук бакытка умтулуп, бирок “жарым бакытка" канимет кылайлы!

# АҢГЕМЕЛЕР

## АБОРТ. ТАРАНЧЫ БАЛДАР



Жаз. Бак-дарактар бүчүр ачып, теребел жашыл түстүү жуурkан жамынгандай сезилет. Абага жыпар жыт сээп койгондой мээ сергиткен жагымдуу жытка бөлөнгөн. Асман көкмөк, Күн батайын деп нурлары дарактардын жылчыгынан көздү уялтат. Арыктан шырылдап аккан суулар айланага мээлүүндүк берип, адамга куунак жашоо тартуулайт. Короодо жаш бала кумдан шаар куруп ойноп жатат. Анын жанында эки таранчы балапан баладан жатыркабастан чогуу шаар курууга жардам бергендей чыйпылыктап, чырпыктарды оозу менен тиштеп алып келип сайрап жатышат.

Бозой таранчы Чунак таранчыны карап,

Бозой: Чунак, тээтиги талдын башы чирип калыптыр, ошонун башынан чырпык алып келейли, бир тууган инибизге шаар курууга жардам берейли!

Чунак: Жарайт, Бозой, биз жардамдашпасак Кумар шаарын бүгүн бүтүрчүдөй эмес.

Бозой менен Чунак талдын башына учуп барышып чириген бутактарын тиштегилеген башка таранчыларды көрүштү.

Чунак: Кутман кеч, достор! Биздин бир тууганыбыз Кумар шаар куруп жатат, биз болсо кеч киргенге чейин бүтүрүшүп жиберейли деген аракеттебиз, а силер кандай максаттар менен?

Мунай: Менин болбой калган апамдын батиринде келемиштер көбөйүп, ошол үйдөгүлөрдүн ден-соолугуна оору жугузуп коюу коркунучун сактоо максатында келемиштер кирүүчү тешиктерге тоскоолдуктарды түзүү үчүн аракеттебиз.

Бозой: Чай уюштуруп берейли, дасторкон бизден, Ай жарыкта келгиле, Кумар бир тууганыбыз бизге кө-өп даамдарды берген, аны өзүбүз жей албайбыз, анан күн ысыкта айнып калат, келгиле күтөбүз.

Мунай: Рахмат достор, биз Шай таранчы экөөбүз келебиз.

Чунак: Кудай жалгасын, даамдар баарыбызга жетип ашат. Демек, Ай жарыкта көрүшөбүз, достор.

Кумар ушул үйдүн жапжалгыз баласы, үч жарым жашта. Эки таранчы менен күндө чогуу ойнойт. Шаар курушат, бузушат, ма-

шине жарыштырышат, гүл топтошот, кумурска ийинин казышат, ылай чачышып ойношот, кээде бадал арасында чогуу укташат. Кумар Бозой менен Чунак таранчыларга өзү жеген бардык даамдардан бөлүшөт.

Кеч кирди, мелүүн шамал бетиңди билинер-билинбес аймалайт, асман толо жылдыз, Чоң Жетиген, Кичине Жетиген, майдачоң жылдыздар асма шамдай жаркырайт. Ай төбөгө чыкканда таранчылар Бозой менен Чунактын дасторконуна топтолушту.

Бозой: Келгиле, достор! Даамдардан алгыла, силер кайдан адашып келдиңер, бул жактан мурда көрүнбөйт элеңер?

Шай: Биз шаардан келдик, шаар түтүн менен таштандыга толуп, келемиштер каптап кетти. Өзүбүз күч топтоп азыктанып, айылдын таза абасынан дем алганча чырпык терип кетейли дегенбиз. Сөзгө Чунак таранчы аралашты.

Чунак: Ии, шаар менен айылдын айырмасы кандай? Силер билесиңер да, мен шаарды ал түгүл көргөн эмесмин.

Мунай таранчы асмандагы жылдыздарды тиктеп:

Силердин жылдыздарыңар чо-оң-чоң экен, биздин жылдыздарыбыз майдаа-аа – майда! – деди таң калганын жашыра албай.

Бардыгы каткырып күлүштү, Мунай таранчы таарына кайталап:

– Ой чын айтам, биздин жылдыздарыбыз майда-а- майда, силердин жылдыздарыңар чо-оң – чо-оң экен! Таранчылар ичин тырмап жерге оонап кыткылактап күлүп жатышты. Күлкү азайганда, Мунай таранчынын таарынып, акырын ыйлап жатканы угулду, таранчылар күлкүнү токтотушту.

Бозой: Ой, сиңдим, сага эмне болду? Өзүң боорубузду эзип күлгүзүп коюп ыйлап жатасың.

Мунай: Силер кандай бактылуусуңар! Бир бир тууган Кумар деген иниңер бар экен, мен деген жалгызмын! Менин апам институтка окууга өткөн жылы боюна мен бүттүм. Атам экөө урушуп-талашып ооруканага алып барышты. Дарыгер кой десе болбой ага акча берип, жалынып ыйлап жатып аборт операциясын жасап, мени ичинен кескилеп алып салууга көндүрүштү. Андан кийин апамды темир креслого чыгарышты. Мен баарын көрүп

билип, апамдын ичин тепкилеп, жүрөгүн кысып оорутуп кыйкырдым. Апам укса да укмаксан болуп креслого чыкты. Дарыгер колуна бычакты алып мени кескилейин деп сайганда жатындын оң жагына качтым, сол жагына качтым, артымдан догдурдун бычагы кубалап айламды кетирип, акыры жүрөгүмө бычак сайылды, мен бакырып: «Апаа, апа!» деп жан берип жаттым. Апам мени менен кошо өзүнүн апасын «апалады». Андан ары менин жаным көтөрүлүп, таранчынын жанына кирди. Таранчы болуп терезеге конуп карап турсам, менин өлүк денемди бырчалап майдалап кесип, эски темир тепшиге кан аралаш төгүп салышты. Пол жуугуч аял менин майдаланган денемди кытайдын пакетине салды эле жарым килограмм эттей сыяктанды. Ошол пакетти сыртта турган атама берди, – деп озоңдоп ыйлап жиберди Мунай таранчы.

Чунак таранчы чыдабай: Ыйлабачы Мунай, андан кийин эмне болду?

Мунай таранчы көз жашын мөндүрдөй жаадырып ыйлай сөзүн улады:

– Пол жуугуч эже атама кытай пакетиндеги менин бырчаланган денемди берип жатып "жакын жерде мүрзө бар. Ал жерде Кушбак аксакалга кичине пул берсеңиз, жай казып берет, балаңызды жерге берип коюңуз" деп суранды. Атам болсо эшикке чыгып менин денемди жерге бербестен оорукананын жанындагы чоң аңгел чуңкурга ыргытты. Аңгал ичинде мага окшогон аборт болгон дагы төрт-беш ымыркай бырчаланып жатат. Көп өтпөй кан жыттанган капкара мышыктар келип пакетти тытып мени бырсылдатып жеп салышты. Апам болсо эси ооп керебетте жаткан болчу. Менин этим кара мышыктын курсагына кирген маалда уктап жаткан апамдын түшүнө аян берип, кара мышыктар апамды тиштеп, чогуусу менен талап кириштИ. Чочуп бакырык менен апам ойгонуп ыйлап кирди. Ошол кезде медайым чуркап келип: “Эмне болду сизге?” деп алсыз жаткан апамдан сурап калды. Апам болсо терезеден аңгелди тиктеп: “Ошол жактан кара мышыктар келип, мени талап кетишти. Ал жак эмне?” деп медайымдан сурады эле: “Ал чуңкурга аборт болгон балдардын таштандысы ыргытылат. Өлүк балдарды жолбун мышыктар жем

кылып, жеп жок кылышат", дегенде байкуш апам өксүп ыйлап, мени жоктоп шолоктоп керээли-кечке көз жашын көл кылды", деп өңгүрөп ыйлап жатты Мунай таранчы. Сөзгө Бозой таранчы аралашты,

Бозой: Атаң менен апаңдын тагдырлары кандай болду?

Мунай: Апам үч жолу эрге тийип, тун баласын алдыргандыктан балалуу болбоду, багы ачылбады. Атам трактор айдап баратып авария болуп, эки буту сынып, белин жанчып алган. Үйлөнүп ажырашкан, карыган атасынын пенсиясы менен жашайт, ал дагы балалуу болбоду.

Мунай: Бозой өзүң кантип таранчыга айландың?

Бозой: Кумар, мен, Чунак үчөөбүз бир тууганбыз.

Эң чоңу мен, менден кийин Кумар, анан Чунак. Атам менен апамдын тун кызы болом. Атам уулду жакшы көрөт. Экөө үйлөнүшүп, мен апамдын боюна болгондо «УЗИ» аппаратына көрүнүшкөн. Дарыгер мына балаңыз, жүрөгүнүн согушу жакшы, ден-соолугу да жакшы, наристелүү болосуңар, "сүйүнчү" десе, атам: "Кызбы же уулбу" деп сурады. Дарыгер "кыз экен" десе ал мени чанып, аборт кылып салыңыз деди. Уулуу укол сайдырабыз, кийин сордуруп алып коёбуз, айы аз экен деген, – негедир дарыгер аялдын өзүнүн кызыкчылыгы бардай сезилди. Мен болгон аракетим менен апамдын жатынын катуу мыкчыдым эле, апам: "ичим тырышып, жатыным сыздатып ооруп жатат, алдырбай эле коёлучу" деди атама. Атам анда: "Мен башкага үйлөнөм, ал уул тууп берет," деп коркутуп апамды көндүрдү. Апам менин жашоом үчүн күрөшпөдү, мени өлтүрүү процедурасы башталды. Качып кетейин дейм, жатын туюк, болгон абалды көзүм көрүп, кулагым угуп, жүрөгүм сезип турду. Дарыгер уу аралашкан суюктукту уколго куюп, апамдын колундагы жоон венасына ийне сайып, канына уулуу суюк затты киргизди. Уулуу суюктук кан менен апамдын жүрөгүнө келгенде күчүмдүн болушунча бир туйладым, апамдын жүрөгүн зырп эткиздим, ал жүрөгү жана жатыны ооруса да чыдап жатат. Уулуу суюктук жүрөгүнөн өтүп ашказанга келди, дагы жанталаштым, апам оң колу менен ашказанын кармады, андан өтүп эки бөйрөккө кел-

генде акыркы күчүм менен бир силкиндим. Апам эки колу менен белин кучактай жаны көзүнө көрүнө түштү. Бөйрөктөр мага жардам кылып уулуу суюктуктун жарым-жартылайын өздөрүнө сиңирип алышты. Ажалдуу суюктук боорго жеткенде үнүмдүн жетишинче «Ата-а!» деп бакырдым, анын эки кулагы тунжурай түшүп, эшикке чыгып дүкөнгө кирип кырдуу стаканга эки жүз грамм аракты толтуруп, менин үнүмдү ачуу арак менен басырып жиберди. Боор өзү өтө чыдамкай жана боорукер орган экен, уулуу суюктуктун жарымын тазалап, жарымы кан менен жатынга келип, менин каныма кирди. Заматта тыбырчылап жүрөгүм токтоду. Мен денемден бошонуп таранчыга айландым. Менин өлүк суюк затымды укол менен сордуруп алышып фармацевттерге сатып жиберишти, – деп Бозой таранчы көзүнө жаш алды.

Чунак: Бозойдон кийин Жаратkандын боору оорудубу, алардын тилеги аткарылып Кумарды берди. Ал эки жашка чыкканда мен пайда болдум. Атам менен апам аябай сүйүнүштү. Үч айлык болуп апамдын карынынан азыктанып, деним сак чоңоюп жаткан кезде атам апамды ээрчитип “УЗИ” аппаратына көргөзгөнү алып барды. Дарыгер колундагы аппаратын апамдын ичине коюп текшерип, “буюрса кыздуу болот экенсиздер” деп сүйүнүчүн жашырбады. Менин эркек бала экенимди догдур байкабай адашып калды. Өткөн айда чалкамдан жатканда, «чочом» даана көрүнмөк, бул айда көмкөрөмөн жатып арт жагыман текшерип, кыздуу болосуңар деп сүйүнчүлөдү. Мен үнүмдүн болушунча: “Апа-а, ата-а, мен эркек баламын” деп бакырдым. Апамдын жүрөгүнө ошол сөзүм жетти. Апам: «Ай, Артур, уул болуп жүрбөсүн, мен сезип жатам, бул уул бала” десе, атам: «Атаңдын башына уул, кыз деп аппарат айтып жатпайбы, алдыр! Алдырып сал муну,” деп эч кебелбестен айтты. “Апа, апо-ов, мени сактап калыңыз,” деп апамдын кулагына шыбырайм (катуу сүйлөй албаймын да). Атам менен апам бир жума эс алышып кайрадан ооруканага жөнөштү. Апамды креслого чыгарышып, ага укол сайышып, бычак мени көздөй жөнөп, менин ооз-мурдумду, көзүмдү, кулагымды сайып кескиледи, анан колу-бутумду кескилеп жиликтеп салды. Жан бердим, майдаланган денемди атам көрүстөнгө жетпей,

ооруканадагы чоң жаңгактын түбүн казып, кепиндебей эле пакет боюнча көмүп салды. Ошондон кийин атам жыныстык жагынан рак оорусуна чалдыккан. Балалуу болмок турсун өткөндө ооруканага барса, ашып кетсе бир жарым жылдык өмүрү калыптыр дептир. Мен атама капа болбоймун, атам жашаарын жашады, Кумар акемди ойлойм, атасыз кантип чоңойот, – деп Чунак таранчы оор үшкүрүндү.

Шай таранчы асманды тиктеп: «чирк-чрик» деп бир сайрап алып сөзүн баштады.

Шай: Менин апам соода кылып Алматы шаарында жүрүп, жаштык-мастыктын шарапаты менен мен пайда болуп калдым. Атам биринчи укканда: "Үйлөнөбүз, баланы жакшы көтөрүп чоңойто бер" деп апама каралашып жүрдү. Анан эле эмне болду, бир күнү апама келип: "Мен сага үйлөнө албайм, боюңдагы бала меники эмес," деп жүзүн үйрүп, куйругун түйүп Сибирди көздөй качты. Ачууга алдырган апам дарыканага барып көп дары алып, бир ууч дарыны ичип жиберди. Өзү зорго адам болуп, мен болсо дарынын уусуна ууланып, апамдын боюнан түшүп калдым. Өлүк дене деп моргго суук жерге коюшту, андан ары отко салып күйгүзүп, күлүн таштандыга таштап салышты. Атам Сибирде поездге бутун алдырып коляска менен жүрөт. Апам Алматыда жиндиканада жатат. Жаткан жайынын терезесин темир тор менен бекиткен. Палатасынын терезесине конгондо биздин чымчык тилин түшүнүп сүйлөшөт, арман кылып өкүнгөнүн айтат, деп Шай таранчынын үнү басайыңкы болуп калды. Таранчы балдар бири-биринин окуяларын угуп жымжырттыкка батышты. Андан соң асмандагы Айга, жайнаган жылдыздарды көздөй учуп барышты.

# ЖАШОО – БӨЙРӨК

Асан менен Айнура эки уул, бир кыздуу болуп бактылуу өмүр сүрүүдө. Чоң уулу Амир студент, кийинки уулу Эртабылды мектеп окуучусу. Кенжетай кызы Арууке бир жарым жашта, эне сүтүнөн эми эле чыгып там-туң баскан ширин кези. Арууке түрдүү сөздөрдү айтса, агалары менин атымды айтты деп талашып жакшы көрүшөт. Асан менен Айнура да эки уулу чоңоюп, бойго жеткен маалда бала жытын сагынып, кызды күсөп жүрүшкөн. Кыз ата-энеге күйүмдүү келет дешип, жаштары кырктын кырына чыкканда көксөгөндөрү орундалып, бардыгы үйдүн эркеси Арууке менен алек. Арууке жарык дүйнөгө келгенден бери үй-бүлөлүк аркы-терки эр менен аялдын ортосундагы талаш-тартыштар дароо токтоду. Асан акыркы кезде ичимдикти көбүрөөк ичип, ошонун айынан үйдө уруш-талаш көбөйүп, уулдары менен да мурдагыдай болбой, алар менен да мамилеси сууп бараткан болчу. Арактын азабынан Айнураны кокус-мокус кылып, колу тийген учурлар өөн учурабай калды. Андай кырдаалдарда ортого Амир менен Эртабылды түшөт, аларды деле көзгө илбей ызырынып, бир касташкан душманын көргөндөй Айнураны көздөй асылат.

Мурда Асандын оозунан Айнуранын дарегине: «Алтыным, жаным, менин балдарымын апасы, биздин үйдүн куту» жана ушундай толгон токой эркелетүүлөр багышталар эле. Эми болсо ичине жинди суу киргенден кийин: «Скейн, энеңди урайын, акмак, геңгирбаш», аталып, ыплас сөздөр менен жаадырып пуле-

мет огундай аткылайт. Айнура бой кезде аркасынан бир короо койдой болуп бойдок балдар чуркачу. Шаардын менмин деген жигиттери Айнураны талашып, эрежесиз эр уруштар болуп, кыйласынын башы-көзү көгөргөн. Кыйласынын ичинде айтылбаган арзуулары калып кетти. Ошолордун арасында Асан шамдагай, дене келбети байыркы грек эстеликтериндегидей булчуңдары рельеф болуп, чачы кыска тармал, оор-басырыктуу, токтоолугу, менен Айнураны кыйласынан тартып алган. Ал келбетти түгөнгөн арак сугунуп жутуп жок кылды. Азыркы Асан тарбайган тарамыш, ак жүзү аракка күйүп, көмүрдөй капкара болуп калган.

Айнуранын Асанга токтолгон себеби бар болчу. Айнура менен Асандын анда бой кези, экөө жетелешип айланышып, кафеге киришет. Асан ажатканага чыгып кайра кафеге кирсе, төрт мас жигит Айнурага тийишип, колунан кармалап, балит сөздөр менен асылып жатышкан болот. Кызганычтын жана ачуунун күчү менен төртөөнү төрт тарапка ыргытып, аркаларынан кубалап жүрүп токмоктогон. Акелетип төрт шүмшүктү Айнуранын алдына тизе чөгөлөтүп, кечирим сураткан. Ошондо, андан бетер Асанга берилип, арзуусу артып, Айнуранын фантазиясында Асанды "Манас" эпосундагы анын ишенген досу Алманбет, чоролору Сыргак менен Чубактай элестеткен эле. Алар Манас менен өмүрүнүн аягына чейин бирге болушкан. Асан дагы мени менен түбөлүк бирге болот кыялында Асан менин тирөөчүм дечү.

Айнуранын ата-энеси бири врач, бири мугалим, интеллигент үй-бүлө. Асан болсо аты чыккан көчө баласы. Экөөнүн баш кошуусуна Айнуранын ата-энеси оңой-олтоң ынабады. Асан Айнурага жетүү үчүн бардык амалдарды кылды. Эми болсо Айнуранын ата-энеси күчтөн тайып, жаштары өйдөлөп, пенсионер болуп калышты. Экөөнүн турмушун билишет, Асан бир күнү токтонот, акыл-эске келет деп үмүттөрүн үзүшпөдү. Ошол үмүт орундалды. Арууке өзү жарык дүйнөгө келип, өзү менен кошо үй-бүлөгө бакыт, тынчтык жана дөөлөттү кошо ээрчитип келди. Асандын ырыскы табышы да мурункудан көбөйдү. Баягы эски арам досу «аракбайды», мээсиндеги архивге салып кулпулап койду, аны менен кол үздү. Өң-келбети агарып, салмак кошуп, баягы Айнура

сүйгөн грек гладиаторунун келбетине кайрадан келди. Мээсинен шайтандын шапалагы чыгып, кайрадан токтоо, сыпайы, балдарына жана аялына мээримдүү ата болуп калды. Айнураны мурдагыдай кекетпей, артынан кубалап жүрүп жанды кейиткен, жүрөгүн ооруткан жаман сөздөрүн айтканын токтотту. Айнуранын ата-энесине асылганы да калды. «Бакыт – тынчтыкты сүйөт» дегендей оңбогон арак үйдүн босогосун аттаганга чейин болгон бул бактылуу жана үлгүлүү үй-бүлө кайра мурдагы калыбына келе баштаган.

Асан кичинекей Аруукени эркелетип отурган, Айнура алардын жанына басып келип: “эки ныптам тартышып катуу ооруп жатат” деп арызданды. Аруукени уулдарына калтырышып, экөө ооруканага барышты. Анализге деп кичи саарасын, кан тапшырды. “УЗИ” аппараты жана башка балакет аппараттарга жаткыра салып текшерип жатышты. Оңбогон дарт Айнурага жармашты. Эки бөйрөгү иштен чыгыптыр деген өтө коркунучтуу «диагноз» коюлду. Айнуранын эки бөйрөгү катуу ооруп калды. Дарылаган дарыгери Мирлан Осмонович экөөнү каанасына алып кирип, коюлган диагнозду айтып, себептерин тактаганга аракет кылды. Экөөлөп аны-муну айтышты. Дарыгер Айнураны угуп отуруп, дарыгерлердин калпыстыгы болгон турбайбы деди.

Көрсө, Арууке төрөлгөндө, жатындан көп кан кетип калат. Канды токтотобуз деп дарыгерлер белди айлантып муз басышат. Белгиленген убактысы он беш мүнөт делгени менен дарыгерлердин, мээрбан эжелердин жумушунун көптүгүбү, кыскасы, музга бели оролуп бир сааттай жатып калат. Ошол муздан эки бөйрөккө суук болуп тийип, такыр иштен чыгарып салыптыр.

Эми моминтип Айнура жумасына үч жолу гемодиализ алат. Анын бир жолку акысы беш миң сом. Мамлекет тарабынан бекер алгандар бар экен, ага жылдап кезек күткөндөр толтура.

Ошентип, эми эле үйдө тынччылык өкүм сүрө баштаганда балакет оору Асан менен Айнураны кайгыга салды. Балдары жаштык кылып бул дартка анча маани беришпей, апасы жөн эле жеңил-желпи ооруп калгандай түрдө. Асан менен Айнуранын ата-энеси, туугандар, достору, жакын санаалаштары жапа тырмак ушул жумага биз, кийинки жумага силер, аркы жумага алар,

төртүнчү жумага Асан гемодиализдин акчасын төлөйт деп бөлүп алышкан.

Асан Айнуранын жанынан чыкпайт, ооруканага киргизип коюп ойлонот: «Эси жок, Асан, Айнуранын ден-соолугу таза кабыландай соо кезинде эч көңүл бурбадым, жакшылап эр менен аялдай жашай албадым. Тапкан досум арак, масчылык, билярд, сауна болду. Айнураны, Кудай берген балдарымды жакшы аздектей албадым. Миң жыл жашай тургансып алтын убакытты текке кетирипмин», деп кеч болсо да эсине келди.

Бир күнү Мирлан Осмонович Асанды ооруканага чакырып, ага кайрылды.

– Айнура гемодиализди эми көтөрө албай, кабыл албай калды, акыбалы оорлошууда.

– Мирлан Осмонович, эмне кылса болот? Кандай айласы бар? Ушинтип эле Айнураны өлүмгө берип коёбузбу? Мен аягына чейин күрөшөмүн, кандай жолдор, кандай мүмкүнчүлүктөр бар?

– Бөйрөккө донор табуу керек. Айнуранын болбоду дегенде бир бөйрөгүн алмаштырсак кулан дан соо болушуна мүмкүнчүлүк түзүлөт. Бирок дүйнө базарында бөйрөктүн баасы 300миң АКШ доллары, кыргыз сомуна 20миллион сомду чапчыйт. Бөйрөккө донор табылгандан кийин аны азыр Кыргызстандын ооруканалары, жеке медициналык борборлор операция жасай алышпайт. Ал бөйрөктү трансплантация же алмаштыруу операциясын чет мамлекеттерде жасашат. Бизге жакынырак Турция, Индия жана Пакистан. Операция кызмат акысы Турцияда 30 миң доллар, Индияда 20 миң, Пакистанда 10 миң долларды түзөт, ойлонуп жообун айтыңыз.

– Мирлан Осмонович, бул ойлоно турган иш эмес. Мен донор болууга макулмун. Операция акысына акчаны эл бар, журт бар, Айнура аман калса болду, – деп пайда болгон үмүткө сүйүндү.

Эртеси Асан анализдерди тапшырып, текшерүүдөн өттү. Сүйүндүргөнү дарыгерлердин тыянагы боюнча Асандын бөйрөгү Айнурага туура келе турган болду. Асан минген унаасын, Айнуранын тагынчактарын сатты. Калган акчаны дос, туугандан топтоп, Айнура экөө Индияга учушту.

Индия. Нью-Дели шаары. Жеке медициналык борбор. Бөйрөк алмаштыруу операция бүткөн. Эки палатада Асан менен Айнура бөлөк жатат. Сыртта Айнуранын атасы Амат аксакал менен бирге Асандын апасы Буайша байбиче Кудайдан экөөнүн амандыгын тилеп олтурушат.

Арадан эки ай өттү. Талас шаары. Кычыраган кыш. Термометр сырттагы аба-ырайын –20Cº деп көргөзүп турат. Асмандан себелеген аппак кар Талас шаарына кар менен бирге аппак бакыт себелегендей сезилип, теребел жымжырттыкка бөлөнгөн. Асандын үйү. Айнура менен Асан турмуш, көр тиричилик деп сөз талашып жатышат.

– Асан, биздин аяштарыбызды карасаң, аялдарына кымбат баалуу тон алып беришиптир. Самара норка шуба кийип жүрөт, 3 миң доллар экен, Соня писец жакалуу тон кийип алыптыр, 50 миң сом дейт, Марал булгаары тон кийип алыптыр, 30 миңге күйөөсү алып бериптир. Мени карасаң, баягы экөөбүз үйлөнгөндөгү апамдар алып берген эскилиги жеткен, өңү өчкөн эски тонду кийип жүрөм.

– Ээх жаным! Койчу, алардын тону, норка шубалары болгону 3 миң доллар экен. Чырагым, мен сага 300 миң долларлык бөйрөгүмдү бергенмин, – деп Асан мыйыгынан жылмайды. Айнура тултуюп таарына түштү. Асан ойлоно:»Ээх жашоо... Өмүр түгөнбөй тургансып, өзүбүз өлбөй тургансып, аз күнчөлүк өмүрдө бири-бирибизди баалабай, барктабай качан ооруп-сырқаганда же адам өлгөндөн кийин эстелик коюп, аш берип эстеп калат экенбиз.

Дүйнөдө эң кымбат адам экен. Адамдын жаны темирден катуу болгону менен, бирок көңүлү абадан жеңил, гүлдөн да назик болот турбайбы. Ошондуктан, үй-бүлө, дос-тууган, колу-коңшу менен жакшы мамиледе жашасак, – деп ойго батты.

# АРАК



Мен арак менен бала кезимден тааныштым. Ал кезде үйгө байма-бай каттаган адамдардын аягы үзүлбөйт. Атам СССР маалындагы Кыргыз ССРнин белдүү районунда аткаруу комитетинин төрагасы. Коноктордун буту үзүлбөй, казан саардан кечке кайнайт эле. Союш тооктой союлуп, эт муздаткычка батпай калганда кийим илчү арканга кыпчыгыч менен кыпчытып илип койчубуз. Кызмат кылган агаларга аралашып жүрүп, кой союп, жиликтешти үйрөнүп алдым. Конок бөлмөдөгү үстөлдүн үстү аракка жайнайт. Атам достору менен арακты ичип жатса, пайдалуу нерсе го деп биринчи жолу ашып-ташып калгандарынан ооз тийдим. Башым тегеренип, көңүлүм айланып, окшуп кустум. Ошол ошол болду, ошондон бери арακты оозума албадым. Союш союшам, коноκторго чай ташыйм, устукандарын салып берем, койдун башын куйкалап, өзүмө тиешелүү иштердин баарын аткарам. Аракты айланып өтчү болдум, андан бала кезимден көөнүм көк таштай калды.

Андан соң бойго жетип, мектептин жогорку класстарында окуп жүргөн кезде классташтар вино ичимиш болушат. Аны деле татып көрбөдүм. Баягы бала кезде көңүл калып, иренжип калганга ага да түк жакындабайм.

Мектепти бүтүп, институтка өтүп, аны ийгиликтүү аяктап атамдын кадыры менен оңой эле жумуш таап, ишке орноштум. Жумуш маалында, жумуштан кийин арак ичишет, таң эрте баштагандары да бар. Ошолорду көрүп таңыркайм. Кантип алтындай убактыларын, арчадай жаштыгын, сак денесин ушул көңүлдү айланткан, окшутуп кустурган нерсе менен азыктандырышат деп башым маң. Суроом бар, жооп жок.

Кесиптештерим мени чакырышат, мен көнбөймүн, ал гана эмес спорт менен да алектенип алганмын. Ошентип күндөр өтүп жатты. Мен жумуш, иш үй-бүлө, спорт менен алекмин, кесиптештерим баягы эле режим менен. Помидор ширеси, бадыраң жеп эрте менен, түшкү тамак алдында жүздөн урушат. Кечиндеси бири-бирин аңдып узатымыш болуп, арактан суу ичкендей шимирип жутушат.

Мен дагы дале арактан алысмын. Ичмек түгүл жытын жыттаганда көңүлүм айланат. Спорт менен машыккандан кийин ушул эмгегим бекер кетпесин деп ойлойм. Эмгегим текке кетпеди, арык жигит болчумун, спорттун жемиши менен эки жылда далыларым кеңейип, көкүрөгүм көтөрүлүп, жирафтыкындай арык ичке мойнум бир аз жооноруп, кол булчуңдарым эт алып, кийим жарашып калды.

Ошол күндөрү кийим алмаштыруучу жайда балдар отурганбыз. Аңгыча машыктыруучубуз келип калды. Душка түшүп, сүлгү менен денелерибизди сүртүп, кургатып жатканбыз.  Ошол маалда балдардын бирөөсү:

– Агай, ичимдик ичүүгө болобу? – дебеспи. Машыктыруучу:

– Арак түк болбойт, бирок өтө чарчап-чаалыгып калсаңар иводон ашып кетсе бир-эки кружка ичсеңер болот, – деди. Балдар чурулдап кийим алмаштыруучу жайдан чыгып жаныбыздагы кафеге кирип, бирден пиво алып отурабыз. Биринчи ууртаганда кычкыл, муздак неме экен, чыны жарымындай ууртап ийипмин. Бир аз отурганда ичим жибип, көзүм бошошуп, өзүм шалдайып, агай айткандай чарчаган чыңалуу кетти. Анан күн алыс машыгуудан чыкканда балдар болуп бир кружкадан пиво ууртап коюп жүрдүк.  Кийинчээрек бир чыныга канааттанбай, экиден урчу болуп калдык.

Ишимде өзгөрүүлөр болду, өзүм иштеген жерге шаардык башкармалыкка мүдүр кылып дайындашты. Саартан баштап кечке арак иччү кесиптештер бөтөлкөлөрүн көтөрүп кирип жатышты.

– А-а, Таке, эми  жүздөн урбасак, ордуңузду майлабасак болбойт! – болуп, токтой албай, кечке арактан бастырыппыз. Тосттор, каалоо-тилектер менин дарегиме айтылып жатты: “Сиздин ден соолугуңуз үчүн! Үстөлүңүз майлуу-сүттүү болсун! Кийинки тепкич министр болуңуз! – болуп отуруп эртеси ишке чыкпай калдым.

Эрте менен көзүмдү ачсам башым меники эмес башканыкы, сүйрү башым тегерек болуп калыптыр, көңүлүмдүн айланганын айт. Кулагыма каяктагы мелодиялар угулуп, ашказаным таштан-

дыдагы икир-чикирге толгондой оозуман сасык жыт урат. Аялым кордо асып койгон экен, ошонун суусунан эле ичем, башка нерсеге табитим эч тартпайт. Ичегилерим какшап суусайм, бир чөмүч суу ууртайм,  ашказаныма жетип-жетпей эле оозумдан атырылып окшуп кусам, аялым, балдарым баштарын чайкайт. Унитазды кучактаган абалда сары-жашыл түстүү даамы ачык зил суюктугу ашказанымдан кекиртегиме жабышкан абалда араң чыкты, ошондон кийин бешенем тердеп бир аз көңүлүм ачылды. Түштөн кийин уялганымдан ишке чыктым. Иште отуруп, катчы кыз чай алып кирген, ошондон эки чыны ичкенмин, колумдагы кызматкерлер кагаздарга кол койдурабыз деп кирип калган кез, баягы чай оозуман фонтан болуп атылды. Таштанды салчу челекке башымды тыгып, окшуп отуруп калдым.

– "Шеф, шеф», – дешип баягы бөтөлкөлөштөрүм кирип келип, эки жүз граммдык ыстаканга толо арактры куюп: – Шеф, мурдуңузду колуңуз менен жаап, өзүңүздү кыстап тартып ийиңиз, – дешти. Арактры тиктегенде окшуйм, акыры көндүрүштү. Тартып ийип өзүмдү пайлап отуруп калдым. Качан кусуп ийем деп чочулайм. Жанагы сары-жашыл түстүү суюк кусундуну эстегенде жүрөгүм титирейт. Бирок бешенем тердеп, көңүлүм ачылып калды эле, баягы кесиптештерим бадыраңдын туздуу суусун куюп:

– Шеф, эми мынаны уурттаңыз, – дешти. Ууртамак түгүл шимирип, түгөтүп ичип салдым. Ошентип, баягылар менен бөтөлкөлөш дос болуп кеттим. Шаардын кайсы жеринде эң мыкты пиво, кайсы жерлерде таза арак сатылат, кайсыл арактын спирти таза экендигин жаттап алдым. Арактын аталыштарын да билип бүттүм.

Ишкана отуруштары, туулган күн, той, пятница-питница экенин үйрөтүштү. Ошентип, арак менин жашоомдун негизи болуп калды.

Ошондой отуруштардын эртеси бөтөлкөлөш кесиптештерим менен эрте менен баш жазды кылып, иш баштабай туруп жүздөн урабыз. Оозубуздун шилекейин аарчып, ишти мас абалда баштайбыз. Байкасам акыркы убактарда ичпеген күн калбаптыр. Алгач майрамдарда эмес маарекелерде, дем алыш, даталуу күндөрү ичсек, кийинчерээк арак ичүүнү ар күнү салтка айландырып алдык.

Көбүрөөк ичкен күндөрдүн эртеси ишке чыкпай чайкана же саунага жатып алмайга өттүм. Шоопурум маанилүү кагаздарды алып келет, ал кагаздарды окуп-окубай кол коймой. Ошентип жүрүп «ичкич» аттууларга мен да кирип, бул илдет экенин мурда аңдабай жүрсөм, эми моюнга алууга туура келди.

Министрдин орун басары менин орун басарыма чалып, эси барда этегин жаап, ишти улантсынга чейин жетип калдык.

Анан асма укол алганга өттүм. Көп күн катар ичип, өзүмдү билбей калчу болдум. Асма укол сайып, канымды арактан тазалашат. Көзүмө арбактар, өтүп кеткен тууган, досторум көрүнө баштады. Кечээ түнү башым ооруп туалетте отуруп башымы көтөрсөм, эшик алдында өтүп кеткен атам менен апам баш чайкагылап турушат. Коркуп кетип, эми мындан арылбасам болбос деген ички күрөш арак менен алышайын дейт же ага алы жетпейт, себеби атың өчкүр аракка толук көз каранды болуп калганым болду.

Мурдагы келбеттен эч нерсе калбады. Адамдык касиеттин баарын арак жутуп алды. Арак ичкен күндөрдүн эртеси мончо, саунага баруу модага айланды. Шаардагы кайсы жерде кандай мончо, кандай сауна бар билип бүттүм. Элдер парга түшкөнү жуунганы, эс алганы барышса, биз арак ичкени барабыз. Чечинип шейшеп оронуп алып арак сатчу күркөсүнө барабыз, аракты алабыз ошону менен парга кирип-чыгып, бака-шака болуп, мас болуп кирип, кайра ошол мас абалда үйгө кайтабыз.

Бара-бара бир жума, он күн катары баш көтөрбөй, тамак ичпей аракты ашата ичип, жумушка чыкпай койгонго өтүп алдым. Үй-бүлө, бала-чака, дос-тууган унутта калды.

Бир күнү ээлеген кызматымдан бошотушту. Аялым өчөшүп бала-чаканы алып кайын журтка кетип калды.

Кесиптеш бөтөлкөлөштөр бир айдай каттап, арак алып берип жүрүп жадашты окшойт, үйгө келбей калышты. Баягы башкармалыктын мүдүрү болуп турганда жакшы имам молдо акелер менен сыйлашып, аш жеп, анча-мынча мечитке кирип намаз окуп койчубуз.

Ичкич болуп үйдө жалгыз жашоодогу абалда эрте менен чай ичпей арак издесем, үйдө жок, калбаптыр. Мурун, кийин алып келгендер ичилип түгөнүптүр.

Жакшы булгаары курткам бар эле ошону көтөрүп, жакын жердеги дүкөнгө жетип, куюп саткан аракка барымтага таштайм деп турсам молдоке дүкөн ичинде экен, биздин сөздү угуп калып мени таанып, бери көздөй жөнөдү. Уялганымдан дүкөндөн качып чыгып, үй айланып жөнөдүм. Эми жерге кирип эле кеттим, ойлоп көрсөм кичине уятым дагы калыптыр.

Анан тар жолго салып үй айланып, имам молдокеден качып келатсам, бомждор арак ичип олтурушуптур. Башым сынып эле калайын деп ооруп жатканга уят-сыйытты жыйыштырып:

– Туугандар, жүздү куйгула, – десем мени карап таң калышты, кийим-кечек таза, кебете-кешпирим, аракка боёлгон кызыл көзүм менен оозумдан урган жийиркеничтүү жыт гана «ичкич» экенимди билдирип койду. Ыстакан толтура куюшту, шашып көтөрүп ичип бүтүп, өхүлдөп отуруп калдым. Башымдын ооруганы лезвия менен чач алгандай басылды. Анан үйдөгү баалуу идиш-аяк, эмеректер, колго тийгенин аракка алмаштырып, бомждор менен дос болуп кеттим. Алардан айырмам анча-мынча үйдө уктамай болуп калды. Ошондой бомж жашоом кайын журтка жетип, сотко чакыруу келди. Соттун чечими бат чыгып үй-мүлк экиге бөлүндү. Батиримди сатып, жарым акчасын аялым алып жок болду. Калган жарым акчам, эмне болду билбейм? Ичип-чычып, сапырып жок кылдым.

Арак деп кеңкейип жүрүп бардыгынан айрылдым. Арактын азабыбы, бомж жашоонун образыбы, айтор, эки бомж кыштан чыкпай өлүп калды. Жакында жаныбыздагы Маруся деген бомж келин акыркы эки айда аябай арыктап кетти. Ашказанын кармап ыйлагандан ооруканага көргөзсөк рак болуптур дегенде селдейип катып калдык.

Эми бул аты жаман арак адамды жейт экен, үй-бүлөнү бузат экен. Акырындап барып ашказан, боорду чиритип цирроз, рак кылып өлтүрүп жок кылып тындырат экен. Эми менин жашоомдо арак кана калды, эми же ал мени жейт же мен аракты ичпей токтото аламбы, билбейм?

Баягы бөтөлкөлөш кесиптештерим аракты деле ичип, иштеп деле жүрүшөт. Мага окшогондор "бөтөш" менен боордош болуп, анын түбүнө жетем деп жүрүп, түбүнө түшүп калганымды сезбей калыпмын. Ошентип, көчөдө калдым, үйдүн акчасын Маруся экөөбүз ичип жок кылдык окшойт, аныгын да биле албаймын.

Маруся арактын азабынан рак болуп өлдү, аны өз колум менен узаттым. Жүрөгүм ачышып ыйладым, Марусядан айрылдык. Арак деп жүрүп ким элем, ким болдум?

Көчө безип, дүкөндөрдү сагалап калдым. 100 грамм арактын кулуна айландым. 100 грамм арак мүрөк сууга айланды. Бир күнү дүкөнгө келсем ачыла элек экен, күтүп отурсам баягы имам алдыман чыкты. Качканга кеч болуп калды, мени тааныбай өтүп кетсе экен деп жер карап уялам. Антпеди, жаныма басып келип:

– Жүрүңүз, тамак берейин, курсагыңыз ач болсо керек, – деди. Мен оюмда дават айтып, уялтып, насаат айтат деген жаным жакшы сөздү укканга кулакка жагып, ээрчип жөнөдүм. Мечитке киргенде:

– Жүрүңүз, – деп сылык сүйлөп дааратканга киргизди.

– Чечинип, жуунуңуз, – деди. Аристондо ысык суу бар экен, жуундум. Отургузуп сакал-мурутумду алды, жаш баланы карагандай карап, кийинейин десем:

– Туруп туруңуз, – деп менин эскилиги жеткен кийимдеримди алып чыгып, башта кийилген, бирок таза кийим алып кирди. Аны кийип сыртка чыктык, мечиттин ашканасына алып кирип тамак берди. Анан мечитке алып кирип:

– Балдарга жардам берип коюңуз, – деп оозумду ачырды. Намаз оку, а-бу дей бекен десем, антпестен медреседеги балдар менен мечиттин атрабын шыпырдык. Кечке оюмдан арак менен имам чыкпайт. Оозум кургап аракты эстейм, ошондой эле имам молдо эмнеге минтти деп башым катыйт. Качып кетип калышка уятым чыдабады.

Ошентип, арадан арак ичпеген күндөн биринчи жолу бир ай он күн өттү. Медресенин атрабын жыйнап шыпырабыз, тамак ичебиз, балдар сабакка мечитке киришет. Мен кирбейм, имам кээде жаныма келип отурат, ал-акыбалымды, ден-соолугумду сурайт.

Аракты унутуп мээм сергип калды, башым деги эле оорубай калды. Түнкү түшүм оңолуп, арбактардын ордуна бала чактагы окуучулук күндөр, үйдө конок тоскон түндөр кирип, жүрөгүм эреркеп, тердеп ойгонуп кетем. Бардыгы жакшы, сылык мамиле жасашат. Кээде арактты эстеп коем, мечитти карап тобо кылам. Сырткы дүйнөм арууланды, эми ички дүйнөмдөгү напси менен болгон күрөш жакшы жагына оой баштап, имам айткандай, мага ынсап берди окшойт.

Эми буюрса, ак менен караны, адал менен арамды, жакшы менен жаманды, ысык менен суукту жашым 58ге чыкканда ажыратып калдым.

Имам: "Эч качан жакшылыктын кечи болбойт," деп дайыма айтчу. Ошол жакшылыкка умтулуп, Күндүн чыкканына, таңдын атканына, ичкен суума сүйүнүп алдыга карай бара жатам.

Өткөн өмүргө кейибейм. Болушунча болду, таштандыга чымын конду дегендей, арак менен өткөргөн жашоом жаман түш көргөндөй өтүп кетти. Буюрса, алдыдагы жаңы жашоого сапар алдым. Жүргүлө эми парга кирейли, – деп Нурсултан аттуу киши башынан өткөн окуяны аңгемелеп берди.

# ГҮЛ



Мени жакшы көрүшөт, жек көрүшөт, аяшат, карап кам көрүшөт, кээде мыкчып таштандыга ыргытышат. Мен жакшылык менен жамандыктын жарчысымын. Мен көбүнэсе бардык жакшылыктардын көңүл чордонундамын, ошонума кубанамын, ошонума сыймыктанамын! Эми мен катышпаган жакшылыктар эсептелүү эле. Мен эң активдүү катышкан жакшылыктарды тизмелеп өтөйүн, деп гүл өзү тууралуу айтып баштады.

– Эң биринчи сиз ушул дүйнөгө, жарыктыкка ыңалап келгенде төрөт үйүнүн алдында атаңызбы, туугандарыңызбы, балким, кошуналарыңызбы, кыскасын айтканда, ата-энеңизге, сизге күйгөн адамдарыңыз төрөт үйүнөн мени кучагына толтуруп, сизди сүйүнүп тосуп алышкан. Ошондо менин жытымды искеп сиздин ыңаалаганыңыз токтогон. Ошол кез сиз экөөбүздүн биринчи таанышуубуз болчу. Ошондо мен сиз менен өмүрүңүздүн аягына чейин бирге болоюн деп кыялдансам керек!

Ошентип кийинки бир жаш, эки жаш....жети жашка чейинки туулган күндөрүңүздө мени белекке апаңызга, кээде чоң энеңизге, тайэнеңизге тартуулап келишти.

Биринчи класска барганда сиз мени колуңузга алып мектепке алып жөнөгөнүңүз эч эсимден кетпейт. Апаңыз короодогу топ гүлдөн топтоп, тикендеримди, ашыкча саптарымды жана жалбырактарымды кыркып, мени гезитке ороп туруп, сиздин колуңузга карматты. Ошондогу сиздин ички кубанычыңыз менен жүзүңүздөгү жылмаюуну өмүрүмдө унутпаймын. Ушунчалык тазалык, балалык жана мээримдүүлүк менен мени сиздей эч ким караган эмес, эч ким аярлаган эмес, эч ким кокус колумдан түшүп кетсе сынып калат деп сиздей кастарлаган эмес! Моюунуңузга оор сумканы көтөрүп, эки колуңуз менен белимден бекем кысып кармаганыңызда белим кысылып, бирок көңүлүм сиздин таза ауранызга бөлөнүп бараттым.

Ушул курагыңызга чейин мени сизге белекке беришкенде, алып келген адамга рахмат айтып, суу куюлган вазага салып коёр элеңер, мунусунда сиз мени көтөрүп бараттыңыз. Ошондогу көчөдөгү суктануударды айтсаңыз, бардык адамдардын

көңүлү экөөбүздүкү болчу, апаңыздын да менден букетти абдан кооз жасаганын мактоого сөз жетпейт. Экөөбүз мектепке жеттик, биринчи мугалимиңизге мени бергенде эжекей сизди бир карап, мени бир карап, мени мурдуна алып барганда мурдунун таноолору титиреп, көзүнүн кареги чоңоюп, чоң ырахатка батты. Анан мени класска алып барып каана ичиндеги вазага суу куюп, салып койду. Биринчи сентябрь, биринчи мугалим, биринчи класс, ушул күн сиздин кубанычыңызга ортоктош болуп, терезедеги вазада жаркырап турдум, сиз класс ичинде эжекени карап, классташтар менен таанышып, мага анча-мынча көз жүгүртүп жатып сабак соңуна чыкты. Ошентип, сиз мени белекке алып, белекке берип жүрүп бойго жеттиңиз. Ошол өспүрүм окуучу, студент кезиңизде сиздин алгачкы сүйүүңүздүн күбөсү дагы мен болдум. Эсиңиздеби ошол сезимдер, мен сиздин колуңузда кандай бактылуу болсом, сиз дагы ошондой бактылуу болчусуз. Ошондогу сиз мени жыттап гүл менен сүйүүнү салыштырып, экөө бирдей назик, экөө бирдей сулуу, экөө бирдей улуу, экөө бирдей таза деп менин көңүлүмдү көтөргөнсүз, кол жеткис бийиктиктерге теңегенсиз. Мен сиздин махабатыңыздын символу, сиз сүйгөн инсан экөөңүздөрдүн ортоңуздардагы сырдаш дагы болдум. Сүйгөнүңүз экөөңүздөр ар дайым мени кошо алып жүрдүңүздөр, кийин баш кошкондо мени көр тиричиликтин шылтоосу менен убактылуу унуттуңуздар.

Андан соң сиз наристелүү болгон күнү кайрадан көрүштүк. Оо, ошондогу бакыт, кубанычтар, мен сиздер менен наристеңиздин кыркылыгы чыкканга чейин бирге болдум.

Анан тойлорго, туулган күндөргө мени көтөрүп барчусуз. Кесиптештериңиздин жакшылыктарынын жышааны дагы деле мен – "гүл" болчумун. Карьераңыздагы ийгиликтерде мени сизге көп жолу белекке беришти, гүлдөр көбөйүп жатты. Топтоп вазага саласыз, алдын вазага кумшекер салып узагыраак көрүшкөнгө аракет кылсаңыз, кийинчерээк ишиңиз көбөйүп, вазага кумшекер салбай, эки үч-күн чогуу болобуз, анан таштандыга ыргытасыз. Ошондой учурлардагы акыбалымды мен сөз менен түшүндүрүп бере албайм. Кыйылган дарактай салбырап, кыйналып куурап калам.

Үйлөнүү үлпөтүндөгү салтанат эч эсимден кетпейт. Ал күнү сиз таң эрте туруп мени карадыңыз, мен вазада болчумун. Андан кийин үйлөнүү үлпөтүнө өзүңүздү даярдадыңыз. Албетте, ошол учурда дүйнөдөгү эң келбеттүү, эң чыкыйган, эң татынакай жана эң бактылуу адам сиз болчуңуз. Ал көз ирмемдер, ошол бакыт, арзуу, ошол убакыт ал мезгилдегинин өзүндөй токтоп калса кана?!

Эх, биз алсызбыз, бирок кыялданууга, эңсөөгө жана жакшылыкка үмүттөнүүгө акыбыз барбы!? Болсо керек, бирок убакыт – эң күчтүү, убакыт – эч кимди, эч нерсени аябайт, ошондой эле убакыт – бардык балээге дары дагы.

Ошентип, сиздин үлпөт тоюңуздун негизги шааниси, албетте, дагы эле мен – гүл болдум. Үйдүн, ресторандын жасалгасы менен кошо мен тойдун көркөмүн ачтым. Тойго келген ар бир үчүнчү коноктун колунда тим эле койкоём. Өмүрлүк жарыңыз менен отурган орундуктардын атрабы гүлгө бөлөндү, керемет кооздук!

Бул жолу сиз мени вазага салып, кумшекер кошуп, мени таңыркап, жакшы көрүп карап, моокумуңуз кана жыттап, үйүңүздүн эң төрүнө коюп койдуңуз. Күндө эрте менен вазадагы сууну алмаштырып, мени жыттап койчу элеңиз, ошондо менин бир күндүк өмүрүм он күнгө узарды. Сиздин мээримиңиз, мага болгон жылуу мамилеңиз, мага тарткан убаракерчилигиңиз, менин ар бир гүлүмө суу чачып нымдатып сергиткениңиз өмүрүмдү узартып, жытым бөлмөгө жыпар тартуулап турду. Ошол кездердеги сиздин мага чын дилиңизден көңүл бурганыңыз эч эсимден кетпейт. Эмнеге мага мындай мамиле кылганыңызды мен түшүнөм, билем.

Ал эми бул сапар сиздин мамилеңиз мага жакпады. Вазага салдыңыз, сууну куйдуңуз, бирок эч кандай жылуулук жок, жыттуу болуп турсам дагы мени иренжип карадыңыз. Ошол бойдон таң атканда кечээги сиздин салкын мамилеңизден жашыл түстүү сабагым саргарып кетиптир, жылтыраган кызыл гүлдөрүм бүрүшүп соолуп калыптыр. Бул жолку өмүрүм таң атпай соолуду. Түшүнсөңүз мен сиздин болгону жылуу мамилеңизге муктаж болдум.


Орто жашка жетип калган мезгилде сиз мени бирөөгө белек гана тартуулабастан жана бирөөлөрдөн белек кылып гана албастан жаркырап кирип келген жаз менен короoңузга өстүрүп, сугарып, ашыкча чөптөрдөн отоп көңүл бурасыз. Эрте менен сөөрүңүздө  чай ичип олтуруп мени карап көңүлүңүз көтөрүлөт. Жумуштан келгенде мени карап чарчооңузду кетиресиз. Дос-жар, туугандарыңызга мактанасыз, ар бир гүлдүн атын, түсүн, кайсыл мамлекеттен алынып келгенин, өмүр таржымалын айтып жашоодон ырахат аласыз.

Сиз бир-эки күн үйдө болбой кайра үйгө келгенде өмүрлүк жубайыңызды, балдарыңызды "Гүлдөргө суу койбопсуңар, отобопсуңар" деп жемелейсиз. Кээде "Жакшы карапсыңар" деп мактайсыз. Сиз мага көңүл бурган сайын мен тынымсыз көктөп, өнүп-өсүп, айланага кооздук менен бирге таза аура, энергия жана гармония тартуулап, теребел мемиреген арууулукка бөлөнүп турду. "Эшигин көрүп төрүнө өт, энесин көрүп кызын ал" дегендей, ушул эшиктин көркөмүн ачкан мен болдум. Ошентип, жаз бүтүп жалындаган жай келди, ысык аптапта соолуп калбасын деп саар-кеч тамырыма суу коесуз. Жай бүтүп күз келди, көп өтпөй кылычын көтөрүп кыш келгенде кардын алдында уйкуга кетем. Күндөр, айлар, ал гана эмес бир топ жылдар өттү, сиздин жашыңыз да кыйлага чыкты. Бир күнү ичер сууңуз түгөнүп, бул жалган дүйнө менен кош айтышып оо дүйнөгө сапар алдыңыз. Сиз менен бирге чогуу жатсын деп томпойгон топурактын төбөсүнө мени коюшту.

Сизди төрөтканада күлүп тосуп алган болсом, моминтип ыйлап узатып, өзүм да сиз менен кошо менин да өмүрүм бүтүп баратты, бул жерде кайдагы ваза, кайдагы суу.

Адамдар өзүнүн өмүрүн узак деп ойлошот, чындап маани берип, акыл калчаган адамга анын өмүрү да гүлдүн өмүрүндөй эле кыска. Эң башкысы ошол өмүргө гүл аралашкан болсо, анда жашоо гүлдөй жайнап, гүлдөй түстүү кооздукка бөлөнүп, гүлдүн жыпар жытын искеп, гүлдөй көңүлдөр кулпуруп, өмүр гүлгүн жаш болуп, чырайыңыз гүлдөй назданып, гүлдөй нурданып, ички дүйнөңүздө тынчтык өкүм сүрүп, жашооңуздун оош-кыйышында – гүлдөй тазалык, арууулук жан дүйнөңүздү сергитип, кууанак көңүл тартуулайт!

# КӨПӨЛӨК БАЛДАР, КӨГҮЧКӨН КАРЫЛАР



Ата-энелер жараткан уул-кызын балдар үйүнө таштаган учурлар көбөйөт. Жаш ымыркайлар балдар үйүнө батпай калган заман орнойт. Жарык дүйнөгө келген балдарды атасы таанып, апасы чанган учурлар, кээде апасы аздектеп, атасы терс бурулуп басып кеткендердин саны арбыйт. Түгөй-жарлардын ажырашкандары көнүмүш адатка айланат. Ортодогу балдар апасы менен калып, бой жетип атасына жолугат. Атасы азыркы аялына, биртуугандарына, ата-энесине тааныштырып ортодо каттоо кылайын деп аракет жасайт. Жаш чыбык өспүрүмдү сабагынан сындырып, тамыры менен жулуп ыргытышып.

– Эч кандай каттоо болбойт, мага демектен чирип өлүп калсын, – дешип, бейкүнөө калган арсар балдар көбөйгөн жашоого кептелишип, адамдардан мээрим кетип:

– Сен эмне болсоң ошол бол. Бирок, мага тийишпе, – деген кайдыгер адамдардын саны күндөн күнгө көбөйөт. Байлыкка чиренип, көздөрүн май баскан инсандар атасын таанибай көөп, кедейликтин итине мингендерди, жокчулук желкеден жекирип жерге тизелеткенде, рух дүйнөсү жарды жарандардын санына чек жетпейт. Ата-апасын карылар үйүнө калтырып гана кетпестен, ошол калтырып кеткенине өздөрүн күнөөлүү сезбей калган адамдардын катары калыңдайт.

Жараткан адамды жаратканда адамдардын ортосунда сүйүү болсун деп жүрөк бергенин, бири-бирине, жаратылышка мээримдүү, жароокер жана боорукер болсун деп боор бергенин эстейт.

Байкап көрсө, адамдардын боорлору таш болуп катып муз болуп тоңуп калган болот. Назик жүрөктөрү текеберчиликтин туу чокусуна жетип асманга жабышып калгандай түрдө. Боорукерликтин ордун кайдыгерлик, басып кетмей, эмне болсоң ошол бол, мен тынч болсом, менин үстүмдө Күн тийсе болду, көзүм көрбөсө көчүгүмдү бөрү жесин жашоо болуп калат.

Сүйүүнүн ордуна текеберчилик менен ушакчылык адамдардын күнүмдүк эмес саат сайын тамактанган азыгына айланганын көрүп зээни кейийт. Адамдарда топтолгон кара күч, кара энергия Жаратканга жармашып каарданат. Ачуусу келип, жерди

аңтар-теңтер кылып, жер бетин муз доорундагыдай жансыз планетага айландырайын деп кайра өзү жараткан пендесине болгон мээрими, сүйүүсү ашып-ташып, эң оболу тарбия иретинде адамдарды келемиштерге, курттарга айландырат.

Адам баласын түбөлүккө жаныбарларга айлантпастан, жүрүм-туруму жакшы болгондорго кайра адамга айлануу мүмкүнчүлүгүн берет. Жараткан парбардигар курт-келемишке айланган адамдарга алардын тилинде түшүнүктүү кылып кайрылат:

– Силер кайрадан адам кейпине өзгөрүлө аласыңар. Ал үчүн катык жүрөгүңөрдү жумшарткыла. Таш бооруңар мээримдүү боорукер жана жароокер боор болсун. Адамдык сапатыңарды көргөзгүлө. Ак менен караны, ысык менен муздакты ылгаганда адамча тандагыла. Адамдар, бири-бириңерге кылган мамилеңерди адамгерчиликке өзгөрткүлө, ата-энелер балдарга мээримдүү болсун. Балдар карып, улгайып калган ата-энесине каралашсын, инсан адам менен адам. «Киши болор кишинин киши менен иши бар, киши болбос кишинин киши менен эмне иши бар.” Ошону түшүнгөн жарандар курт-келемиш сыпатынан адам сыпатына өзгөрүлөт, – деп шарт коюп, өзү жети кабат асманга учуп кетет.

Жараткан парбардигардын касиети менен таштанды балдардын баары көпөлөккө кубулуп өзгөрөт.

Карылар үйүнө жеткизилген кары-картаңдардын баарын көгүчкөнгө айлантат.

– Көгүчкөн менен көпөлөктөр мындан кийинки жашоосунда менин коргоомдо болуп, ырыскысын мен берем, – дейт Жараткан.

– Силер аларды чанганыңар, карабаганыңар жана кабыл албаганыңар үчүн баш паанеги силерден болот. Көзүңөрдөн алысыраак болсун деген мамилеңер үчүн силер аларды күндө көрүп, азап чегип жашайсыңар, – дейт Жараткан.

Кантип, ырыскысы менден дегеним, силер жарым кесе тамак менен төрт тиштем нанды, бир каптам жууркканды ыраа көрбөгөнүңөр үчүн алардын ырыскысын эбегейсиз көп кылам. Көпөлөктөр менен көгүчкөндөр үчүн жер бетин толгон-токой азыктарга толтурам. Анысы чөп-чар, бак-дарак, гүлдөрдүн жер бетинде эбегейсиз көптүгү, ошолор менен азыктанышат дейт.

Көпөлөк балдар гүл бакчаңызда, корооңузда жашап күндө сизге назик таза наристедей көрүнүп, билинбей таш болуп катыган бооруңузду, мээримсиз жүрөгүңүздү элжиретип эзип турат.

Көгүчкөн карылар корооңузга, там башыңызга жана багыңызга конуп, балдарыңыз көгүчкөн карыларга уя салып, кам көрүшөт. Көгүчкөн карылар тынчтык береке кутун тартуулаган шааниси менен жашооңузга эриш-аркак аралашат. Сиз эң кымбат көргөн уул-кызыңыз үйлөнгөн күнү көгүчкөн карыларды сиздердин катышууңуздарда асманга учурган адатка айланат дейт. Башка шаан-шөкөттөрдө колуңузга кармаганга зар кылам деп Жараткан өкүм чыгарат.

Ал эми адам кейпине кайра өтүү үчүн талап кылынган шарттарды аткарбагандар курт, келемиш кейпин кийген боюнча калып кетет деп дагы бир өкүмүн айтат.

Жараткан көздөн кайым болору менен, курсактары ач курт-келемиштер мүрзөлөрдү казып киришип, жаңы эле коюлган адамдардын ичеги-кардын жарып, баш-көзүн оюп тытып жей башташат. Көр тиричиликтин казанынан узай албай, Жараткандын айткан сөздөрүн бат эле унутуп тынышат.

Ал эми ак жүрөк, боорукер жана Кудайдан корккон, адамды сыйлап, урматтаган инсандар Жаратkандын жогорку шарттарын аткарган үчүн адам кейпин кийип, кайрадан адамга айланышат.

Ошондон ушул күнгө чейин жакшы адамдар мыкты бойдон калып, ал эми кээ бир адамдар адам түспөлүндө болгону менен курт, келемишке окшоп, ар нерсени ичи-сыртынан жеп, айбан кейпин кийип калышканы Жаратkандын белгиси экен.

Ал эми «көпөлөк балдар» менен «көгүчкөн карыяларга” кылган орой, наадан мамилеси үчүн кээ бир инсандар бул дүйнө менен кош айтып, ушул күндөрү ажатканадагы быжылдаган курт, акыр-чикирдеги келемиш кейпин кийип жашап жатышат экен.

Адам болуу аста-аста, акмак болуу бир паста.

# КЕЗҮҮ

Балалык темасы айтылганда кезүүнү, болгондо да кезүү кайтарып жүргөн кезди эстейм. Кезүүгө кой-эчкини кошкон мезгилдерди эстейм. Ар бир доордун өзүнүн балалыгы болот экен. Биздин балалыгыбыздын бир бөлүгү «кезүү», «пада» деген түшүнүктөр мээмибизге сиңип калды. Кезүү балалыгымдын бир бөлүгүн камтыгандыгы үчүн аны терең үшкүрүү жана сүйүнүчтөр менен эстейм. Кезүү деген айыл тургундарынын майда жандыктарды таң эртеден керели кечке чейин иреттешип кайтаруусу. Кезүүнүн өзүнүн жол-жобосу, так эрежелери бар. Кезүүгө сүйлөшүлгөн убакыттан кечигүү кой-эчкиңди бир күн кечке өзүң кайтарасың, ата-энеңден сөгүш угасың, үй тапшырмасын аткарууга чегерилген убакыттан уткузуп, коңшу балдар менен бирге өткөрчү оюн-зооктордон каласың дегендик. Ток этери, "кезүүдөн кечиктиң" деген катастрофа болчу. Кезүү кайтарганга кезеги келген айылдын тургуну дептерге ар бир айыл тургун эрте менен канча кой жана канча эчки тапшырганын эсептеп, тизмелеп жазып алат. Кеч киргенде утурлап тосуп алып, коюңуздун санын тактап, корооңузга киргизүү ар бир тургундун өзүнүн милдети. Корооңузга адашып чоочун кой кошулуп келсе, эртеси кийинки кезеги келген кезүү кайтарган адамга аны аманат кылып тапшыруу зарыл. Эгер өзүңүздүн коюңуздан бири келбей калса, аларды издөөдө азыркы батыш кинолорунун детективдери Агата Кристинин жана Джеймс Хедли Чейздин детективдеринен кем калчу эмеспиз.

– Эшмат аке, мен төрт кой жоготтум, көрбөдүңүзбү? Бири күрөң соолук төрт тиш кой, оң кулагы кесилип, эн салынган. Куй-

руктуу, аркаңкы сол бутуна аксап басат, өткөн кезүүдө Курстан таш менен атып урган экен, ошондон бери аксаганы кала элек, шак-шак салынган.

Экинчиси, маңдайында ак-кашкасы бар кара кочкор, эки мүйүзү тең эки айланып ийилген, сол көзү көр, жүнү кыркылган эмес, жашыл краска сүртүлгөн. Үчүнчүсү, бычмал, ак түстөгү каңгир кой, тоодогу эки таштан кулаганда башы менен тийип калып, ошондон бери ордунда тегерене берет, адашып башка койлорду да эрчип кетип калып жатат. Төртүнчүсү тубар метис, куйруктуу кой, сол кулагында, совхоздун номери коюлган. Совхоз тараганда бөлүштүрүлүп берилген койдон, жамбашына номер күйгүзүлүп коюлган деп издеп, жоголгон койлорду таап алчу элек. Эгерде ошол түнү койлорду таппаган болсок, үйдө чоң ызы-чуу болор эле. Ата-энең темир жол жүрбөгөн айыл жергесине поюзуңду келтирип койчу. Саныңа, колуңа жана кулагыңа бурама конфеттен бирден берет, көзүңдөн от атып чыгып кетет дейсиң, эртеси кезүү келгенге чейин эле кой-эчки кайтчу жерге жарым саат эрте барып алып, ашык ойногончо кезүүнү күтчүбүз.

Биринчи жолу өзүм жалгыз кезүү кайтарганым эсимден кетпейт. Кезүү кайтаруунун кезеги бизге келип жетти, мен анда экинчи же үчүнчү класс окуучусу болсом керек эле. Чоң агам аскерде, ортончу агам бир зарыл жумуштары чыгып мага кайрылды:

– Иним, мени куткарып тур, азыр менин зарыл жумуштарым чыгып калды. Кезүүнү айдап чыгып кайтарып тур, артыңдан көп узабай жетип барам.

Менин рюкзагыма кечээги тамактан ашкан камыр палоо, 5 литрлик ак конистр толо айран катыкталган атала, апам жапкан эки нан, короодо бышкан помидордон беш-алтоо жана сууга бышырылган төрт жумуртканы салып беришти, аны жонума асып көтөрүп алдым. Акем мага кайрылып:

– Кадимки маршрутубузду билесиң, солдаттардын казылган окобу менен кеткен колот менен Эки-Ташка койлорду бурасың, ал жерде оттотуп, Күн чыкканда Үч-Ташка айдап барып көлөкөлөтөсүң, ага чейин барып калам, айда койлорду.

Эч нерседен бейкапар миңдей койлорду алдыма салып солдаттардын окобунан өйдө айдап баратканда, койлордун бир тарабы, оң жактагы колотту көздөй бурулду.

– Ка-айт, ко-ош, карт айтка, швыйт! – этип ышкырып чуркап барып, бул башын бурганга чейин экинчи жагы шиш дөңдү көздөй бурулду эле, аларды алдынан кайтарып, жылга ичине айдап кирдим. Тескейдин көк шибер отунан оттоп калышты.

Жылганын өйдө жагы жар экен, жар бойлой бассам ак, кызыл жана көгүш түстөгү жыпар жыттанган сыя гүлдөр бажырайт. Элибиздеги: «Бала деген бала, баланын иши чала», деген макалдагыдай байчечекей, сыя гүл теримге кызыгып кетипмин. Бир ууч гүл терип мурдума жеткизип жыттасам, укмуш таттуу жыт мурдумдун таноолору аркылуу мээми магдыратып салды! Жыпар жыты ырахат тартуулап, алардын коздугуна көзүм тойбойт. Андан соң эки ууч тердим, ага да алымсынбай башымдагы калпагыма толтурамын деп гүл теримге кызыгып жатып, койлорду такыр унутуп калыпмын.

Кылчайып арт жагымды карасам, койлор көрүнбөйт. Өлдүм, атам, апам урушат деп айламды таппай калдым.

Шиш дөбөгө чуркап чыксам койлор жылдыздардай чачырап кетиптир. Байчечекей менен сыя гүлдүн жытына кубаттанып калгангабы же ата-энемден сөгүш угуштан корктумбу, айтор, койлордун ал жак, бул жагына чуркап топтодум да, тескей бойлотуп койлорду айдап Эки-Ташка жеткен маалда аба-ырайы кескин айнып, челектеп төккөн нөшөр жаан башталды. Койлор оттогону оттоп, оттобогону Эки-Таштын үңкүрлөрүнө кире качышты. Башымдан өткөн жамгыр көйнөк, шымыма өтүп, чылгый суу болуп, батиңкем ылай-сууга толуп, тоодон соккон шамалга үшүп бүжүрөйө түштүм. Бирок ага карабастан чуркап жүрүп койлорду Эки-Таштагы үңкүрдүн атрабына топтогон маалда агам жетип келип, менин акыбалымы көрүп:

– Камбар, кечирип кой, иним, ишим бүтпөй кармалып калдым, – деди.

Мен дырдай жылаңачтанып, үстүмдөгү суу кийимдеримди чечип, агам ала келген кургак кийимдерге алмаштырдым. Курса-

гым ачып калган экен камыр палоодон ашап, жумурткадан аралаштыра уруп, аркасынан аталадан оозумдан агыза жутуп курсакты тойгозуп алып, агам экөөлөп койлорду кечке кайтарып, кеч киргенде аманаттарын тапшырып бергенибизди эстейм.

“Биздин балалыгыбыз ушундай таттуу, анан жаратылыш менен эриш-аркак өттү. Жаратылыштын ошондогу берген кубаты, тарбиясы өмүр бою жөлөк жана ачык жол болуп берип келе жатат», деп Камбар мырза эс алуу багында ата-энесине эркелеп ыйлап, аларга кулак салбай кир жерге оонаган сегиз-тогуз жашар балага карап, таттуу, анан бактылуу балалыгына бизди да бир нече көз ирмемге алып барып келди.

# ТАМЕКИ



Союздун балдары болуп чоңойдук. Мектеп курак кез, акыл калчап ак-караны дурус ажырата албай, дүйнө, жашоо менен таанышуу өтмөгүндөгү кызык кез. Жашым тогуз-он жашта болсо керек. Үйдүн жанында бак бар. Бактын ичинде райондук маданият үйү жайгашкан, анын жанында пивокана бар эле. Кошуна балдар менен бакка ойногону келебиз, жашы бизден чоңураактары баргыла «бычок» (жарым-жартылай чегилип ыргытылып жерде жаткан тамеки) терип келгиле дейт. “Бычоктор” маданият үйүнүн жана пивокананын алдында жайнайт болчу. Бычок терип келип маданит үйүнүн ажатканасына кирип алып бекинип тамеки чекчүбүз. Мен чегимиш болуп ыргытып жиберчүмүн, эгер чоңураак агалар байкап калышса урушуп, коркутуп чектиришчү. Өзүм кызыкпаганга ошентип тамеки чекпей эле кийин спортко кызыгып кетип, тамекини эсиме деле албадым.

Өспүрүм, көпкөн мезгил келди. Тогузунчу класста окуп жүргөндө, байкасам классташ балдардын жарымынан көбү тамеки чегишет экен. 23-февраль, 8-март майрамдарына арналган отуруш болуп калды. Отуруш маалында сыртка чыксам тамеки тартып түтөгөн балдар, кыздардын көзүнчө чеккен мода экен. Негедир менин көзүмө ошол мезгилде тамеки чеккен балдар жашы чоңурактай көрүндү. Кыздар тамеки чеккен балдарга ыктап жатышты. Кийинки мейман чыгышта: “Мага тамеки чеккенди үйрөткүлө,” десем, балдар күлүп:

– Сен тарбиялуу элең го, биз тамеки таштай албай жүрөбүз, сага мындай адаттын эмне кереги бар? – дешти. Андан бетер күүлөнүп:

– Үйрөткүлө, – дейм, тыюу салынган нерсеге умтулуу күч болуп, кайра сурандым. Тажрыйбалуу тамеки чеккени тамекини алып чыгып күйгүзүп:

– Дем алганча мурдуң менен эмес тамагың менен тамекини «и-ии» деп ичиңе соросуң, «шаак» деп түтүнүн чыгарасың, – дейт. Кыйналып кысталып какап-чакап жатып жаман нерсени тез эле үйрөнөт экенсиң.

Союз ыдыраган мезгил келди. Чет өлкөлөрдөн тамекинин түрлөрү селдей каптаган учур. Тандап чеге бер заман орногон. Чөнтөккө бир куту тамеки салып алып, чегип коём. Тамекини чегүү башында адат же илдет эмес мода катары, башка бирөөлөргө мактануу таризинде чоңоюп калдым дегенди белгилегибиз келип чекчүбүз.

Колледжде окуп жүрүп айыл чарба жумуштарына чыгабыз, саартан кечке пахта теримиш болобуз. Пахтанын ортосуна кирип алып тамеки чегип, карта ойноп кеч киргизебиз. Кыйратып пахта тербейбиз. Түштөнүүгө чыккан маалда этектерибизди көтөрүп трактордун жанына келебиз, агай жана колхоздун адамдары таразага терген пахтабызды тартып, терген пахтабызды трактордун тележкасына ыргытабыз.

Ошентип 16 жашымда тамекини баштаган болсом 19 жашка чыккан маалда колледжди бүтүрүү кечесинде пиводон өкүртө ичип, тамекини чегинен ашыра бирин чегип ыргытып, экинчисин тутантып, түн ортосуна чейин дипломду майладык.

Эртеси турайын десем көкүрөгүм ачышат, өзүм турайын дейм, көкүрөгүмдөн бирөө баскандай сезилет. Эптеп оң ныптама оодарылып туруп, шымды эптеп илештирип кийип ажатканага жетип түкүрсөм бармактай кара көө чыкты. Көөнү көрүп өпкөм үзүлүп түшүп калгандай башым маң болуп, ажатканада ойлуу отуруп калдым. Шымдын чөнтөгүн чукуласам, кечээги шаңдуу түндөн калган L&M маркасындагы тамеки бар экен. Бирди тутандырып, өпкөмө соруп туруп таштанды челекке түкүрдүм, тамекини пачкасы менен мыжыгып туруп ошол эле идишке ыргытып, тамеки чегүүнү таштайм деген чечимге келдим.

Ойлоп көрсөм, алдын бирөөлөргө көрүнүү үчүн фильтрлүү тамеки чегип жүрсөм, акырындап фильтри жок тамекини тиштеп, андан аркысы кагаз гезитке махорка ороп чеккен деңгээлге чейин түшүп кеткенимди аңдабай калыпмын. Өтө ылдамдык менен тамекинин жогорку тепкичинен анын жер төлөөсүнө түшүп кетипмин.

Тамеки чегүү илдети менен аёосуз күрөш башталып, тамекисиз жашоо уланды. Тамеки чекпеген күндү эсептейм, 26-күн болгон күнү достор келип калып жолугушуу болуп, пиво ичип, тамекини кайра чегип алдым. Тамекини биротоло таштап салууга эрким жетпей калды, 26 күндүк мээнетим кайда кетти деп өзүмдү өзүм урушам.

Тамеки таштоонун экинчи этабы башталды. Бир ай, он эки күн араң туруштук бердим, кайрадан чегип алдым. Андан соң тамеки таштоонун үчүнчү этабы башталды, кайрадан күн эсептемейге өттүм.

Колледжди бүттүм, институтка өтүп, окуу башталгыча айылга барып эс алганча чөп-чабык маселесин чечип келүү зарыл болуп айылга бет алдым.

Чөп чабык иштерин достор менен бирге бүтүрүп, кышка деп отун аралап, бутактарды балта менен чаап, үйгө аракбайдан алып кирдик, балдарга кошулуп дагы чегип алдым. Жаркынбай деген классташым чекпей, арак ичпей, аш жеп, чай ичип гана отурат. Жаркынбай мектепте жүргөндө кол күрөштөн кыздардан жеңилген назик, бою кичине бала эле. Дене турпаты арык келип, башка классташтар балдар ага тийишип эрмек кылып, башынан шалбан алып мыскылдашчу. Ошол Жаркынбай акыркы эки-үч жылда таанылгыс болуп өзгөрүлүптүр. Дене түзүлүшү терминатор атыккан Арнольд мырзага жетпесе да далысы кеңейип, кол булчуңдары үч литрлик банкага жетейин деп калыптыр. Көкүрөк булчуңдары үйлөп койгон шардай шишип калган, бирок андай жумшак эмес катуу. Арт жагынан карасаң, бели ичке, ошол ичке белден колтукка чейин кеткен канат үч бурч болуп учак канатын жазгандай. Ичтеги пресстери эки катар окшош картошкаларды ичине тизип алгандай былтыят, моюну далдайып көк өгүздүкүндөй жоон.

Арыма келдим окшойт, ошол жерден Жаркынбайды четке кепке тарттым.

– Кантип дене келбетиңди оңдодуң?

– Досум эрте менен саат алты жарымда үйгө өтүп кел. Сөз эмес иш үстүндө көргөзөйүн, макул болсоң, – деп коштоштук.

Болжошкон маалда Жаркынбайдын үйүнө бардым. Экөөлөп дайра боюн бойлоп чуркап жөнөдүк, көпүрөдөн өйдө бурулуп, көлмөгө келдик. Чуркап келе жатканда эле оозума көбүк келип, көзүм караңгылашып, кусуп ит эле болдум. Көлгө жеткенде кичине эс алабыз го деп ойлосом, о тирик:

– Көлдүн наркы өйүзүнө кеттик, – деп сууга түшүп сүзүп кетти. Аркасынан тилим салаңдаган боюнча чабак атып жөнөдүм, муздак сууга денем чыйрыгып чыңалып, жүрөгүмдүн согушу калыбына келип, оңоло түштүм. Жаркынбай билет экен деп сүйүнүп калгыча:

– Эми аркы өйүзгө кеттик, – дебеспи. Жаркынбайдан уялганымдан аркы өйүздү көздөй чабак атып жөнөдүм. Жээкке жетип-жетпей ала ташты кучактаган бойдон оозу-мурдумдан суу агып, сулайып эле жатып калдым.

– Тур, отжимание кылабыз, – десе болобу. Ийрелеңдеп жатып беш-алты жолу араң отжимание кылдым. Бирок, Жаркынбай мени маскарлап эч бир күлгөн жок. Андан кийин үйдү көздөй бир аз жайыраак чуркап жөнөдүк, үйгө жеткенде:

– Кечки саат жетилерге кел, – деп Жаркынбай үйүнө кирип кетти, мен үйгө келип эсим ооп куладым. Туруп алып окшуп кусуп, көңүлүм айланат. Дем алып, тамак ичип, бир аз өзүмө келип, кечиндеси Жаркынбайдын үйүнө бардым. Мал баккан тамына кирсек трактор жана башка техникалардын шаймандарынан штанга, гантел жасап алыптыр. Жаркынбай жасаган элементтерди, көнүгүүлөрдү жасап жаттым. Чалкамдан жатып илинип турган штанганы көкүрөккө алып келип өйдө кол жазылгыча көтөрүп, кайра секин көкүрөк тушуна түшүрүп, кайра көтөрмөй. Туруп алып штанга көтөрүп, гантелдерди эки колго алып, түркүн көнүгүүлөрдү жасап жаттык. Тердеп калдык, ошондо бир аз ырахат келди, ошол терге чейин кыйналат экенсиң. Көнүгүүлөр бүткөндө күзгүгө барып көрүндүк. Жаркынбай далжаят, мен өзүмдү карасам итий оорусуна чалдыккан немедей арыкмын, булчуң жок тарбаям. Үч ай тынбай машыгып жүрүп күзгүдөн өзүмдү карасам, Жаркынбайдын деңгээлине жетпедим бирок, дене түзүлүшүм чың болуп, булчуңдар рельеф болуп, ичте пресс, эки колдун

алдында канат пайда боло баштаптыр, салмагыма салмак кошулду. Чуркап кыйналганда көзүмө тамеки көрүнчү, ошол бойдон аны таштап койдум.

Институтка шаарга келсем, тааныштар ий, эмне болгонсуң, өзгөрүп сонун болуп калыпсың дешет. Өзгөрүү болгонун өзүм эле эмей башкалар да байкаганы сүйүнтөт. Анча-мынча достор менен пиво ичебиз, ушунча аракетим текке кетпесин деп ичпейм, чекпейм.

Студенттик күндөр кызуу жүрүп жатты. Тамекини түп тамыры менен унуттум, күн эсептеген токтогон.

Кыш мезгили кирип, кар жааган мезгилде шаардык кыз менен таанышып калдым. Көп кабаттуу батирде турат. Кечиндеси келем, ал чыгат, анын үйүнүн жакын жеринен үйлөрдү жылытуучу чоң трубалар өтөт. Ошол трубаларга отуруп жылынганча өткөн-кеткенди, жаңылыктарды сүйлөшүп чер жазабыз. Айсулуу тамеки чеккенин жашырбады. Ысык трубаларга минип олтурабыз, ал тамеки чегет, мен чекпейм.

– Тамекини таштабайсыңбы, – десем:

– Да ты что! – деп жооп кайтарып, аңырайган көзү менен теше карайт. Анысы аз келгенсип, ошол кыштын бир кечинде карасам трубада отуруп Айсулууга кошулуп тамеки чегип калганымды өзүм да билбей калыпмын. Анан мен ойлонуп калдым. Өзүм спорт менен алектенип тамекини зорго таштасам, Айсулуу үйрөттүбү же өзүм кайра эрки жоктук кылдымбы, айтор, экөөбүз тең түтөп тамеки тартып калдык. Айсулуу тамекини түк таштагысы жок, оозу буркурап тамеки жыттанат. Менин оозум да ушинтип сасып жүргөн экен деп ойлоп койдум. Анан ойлонуп олтуруп же тамеки чеккен Айсулууну таштайм, же тамекини таштаймга келдим. Акыры Айсулуу менен жолукпай калчу оор чечимди кабыл алдым. Тамекини дароо таштадым, ошол боюнча тамеки чекпей калдым.

Азыркы күндөр. Биз курактуу жакын төрт досум жаш эле туруп бул дүйнө менен кош айтышып, каза болуп калышты. Акыркы тажияда, бейитте досума топурак салып бүтүп жанымда турган дарыгер классташ баладан мындай күтүүсүздөн болгон өлүмдөрдүн себебин сурасам, ал мындай жооп берди.

– Ысак инфаркттан өлдү. Маматты инсульт тынчытты. Халилди аортанын аневризмасы көргө киргизе тыкты. Кайнарды өпкө рагы жайлады. Бул төрт досубуз күнүнө эки пачке тамеки чегишет эле. Тамеки тарткандар жүрөк, мээ, өпкө рак ооруларына тамеки чекпегендерден көп чалдыгат. Анын себеби, тамекиде никотин деген уулуу зат бар. Никотин уусу жүрөккө өпкөдөн келүүчү кычкылтекти азайтат. Кычкылтек жүрөккө аз барганда, жүрөк согушу ылдамдап, жүрөккө күч келет. Бул жүрөккө берген басым бара-бара инфаркт оорусун алып келет. Инфаркт бул – өлүм. Андан сырткары никотин кан тамырга кычкылтектин баруусун азайтат. Бул деген кан тамырларда майда шишикчелердин түзүлүшүн пайда кылат. Шишикчелер мээге баруучу кычкылтектин жолун тосот. Кычкылтек жетишсиз болгон мээге күч келип, кан тамырлар жарылып, мээге кан куюлуп, инсульт, аортанын аневризма ооруларын пайда кылат. Ал илдеттерден адам өлөт же инвалид болуп калып сүйлөбөй калат же толук бир тарабы, тагыраагы, бир жагындагы кол-буту иштебей калат.

Өпкө рагынын пайда болуусу. Никотин өпкөдөгү кан тамырларга баруучу кан тамырларга кычкылтектин баруусун бууйт. Бул деген өпкө ишине чоң басым алып келип, айласы кеткен өпкө ракка айланат. Өпкө рагы адамды жеп тынат.

Жаш балдардын тамеки чегүүсү деле ушундай, болгону өсүп келе жаткан органдардын өсүүсү токтойт да, мындай жаш балдар көбү оорукчан же кара жумушка жок болуп физикалык жактан алсыз болушат, – деп эсимди оодарды.

# АСАН-БЕК АСАН-ЧЕК

“Алымбек датка менен Курманжан датка энебиздин 5 уулу болгон. Алар: Абдылдабек, Мамытбек, Баатырбек, Асанбек жана Камчыбек.

Асанбектен Исламбек, Исламбектен Аматбек, Аматбектен биз таркаганбыз” деп сөзүн баштады Исламбеков Маматбек Аматбекович.

Алымбек датка менен Курманжан датканын өмүр таржымалы кыргыз элине аттын кашкасындай белгилүү. Алардан таркаган 5 уулдун 2 уулу тууралуу, тактап айтканда, Абдылдабек жана Камчыбек тууралуу көптөгөн тарыхый чыгармаларда, гезит-журналдарда, көркөм, тарыхый тасмаларда маалыматтар бар. Ал эми берки 3 уулу жөнүндө маалымат супсагыраак болгондой. Мен ошол тың чыкма уулдарынын бири Асанбек тууралуу бирин-экин такталган маалыматтардан учкай айтып берейин. Камчыбек Оштун беги болуп турганда, Асанбек Ноокат аймагынын беги болуп турган. Асанбек билимдүү инсан болуп, араб кат таануусун билген. Ал илимди Бухара, Самарканддагы медреселердеги күчтүү мударистерден алган. Алган билимин өзү гана пайдаланбастан, Ош шаарынын борбордук аймагына медресе салдырган. Бир эле убакытта 150дөй балдарга араб кат таануусун үйрөткөн. Медресе азыркы шаардык оорукананын сол тарабында жайгашкан. Асанбек олуя болгон, аны тактоо максатында Курманжан датка энебиз бул жаатта Ташкент, Бухарага таанымал олуяны Ош шаарына чакыртып сынаткан. Сынак бүткөн соң, олуя:

– Асанбек жарым олуя, – деп айткан.

– Асанбек толук олуя! – деп Курманжан датка энебиз кесе айтканына күбөлөр болгон. Асанбектин олуялыгына ачуу чындык, тарых күбө. Абдылдабек орус империясы менен согушамын, кол топтоймун деп Ооган элинде жан берген. Камчыбек чек арада орус күзөтчүлөрү менен баарыбызга белгилүү болгон окуянын шылтоосу менен орус бийлигинин акыйкатсыз чечиминде дарга асылган. Мамытбек өтө даанышман дипломат болгонуна карабастан Баатырбек экөө орус бийлигинин куугунтугуна туш болуп, сүргүнгө айдалган. Асанбек агалары Абдылдабек, Мамытбек, Баатырбек жана иниси Камчыбектей эле орус бийлигинин империализм оорусуна тике каршы пикирде болгон. Ошентсе да, Асанбектин олуялыгыбы же башкасыбы, айтор, Асанбек эркиндикти жана өз бийлигин сактап калган.

Асанбек бек 14 күн Кокон хандыгында хан болуп турган. Азыркы юридика тили менен айтканда, хандын милдетин аткаруучу болгон. Эмнеге 14 күн? Худаяр ханды такка үч жолу көтөрүп, кайра алып, ордо оюндары тынымсыз кайталанып турган.

Асанбек-Чек айылы Мады айыл өкмөтүнүн борбор айылы болуп аталып калган. Бул чечимге орус империясы, кийинки Совет бийлиги да каршы болгон эмес. Ошол Асанбек-Чек айылы ушул күнү да мурдагы атын алып жүрөт.

Эмнеге Асанбек-Чекте өзбек, уйгур улутундагы адамдар отурукташып калган? Анткени орус бийлигинин өкүмү сүрүп турган кезде Асанбек бекке пахта өндүрүп бер деп кайрылышкан. Кыргыздар табиятынан жер иштетүүгө жөндөмсүз болуп, мал- чарбасына, уучулукка ыкташкан. Ошол факторлорду эске алып Асанбек өзбек, уйгур улутундагы адамдарды Асанбек-Чекке алып келип, пахта эктирип түшүмүн орус бийлигине экспорт кылып турган.

Демек, Асанбек бек Орусия бийлиги менен экономика жаатында алайлык кыргыздардын пайдасына сүйлөшүүлөргө жетишкен. Ошол мезгилде алайлык кыргыздар деген түшүнүккө жалпы азыркы Ош облусуна караштуу аймактар кирген: (азыркы Алай, Чоң -Алай, Өзгөн, Кара-Кулжа, Ноокат, Кара-Суу, Араван райондору).

Ошондой эле атасы Алымбек датка Ташкент шаарында алайлык кыргыздардын соода-сатыкка мал, зергер жана башка буюмдарды алып-сатуусун түптөгөн Алай базарынын токтобой үзгүлтүксүз иштеп туруусуна дипломатиялык жана башка ыкмалар менен жетишкен. Демек, анын элдин экономикалык акыбалына жана кошуна элдердин эриш-аркак жашоосуна чоң пайдасы тийген.

– Иним, азыр айттап жүрөбүз. Буюрса кийинки жолугушуулар насип этсе, сени менен дагы далай тарыхый маалыматтар менен ой бөлүшөмүн, – деп шашып-бушуп унаасына чыгып, Бишкек шаарын көздөй сызып жөнөдү Асанбек бектин чебереси Маматбек мырза.

*Асанбек-Чек айылы.*
*25-июнь.2017-жыл. Уландысы бар….*

# WhatsApp – СҮЙҮҮ. МОНОЛОГ

Facebook – социалдык түйүнү аркылуу таанышкан адабиятка жакын инсан Баян Дуйшобаева жазып калды:

– Мен бир диалог баштадым, – деп төмөндөгү диалогду жөнөтүп, – Ушул диалогду улантып кете аласызбы? – дегенинен, калемди алып кагазга чиймелеп баштасам, жаман эмес аңгеме жаралды. Аңгеме атын, алдын "WhatsАрртагы сүйүү" деп атасам, Жумаң (Мелис Умарходжаев) деген досум:

– Ээ, Жыкы, дос, бул WhatsApp Монолог болуптур, – деп комментарий жазып калды. Ушул тема мага да жагып, сиздердин назарыңыздарга сунуш кылып жатамын.

Баян Дуйшобаевадан келген баш сабы:

– Кутман таң! Саламатсызбы?

– Кандайсыз? Жакшы, рахмат. Жакшы дем алдыңызбы, маанайлар кандай?

– Жакшы... өзүңүз?

– Өзүм жакшы, жүрөбүз эл катары кийим жыртып...)))

## WhatsApp – СҮЙҮҮ. МОНОЛОГ

Аяна менен Саян таанышып, сүйлөшүп жүрүп ынак болуп кетишти. Бир күн WhatsАрртан жазышпасаеригип кетишет.

– Кутман таң, Аяна! Саламатсызбы?

– Кандайсыз, Саян? Жакшы, рахмат. Жакшы дем алдыңызбы, маанайлар кандай?

– Жакшы. Өзүңүз?

– Өзүм жакшы, жүрөбүз эл катары кийим жыртып...)))

«Күндөгү биздин диалог ушинтип башталар эле. Андан ары маегибиз уланат. Эч ким менен сиз менен сүйлөшкөндөй сүйлөшпөсөм керек. Күнү бою аңгемелешкенден чарчабадык, ээ... биз айтпаган сөз, талкуулабаган тема калбаса керек. Жок, бир күнү чарчадык, болбогон нерседен, адаттагыдай, мен таарындым. Эч себепсиз экинчи жазбооңузду, чалбооңузду, баарын унутушуңузду өтүндүм. Башта да ушинтип көп айтчумун, бирок, сиз бир күн гана сүйлөбөй, эртеси эч нерсе болбогондой сүйлөп баштачусуз, бул жолу андай болгон жок, сиз да сөзүңүзгө бекем турдуңуз, телефон чалбай, жазбай койдуңуз», деп ойлонду Аяна. Арадан бир апта өттү, сизден кабар жок, анан чыдамым кетип кайрадан жаза баштадым.

– Бирок, билесизби, буга чейин күтпөгөн болсом, бул жолу негедир күттүм. Сизди унуткум, жүрөгүмдөн чыгаргым келбеген өңдөнөт. Сизге канчалык үйрөнүп калганымды да эми сездим. Эл айткан ойлуу, муң толгон көздөрүмдү сиз гана күлгүзүп, өзүмө гана тиешелүү, эл түшүнбөгөн жан дүйнөмдү сиз гана түшүнгөнүңүздү билесизби. Кеч болсо да жөн гана билишиңизди каалаймын. Мурда эч айтпасам керек, мен сиз менен таанышканыма, баарлашканыма эч өкүнбөйм. Бар болуңуз! Жакшы адамсыз, сиздей жакшы адамдар бар үчүн аалам сакталып турса керек?!

Саян: (Бир апта ичиндеги ой толгоо)

– Билсеңиз мурунку аялым Диана экөөбүз таарынышып жүрүп, менин каршы болгонума карабастан өчөшүп Дубайга кетти. Ошол бойдон экөөбүз эки ажырым жолго түшүп ажыраштык. Көңүл калып, сезимдер кирдеп, өзүмдү өзүм күнөөлөп, көңүлүм чөгүп турган маалда сиз менен таанышып, өмүргө, жашоого болгон ишенич пайда болуп, сиздин саламыңыз менен таңды атырып, сиздин кайыр-кошуңуз менен уйку да жайына түштү. Сиз менин жашоомо жаңы дем берип, өмүрүмдүн жаңы баракчаларында жаңы шоола пайда болду. Ооба, экөөбүз виртуалдык жашоодо, урушуп-талашып, кайра бат эле тил табышып, виртуалдык үй-бүлөнүн башатын баштагандай элестетип алганмын. Анымды танбаймын, сиз мурда “кайра жазбаңыз, убара тартпаңыз” деп айткандарыңызга маани берчү эмесмин, бул жолу биротоло сиз-

ден кол үзөйүн деп аракет кылдым, бирок, анте албадым, муштумдай эттин кулу болуп, ага туруштук бере албадым.

Арып-азып, муңга батып турганда сиздей адам, мага жана мага окшогон инсандарга жакшылык, чыныгы достук тартуулаган бул дүйнөдө жакшы адамдар бар экендигине шүгүр деп бүгүн WhatsAppты карасам, сиз мага жылуу пикир калтырган экенсиз, мен жооп жазууга шашылдым, – деп Саян апта ичинде ой-толгоого түшүп, кат жазып кирди.

– Сиздин жазгандарыңызды окуп олтуруп, сиздин бар экендигиңизге кубандым, толкундандым! Сиз менен таанышкандан бери көкүрөккө сүйүү, бакыт, кубаныч жана мээрим уялады.

Сиз мага жазбай калсаңыз, бир буюмумду жоготуп койгондой болуп олдоксон акыбалда болуп күтүп калам. Сизге болгон сезимдерим чыныгы “арзуу” экен деп ишенгим келет.

Сиз менен баарлашкан кезде мага канат пайда болуп, жер айланып учуп кетем. Көздөрүм көрөгөч болуп, тээ океандын түбүндөгү скат балыгын көрсө, кулагым жер тыңшаар болуп, Париждеги Эйфел мунарасындагылардын сөздөрүн жанымда сүйлөгөндөй угат, тилдерим булбулдай сайрап, жетимиш тилде түш жоруп, созолонтуп обон салсам бир стадион толо эл оордуларынан тура калып кол чабышат, ойлонуп туруп ыр окусам Пушкин, Лермонтов, Алыкулдар маңдайымда туруп дурус дешет, боекторду алып сүрөт тартсам Де Винчинин сырдуу аялынын оозу кулагына жетип жылмаят. Мурдумдун жыт билүүсү Италиядагы ашпозчу түштөнүү үчүн камыр тамакка киришкенин алыстан жыттап билип, өзүмө-өзүм мынча бактылуусун деп таң калып, Дубайга кеткен Диананы деле унутуп баратам.

– Дагы баштадыңызбы, болду мени унутуңуз, экинчи мага жазбаңыз, сиз неге мындайсыз, менин номеримди өчүрүп салыңыз, уктуңузбу, жетишет эми, болду жазбаңыз! WhatsAppтан жазышуу дагы кан буугандай токтоду. Арадан бир апта өттү.

– Саламатсызбы Аяна! Ден-соолук, маанайлар жакшыбы?

– Шүгүрчүлүк, Саян. Сиз менен дос, ага-карындаш катары сүйлөшөйлү, эгер каршы болбосоңуз, чектен чыкпайлы.

– Жарайт, мен деле сизге ушундай сунуш айтайын деп турганмын, сизде кандай жаңылыктар?

– Баягы эле өгүз өлбөсүн, араба сынбасындагыдай, ишке бармай-келмей, бири-бирине окшош жашоо.

Аянанын апта ичиндеги ой толгоосу: "Ушунусунда эмнегедир сизге аябай ачуум келди. Сиз менен сүйлөшмөк турсун, көрөйүн деген көзүм жок болду. Сиз жөнүндө уккум да келбеди. Өзүмө да жиним келди, ырас болду ушуну көрмөксүң деп. Кайра өпкөмдү басып, ачуумду чыгарып, сиздин өткөндөгү жазганыңызды окуп көрсөм, өлтүрө турган деле эч жаман нерсе жазбапсыз, анан эмне мынча алынып кеттик, билбеймин. Балким, бул тарбиядандыр, балким бул ортодогу жашыбыздын айырмасындагы түшүнбөстүкпү? Анан эмнеге кээде божурашып жакшы сүйлөшөбүз. Балким, бул чыныгы сиз жазган "арзуубу? Жоок... жок, андай болушу мүмкүн эмес".

Балким, Диананы айтып баштаганда же башка айымдарды сүйлөп баштаганда түшүнбөстүк, талаш-тартыш башталгандай, бул эмне кызганычпы? Мен эмнесин кызганмак элем.

Бирок сиз менен баарлашкандан кийин, жумуштарым жемиштүү болуп, айланамдагы адамдарга жумшак, жакшы мамиле кыла баштаганымды сезип, сизге, сиздин дарегиңизге жакшы пикирлерди калтырууну чечтим» деп кыялданып, Аяна эстүү телефонун алып жаза баштады.

– Саламатсызбы, биринчиден, өткөн кызуу кандуулукту кечирип коюңуз. Эми, жазбай коё албадым, ички дүйнөм уйгу-туйгу болуп, жаным жай албай, сиз менен сүйлөшпөй ичим бышып кетти.

Ток этерин жазганда сиздин коомдогу ордуңуз, полковник деген наамыңыз, ички иштер кызматында иштегениңиз, WhatsAppка жүктөгөн сүрөтүңүз, ишенсеңиз мени бир грамм кызыктырбайт, мага бир тыйынча баалуулугу жок.

Мен сизге ачыгын түз эле бетиңизге айтып коёюн. Сиздин мени-мендей түшүнгөндүгүңүз, мени-мендей кабыл алгандыгыңыз, оңдоп-түздөбөй туруш-турпатымды, кулк-мүнөзүмдү, кемчилигим менен артыкчылыктарымды өзүндөй кабыл алып жүргөнүңүздү баалаймын, ушунуңузду сыйлаймын.

Кыжалат болбоңуз, сүйбөйм.

Мейли, ага катары, дос катары кичине жакшы көрөмүн, бирок, сиз башка эч нерсени ойлобоңуз!

Саяндын жума ичиндеги ой толгоосу: "Эми жетишет, бул маңка кыз өзүн көкөлөтүп, мени туура эмес түшүнүп алыптыр. Жөн койсоң, Айда учуп жүрөт го.

Бирок, эмнеге анда мен кайра ага өзүм жазып баштап жатамын?!

Демек, мен анын кыжырына тие турган же ага жакпаган теманы козгоп аламбы, бирок, ал темалар менин ааламымда азырынча жашап жатат да, аны айтпай, жазбай койсом жасалмалык болуп калат да.

Кандай болгон күндө мен деген эркекмин да, ал аялзаты. Биз копол болсок, алардын жан дүйнөсү назик келет деп ойлонуп, сизди эстеп отуруп сизге кайрадан жаза баштадым" деп эстүү телефондогу WhatsAppты ачып жаза баштады.

– Оп-поо, мейли кечирдим, сиз дагы мени кечириңиз. Билесизби, кээ бирлери өмүр бою ушул беш тамгадан турган «кечир» деген сөздү айта албай, аны айтып койсо кичирейип же пас болуп калам деп ойлошот экен. Кечир деп айта албай өзүнүн да, берки адамдын да кыжалатчылыгын кошуп жүк кылып көтөрүп жүрүп өтүшөт.

Сиз андайлардан эмессиз, билем, сиз туруссуз, сиз кичипейилсиз, сиз кекчил эмессиз, анан дагы мээримдүүсүз. Менин кебете-кешпириме, статусума кичине тийишип өтүпсүз, мен да сизге чынчыл болоюн.

Мага сиздин мени менен түз, кууланбай, текеберлик кылбай болгонун болгондой сүйлөгөндөрүңүз сары майдай жагат.

Ооба, мага жагасыз, ал чындык.

Ортобуздагы алака анда эмне? Сүйүүбү? Билбейм? Ал азыр сизде, менде барбы ачык айта албаймын.

Ал эми сиздин WhatsAppтагы ажарлуу жүзүңүз, шаңдуу күлкүңүз, сулуу келбетиңиз мени да кызыктырбайт, анткени ал нерселердин баары Дубайдагы Дианада деле бар болчу.

– Эй, эй, сиз өзү кандай адамсыз? Адам-падамсызбы? Ээй барың, сизге сүйлөп, сизге жазган «пил».

# ТУРГАН ТАЙНЕМ



Шермат кызы Турган тайнем көзү өттү деген суук кабар 1997-жылдын 17-сентябрь күнү келди. Тайнем өлбөй тургандай эч ишенбедим. Эч ким ишенбеди, анткени 97нин күзүн кечирип, эч бир жери оорубады же ооруканага жатпаптыр. Тайнем көзү өтөт деген күнү иним Нуремирбек, анда мектеп окуучусу, досу менен үйгө алма жегени сабактан качып келет. Ошол мезгилде тайнем карылыкпы, кыскасы, ичер суусу түгөнүп, бул жалган дүйнө менен коштошуп үзүлөт. Нуремирбек суу берип үлгүрүп калыптыр. Ошентип, жаназа намазы окулуп бүттү, тайнемди калың журт болуп бейитке алып жөнөдүк.

– Бейитте көп адамга жай каздык, жарыктык жакшы жашап өтүптүр, казган жайынан бир таш чыкпады, – деп жай казган балдар ич ара сүйлөшүп атканын кулагым чалып калды. Чындап эле майда сары кара топурак.

Шаардан Гүлчө айылына жөнөгөндө үйгө барбастан, тайнеме жолугуп, чайын ичип, чөнтөгүнөн чыккан момпосуй, кант, өрүк-какты шимиген бойдон үйгө жөнөчүмүн. Тайнем өлгөндөн кийин деле бир жылдай ошентип жүрдүм. Автобус же жеңил унаадан түшө калып тагамдын үйүнө чуркап барам, наркы-берки бөлмөгө чуркап, эшиктеги отургучту карап таппай, уктоочу бөлмөсүндөгү сандыкка жөлөнүп, жашып үн чыгарбай ыйлап алып, тажеңемин чайын ичип олтуруп калам.

– Тайнең өлгөн жок. Эми тайнең Гүлсара, – деп тажеңебизди көргөзөт Мустафа тагам.

Тайнем анда тирүү болчу, биздикине конокко келген кез. Ыраматылык атамдан калган үйдү калыбына келтирейли деп үйдүн ичи-сыртын сыйрып, оңдоп-түздөө иштерин баштап койгонбуз. Эски ажаткана толуп, эскилиги да жеткен. Жаңы ажатkананын орду деп 5 метрдей тереңдикти казып жатсам үстүмөн бир көлөкө пайда болду, күбүрөнүп сүйлөгөнүн тыңшасам тайнем.

– А, Куюн Мамыт! (мени ошентип эркелетчу) Мен эми өлсөм боло берет экен. Сен сары катынды (апамды ошентип айтчу) багып ала турган эр азамат болупсуң, – деп мыйыгынан жылмайып, таягы менен таянып басып кетти. Жарыктык ошол жылы оо дүйнөгө кетти.

Жаш балдарды, көбүнчө итий оорусу менен ооругандарды айыктырып койчу. Төлгө тартчу, беш маал намазын үзбөй окуп, карып калса да 30 күн орозо кармачу.

– Орозону кантип кармайсыз, – десем:

– Орозону кармап сандыкка салып койгонмун, – деп жооп берчү. Тайнем уктап калганда орозо чымчык болсо керек, көрөйүнчү деген кызыгуум менен сандыгын ачам деп аракет кылчумун. Уйкудан тура калып, сандыгын ачып:

– Сен уктап жатканда орозону учуруп ийдим, – десе кадимкидей ишенип, таарынып калчумун.

Ошентип Россияга мен дагы эл катары тиричилик деп жөнөп калдым, жыйырма жаш курч кезим. Тайнеме жолугуп айтсам, жарыктык төлгөсүн жая салып:

– Жолуң ачылып турат, барып кел. Олжолуу кайтасың, – деди. Көмкөрөмдөн жаткырып, башымдан бутумдун учуна чейин ак-кара жипти тартып, жети жеринен кайчы менен кесип колума карматып: – Куюн Маамыт, Гүлша дайрасынын көпүрөсүнө жеткенде бул ала-жипти дайрага ыргыт, кылчайып артыңды караба, – деди тайнем. Айтканындай эле иш жакшы болду. Окуумдун контрагынын үч жылдыгын төктүм, кышкы-жайкы кийимимди толук даярдап, тайнеме тыбыт жоолук алып келип башына салдым.

– Эми окууңду жакшы оку, пулга көп кызыкпа! – деп нават чайын ичип, унчукпай отуруп калды. Ошондой болчу. Сүйлөгүсү келсе жакшы сүйлөп, кээде сүйлөбөсө деле жанында отурсаң эбегейсиз керемет жан болчу.

Кээде туугандар чогулганда ар бирибиз тайнемдин окуяларын, бизге кылган мамилесин талашып айтып калабыз. Мен орто жашка жакындап, балдар мектепте окуп жатышат, аларга мен да таалим-тарбияны айтып калам. Өзүм болсо көп адамдардан кеп-кеңешти угуп турамын, бирок “Куюн Мамыт” деп кайрылып айткан тайнемдин маанилүү насааттарын ар дайым эсимде түйүп жүрөм.

# ТАГА-ЖЭЭН

2012-жылдын кыш мезгили өзгөчө чилде болуп, көрбөгөндөй аяздуу суук болду. Аба ырайы Ошто күндүзү –20 Cº, түнкүсүн -30 Cºка жетти. Кар калың  жаап, көчөлөр тоңголок көк муз. Ушундай күндөрдө Бишкектен суук кабар келди, тагам Мустафа операция болуп ооруканага түшүптүр, тажеңебиз Гүлсара жанында күнү-түн карап жатат дейт. Апам бул кабарды угуп дароо учак менен Бишкекке учуп кетти. Мен апам менен кеңешип:

– Тагамды сурап койбосом уят. Отпуске алып кабар алып келейин, – десем: – Ботом, ушундай суукта шүк отурчу, – деп койду.

– Барам, – деп көгөрүп алдым. Кайра дубасын берип ак-жол тилеп, телефондон батасын берди. Унаамдын майын, тосолун алмаштырып, дөңгөлөктөрүн каратып, айтор, жалпылап бир сыйра жолго даярдык көрдүм. Ошентип темир тулпарды «чу» деп Бишкекти көздөй зуулдап жөнөдүк. Шаарда кырк-алтымыш ылдамдыктан ашпаган темир ат үзөңгүнүн алдына улакты басып, топ улакчыдан жулунуп качкан улакчы аттан бешбетер талпынат го. Аш-буш эткиче Чычкан капчыгайына кирип келдик. Кардарым, жол шеригим Нургазы:

– Аке, балдардын, өзүбүздүн деле курсагыбыз ачып калды, шам-шум этип алайлы, – деп калды. Чычкандын ашканаларында ошол маалда килтейтип бир жилик этти, бакыйган бүтүн картөшкө салып, алптар иче турган шорпо беришчү, ошондон гултуйтуп алдык.

Өрлөп Чычкан капчыгайы менен Ала-Бел ашуусуна ашып калганда унаамдагы датчикти карасам, сыртта абанын температурасы -40 Cºту көргөзүп турат, жүрөгүм бир нерсени сезгендей шуу дей түштү. Нургазыга анымды билгизбедим, анткени салондогу абанын температурасы +23 Cº болчу. Ала-Бел ашуусунун башына чыкканда суу датчиги нормадан ашып, кызыл көрсөткүчкө жатып берди. Бул деген патрубкалар жарылып суу агып түшкөн же суу тоңуп калды дегенди түшүндүрөт. Андай болсо унаанын кыймылдаткычы кармайт да, унаа жүрбөй калат.

Унаамды токтотуп, сыртка чыгып бетимди муздак карга аарчып, муздак шамалга жүзүмдү тостум. Ашыкча бир литр тосолду куйдум да, Суусамыр өрөөнүн аралап ызылдатып айдап жөнөдүм. Суу датчиги бир аз артка кайткан менен кайрадан нормадан ашып, кызыл көрсөткүчкө жалпайды. Ичим буркан-шаркан, сыртым алай-дүлөй. Ички терезеден арт жактагы эки наристени карап, ара жолдо калганды ойлогондо көзүм караңгылашып кетти. Суусамырдагы май алмаштыргыч жерге жетүү үчүн болбоду дегенде кырк-элүү чакырым бар. Болор иш болду деп бутум газды тээп, бурулуштарда гана тормозду басып коюп, айтылуу Парижге келип жеттик. Тосол алып куйсам эки литр куйганда толуп калды, түшүнбөй калдым бул эмнеси деп. Кошумча дагы төрт литр тосол алып Төө-Ашууну көздөй жөнөдүк. Бороон-чапкын, бурганактаган кар, алдыдагы унаалардын изинен жана капталдагы бордюрлардан гана билинер-билинбес жол көрүнөт. Төө-Ашууга үч-төрт бурум калганда машина тык токтоду.

Ачкычты ачып бурасам, от алмак турсун эч кандай кыймылдаткычтан чыкчу үн жок. Ошол жерде беш мүнөттөй туруп калдык. Нургазыга болгонун түшүндүрүп:

– Унаам эми жүрбөйт, буксирге салып тарттырып алып кетем, техника экен бузулуп калды, мени кечиргиле, силерди жолдон өткөн унааларга салып коём, – деп сыртка чыктык.

Төө-Ашуунун ызгар суугуна заматта бүрүшүп тоңуп калдык. Нургазынын балдары чыдабастан ыйлап киришти, келин да үшүгөнүнөн өңү бозоро баштады. Нургазы экөөбүз кол булгап бирин-серин өткөн унааларды тособуз. Алар токтоп:

– Орун жок, – дейт. Балдар көгөрө баштады, коркуп кетип биринчи токтогон унаа ичиндеги адамдарга жалынып-жалбарып ийдим.

– Эки баланы аягыла, батырып алып алгыла, – деп келин менен эки баланы салдык. Андан кийинки унааны токтотуп Нургазыны салдым да, моюнумдагы жоопкерчиликти аткардым, эми унааны буксирге тарттырып кетемин деп кол булгап туруп калсам, жогору жактан Нургазы чуркап келип калды.

– Аке, мен сизди жалгыз калтырбаймын, экөөлөп эптеп Бишкекке жетебиз, – дейт. Эндиреп же сүйүнө же ыйлай албай:

– Мейли, – деп тоңуп калган эриндерим кыбырап араң жооп айтканга жарадым да, унаа тосууну уланттым. Аңгыча таластык мамлекеттик номуру менен кара түстүү "Хонда Одиссей" үлгүсүндөгү унаа токтоду.

– Байке эмне болду? – деп үч-төрт шамдагай жигиттер түшүп келип, учурашып калышты.

– Унаамдын кыймылдаткычы кармады, буксирге алыш керек десем:

– Сиз арканды өз унааңызга улаңыз, биз арканды өзүбүздүкүнө улайлы, – деп ыкчам кыймылдап калышты. Балээниби, катуу үшүгөн мен аркан жипти кармаган бойдон суукта кабышып калдым, үшүп калганга же эңкее албайм, колдорум да эч кандай эпке келбейт. Таластык жигиттер муздак карга тизелей калышып, ары-бери арканды байлап салышты.

Ошентип Төө-Ашуудагы туннелге жеткизип:

– Байке, өзүңүз билесиз, бул жагы ылдыйыш, эвакуатор жалдаңыз, – деп жигиттер биз менен коштошту. Эвакуаторго чалсам, акысы он миң сом, бирок бир-эки саатта бошойм деди. Унаада отуруп жөн эле ачкычты текшерип бурасам, от алып кетсе болобу, бирок, меш иштебей койду. Ылдыйлап кетип бара жатабыз, мурдагыдай шашмай жок, Нургазы утуру колун сыртка чыгарып, маңдай айнекти аарчыйт, кайра тоңот, кайра аарчыйт.

Ошентип, Сосновка айылына эптеп жетип, ашканага кирип эле бүрүшүп мешке жабышып калдык. Билбейм, жарым сааттай унчукпаган мемиреген тынчтык өкүм сүрдү окшойт. Жылынып,

тамактанып, Бишкекте жашаган Бакыбай деген баткенчи досума чалдым. Иштин жайын төкпөй-чачпай баяндасам:

– Унааңды Сосновкага калтырып, өзүң үйгө кел, – деди. КамАЗ айдаган айдоочулар чай ичип олтурган экен, ошолорго илешип Бишкекке түн оокумда кирип келдик. Аяшым дасторконун жайнатып, Бакыбай кучак жайып тосуп алышты. Кучакташып учурашып, бабырашып эле жайнап отуруп калдык.

Чай ичип отуруп Бакыбай сурап калды:

– Ээ, досум, а-бу суукта жолго чыгып тынччылыкпы?

– Тагам операция болуп ооруканага түшүп калыптыр, ошондон кабар алып.

– Ээ досум, тагага да келеби? Менин Бишкекте беш тагам бар, айда-жылда бир көрөм. Керек болсо, өткөндө тойчо өткөрсөм келбей да коюшту, энеңди урайындар, – десе болобу. Оозум Ошту карап, бир аз дендароо түшүп, кайра оюмду топтоп:

– Биздин тага башкача, атадан жаш калдык, досум, ал киши кийген тонун чечип бизге кийгизип, жеген ашын биз, жетимдерге берип бойго жеткизди. Алдыбыз Москва, артыбыз Фрунзеден жогорку окуу жайларынын дипломуна ээ болушубузга тагамдын эмгеги зор, – дедим .

Эртеси Бакыбай, Доха, Шайбек болуп унаамды тарттырып келип оңдотуп, Мекебай, Амангелди болуп өткөн-кеткенди эстеп баарлаштык. Андан соң Мустафа тагамды көргөнү ооруканага кирип, учурашып амандык сураштык.

Азыр Бишкекти көздөй унаам менен жөнөгөндө ар дайым эсиме Нургазы түшөт. Ал кайда, балдары чоңоюп калыштыбы, дагы бала-чакалуу болду бекен?

Баягы таластык жигиттердин атын сурап калбапмын, алардын тагдырлары кандай болду? Алар жана Нургазы менен кайра көрүшөбүзбү? – деген түмөн ойлор келет.

*22-январь, 2012-жыл.*
*Бишкек шары*

# ТЫНЧТЫК, ЭРКИНДИК, СҮЙҮҮ!



Ортодо даңгыр жол, жолдун эки тарабы бийик өскөн чөп, анча-мынча жерде таштуу көлдөр жайгашкан. Көл үстүндө Күн нурун чачыратып, тербелге көл бетин жалтыратып турат. Күндүн сүрөтүн көл бетине портрет кылып жаткызып койгондой туюлат. Тээ алыста катар тизилген, чөбү күнгө күйүп куурап калганга саргайып уланган кырка тоолор. Жайыттарда жайылган төрт түлүк мал, бери жагында жол бойлоп тигилген боз үйлөр, арасында балдардын оюн-зоогунан жаңырган таттуу үндөр, аларды коштогон күлкүлөр. Жолдо үч жолоочу келе жатат. Үчөөнүн талашканы эле кимиси маанилүү да, кимиси маңыздуу?  Кимиси таасирдүү да, кимиси улуу? Кимиси өктөмдүү да кимиси абройлуу? Кимисинин адамзаттын жашоосундагы ролу чоң да, коомго келтирген пайдасы көп? Кимиси биринчи да, кимиси акыркы? Теребелге болгон тиешеси, жер бетинде, жер астында кимиси эң кубаттуу да, эң зарыл? – деген сыяктуу талкуу күч алган. Булардын талкуусун кооз жаратылыш коштоп, сөздөрү жаңырык болуп, айланага жаңырып жатты. Алгач сөз жарышка Тынчтык чыкты.

– Тынчтык деген – бул өмүр, жашоо, өмүр булагы, өмүр башаты – тынч өмүр сүрүү. Тынчтык бул – мамлекеттин тынчтыгы – шаар, айылдын, көчөнүн, үй-бүлөнүн тынчтыгы. Тынчтык – бул айлана-чөйрө, жаратылыш, колу-коңшу, кесиптештер, досторуган менен эриш-аркак тынчтыкта жашоо. Тынчтык болсо, жер жүзү, өлкө, шаар, айыл, үй, уул-келиниң, кыз-күйөө, бала-чакаң тынч, кошунаң, мал-жаның, эккен-тиккениң тынч дегендей. Тынчтык өкүм сүргөн жерде өмүр, ырыскы, кут- береке, дөөлөт, бакубат жашоо, шүгүрчүлүк жышааны коштоп-колдоп жүрөт. Тынчтык бар жерде согуш, уруш-талашы жок тынч жашоо уланат. Тынчтык болбосо туруш-турпатың, ар-намысың, үй-бүлөң, ээлеген кызматың, жүргүзгөн ишкерлигиң, жыйнаган дүнүйөң, короо толгон мал-мүлкүң, топтогон абийириң бир тыйынга жарабай калат, көргөн күнүң күл болуп, жегениң желим, ичкениң ирим болот. Тынчтык жок жерде согуш орун алат, уруш-талаш, зилзала – табийгаттын апааттары көбөйөт, орунсуз талаш-тар-

тыш жайылат, башаламандык, зордук-зомбулук күчөйт. Ошондуктан, биринчи тынччылык болсун, «ач отурсаң, тынч отур» деген накыл кеп бекеринен элибизде айтылган эмес деп Тычтык сөзүн жыйынтыктады.

“Болсун, болсун баатыр, тынчтык болсун” болуп, сөздү Эркиндикке узатышты.

– Эркиндик бул – чексиз аалам! Эркиндик деген – өз өлкөңдө эркиндикте жашоо! Эркиндик – эркин ойлоо, эркин пикир билдирүү, бирөөнүн да эркин пикирин сыйлоо, бир жерден экинчи жерге өз эркиң менен эркин басып жүрүү, эркин сейилдөө, эркин уктоо, эркин ырдоо, эркин ыйлоо, эркин күлкү, эркин убакыт өткөрүү, эркин тандоо, эркин кароо, эркин сыйлоо, эркин эмалуу, таң эрте эркин туруу, эркин тамактануу, эркин жашоо. Эркиндик өкүм сүргөн жерде – өсүп-өнүгүү, атаандаштык, калыстык, адилеттүүлүк, заманбаптык, сабырдуулук түбөлүк коштоп жүрөт. Эркиндик бар жерде өнүгүү, өсүү, барчылык, молчулук, ар дайым жаңы жетишкендиктер, жаңы кадамдар, жаңы багыттар, жаңы жүздөр, жаңылануулар, жакшы өзгөрүүлөр болот. Мурунку, азыркы, кийинки тунук тааныш көздөр, даңгыр жолдор, накыл сөздөр жакшылык жагына ыктап турат. Эркиндик болбосо – кунарсыз, караңгы жашоо, дүнүйө-байлыгың, тапкан ырыскың колуңда туруп эркиндигиң жок болсо, эркин боло албасаң, эстеген адамың болбосо, жашаган үйүң ээнсиреп турса, тапкан ырыскыңды иштете албасаң, эркин сүйлөй албасаң, эркин баса албасаң, эркин кыймылдай албасаң, анда баягы Пушкин акындын жомогундагы сынык тепшиден айырмабыз болбой калат. Эркиндик жок жерде караңгылык, каатчылык, кайдыгерлик, аргасыздык, бушаймандык, мусаапырлык, байкуштук, күмөн саноо, көздүн жалынынын өчүшү, бошошуу, жабыркоо, түнт болуу, уйку качып ички дүйнөң чоң сыноого дуушар болуп, жаның кашаят, жүдөө жан-дүйнөңдү эзет жана дене келбетиңди оору коштоп, сары-санаа жармашат. Ошондуктан «Бирөөнүн элинде султан болгуча, өз элиңде ултан бол» деген накыл кеп бекеринен айтылган эмес – деп Эркиндик сөзүн жыйынтыктады. Калгандары: “Баракелде, азаматсың” деп коштоп-колдоп далысын таптап, кийинки сөздү Сүйүүгө беришти.

– Сүйүү – бул мекенге, балага, жан-шеригиңе, ата-энеге, жаратылышка, жаныбарларга, жаны жок буюмдарга (унаа сыяктууга) болгон сүйүүлөр жана алар адамдын жүрөгүндө жашап келет. Жакшылык, жамандыкты адам кулагы менен угуп, көзү менен көрүп, ошонун баарын жүрөгү менен өткөрүп, жакшылыкка кучагын жайып кубанып, жамандыкка шалдайып, кабыргасы кайышып кайгырып, ыйлоо эмоцияларын, жүрөктөн түнөк тапкан сүйүү сезими менен өткөрөт. Сүйүү өкүм сүргөн жерде гармония, өз ара түшүнүшүү, жылуулук, адамгерчилик, жароокерлик, мээримдүүлүк, ыймандуулук, кайрымдуулук, кут жана башка жакшы сапаттар орун алат. Жашоого болгон кызыкчылык артып, жумушка болгон кызыкчылык күчөп, адамдарга арналган сый-урмат коштоп жүрөт. Сүйүү бар жерде жашоо, үмүт, тукум улануу, жаштык, жалын, жарыктык бар. Сүйүү болбосо, күйүт жашоо, салкын өмүр, калган көңүл, чөккөн пейил, тунарган көз караш, алга жылбаган жумуш, артка кеткен ишкана, кунары учкан айыл-кыштак, ашмалтайы чыккан шаар, келечеги жок мамлекет, көөдөндүн боштугу, самсаалаган келбет, желе баскан үй, шыпырылбаган эшик, супсайган кабак, тузу кем тамак, ындынын өчкөн акыбал, жер тиктеген көз, эби жок сөз, чөлдө калган жалгыз адамдай, куурап калган дарактай, көчө безген жолбун иттейсиң, тырнакка сыгылган биттейсиң. Сүйүү жок болсо, ыймансыздык, ынсапсыздык, ишенбөөчүлүк, ысырапкорчулук, паракорчулук, нашакорчулук, түшүнбөстүк, пастык, кастык, кемчонтойлук, кополдук, оңтоосуздук, ыңгайсыздык, маданиятсыздык, текеберчилик, мансапкорлук, жакындарыңды басмырлап басынтуу, адепсиздик, чектен чыкмайлык, боло беретчилдик, туңгуюктук жалпыңды коштоп жүрөт. Ошондуктан:»Сулуу сулуу эмес, сүйгөн сулуу», «Сүйүү деген сүйүү эмес бетиңден, сүйүү деген сүзүп өтүү деңизден « (Алыкул Осмонов) деп айтылган накыл кептерде маани бар, – деп Сүйүү сөзүн жыйынтыктады. “Өргө, өргө, баракелде” деп кубатташып колдоп, кол чабышып, үчөө эми кимиси кыйын, кимиси маанилүүдөн, кимиси зарыл, кимиси терең, кимиси тайыздан кайтып эрегишпей, үчөө ээрчишкен үч эм козудай бири-бири менен тыгыз байланышта экенин жон терилери


менен сезишип, жан-дүйнөсү менен туюп, бири-бирин мээрими менен тиктеп калышты. Башта ар бири өзүн гана мактап жатышкан болсо, эми үчөөнүн толукшуган көөдөнүнөн, жалындаган жүрөгүнөн мээрим чачырап, кандай сөз чыгат деп мойтоюп, алдын "Мен сүйлөймдөн чегинип, сиз сүйлөңүз, ал сүйлөсүн" деп маданияттуу, сабырдуу болуп  калышты. Тынчтык сөзгө өттү:

– Туугандар, эгерде Тынчтык болбосо – жашоо болбосун түшүндүк! Эркиндик болбосо – көргөн күнүң сокур, ичкен сууң муз, жашаган жашооң кор болот экен! Сүйүү болбосо – аруулук, алдыга жылуу болбойт экен! Эркиндик коштоп кирди:

– Курдаштар, Тынчтык болсо өмүр болот экен, күлкү коштойт экен, жашоо шооласы уланат экен! Эркиндик болсо – эки колуң кош канатка айланып, бүркүт болуп чексиз мейкиндикке көтөрүлүп учуп, көкүрөк толо таза аба дем алып, аскадан аккан булактан суу ичип, булуттардай чубалжып жерге жамгыр болуп төгүлүп, көлдө жүргөн ак куулардай сүзө алат экенсиң! Сүйүү болсо – ооматың ашып-ташып, дөөлөтүң көккө көтөрүлүп, абийириң сүттөй ак болуп, мингениң күлүк ат, жолдошуң кызыр, сүйлөгөн сөзүң бал болуп, жүрөгүңдө дайым жаз мезгили жашап, аба-ырайы аруулукка толуп, үмүттүн учу көрүнсө, аягы чубалжып түгөнбөйт экен! Сүйүү сүйүнгөн абалда:

– Достор, мамлекетибизде, жерибизде, элибизде, конушубузда, үй-бүлөлөрдө тынчтык болсун! Эркин эгемендигибиз насип кылып, Эркиндигибизди түбөлүккө сактап асырап калайлы! Жарандарыбыздын жүрөктөрү оттой ысык жанып, дүкүлдөп согуп, ар бирибизде мамлекетке, ата-энеге, өмүрлүк жубайыңа, ырыскы тапкан жумушуңа, бизди курчаган жаратылышка болгон тунук Сүйүүсү өмүрдүн аягына чейин эч өчпөсүн!

# КОСМОНАВТ МЕНЕН ЖЕР ЭНЕ



Булак башындагы суу муздап, чөп катып калган маал. Ошол муздак суудан ууртай коюп тамагыма ангина деген, балакет оору жармашып, ооруп жатып калдым. Күзгүдөн тамагымды тиктесем кыпкызыл болуп, төөнүн өркөчүндөй дөмпөйүп шишип кетиптир. Шилекейимди араң жутам, тамагымдан суюктук гана өтөт. Денемдин ысытмасы градусниктен 39ду көргөзүп, өзүм галюцинацияга түшүп, көзүмө ар нерсе көрүнүп, жөөлүп ар нерсени сүйлөп калганда, дугдурлар тез жардам менен келип, жамбашыма укол сайып кетишти. Уктап кетипмин, көзүмдү ачсам башымда скафандр, үстүмдө космонавттын ак кийимин кийип алганмын, айлана кара түн, бажырайган жылдыздар толо асман галактикасында бүткүл дүйнөлүк Жер тартылуу күчү иштебеген тең салмаксыздыкта эркин учуп жүрөм. Жерди карасам, байкуш Жер планетасы космостон аябай байоо, назик, өз сызыгында айланып, бирок, сызыктан чыкса тоок жумурткасы жерге түшүп тарс этип сынып, жерге сарысы жайылгандай эле борпоң топурактай бош экен. Шаарлардын, айылдардын үстү жапжарык жанып, биз үстүнө чыга албаган аска зоолор оюнчук макет сыяктуу, ал эми буркан-шаркан агып, сүрүңдү алган чоң дарыялар болсо, арыктан аккан суудай эле көрүнүп калат экен. Ал эми Байкөл, Ысык-Көл, Соң-Көлдөр жамгырдан кийинки топтолгон көлчүк көрүнүп, чөмүч менен бир алым суудай сезилет. Жер бетин каптаган төрт океан болсо кышындасы терезени каптаган ак-көгүш аяздай сезилди. Завод-фабрикалардан түтөп чыккан түтүндөр жер тамдын морусунан чыккан эле түтүн түгүл, тамеки чеккенде чыккан түтүн сыяктуу көрүнүп-көрүнбөйт. Ал эми Жер дагы деле өз сызыгында айланып жатат, бирок ошол сызыктан башка аны коргой турган эч нерсе жок экен. Коркунучтуу кометалар жерден алысыраак аралыкта өтүп жарылып, тутанып от болуп күйүп жатты. Катаал кометалар көбөйүп отуруп, жерге кол салуу чабуулун көбөйттү. Байкуш жерде эки гана жол бар. Сызыгынан чыкпоо, ал аны сактап калат, ошондой эле экинчи жол, сызыгынан көп алыс чыкпай, кометалардын чабуулунан буйтап качып, жанын аман

сактап калуу. Жер байкушка кометалардын чабуулу көбөйдү, ал нары буйтайт, бери буйтайт, планеталар сызыгы жерге колдоо көрсөтүп, "скакалка" жибиндей, чоюлуп өз сызыгынан чыгарбаганга аракет кылып жатканда, чо-оң кара түстүү, сырты жердин лавасындай ар жеринде кызарган чок бажылдаган комета жерге урулду, жерден жалт-жулт эткен чачыранды жалын чыгып, жер түтүнгө батып кеткенде, жүрөгүм сайышып, көзүмдөн чыккан жаш вулкандай атылып, мээм баш сөөк болбосо атылып эле чыгып кеткидей акыбалда, болгон күчүм, топтогон үнүм менен:

– Жер эне, Жер эне! – деп алымдын болушунча бакырдым. Жер энеге жардам бере турган эч нерсе жок акыбалда калдым. Кара ниет кометаларды сөгүштөн башка аргам жок көзүмдүн жашын аарчыдым. Эми Жер эне жарылат, андагы жети млрд саны бар жашоочулар заматта күм-жам болот, бир нече мүнөттөр башта жер бетинде ошол Жер эненин мээримин көтөрө албай, байлык-бийлик талашып согушуп, кен-байлыкты айоосуз казып жатышкан, бир жериндеги жыргал жашоого каниет кылбай баңги заттан сайынышкан, бир жеринде туура жашоого Жараткан-га сыйынып жатышкан, ак-кара күч күрөшүп жашаган, ушунун баарын көтөргөн, ушунун баарын сиңирген Жер энебиз жарылат деп шолоктоп ыйлап жаттым.

– Жер энем ай, Жер энем! – деп шолоктоп ыйлап киргенде мүрүмдөн бирөө түрткүлөп:

– Ай Арстан, Арстанбек, болду эми ыйлаба. Ысытмаң бир аз түштү, чыдай тур, айыгып кетесиң – дебеспи. Көзүмдү ачсам үйдө жатамын, көл-шал болуп денем нымшып тер баскан, көзүм дагы нымдашкан. Өңүмбү же түшүмбү деп терезеден сыртты карасам, Күн чайыттай ачылып шашкеге келип, шооласын жер бетине тегиз чачып жымыңдап:

– Кандай Арстанчик, жакшы болуп калдыңбы? – дегендей жылмаят. Короодогу катып калган, бирок жашыл түсүн дале кетире элек чөптөрдү көрүп: «Тооба, жаман түш көрүпмүн» деп сол жакамды тайенем үйрөткөндөй үч жолу тиштеп, сол жак, оң жагыма түкүрүп. Кайрадан сол колтугума градусник салып

ысытмамды өлчөсөм 37ге түшүп калыптыр. Мен го буюрса айыгып кетем, эң оболу Жер энем аман болсун, согуш болбосун, кара энергиялуу кометалар жерге жетпей жарылып жок болсун деп тилеп, сары жалбыракка айланган күзгү бакты тиктеп Жаратkandан ошол тынчтыкты, Жер эненин амандыгын тилеп отуруп калдым.

# КҮЗГҮ КУСАЛЫК

Аптаптуу ысык күндөр салкын соккон шамал күндөргө алмашты. Асманда кооз формаларды жаратып көркөмдүк тартуулаган жайкы ак булуттар чыгышты көздөй чубаалжып узап баратышат. Артынан ээрчиген күзгү кара булуттар сүрдүү сүрү менен асман чапчып калдаят.

Огороддо бак-дарактардын күзгү сугарымына деп колума кетмен алып, катып калган арыктарды чапкыласам, өпкөм көөп, тамагым кургап, ичегилерим суусап, таманым муздап үшүдү. Төбөмдөн көлөкөсү менен Күндүн бетин жапкан боз булуттар жумушума жолтоо болгондой каардуу бозоруп үңүрөйүшөт. Чаңкап калганга тилим салаңдап, колумдагы кетменди арык суусуна имерип, бак четиндеги эскилиги жеткен карагай сөөрүгө жамбаштай калдым. Сөөрүдөгү үстөл үстүнө салынган дасторкон бетине дарактардан түшкөн кызыл-тазыл жалбырактарга толуп, быйылкы күздүн эсебинен бир жолу шириндикке тоюп алайын деген курт-кумурскалар пиялага куюлган кыямдарга толуп алышкан.

Чайнектеги ысык көк чайдан оозум күйүп ууртгап, суусаган жериме жетип шалдайып, көк асманга көзүм менен кадалып, кыңтайып жатып калдым. Чарчаңкы көзүм асманга жабышып жаткан бойдон уйкуга тартылып, көзүм илинип кетиптир.

Көзүмдү ачсам жайдын аптаптуу күнү, папалаган ысык шаардан качып, Чыйырчык жайлоосундагы тоо кашатына тигилген боз үй ичинде шырдамал салынып, баркут төшөнчө үстүндө чыканакка жөлөнүп, чаначтагы кымыздан чыныга толо

куюп, оозу-мурдумдан агызып ичип жатам. Эми суусунуңду кандырат чиркин, муздак, кычкыл даам. Чыныга кайрадан толо кымыз куюп анын үстүнө казандан чыккан ысык куймактан малып жеп жатканда, эшикте аттын дүбүртү жана калдыр-кулдур темир дөңгөлөктүү араба үнү чыгып бир чакырык чыгып калды:

– Эй баатыр, чык эшикке! – деп бейтааныш ат арабакеч жолоочунун добушу ичке келип, өктөмдүү да басымдуу буйрук берген сыяктуу тим эле желкеңден алып боз үйдөн сүйрөп чыга тургансыйт.

Муздак кымыз ичиме кирип, канга сиңип, мээме жеткенде чарчаган мээмди сергитип, жибип-жикшип, ыктытып, жыргаган эс алуум токтоп, мейличи, меймандос кыргыз элинин каадасынан калбайын, маанайы суз, өктөм сүйлөгөн жолоочунун жолун тосуп чыгайын деп сыртка чыктым.

Боз атты арабага улап, үстүндө боз-ала чапан кийген, башында гүлдүү жоолук, бутунда жышылып бир-эки жеринен жамалган Анжиян маасы, таманы тапий сол бутунун арты басыла кийилген Ленинград көлөч. Жоолугунун алдынан бирин-экин ак аралаган кара коюу чачын эки өрүм кылып өрүп, чачынын учуна күмүш сөлкөбайлардан байлап алыптыр. Анысы басканда трыңтруң деп басканына кошумча шыңгыр добуш кошуп турат. Эки бети кызыл келип, кара көз, каш-кирпиктүү, мурду кырдач келип, учу кууш, ооз-илеби анардай кызыл болгону менен, орунсуз тийишип койсоң кабанаак иттей каап алгандай кабагы бүркөө.

Анын түсүн көргөндө менин ичкен кымызым мурдумдан чыгып, шаң маанайым аз-аздап  өзгөрүлүп олтуруп, жалын жүрөгүмдүн оту пасайып, кайдан-жайдан бир нерсеге куса болгондой, бир нерсени эстегендей түр мага да өтүп, аныма өзүм деле таңыркабастан:

– Чык эшикке дегениңизден, чыктым айым, – деп бир аз чымчып, – Жол болсун чүрөк, күүгүмдө жолго чыгыпсыз? Боз үйгө кириңиз, кымыздан ичиңиз, – дедим.

Өңү көрктүү, кымча белдүү, дене бою келбеттүү, көз карашы каадалуу, баскан турганы бат өзгөрүлгөн, бирок маанайы чөгүңкү, ойлуу айым мени карап:

– Кечиресиз баатыр, шашылыш, убакыт тар, нан ооз тийейин. Капа этпейсиз. Дагы бара турган жерлерим, айта турган кабар катым көп. Андан көрө, мобул журналга мына “Катты алдым” деп кол коюп берип коюңуз.

– Ой тооба! Ушунчалык шашылышсызбы? Мейли кымыз ичпесеңиз, үйгө кирбесеңиз. Мейлиңиз... Атыңыз ким?

– Атым мына бул каттын ичинде, – деп, мен кол койгон журналды бат тартып алып куржунга салды да, нанды бир үзүп каймакка малып ооз тийип, боз аттын чылбырынан кармап:

– Чу! Чу! – деп, узун камчысын чаап көздөн кайым болду.

Караңгы беймаал болуп кеч кире түшкөн, боз үйгө кирип чыракты тамызып, шашып-бушуп бейтааныш келиндин катын окуганга шаштым. Мага каттын мазмуну эмес, ал келиндин аты ким болду экендиги ары кызык, ары табышмактуу, сырдуу болду. Кат ээсинин ысымы да, мазмуну да кызыктуу экен.

Бейтааныш ат арабачан келиндин катында мындай баяндалыптыр: «Мен саратан ысык мезгили бүткөн соң, таңкы шүүдүрүм болуп, чөп бетине кыроо басып келем. Суусамырдын салкын шамалынан, Нарындын мээлүүн абасынан, Алайдын аска мөңгүлөрүнөн, Ала-Бел менен Талдык ашуусунун түтөткүсүнөн, Соң-Көл менен Сары-Челек көлдөрүнүн муздак суусунан кошуп, Жети-Өгүздүн Көк-Жайык жайлоосунун шаркыратмасынын ылдам агымынан жаралган, айтылуу Күзгү Кусалык болом.

Мен келе жатканда аргаңды кетирген, шаштыңды алган, оюңда, дем алган абада, көчөдө, бардык эле адамзат бар жерде, көр тиричилик, ден-соолук жана төмөндөгү мүшкүлдөр башталат:

– Үшүй баштадым;

– Ысытма чыкты;

– Грипп болуп ооруп калдым;

– Батиңкем жыртылып жаңысына акча тартыш;

– Көмүр кымбаттап кетиптир, көмүр сатып алыш керек эле;

– Светке эсеп төлөм көп келиптир;

– Мектепте окуу башталып ремонтко акча суратыптыр;

– Институтка агай контракт төккүлө деп жатат;

– Жайы менен малыңызды карадым акысын бериңиз, – дейт малчы;

– Койлорго жем алыш керек эле, – дейт койчуман;

– Моору көөгө толуп калыптыр тазалаш керек;

– Тойго чакыруу баракчалары азайбай эле, дагы чакыруу келиптир;

– Отун жаруу керек;

– Машинеге кышкы дөңгөлөк алуу керек эле;

– Мен үйлөнөм деген кыз башкага тийип кетиптир;

– Мен турмуш курам деген жигит башкага үйлөнүп алыптыр;

– Дагы эле малга чөп тоют камдай элекмин;

– Сен качан турмушка чыгасың же сен быйыл үйлөнөсүңбү?

– Квартирантмын, кожейке квартирадан чыгарып салды, кайда кыштайм?

– Квартира төлөмүн көтөрүп салыптыр;

– Студентмин, атамдар контрактка деп берген акчага жаңы куртка сатып алдым, эми окуу контрагын кантип төлөйм?

– Үйлөнөм деп кредит алып той кылсам, ресторан чыгашасын жаппай карыз болуп калдым, кредит төлөймүнбү же ресторан карызын төлөймүнбү?

– Кышка тонум жок, эмне болоор экен?

– Суук түшкөнгө тишим оорутуп жатат, тиш догдурга барсам басылып калат, үйгө келсем уктатпай шаштымды алат;

– Пиво ичкен досум аракка өтүп алдым деп кыйраткансыйт, анда эмне кышта коньякка өтөбү?

– Терезе алдында эле өзүнчө ойлуу жатам, бул эмнеси билбейм;

– Быйыл күзгө боюм узарганга, жуурканым менен бутумду жапсам башым үшүйт, башымды жапсам бутум тоңот, айла жоктон бутумду бүгүп, башымды жуурkan ичине тыгып, чүмкөнүп жатып алдым;

– Бирөө жакшы сүйлөсө жакпайт, жаман сүйлөсө деле жакпайт, эмне болду мага?

– Суусаганымдан суу ичсем ичим өтүп, итибайым чыкты;

– Таарынгансып таалайымды күтүп эле жүрөм, качан келет десең;

– Жайындасы күнгө күйсөң тумоо болбойсуң деди эле, баары бир тумоо тийип чүчкүрүп-бышкырып мурдумдан суу агып жатамын;

– Үй жылытууга эсеп көп келиптир, эми кантип төлөйм – деп, көркөм жашыл түскө чалкыган теребелди кызыл-сары-боз боёгуна өзгөртүүчү түс менен бирге маанайды дагы чөгөрүңкү калыпка өзгөртүүчү Күзгү Кусалык” – деп жазып коюптур.

Жайкы ысык аптапта аткарган жумуш менен бирге эс алуу менен алек болсок, эми болсо суук түшүп, маанайлар суз болуп күзгү түйшүк түсү өзү менен бирге калдыратып ат арабасын ээрчиткен «Күзгү Кусалык» кирип келди.

# СЫРДАШЫМ АК-БУУРА

Дем алуу күнү үйгө батпай Ак-Буура жээгине келип көлөкө издеп, кара-талдын түбүнө олтурдум. Дайранын кайнаган сүттөй көбүктөрүн, жуурулган камырдай ийрелеңдеген агымдарына көз чаптырып олтуруп, алыс эмес жерде эркек кишинин добушун кулагым чалып калды: “Менин өмүрүм кайрадан сенин колуңда Ак-Буура!" – деп жашы жетимиштерди чапчып калган Саид аксакал дарыя жээгине келип, өзү ынак тапкан, көнүп калган, көңүл ачкан, көп купуя сыр каткан, өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болгон, сүйөнөөр курбусу, сырларынын ээси, өмүрүнүн күүсү болгон, шарактаганынан жазбаган, жазында толуп-токшуп, жамгырда ылайка болуп, жайында көпкөк тунук агып, күзгүсүн суусун тартып, кышкысын жээктерин тоңголок басып, ортосу күүгүмдөгүдөй агым болгон, төрт мезгилде эч токтобогон Ак-Буура дарыясына кайрылып жатты.

Саид аксакал Ак-Бууранын тиктеп, деми кыстыкканы кетип, терең дем алып, бир аз унчукпай дым болуп терең ойго батты. Дарыя шарактап агып, оомал-төкмө дүйнөдөн алаксытып тынчтык тартууласа, ар дайым дарыяга шериктеш болгон мээлүүн шамалы, буулуккан көкүрөккө кирип бугуңду жазып, жашоонун ак-карасы, жакшы-жаманына, адилеттүүлүк менен адилетсиздигине күбө болгон көздөр, көз ирмемдер, дарыя агымы менен кошо агып, ошол терс кубулуштарды, терс көрүнүштөрдү, өзүнө сиңирип алып, аруулук берип, кирдеген көңүлгө тазалык тартуулап, чөккөн маанайды сергитип нур чачып турду. Саид аксакалдын Ак-Буура дарыясынын, өзү жакшы көргөн, өмүрүнүн көп маанилүү окуяларынын күбөсү болгон дарыя бою, жээги бар. Ал

жерде чоң таштар менен бирге, кара-тал ийилип айланага көлөкө тартуулап, ар тарабын чөп баскан, дарыя жээгинде агынды тал-терек жыгачтар топтолуп калган жер. Сол тарабындагы алыс эмес жерде адамдар өтүүчү көпүрө бар, ошол көпүрөдөн аз-маз өткөндө, дарыяга түшүүчү тепкичтер жасалган. Тепкичтерден түшүп сол тарапка бурулган жер. Ал көпүрөнүн жанында азыр заманбап автоунаа өтүүчү көпүрө түшкөн. Оң тарабында Токтогул эс алуу багы, маңдайында илгери жөн эле таштанды ташталган жерлер болсо, азыр аспалтталган авто унаа жолу.

Саид аксакал оор үшкүрүнүп: "Сенден күмөн санаганым үчүн кечир мени, Ак-Буурам. Менин өмүрүм кайрадан сенин колуңда. Баягы сен билген, сен экөөбүз сыйлаган, сен экөөбүз урматтаган, менин сүйүктүү байбичем, менин өмүрлүк жарым, жан шеригим, жүрөгүмдүн ээси, балдарымдын апасы, неберелеримдин энеси, дүйнө салып жарыктык менен түбөлүккө коштошту. Эми мурдагыдай мага шерик болуп бул жерге келе албайт. Байбичем тирүүсүндө, анча ойлонбопмун, маани бербепмин. Жашоо ошентип эле улана берчүдөй сезипмин, бирок андай эмес тура. Акыркы жолу байбичем экөөбүз ушул жерге келгенде, негедир ал оозуна сала берди болуп: “Өлүп калсам, ушул жерге келсең, эстей жүр” дегенде, “Кайдагыны айтасың” деп байбичеме, кош көңүл салганым эсимде Ак-Буурам. Салкындын көзү өткөн соң, аны эстеп, сени ойлоп, алдыңа келип олтурамын.

Көбүнэсе сенин жээгиңде жакшылыктарда, шарапатта, шаншөкөттө, магдырап бакытка батканда, сүйгөнүмө арзуумду билдиргенде, балалуу болгондо, жашоодогу жакшы даталуу жана даталуу эмес күндөрдө, жумуштагы ийгиликтерде сени менен бирге болдум Ак-Буурам.

Ошону менен бирге, кайгырганда, сыгылганда, буулукканда, чөккөндө, самсаалаганда, шалдыраганда, туңгуюкка батканда, чачылып-жанчылып чаалыкканда өзүң менен сырдашканымдын баары эсимде.

Билесиңби, Ак-Буура, бүт өмүрүм сени менен өттү! Эсимдегиси, бала болуп, энеден туума жылаңач болуп сенин сууңа жуунуп, таштуу жээктерде күнгө күйүп, курдаш достор менен суу

чачышып ойночубуз. Анда Ош шаары эми жанданып жаңы курулуштар түшүп, завод-фабрикалар күнү-түнү иштеп, театр-стадиондор темп менен курулуп, көп кабаттуу үйлөр козу карындай өскөн маал.

Шаардык стадиондун жанында балдар мектеби жана балдар ойноочу футбол талаасы болучу. Ошол футбол талаасында сабактан келип караңгы түнгө чейин топ тепкилеп, курбу-курдаштар чер жазаар элек. Топтон келе жатып тамагыбыз кургап калганда, Ак-Буурам сенин жээгиңе жата калып эки колубузду чыканакка чейин сууга матырып ашказан тойгуча сууңдан ичип, башыбызды малып, дарыя суусун сыныктырбай үйгө жөнөчүбүз. Ошентип ойноок, шок балалык кез, сени менен өттү. Студент кезде, сабактан чыгып курсташтар менен дарбыз, ысык навай нан алып, сенин жээгиңе келип, дарбызды ташка бир чаап ортосунан бөлүп алып, талашып-тартышып, ысык навай нан менен аралаштырып жеп, аркасынан дарыя суусунан тойгуча ууртап, жаштыктын доорун, балалыктын соңун ушул өзүңдө өткөздүк, Ак- Буурам.

Салкын менен таанышкан күнү, кимге алып барып тааныштырамын, кайда алып барамын деген суроо пайда боло электен жообу табылган болчу. Албетте, Ак-Буура жээги болчу. Алгачкы жолугушуу ушул кара-талдын түбүндө, дарыя боюнда өттү. Алынаарлык деле сөз сүйлөшпөдүк, биздин сөзүбүздү, оюбузду, максатыбызды, келечегибизди баарын өзүң Ак- Буура аныктагандай шарактап, шаңдуу агып, бизди өзүңө тартып, аруу сезимдерибизге махабат тартууладың. Мен ошондо болгону Салкынга жанаша туруп түбөлүк бир болсок, эч ажырабасак экен деп тиледим. Салкындан кийин сурасам, ал дагы куду ошондой ойлорго, максаттарга жетеленген экен. Күн батаарда келген болсок, Ай жарыгы дарыяга чагылышып Ак-Буурага өзгөчө түс берип турду. Ошол түрдүү түстөр көзүбүзгө өтүп, бири-бирибизден ошондой кооздукту көрдүк. Мен Салкынды Күн болуп жылытсам, ал мага Ай болуп назданды. Ак-Бууранын шарактап аккан муздак агымы, сезимдердеги ысыктык, жүрөктөрдөгү жалын агымдарга жуурулушуп, дарыя агымы менен сүйүү агымы айкалышып ортодо улуу махабат агымы жанданып, жан-дүйнөбүз, он эки эл мүчөбүз, ою-

буз, демибиз биригип ортодо Ак- Буура сүйүүсү жаралды. Арадан көп убакыт өтпөй үйлөндүк, бала-чакалуу болдук.

Мен жумушка орношуп абийир таап, кадыр күтүп калган кезде Ак-Буура сени унута баштадым. Салкынга мурдагыдай жар, балдарга мурдагыдай ата болгонду унута баштадым.

Элдер коомдук транспортто, автобус-троллейбуста жүрсө, мен кызматтык унаада жүрдүм. Элдер айлыктан айлыкка чейин күн өткөрсө, мен акчаларды самандай сапырып жүрдүм. Элдер коомдук ашканадан тамак ичишсе, мен ресторандан башым чыкпай калган. Командировкадан келип, Салкын бол тез кийин, кеттик ресторанга болуп калган жашоо бир күнү бүттү. Эс алуучу жерлер, курорттор Жети- Өгүз, Ысык-Ата, Кочкор-Ата, Жалал-Абад союздук деңгээлдеги бекер путевкалар токтоду. Себеби министр коңгуроо чалып: "Саид сөздөр көбөйүп кетти, анча-мынча сенин үстүңдөн арыз жазып арыздангандар бар, иш иликтөөсү бүткөнчө, үйдө эс ал, мээңди сергит, өткөн жашооңо сарасеп сал, анан бир нерсе кылабыз, бир жерге ишке чыгасың, иш орун берем, азырынча өз эркиң менен жумуштан бошотууга арыз жаз» деп бал тилин салып, иштен бошотуп, сооротуп, узатып коюшту.

Анан үйдө бир-эки жума шеф айткандай, өткөн жашоого сарасеп салып, өткөн-кеткенди ойлоп эч жакка чыкпай, эч жакка телефон чалбай жаттым. Бир айдан кийин жөн жаталбадым, бир ише арак алып, унутуп калган сени эстеп кайрадан Ак-Буура сага келдим. Менин жана мага окшогон оштуктардын бара турган, соорото турган, күтө турган, сырыңды уга турган, ыйласаң ыйыңды сиңирип алган, бакырсаң бакырыгыңды агымы менен агыза турган, буулуксаң бугуңду чыгарган, анан жөн эле бараарга жер таппасаң, ар дайым эшиги ачык, ар дайым көңүлү куунак, жаманыңды жашырган, ийгилигиңди даңктаган, ичээрге эмей кечээрге суу таппасаң суу кечирген, чыныгы курбу досубуз болгон Ак-Буурабыз бар! Ал эми башкалар кайда барат экен деген ой келди. Таң калганым, Ак-Буурам эч таарынбастан эле мурдагыдай шатыра-шатман агымың менен, эки жээгиңен соккон шериктеш шамал менен кучагың жайып тосуп алдың. Бул мезгилге чейин майда-чүйдө нерсеге инсан адамдардай эле таарынчу бол-

сом, ушундан кийин, сенден үйрөнгөнүм, майда-баратка таарынбай калдым.

Ак-Буура аябай кирген кези экен. Анын аккан агымын, толкундарын тиктеп отуруп кыйла сергип калыпмын. Үйгө келсем жакшы кабар келиптир, министрдин катчысы чалып чакыртыптыр. Эртеси жуунуп-таранып, сакал- мурутту кырып, ак көйнөк, кара костюм-шымды, кара туфлини кийип, Фрунзеге учтум. Министр жакшы кабыл алды. Бирок мурдагыдай майлуу жумуш эмес, андан жөнөкөйүрөөк жумуш сунуш кылды. Кантсе да бир ай үйдө олтуруп ошол жумушка деле сүйүнүп, шефке ыраазы болуп, шеф айткандай бир аз мурдагыдай көппөй иштеп калдым. Жумушта жакшы көрсөткүчтөргө жетишип, бюродо мактоо баракчаларын алып, жумуштан тапкан дос-жар болуп ресторан жабылгыча отуруп кызып калганга барарга жер, урунаарга тоо таппай сырдашым Ак-Буурага жөнөдүк. Суу тартылып түсү жүдөңкү акыбалда экен, бирок маанайы, шатырап акканы, соккон шамалы эч өзгөрбөгөн бир калыпта.

Ак-Буура: "Кел, Саид! Ийгиликтер кут болсун!" деп кутман тосуп алды. Кеч болчу, достор чардап ырдап, сүйлөп көңүлдөрү ачык, менде андан да сонун маанай. Бир аз отуруп сага тигилдим, сага назар салдым, өзүңө үңүлүп карадым, Ак-Буурам.

Мен болсо момунтип эр ортону элүү жаш деп чачымы ак басып, балдар чоңоюп үйлөнүп-жайланып, алар өзү менен өзү дегендей. Мен болсо жумуш менен, Салкын экөөбүз кээде эми неберелерге кароолчулукка өтүп орто жашка таянсак, ал эми сен Ак-Буура, мен баягы сени менен таанышкан чыт курсак бала кезде көргөндө жаш куунак болсоң, азыр деле ошол эле бойдонсуң. Эч өзгөрбөпсүң.

Ошентип күндөр өттү, жылдар өттү, орто жаш да бүтөт экен, түгөнөт экен, ордунда «коё тур» деп токтоп күтүп турбайт экен, «туруп тур» деп токтоп калган сааттай болуп токтоп калбайт экен, «Оо сен бул жерде бекинип жаттың беле?» деп, бала кездеги бекинбечек оюнундагы досторго окшоп көрбөмүш кылбайт экен, «Ии уктап тур, сасыгым, козум!» деп апабыздай башыбыздан сылап эркелетип уктатпайт экен. «Шатманов доскеге” деп эжеке үй

тапшырмасын сурап чакырганда, классташтарга окшоп: "Эжеке, ал бүгүн дүжүр, чүпүрөктү суулаганы кетти" деп, айласын таппайт экен, айлаңды алган, жаштыгыңды алган, кара чачты ак кылган, кызды кемпирге, уланды чалга айланткан улгайган кезге, пенсия курагына, Ак-Буура дайрасына тиктеп, көздү бир ирмегиче жетип келдик.

Бала кез, жаштык кез, орто жаш өтүп карылыкка моюн сунуп-сунбай күзгүдөн өңдү көрүп тырышкан чекелер, өң-келбет өзүнөн кетип калган, агарган ак баш баарына, карылыкка моюн сунууга аргасыз кылат. Бир гана Ак-Буура ошол бойдон жана ал мени ошол бойдон кабыл алат. Пенсияга чыккандан кийин Ак-Буурага күндө келчү болдук. Таң эрте туруп балдар жумушка, неберелер институтка, мектепке шашылышат. Биз Салкын экөөбүз Ак-Буура жээктеп саар-кеч басып сейилдейбиз. Кадамыбыз да жаш кездегидей шамдагай бат эмес, жай. Ак- Бууранын агымы ошондой эле бойдон. Эми болсо Салкын да дүйнө салды. Алдыңа келдим Ак-Буурам.

Алмустактан бери Ош шаарын ортодон эки жээкке бөлүп, көрк берип, суу берип, нарк берип, барк берип келесиң. Адам ата, Обо эне жаралгандан бери бейиштин төрүндөй болгон, жердин жаннаты болгон Ош жерине береке, дөөлөт берип турасың, Ак-Буурам. Шаар менен кошо миллиондогон инсандардын жашоосуна жар, шериктеш курбу, сырдаш болуп келесиң.

Мен да ошолордун биримин. Салкыным кетти, сабырым кетти, алдыңа келдим, Ак-Буурам, тагдырым сенин колуңда» деп Саид аксакал өткөн өмүрүн, кеткен жаштыгын, дүйнө салган Салкынын эстеп, Ак-Буура жээгинде отурган мени бир тиктеп, өткөн өмүр барактарын эстеп отурду.

# АК-ТӨШ

Ош шаары, 2005-жыл, август айы. Батыш кичи районундагы ачык асман ашканаларынын биринде кечки тамакка майда манты менен памил чай алып тамактанып жаткамын. Орто бойлуу, терең ойлуу бир жигит шам-шум эткенче ак койдон кошо уруп жатыптыр. Сураша кетсек Ишкаван айылынан болот экен, үй-бүлөлүк талаш-тартыштан жубайы кайын журтка качып кетип, күйүтүн момунтип ачуу суудан шимирип басып жаткан кербези экен. Мага дагы тиги суусундуктан пиялага толтуруп куюп:

– Ич, тартып жибер, – деди.

– Рулдамын, болбойт. Ээ тууганым, мындай болбойт. Минтип жүрөгүңдү эзип сыгылба, – деп машинеме олтургуздум да – Кайнатаңдын үйү кайда? Кеттик, – дедим. Ал жандана түшүп бозоргон көзүндө оттун жалыны жалт эткендей учкун тутанып, үзүлгөн үмүткө ишенич пайда болду.

Кайнатасы жакшы киши экен, өйдө-ылдый сөз болду. Соңунда аш болду, кыскасы жаңы аяшымды алып кайттык. Ыраазы болгон жаңы досум "эмнени кааласаң ошону ал, мен ыраазымын" дебеспи. Короосунда төшү ак, өңү кара күчүк көрдүм эле, ошону ойнотуп жаткамын: “Ушуну ал, албасаң капа болом” деп машинемдин багажына мажбурлап салып койду.

Ошко жаңы эле көчүп келгенбиз, короодо ит жок болчу, үй-дөгүлөр сүйүнүч менен кабыл алышты. Жубайым экөөлөп тиги күчүктү чынжыр менен байлайбыз деп суй жыгылдык. Эч карматпайт, акыры мончого камап, моюнуна чынжыр тагып, жерге

казык кагып байлап койдук. Иттин атын төшү ак болгон үчүн Ак-Төш деп койдук. Эркин жүргөн итке байланган абал жакпады окшойт же үрбөйт, же тамакты жакшы жебейт, чыныгы көк бет өжөр пейлин көргөздү. Акыры мейли үйдү корубаса да жүрө берсин деп, моюнундагы чынжырды чечип бош койдум.

Эркин жүргөн жаныбар байлап коюп бук болгон экен, эми үйдү үч-төрт тегеренди окшойт. Чуркайт, бутуңа келип ойноп баягы шалпыйган ит жок, шайдоот, көңүлү көтөрүңкү, үйгө келгенден бери үн катпаган неме, тим эле тамагы айрылганча үрөт.

Ошентип ортодогу түшүнбөстүктөр, көнүшпөстүктөр кетип Ак-Төш биздин үйгө, бизге эриш-аркак болуп турмушубузга аралашып кетти.

Итке жакын жанмын, бир орус чал Кавказ овчарка породасындагы итти сатам дегенинен, сатып алып Ак-Төшкө кошуп койдум. "Иттей ырылдашпайлы" деген сөз бекеринен эмес экен. Рексти, Ак-Төш кабыл албады. Экөө эч эле элдеше албай коюшту, айлам кетип бир күнү акыры Рексти туугандарга белекке берип, кулагыбыз тынчыды.

Рекстен кийин дагы, Ак-Төшкө шерик кылып Кумайык, Алапар, Бобик, Марлин, жана башка бир канча ит бактык. Бири кошуналардын тоогун жеп ызылдатып чуу кылса, бири нары-бери өткөн адамдарды тиштей коюп жаңжал чыгарат, бири өзүнө караштуу тамакты жеп бүтүп үйдүн ичине чейин кирип келип апсыгып сук болсо, бири босогодогу бут кийимдерди тыткылаган терс адаттарын көргөзүштү. Иттер деле адамдарга окшош келип ар түрдүү, ар кыялдуу, ар сыпаттуу болушат экен.

Аялдама менен үйдүн аралыгы бир чакырымдай бар. Аялдамадан кимибиз эрте, караңгы кечте түшпөйлү Ак-Төш утурлап тосуп алып үйгө чейин коруп жеткизип коет.

Ит жандуу дегени, иттин жаны бышык болот экен. Ак-Төш эмне гана болбоду? Башка иттер менен тытышып кан жаян болуп терилери сыйрылып, ана жан берет, мына жан берет дегиче, жараттарын тили менен шилекейлеп жалап өзүн-өзү дарылап айыгып кеткен учурлар болду.

Бир тууган агамдын жер үйүндө батирде жашачубуз, турмуш шартка байланыштуу, башка үйгө көчтүк. Бир жумадай убакытта оокат буюмдарды жайгаштырып жатып Ак- Төштү унутуп деле калыппыз. Демейдегидей чай ичип олтуруп Ак-Төштүн жоктугуна үч-төрт күн болгондугун, жаңы конушка биз менен чогуу келгендигине баарыбыз ынанып, "эми кайда кетти? Эмне болду?" деген суроолор пайда болду.

Нары толгонуп, бери толгонуп “агамдын үйүн бир карап көрөйүнчү” деп барсам, эшик жабык. Ошол жабык эшиктин алдында үйдү коруп жатыптыр. Отура калсам, маанайы жоктой, “Силер кайда кеттиңер?”, “Өзү эмне болду?”, “Эмне башка жакка көчүп кеттиңерби?” дегендей суроолор менен Ак-Төштүн карааны мени карады.

Ак-Төш адамга таандык баалуулуктарды бийик сактаган, өз кожоюнуна берилген, нукура бийик сапаттарга ээ экендигин ошентип биз ал үйдөн көчүп кетсек да, карыны ач болсо да, үйдү коруп, үйдү таштап кетпей тастыктады окшойт.

Мезгил зымырап учуп арадан он жылдан ашуун убакыт өттү. Ит дагы кадимки адам сымал карыйт экен. Мурдагы кара түстүү Ак-Төштүн жүнүн ак аралады. Тиши түшкөн кары-картаң адамдай тамакты да жакшы жей албай калды. Көзүнүн көрүүсү, кулагынын угуусу начарлады. Мурдагыдай аялдамадан утурлап тосуп алуу тык токтоду. Кантсе дагы, кандай болгон күндө дагы Ак-Төштүн көзүндөгү жалыны, пейилиндеги жалы өчпөдү.

Кыргыз элиндеги “Ат адамдын канаты, ит адамдын жолдошу” дегендей, Ак-Төш карыса да, короодогу кызматын мурдагыдай аткарбай калганына карабай, ага болгон биздин арзуубуз эч бөксөрбөдү, мурункудай ага таандык болгон сый-урмат мамилебизден тайбадык.

*Көркөм адабий басылма*

**Жыргал Сулайманов**

# ДИЛКӨӨНҮМДӨ ЖАНГАН ОТ

*Повесттер, аңгемелер*

Редактор: Кулушев Токтомамат Алимович
Корректор: Байтикова Бактыгуль Батырбековна
Сүрөтчү-иллюстратор: Кайбылдаева Салтанат Асановна
Мукабасын жасаган жана компьютердик калпка салган:
Үсөнбек уулу Алтынбек

Терүүгө 05. 02. 2018-жылы берилди.
Басууга 06. 03. 2018-жылы кол коюлду.
Форматы 60/84 $^1/_{16}$ Офсеттик кагазга басылды.
Көлөмү 21,75 б.т. Нускасы 500 даана. Заказ № 56

Бишкек шаары, «Улуу тоолор» басмасы,
Ю. Абдрахманов көчөсү 170 а. Тел.: 62-02-11